АБДУЛ-КАДИМ ЗАЛЛУМ

# ХАЛИФАЛЫК КАНДАЙ КУЛАТЫЛГАН

**«ХИЗБУТ-ТАХРИР» басылмаларынан**

**1432-х. – 2011-м.**

Абдул-Кадим Заллум. Халифалык кандай кулатылган
Кыргыз тилиндеги биринчи басылышы
1432-х. – 2011-м.

﴿يُرِيدُونَ أَنْ يُطْفِئُوا نُورَ اللَّهِ بِأَفْوَاهِهِمْ وَيَأْبَى اللَّهُ إِلَّا
أَنْ يُتِمَّ نُورَهُ وَلَوْ كَرِهَ الْكَافِرُونَ ﴿٣٢﴾ هُوَ الَّذِي أَرْسَلَ
رَسُولَهُ بِالْهُدَى وَدِينِ الْحَقِّ لِيُظْهِرَهُ عَلَى الدِّينِ كُلِّهِ وَلَوْ
كَرِهَ الْمُشْرِكُونَ﴾

***«Алар Алланын нурун** (Исламды) **ооздору** (т.а. пайдасыз сөздөрү) **менен өчүрмөкчү болушат. Алла болсо,** (кафирлер) **каалашпаса да, Өз нурун ар тарапка жаюуну каалайт. Ал** (Алла) **өз Расулун хидаят жана акыйкат дин менен, мушриктер каалашпаса да, бардык диндерге үстөм кылуу үчүн жиберген зат».*** [9:32-33]

بسم الله الرحمن الرحيم

## ИСЛАМ МЕНЕН КУФР ОРТОСУНДАГЫ КҮРӨШ

Ислам таңы аткан күндөн тартып, Ислам пикирлери менен куфр пикирлери ортосунда о.э. мусулмандар менен кафирлер ортосунда айгышкан күрөш башталды. Расулулла ﷺ пайгамбар болуп жиберилген учурдан баштап тээ Мединада Ислам мамлекети тикеленип, анын кошууну куралганга чейин жалаң гана пикирий күрөш менен чектелди. Ал эми Мединада Ислам мамлекети тикеленген күндөн баштап пикирий күрөш менен биргеликте куралдуу (кандуу) күрөш башталды. Жихад аяттары түштү. Күрөш ушундайча уланды. Мындай күрөш т.а. пикирий күрөш менен биргеликте жүргүзүлүүчү кандуу күрөш тээ — жер жана андагы инсандар Аллахтын алдында тура турган – Кыямат күнгө чейин болот. Мына ушинтип куфр Исламдын, кафирлер мусулмандардын душманы болуп калды. Жер жүзүндө Ислам жана куфр, мусулмандар жана кафирлер барбы, демек, бул күрөш Кыяматка чейин улана берет. Бул катуу жана дайымий согушту мусулмандар турмушунун ар бир ирмеминде билип туруулары керек о.э. аны Ислам менен куфр, мусулмандар менен кафирлер ортосундагы алакалар үчүн өлчөө кылып алуулары зарыл.

Расулулла ﷺдын Мекке шаарында алып барган пикирий күрөшү көп кыйынчылыктарга дуушар болду жана 13 жылга созулду. Бул доор ичинде Ислам пикирлери куфр пикирлери үстүнөн үстөм келди. Аллах Таала Исламды бардык диндер үстүнөн үстөм кылды. Мединада мусулмандардын кадыр-баркын, Исламдын кол тийгистигин коргой турган о.э. жихад аркылуу адамдар арасында хидаят тарката турган Ислам мамлекети тикеленди. Ушул күндөн баштап мусулман кошуундары менен куфр кошуундары ортосунда тынымсыз согуштар башталды. Бул согуштардын баарында мусулмандар жеңип чыгышты. Кээ бир салгылашууларда гана убактылуу жеңилүүгө учурабаса, негизинен, бардык согуштарда алар албетте жеңишке жетишер эле. Мусулмандар алты кылым бою душмандар үстүнөн үстөм болушту. Бул мөөнөт ичинде Ислам

мамлекети дүйнөдө жалгыз жетекчи мамлекет болуп турду. Мындай үлкөн жеңиш адамзат тарыхында мусулмандардан башка эч кимге, Ислам мамлекетинен башка бир да мамлекетке насип этпеген. Бирок кафирлер, өзгөчө Европа мамлекеттери, Ислам мамлекетин кулатуу жана мусулмандарды талкалоо үчүн ар дайым аракетте болушту. Ошондуктан да, мүмкүнчүлүк туулары менен мусулмандарга чабуул кылышар эле же ар кандай айла-амалдарды иштетишер эле. 6-хижрий кылымдын аяктарына жана 7-хижрий (12-миладий) кылымдын баштарына келип, вилаяттар Ислам мамлекетинин курамынан бөлүнүп чыгышты. Валийлер кошуун, каржы, бийлик ж.б.у.с. маанилүү тармактарды башкарууда өз алдынча болуп алышты. Булардын акыбетинде Ислам мамлекети бир бүтүн мамлекет болбой эле, мамлекеттер аралык союзга окшоп калды. Кээ бир вилаяттарда минбарларда халифанын акысына дуба кылуу, анын наамы менен теңге басып чыгаруу жана борборго хирож төлөөдөн башка Халифа үчүн эч нерсе калбады.

Муну сезген Европа мамлекеттери мусулмандарга каршы кресттүүлөр жүрүшүн баштады. Бул согуштар бир кылымга созулду. Бул согушта мусулмандар жеңилүүгө учурашты. Кафирлер Шам өлкөсүнүн баарын: Палестина, Ливан, Сирия аймактарын ондогон жылдар ээлеп турушту. Триполи шаарын жана башка кээ бир жерлерди болсо 100 жыл ээлеп жатышты. Ушул мөөнөт ичинде мусулмандар менен кресттүүлөр ортосундагы согуштар, мусулмандардын крестүүлөр тарабынан басып алынган нерселерди кайтарып алууга болгон аракеттери токтобогону менен, бирок, бул согуштар Ислам үммөтүн күчсүздөнтүп, Ислам Мамлекетин мурунку жетекчилик деңгээлинен түшүрүп жиберди. Бул согуштарда куфр Ислам үстүнөн пикирий жана рухий жактан үстөм боло албаганы менен, бирок, мусулмандар кафирлерден жеңилишти, жеңиш кафирлер тарапта болду. Мунун айынан мусулмандар адамдын оюна келбеген кордуктарга учурашты. Ошондуктан да бул доор «Кресттүүлөр жүрүшү» доору, мусулмандардын жеңилүү доору деп этибар кылынат. Себеби, мусулмандар акыры кресттүүлөр үстүнөн жеңишке жетишип, аларды Ислам өлкөсүнөн кууп чыгарган болсо да, бирок, исламий фатхтарды т.а. кафирлерге каршы согуштарды кайрадан баштай алышпады. Кресттүүлөр согуштары бүтпөй жатып (656-х. 1258-м. жылдарда) монгол баскынчылары бастырып келди.

Алар Багдад шаарында кыргын уюштурду. Ушул жылдын өзүндө Дамашкты да толук ээлеп алышты. 1260-миладий жылдын 3-сентябрь күнү Айни Жалуттагы согушта мусулмандар монголдор үстүнөн толук жеңишке жетишти. Кийин монголдор салтанаты жок кылынды. Монголдор үстүнөн жетишилген жеңиш себептүү мусулмандарда жихад туйгулары козголуп, бүткүл дүйнөгө Ислам даъватын жаюу сезими кайрадан ойгонду. Мусулмандардын кафирлерге каршы газавваттары башталды. Византиялыктарга каршы жихад башталды. Кафирлер менен согуштар болуп, жеңиш артынан жеңиштер келе баштады.

Бул 7-хижрий кылымдын аягы эле. Ислам Үммөтү фатхтарды кайра баштады. Согуштар бири-бирине уланып кетти. Бул согуштарда жеңиш дайыма мусулмандар тарабында болду. Алар айрым бир салгылаштарда гана жеңилгени болбосо, негизинен бул согуштарда жеңишке жетишишер эле, мамлекеттерди фатх кылышар эле. Ислам мамлекети дүйнөдө кайрадан дагы биринчи мамлекет даражасын ээледи. Мындай абал 4 кылымга т.а. 12-х. (18-м.) кылымдын ортолоруна чейин, Европада өнөржай ынкылабы жүз берип, мамлекеттердин күчтөрүнө таасир көрсөткөнгө чейин уланды. Мусулмандар бул ынкылап алдында аң-таң калып, туруп беришти. Дүйнөдө күчтөр таразасы өзгөрдү. Ислам Мамлекети дүйнөдөгү жалгыз биринчи мамлекет мартабасынан аста-секин түшүп, кафирлер ага сук арта баштады. Ислам Мамлекети фатх кылган жана ага моюн сунган мамлекеттерден мусулмандар кууп чыгарылды. Кафирлер акырындык менен Ислам Мамлекетинен мусулмандардын өлкөлөрүн тартып ала башташты. Эми бүткүл дүйнөгө кең кулач жайган Ислам артка чегине баштады. Ошондон кийин Европа мамлекеттери Ислам Мамлекетин жок кылууну о.э. Исламды турмуш майданынан жана адамдар ортосундагы алакалардан жок кылып таштоону т.а. экинчи «кресттүүлүк согуштары» жөнүндө пикир жүргүзө баштады. Бирок, бул жолу алгачкы «кресттүлүк согуштарында» болгонундай мусулмандарды жеңип, Ислам мамлекетинен үстөм келүүнү эмес, балким, андан да чукурураак жана коркунучтуурак — Ислам Мамлекетинин эч кандай изин жана кайра өсүп чыга турган бир да уругун калтырбастан түп-тамырынан бери сууруп таштай турган о.э. мусулмандар жүрөктөрүнөн Исламды өчүрүп, аны ибадаттар көрүнүшүндө гана калтыра турган — кресттүүлүк согушу жөнүндө пикирлей баштады.

## ЕВРОПА МАМЛЕКЕТТЕРИНИН ИСЛАМ МАМЛЕКЕТИНЕ КАРШЫ КЕЛИШҮҮЛӨРҮ

Кафирлер мусулмандар өлкөлөрүн бөлүштүрүүдө өз ара келише алышпаса да, бирок, алардын Исламды түп-тамырынан жоготууга болгон умтулуулары бирдей эле. Алар бул максатты ишке ашыруу үчүн бир нече жолдорду колдонушту. Ислам мамлекетине баш ийүүчү Европадагы Греция жана Серб өлкөлөрүндө болгондой, улутчулдук жана эгемендүүлүккө умтулуу туйгуларын козгоп, калкты Ислам Мамлекетине каршы козголоң көтөрүүгө кызыктырды жана аларды курал-жарак, каражат менен камсыздап турду. Ислам Мамлекетине арттан сокку берүү максатында Франция 1798-жылы июль айында Мисирге чабуул жасап, аны ээлеп алды. Андан кийин Палестинага чабуул кылып, аны да басып алды. Кийин бүткүл Шам өлкөсүн ээлеп, Ислам Мамлекетине чечкиндүү сокку бермекчи болду. Бирок, ал бул согушта жеңилип, Мисирден жана Ислам мамлекетинин башка жерлеринен чыгып кетти.

## ВАХХАБИЙЛЕРДИН ПАЙДА БОЛУШУ ЖАНА САУДИЙЛЕРДИН БАШКАРУУСУ

Англия өз малайы Абдул-Азиз ибну Мухаммад ибну Сауд аркылуу Ислам мамлекетинин ичинен сокку бермекчи болду. Ислам мамлекетинин ичинде Мухаммад ибну Сауд (1765-ж. өлгөн), андан кийин анын уулу Абдул-Азиз (1720 – 1803) башкарган ваххабийлик мазхабы бар эле. Англия аларды курал-жарак жана каражат менен камсыздап турду. Алар болсо мазхабчылыкка негизилделип Халифалыкка караштуу өлкөлөрдү басып алууга умтулушту. Т.а. Ислам кошууну болгон амирул-муъмининдин кошуунуна каршы курал көтөрүп, Англиядан келе турган курал-жарак жана күчтөр жардамында халифанын башкаруусу астындагы өлкөлөрдү басып алып, ал жерлерде өз мазхабдары менен өкүм жүргүзүп, башка Ислам мазхабдары чыгарган өкүмдөрдү күч жана курал менен жоготууга урунушту. Ушул максатта 1788-жылы Кувейтке чабуул жасап, аны басып алышты. Кийин түндүккө карай жүрүш жасап, Багдадды курчоого алышты. Алар Карбала шаарын ээлеп, Хусайн р.а.нун күмбөзүн бузуп таштоону жана ал жерди зыярат кылууга тыю салууну каалашты. 1803-жылы Мекке шаарына чабуул кылып,

аны да ээлеп алышты. 1804-жылдын жазында Мадинаи Мунаввараны колго алышты. Расулулла ﷺдын кабырына сая салып турган үлкөн куполду кулатышып, ал жердеги кымбат-баалуу буюмдарды ыргыттырып салышты. Ваххабийлер Хижазды толук ээлешкенден кийин, Шамга карай жүрүш жасашты жана Химс шаарына жакындашты. 1810-жылы Дамашк жана Нажаф шаарларына экинчи жолу чабуул кылышты. Дамашк шаарынын коргоонуусу күчтүү эле, бирок, ваххабийлер Дамашкты курчоого алып туруу менен бирге, түндүк тараптарга барып, бийлигин Сирия жерлери жана Хляб шаарларына чейин жайышты. Ваххабийлик жүрүштөрү Англия тарабынан башкарылып жатканы маалым эле. Себеби, Сауд үй-бүлөсү Англиянын малайы болчу. Алар ваххабийлик мазхабынан саясий иштерде пайдаланышты. Мисалы, Ислам Мамлекетине сокку берүү жана ваххабийлик мазхабын башка мазхабдар менен кагылыштырып, Усманийлер Мамлекети ичинде мазхабдар аралык согуштарды козгоо максатында пайдаланышты. (Ваххабийлик мазхабы Ислам мазхабдарынын бири болуп, анын негиздөөчүсү имам Мухаммад ибну Абдул-Ваххаб. 1703-1792-жылдар аралыгында жашап өткөн. Ислам мужтахиддеринин бири). Жогорудагы иштерден Мухаммад ибн Абдул-Ваххабдын өзү да, анын мазхабына ээрчигендер да кабарсыз эле. Бул иштердин баарынан саудий амир (Абдул-Азиз ибн Мухаммад) жана сауддар үй-бүлөсү кабардар эле. Себеби, Англия ваххабийлик мазхабынын негиздөөчүсү Мухаммад ибн Абдул-Ваххаб менен эмес, балким, Абдул-Азиз ибн Мухаммад ибн Сауд, кийинчерээк болсо анын уулу менен алака кылган.

Мухаммад ибн Абдул-Ваххаб Ислам мазхабдарынан Ханбалий мазхабына таандык болуп, кээ бир маселелерде ижтихад кылган мужтахид аалым болгон. Ал башка мазхабдардагы мусулмандардын туткан жолу анын райына тескерилигин айтты. Ошондуктан, ал өз пикирлерине мусулмандарды чакырып, ушул пикирлер негизинде иш жүргүзүп, башка исламий пикирлерге каршы катуу чабул баштады. Натыйжада, аалымдар, амирлер жана абройлуу кишилер тарабынан катуу каршылыкка учурады. Себеби, анын пикирлери башка мазхабдарга таандык мусулмандардын Куран жана Сүннөттөн алган пикирлерине туура келген эмес. Мисалы: Мухаммад ибн Абдул-Ваххаб Расулулла ﷺдын кабырын зыярат

кылууну арам жана күнөө деп эсептейт эле. Ал тургай, «Расулулланын кабырын зыярат кылуу максатында сапарга чыккан адам, сапарында намазды каср кылып окушу мүмкүн эмес. Себеби, бул сапар күнөө үчүн кылынган сапар» дейт. Бул пикирине Расулулла ﷺдын — «Үч мечитке гана: Менин мечитиме, Масжидул-Харамга жана Масжидул-Аксого зыярат кылуу үчүн баруу мүмкүн» — деп айткан сөзүн далил кылып келтирет. Мухаммад ибн Абдул-Ваххабдын пикирине караганда, Расулулла бул үч мечиттен башка мечиттерге зыярат үчүн сапар кылуудан кайтарган. Эгер Расулулланын кабырын зыярат кылуу үчүн сапарга чыкса, бул үч мечиттен башка жерди зыярат кылуу үчүн сапарга чыккан болот жана бул сапар арам жана күнөө эсептелет дейт. Башка мазхабдардын аалымдары болсо, Расулулла ﷺдын кабырын зыярат кылууну сүннөт деп, өз пикирлерине Расулулланын - «Мен силерди кабырларды зыярат кылуудан кайтарган элем, эми кабырларды зыярат кыла бергиле», - деген сөзүн далил кылып келтиришет. Алар Мухаммад ибн Абдул-Ваххаб өз пикирине далил кылып келтирген хадис жөнүндө: «Бул хадис мечиттерге гана хос болуп, анын темасы ушул үч мечитке сапар кылууга тиешелүү. Ошондуктан, мусулман киши Айа Сафия мечитин же Дамашктагы Умавий мечитин зыярат кылуу максатында сапарга чыгышы мүмкүн эмес. Себеби, Расулулла ﷺ ушул үч мечиттен башка мечиттерди зыярат кылуу үчүн сапарга чыгуудан кайтарган. Ал эми, бул хадис соода, зыярат, ден-соолук, саякат жана башка максаттарда кылына турган сапарды түшүндүрбөйт. Себеби, Расулулла ﷺ ушул үч мечитти гана зыярат кылуу үчүн сапарга чыгууга уруксат берген», - дешет. О.э. Мухаммад ибн Абдул-Ваххабдын бардык пикирлерин башка мазхабдарга ээрчиген мусулмандар өздөрүнүн Китеп жана Сүннөттөн түшүнүп алган пикирлерине тескери деп эсептешет. Мухаммад ибн Абдул-Ваххаб менен башка мазхабдарга ээрчиген мусулмандар ортосундагы келишпөөчүлүк күчөдү жана ал мамлекеттен сүргүн кылынды. 1740-жылы Мухаммад ибн Абдул-Ваххаб Анза уруусунун башчысы Мухаммад ибн Сауд алдына башбаанек сурап барды. (Мухаммад ибн Сауд Диръийя шаарында жашаган. Ал Уяйна уруу башчысынын душманы болгон. Диръийя шаарынан Уяйна уруусуна чейин 6 сааттык жол эле). Мухаммад ибн Абдул-Ваххаб Мухаммад ибн Сауд тарабынан жылуу тосуп

алынган соң, Диръийя жана ага жакын жерлердеги адамдар арасында өз пикирлерин жая баштады. Аз гана убакыттан соң анын пикирлерин колдоп-кубаттоочулар пайда болду. Мухаммад ибн Сауд да бул пикирлерге ыктап, шейх Мухаммад ибн Абдул-Ваххабга жакындаша баштады.

1747-жылы амир шейхтин пикирлерин кабыл алгандыгын, аны жана пикирлерин колдоп-кубаттарын жарыя кылды. Мына ушул келишүү себептүү ваххабийлик аракети башталып, ал кыймыл даъват жана бийликте көрүндү. Шейх өз пикирлерине даъват этип, ушул пикирлерден балкып чыккан өкүмдөрдү адамдарга үйрөтөр эле. Амир болсо адамдар арасында бул өкүмдөрдү колдонор эле. Ошентип, бул пикирлер Диръийянын айланасындагы шаар жана уруулар арасында даъват жана бийлик көрүнүшүндө жайыла баштады. Мухаммад ибн Сауддун бийлиги кеңейип, он жыл ичинде өз бийлиги астына жана жаңы мазхабга 30 кв. миль жерди моюн сундурууга жетишти. Бул жайылуу шейхтин даъваты жана Анза уруу башчысынын бийлиги аркылуу болду. Мухаммад ибн Абдул-Ваххабга эч ким каршылык жана душмандык кылбады. Ал тургай, аны Уяйнадан кууп чыгарган Аксо амири да бул жайылууда өз душманына каршылык кылбады жана ага каршы күч топтободу. 1757-жылы Аксо амири күч топтоп, Мухаммад ибн Саудга каршы согуш баштады. Бирок, бул согушта жеңилип калды жана Мухаммад ибн Сауд анын бийлигин ээлеп алды. Ошол күндөн баштап Анза салтанаты т.а. Мухаммад ибн Сауд бийлиги жана жаңы мазхаб бийлиги Диръийя жана ага коңшу шаарларда жана Аксо шаарында өкүмдарлык кыла баштады. Бул өлкөлөрдө ваххабийлик мазхабы бийлик күчү менен аткарылар эле. Бирок, бул кыймыл, бул жайылуу Аксо амири менен кагылышуу жана Аксо шаарын ээлеп алуу менен токтоп калды. Мухаммад ибн Сауд да ваххабийлик мазхабы да ушул жерде токтоп, кыймыл бүтүндөй өчтү.

1765-жылы Мухаммад ибн Сауд дүйнөдөн кайтты. Анза уруусуна башчы кылып уулу Абдул-Азизди калтырды. Абдул-Азиз атасынын өлүмүнөн кийин анын кол астындагы жерлерге өкүмдарлык кыла баштады. Бирок, ал ваххабийлик кыймылын күчөтүүгө да, коңшу шаарларга жаюуга да салым кошподу. Бул кыймыл иш-аракетсиз бойдон кала берди. Ал жөнүндө эч нерсе угулбай калды. Ал тургай

коңшу өлкөлөрдө бул кыймылды эстөө же анын бастырып келишинен коркуу сезими бүтүндөй жоголуп кетти. Бирок, ваххабийлик аракети башталгандан 41 жыл өтүп (1747-1788-жж.) жана бул кыймыл 1757-жылдан 1787-жылга чейин 31 жыл токтоп тургандан кийин, кайрадан ал күчөй баштады жана ваххабийлик мазхабы жаңыча бир услубда таркатыла баштады. Анын үнү Ислам Мамлекетинин бардык тараптарында жана ири мамлекеттерде да катуу угула баштады. Бул кыймыл коңшуларын эле эмес, бүткүл Ислам мамлекетин түйшүккө салып койду. 1787-жылы Абдул-Азиз королдук династия жана так мураскорлугу түзүмүн түзүүгө киришти. Мындан максат, уулу Саудду ордуна мураскор кылып калтыруу эле. Бул жыйында Абдул-Азиз мындан ары король тактысына анын балдары мураскор болорун жарыялады. Шейх Мухаммад ибн Абдул-Ваххаб башчылыгындагы өтө чоң жамаат муну макулдап, тастыктап берди. Мына ошентип, бир же бир нече уруулар үстүнөн эмес, бүткүл мамлекет үстүнөн королдук түзүм менен башкарууга негиз салынды. Ушуну менен бирге, ваххабийлик мазхабынын башчылыгы Мухаммад Абдул-Ваххабдын урпактарына мураска кала турган болду. Мына ушул амирлик жана мазхаб амирлиги бөлүштүрүлгөндөн кийин, ваххабийлик кыймылы кеңейүүдө жана жайылууда дагы да күчөп, ал согуш жолу менен жайыла баштады. 1788-жылы Абдул-Азиз өтө чоң даярдык менен Кувейтке чабуул кылды жана аны ээлеп алды. Англия да Кувейтти Усманий мамлекеттен тартып алууга аракет кылып, бирок, максатына жете албаган эле. Себеби, Германия, Россия жана Франция сыяктуу мамлекеттер англичандардын жолун тосуп турган болчу, Халифалык мамлекети да буга жол койбос эле! Ваххабийлердин Кувейтти Усманий Мамлекеттен ажыратып алуулары жана аны коргоо максатында түндүккө карай кылган жүрүшү Россия, Германия, Франция сыяктуу чоң мамлекеттердин жана Усманий Мамлекеттин назарын өзүнө тартты. Себеби, ваххабийлер согушу мазхабчылыкка негизделген болуп, ал диний туйгуларды козгор эле. Ошентип, ваххабийлер бир нече жылга созулган өчүүдөн кийин капыстан кайра аракетке келишти. Бул аракетти жаңыча услуб менен т.а. мазхабды согуш жолу менен жайып, башка мазхабдарды бүтүндөй жок кылып, алардын ордуна өз мазхабын орнотуу услубу менен башташты. Бул аракет Кувейтке

чабуул кылып, аны басып алуу менен башталып кетти. Кийин бул кыймылды жаюуга болгон урунууларды күчөтүштү. Алар Арабстан жарым аралындагы коңшуларынын, Ирак, Шам өлкөлөрүнүн о.э. Халифалык Мамлекети сыпатындагы Усманий Мамлекеттин тынчсызданусуна жана түйшүктөнүүсүнө себепчи болушту. Мусулмандар башка мазхабдардан алган пикирлерин таштап, бир гана ваххабийлик мазхабынын пикирлерин кабыл алуулары үчүн, алар мусулмандарга жана халифага курал көтөрүштү жана Ислам өлкөлөрүн басып ала баштады. 1792-жылы Мухаммад ибн Абдул-Ваххаб өлдү. Сауд атасы Абдул-Азиздин ордун ээлегендей, анын мансабын да уулу ээледи. Ошентип, Сауд үй-бүлөсүнүн бардыгы ваххабийлик мазхабын Халифалык Мамлекети болгон Усманий Мамлекетке сокку берүү жана мусулмандар арасында мазхабдар аралык согуштарды козгоо максатында саясий курал кылып алышты.

## АНГЛИСТЕРДИН ИСЛАМ МАМЛЕКЕТИНЕ КАРШЫ ФИТНАСЫ

Сауддун урпактары англичандар малайы жана досу экендиги, алар тарабынан башкарылышы Халифалык Мамлекетине да жана Германия, Франция, Россия сыяктуу башка мамлекеттерге да маалым эле. Англичандар да Саудийлер тарапкери экендигин жашырышкан эмес. Мындан тышкары, ваххабийлерге Индия аркылуу жеткирилип жаткан курал-жарак жана кошуунду камсыздоо үчүн иштетилип жаткан каражат англичандардыкы эле. Ошондуктан, Европа мамлекеттери, өзгөчө Франция, ваххабийлердин чабуулдарына англичандар чабуулу деп карап, ага каршы эле. Халифалык Мамлекети ваххабийлерге сокку берип, аны токтотмокчу болду, бирок, токтоло албады. Мадина, Багдад жана Дамашк шаарларындагы халифанын валийлери да ваххабийлердин жолун тосо алышпады. Ошондон кийин Халифалык Мамлекети Мисирдеги валийи Мухаммад Алийден ваххабийлерге каршы күч даярдоону талап кылды. Ал башында бир аз суздук кылды, себеби, ал Франциянын малайы эле. Франция Мухаммад Алийдин Мисирде ыңкылап жасап, бийликке келишине жардам берген болчу жана аны тан алууга Халифалыкты мажбур кылган эле. Мухаммад Алий Франция менен келишип алып, 1811-жылы Халифанын буйругуна

ылайык, уулу Тусунду ваххабийлерге каршы согушка жиберди. Ваххабийлер менен Мисир кошууну ортосунда бир нече согуштар болду. 1812-жылы Мисир кошууну Мадинаны фатх кылды. 1816-жылы август айында Мухаммад Алий уулу Ибрахимди Каирдеги ваххабийлерге каршы согушка жиберди. Ал ваххабийлерди талкалап таштады. Ваххабийлер артка карай качышты, борбору Диръийяга жашырынышты. Ибрахим 1818-жылы апрель айынан баштап Диръийяны жай бою курчоого алып турду, 1818-жылы 9-сентябрда ваххабийлер багынышты. Ибрахимдин жоокерлери Диръийяны эч нерсесин калтырбай талкалап ташташты. Ошентип, англичандардын аракеттери соңуна жетти.

## ФРАНЦИЯНЫН ИСЛАМ МАМЛЕКЕТИНЕ СОККУ БЕРҮҮГӨ УРУНУУСУ

Франция өз малайы болгон Мисир валийи Мухаммад Алий жардамында Ислам мамлекетине арттан сокку бермекчи болду. Бул үчүн Мухаммад Алийди мамлекеттик жана саясий жактардан ачык колдоп-кубаттап турду. Мухаммад Алий Халифалык Мамлекетинен бөлүнүп чыгып, халифага каршы согуш жарыя кылды. 1831-жылы Шамга жүрүш жасап Палестина, Ливан, Сирияны басып алды жана Андалуз шаарын карай келе баштады. Бирок, халифа Мухаммад Алийге каршы өтө күчтүү кошуун жиберди. Европа мамлекеттери, өзгөчө Англия, Россия жана эки немис мамлекети (Германия жана Австрия) да Мухаммад Алийге каршы турушту. 1840-жылы алар өз ара Келишимге кол коюшту. Бул келишимге ылайык, ушул мамлекеттер Усманий Мамлекеттин бүтүндүгүн коргоп, зарылдык туулса Мухаммад Алийди күч менен Сирияны таштап чыгып кетүүгө мажбурламакчы болушту. Европа мамлекеттеринин мындай аракеттери Мухаммад Алийдин жүрүштөрүн тосуп, аны Сирия, Палестина жана Ливандан кууп чыгарып, акыры Мисирге кайтууга мажбур кылды. Кийин ал Халифага моюн сунган валий болууга ыраазы болду.

# УЛУТЧУЛДУК ЧАКЫРЫКТАРЫ ЖАНА ЭГЕМЕНДҮҮЛҮККӨ УМТУЛУУ СЕЗИМДЕРИН КОЗГОО

Европа мамлекеттеринин, өзгөчө Англия, Франция жана Россиянын Ислам Халифалыгын жок кылуу үчүн алып барган аракеттери ушундайча улана берди. Бирок, алардын Ислам Мамлекетине үзгүлтүксүз согуштар, салгылаштар менен арттан сокку берүү аракеттери ийгиликсиздикке учурады. Алардын ийгиликсиздиги халифада болгон коргоо кубатынын күчтүүлүгү себептүү эмес, балким, эң биринчи мамлекеттер ортосундагы мамиле жана олжолорду бөлүштүрүүдө өз ара келише албагандыктары себептүү эле. Ал эми, бул Европа мамлекеттеринин Европада Сербия, Венгрия, Болгария, Греция жана башка мамлекеттердеги аракеттери ийгиликтүү болду. Себеби, алар бул мамлекеттерде улутчулдук, эгемендүүлүккө умтулуу туйгуларын козгоо жолу менен аракет кылышты. Ошондуктан да, Европа мамлекеттери бул услубду т.а. улутчулдук жана эгемендүүлүккө умтулуу б.а. бөлүнүп чыгуу услубун тандап алды жана Ислам байрагы желбиреп турган, мусулмандар халифасы өкүмдар болгон өлкөлөрдө ушул услуб менен аракет кыла баштады. Өзгөчө араб жана түрктөрдө ушул услубду колдонууга бар мүмкүнчүлүктөрүн каратты. Истамбулдагы жана Ислам Мамлекетинин башка шаарларындагы Англия жана Франициянын элчиканалары улутчулдук ураандарын жана эгемендүүлүккө умтулуу туйгуларын козгой баштады. Алардын бул аракеттери Багдад, Дамаск, Бейрут, Каир жана Жидда шаарларында ашкере түрдө алып барылды. Бул диверсияны ишке ашыруу үчүн эки негизги борбор: Истамбул шаары о.э. Ислам Мамлекети карамагындагы өлкөлөр, өзгөчө араб тилдүү мусулмандар жашаган өлкөлөр үчүн Бейрут шаары тандалды.

# ХАЛИФАЛЫККА КАРШЫ ДИВЕРСИЯДАГЫ БЕЙРУТТУН ЭЭЛЕГЕН ОРДУ

Исламга жана Ислам Мамлекетине сокку берүү максатында тандалып алынган Бейрут борбору үчүн узак мөөнөттүү план түзүлдү. Ошондуктан да, Бейрут борбору адамдарга уу катары болду. Миңдеген мусулман перзенттерин кафирлерге, бардык исламий алакаларды куфр өкүмүнө ылайык жүргүзүлө турган алакаларга айлантты. Биринчи дүйнөлүк согушта кафирлердин Ислам Мамлекетине каршы кылган агрессиясында бул борбордун таасири укмуштуудай болгон. Ибрахим паша Шам өлкөлөрүн колдон чыгаргандан кийин, кафирлер саясий иштерин Бейрутта ашкере түрдө баштashты. 1842-жылы америкалыктардын көрсөтмөсү менен жана алардын программасына ылайык, бир илимий коомго негиз салуу үчүн лажна (комитет) түзүлдү. Бул лажна беш жыл иштеди жана натыйжада «Билим жана илим коому» деген коом уюшулду. Бул комдун жетекчилери төмөнкүлөр болгон. Эки малай-христиан: бири англичандар тыңчысы Бутрос Бустаний, экинчиси Насиф Язиджий. О.э. англичандардан Колонел Черчел; америкалыктардан Эйли Смит жана Корнилус ванн Диклен. Бул коомдун максаттары башында жашыруун болду. Алар алгач улуу жаштагыларга жана мектеп жашындагы жаштарга билим берүү менен алектеништи о.э. аларды Батыш сакафатын алууга мажбур кылып, Батыш түшүнүктөрүн берүү менен аларды атайын багытка багыттандырышты. Бирок, бул комитет мүчөлөрүнүн оор мээнеттерди сарпташына карабастан, ага бүткүл Шам өлкөсү ичинен болгону 50 гана мүчө кошулду. Бул кошулгандардын көпчүлүгү Бейруттан эле жана алардын бардыгы христиан болчу. Ага мусулмандардан жана друздардан бир да мүчө кошулбады. Ошондуктан 1850-жылы «Чыгыш коому» аттуу жаңы коомго негиз салынды. Бул коомго ясуийлер (христианчылык агымдарынын бири) папасы француз Генри Дебрунер негиз салды. Бул коомдун да бардык мүчөлөрү христиандар эле. 1858-жылы болсо жаңы услубда бир коом түзүлдү. Анын башкалардан айырмасы — ага чет элдиктерден эч ким мүчө болушу мүмкүн эмес эле, балким, бардык мүчөлөрү жергиликтүү калктан жана арабдардан болушу керек эле. Муну менен ага кээ бир мусулмандардын жана друздардын да кошулушуна мүмкүнчүлүк

жаралды. Себеби, алар да араб деп этибар кылынар эле. Бул коомго кошулгандардын саны 150гө жетти. Аны башкаруучулар арасында арабдар ичинде көзгө көрүнгөн белгилүү шахстар – друздардан Мухаммад Арслан, мусулмандардан Хусайн Байхам, насранийлерден Ибрахим Язиджий жана Бутрос Бустанийдин уулу бар эле. Бул акыркы экөөсү коомдун идеологиялык жетекчилиги катары ушул идеология негизинде иш жүргүзүүгө башчылык кылар эле. Бул коомдун жетишкендиктери мурун жашыруун жана алдоо көрүнүшүндө алып барылган улутчулдук жана эгемендүүлүккө умтулуу аракеттерин эми ашкере түрдө ишке ашырууга кафирлерди шыктандырды.

1875-жылы Бейрутта жаңы бир коом түзүлдү. Ага Бейруттагы протестанттар (христианчылык дининдеги бир агым) университетинде таалим алган 5 жигит негиз салды. Алардын бардыгы христиан болчу жана алар бул коомго бир нече адамдарды гана кошушту. Бул коом батышташтырууга жана улутчулдукка чакырат эле. Усманий Мамлекетин түрк мамлекети деп атап, ага каршы душманчылык козгойт эле. Динди мамлекеттен ажыратуу ураанын көтөрүп чыгып, мусулмандар ортосундагы алакага араб улутчулдугун гана негиз кылуу керек дээр эле. Бул коом ар түрдүү макалалар басып чыгарып, аларды жашыруун таркатышат эле. Анын мүчөлөрү жана башкаруучулары Исламга душман христиандардан болушса да, алардын макалаларында Түркияга Исламга тиешелүү дооматтар коюлар эле. Мисалы, алардын сөздөрүндө «Түркия арабдардан халифалыкты зордук менен тартып алган, Исламдын пакиза шариятына кол салган жана динде суздук кылган» сыяктуу дооматтар бар эле. Ошондон кийин улутчулдук аракеттери жүргүзүлүп, баракчалар таркатыла баштады. Европа мамлекеттери Бейрут борборунда алып барган аракеттердин натыйжасы тыңчыларды даярдоо, пикирлерди бузуу, адаамдарды өлтүрүү сыяктуу иштерди аткаруу болду. Бул жолдун таасири шумдуктуу болгон болсо да, бирок, анын саясий жактан мааниси өтө төмөн эле.

# ХАЛИФАЛЫККА КАРШЫ ДИВЕРСИЯДАГЫ ИСТАМБУЛ БОРБОРУНУН МААНИСИ

Ислам Мамлекетине анын борборунда жана бийлик үстүндө отурган шахстар аркылуу сокку берүү максатында уюштурган Истамбул борборунда Батыш кафирлери өтө көп иштерди кылды. «Жаш Түркия» же «Биримдик жана Өнүгүү» деп аталган коомду түзүү ушул борбор алып барган иштердин эң маанилүүсү жана натыйжасы эң шумдуктуусу болду. Бул коомго Парижде негиз салынды. Анын негиздөөчүлөрү Франция пикирлери менен сугарылган жана Франция революциясын терең үйрөнгөн түрк жаштары эле. Ал жашыруун революциялык коом катары пайда болду. Коомдун жетекчиси Ахмад Ризобек болгон, ал адамдар арасында көзгө көрүнүктүү шахстардан эле. Анын идеясы Батыш дүйнө карашын өз өлкөсү — Түркияга алып кирүү эле. Бул коомдун Берлин, Салоники жана Истамбулда да бөлүмдөрү болгон. Париж бөлүмү өтө мыкты уюшулган эле жана анын экстремисттик маанайдагы программасы болгон. Үгүттөө каражаттары болсо күчтүү жана бекем эле. Анын «Ал-Анбаъ» аттуу гезити болуп, бул гезит Истамбулга Европа почталары аркылуу жашыруун келчү, анын Түркиядагы мүчөлөрү бул гезитти жашыруун таркатышчу. Коом түрдүү саясий баракчалар чыгарып, алар да ушундай ыкмада алып келинип, таркатылар эле. Бул коомдун Берлин бөлүмү чордончулдардан, Усманий Мамлекеттин мурдагы министрлеринен же жогорку мансаптагы саясий жөндөмгө ээ амалдарлардан түзүлгөн эле. Алар мамлекет иштерин Германия өкмөтүнүн үлгүсүндө реформа кылып, Усманий Мамлекетте жашап жаткан түрдүү улут жана калктарды Германия союзуна окшош бир мамлекетке бириктирүүнү каалашчу. Ал эми, Салоники бөлүмүнүн көпчүлүк мүчөлөрү кошуунда күчтүү таасирге ээ болгон офицерлерден болуп, алар революция жасоо үчүн олуттуу даярдык көрүшөр эле. Кийинчерээк аларга бийликте жогорку мансапта отурган Талъат сыяктуу жаштар жана кээ бир шейхтер – уламалар кошулду. Натыйжада, алардын күчүнө күч кошулду. Бирок, ушуга карабастан, бул бөлүмдөгүлөр Париж борборуна моюн сунар эле жана анын көрсөтмөсү менен иш жүргүзүшчү. Париж борбору аларды Батыш назариялары жана пикирлери менен башкарып, аларда күрөшкө жана курмандык берүүгө болгон умтулууларды

пайда кылар эле. Масондор уюму, өзгөчө Салоникидеги Италия масондорунун эң чоң уюму бул коомду колдоп-кубаттап, басма жагынан ага чоң жардамдар берип турат эле. Анын жыйындары эч бир тыңчы кире албай турган масондор топтоло турган жайларда өткөрүлөт эле. Масондор уюмунун көпчүлүк мүчөлөрү «Биримдик жана Өнүгүү» коомуна мүчө болчу. Мына ушундай ыкмалар жана алып жаткан жардамдары себептүү коом өз мүчөлөрүнүн санын көбөйттү жана анын таасири дагы да күчөдү. Мындан тышкары «Биримдик жана өнүгүү»нүн мүчөлөрү Истамбул менен байланууда б.а. бийлик менен байланышууда да масондор ыкмасынан пайдаланат эле. Бул коом («Жаш Түркия» же «Биримдик жана Өнүгүү» коому) жашыруун жыйналыштар уюштуруп, өз мүчөлөрүн революциялык духта даярдар эле. Акыры 1908-жылы ыңкылап болду жана бул коом бийликти ээледи жана анын кубаты ачык көрүнүп калды. Европанын ага ыраазы экендиги ачык көрүнүп турду. 1908-жылдын күз айларында парламент ачылышынан бир аз мурдараак Салоникидеги коом мүчөлөрүнүн съезди болуп өттү. Бул съезд коомдун өз күчү жана утуштары менен сыймыктана өткөрүлгөн биринчи съезди болду. Ошол учурда анын жетекчиси Париждеги Ахмад Ризобек эле. Ал съездде сөзгө чыгып, сыймыктануу менен коомдун жетишкендиктерине кубанып жатканын жана ыраазы экенин билдирди. О.э. Европадагы Ислам Мамлекетине караштуу өлкөлөр мекенчилдик аракетине (б.а. патриоттук кыймылга) карата жакшы ниетте экендигин жана мамлекеттеги абалга да ыраазылык билдиришкенин баса белгилеп өттү. Ошол кезде т.а. 1908-жылы күзүндө Англия Истамбулга жаңы элчисин дайындады. Ал Истамбулга жетип келгенде «Биримдик жана Өнүгүү коомунун бир топ мүчөлөрү аны тосуп чыгып, өтө чоң урмат менен күтүп алышты. А түгүл араба тартып бараткан аттарды арабадан бошотуп, аттардын ордуна арабаны өздөрү сүйрөп барышты. Мына ушундай болгон «Биримдик жана Өнүгүү» коомунун иштери. Анын мүчөлөрү Батыштын жасалма пикирлеринен өтө катуу таасирленишкен эле. Ал тургай, Батыш пикирлери өздөрү өкүм жүргүзө турган мамлекеттин акыйкатына (вакиъ) тескерилигин, кала берсе, Исламга да тескерилигин түшүнө алышпады. Булардын кыска ойлуулугу жана сокурлук менен алып барган иштери европалыктар назарын алардын наадандыктарына

бурду. Ал тургай, ошол доордо Истамбулда жашаган дипломаттардын бири алар жөнүндө: «Алар көбүнчө биринчи кадамды баспай туруп, экинчи кадамын ташташат», - деген. «Биримдик жана Өнүгүү»нүн кишилери Батыш пикирлери жана мыйзамдарын жакшы үйрөнгөн адамдарга бийликти тапшырууга ашыгышты. Ошентип, «Жаш Түркия» аттуу саясий топ ичинде алардын сөзү өтүмдүү болуп калды. «Биримдик жана Өнүгүү»нүн мүчөлөрү кошуун кимдин колунда болсо ошол гана бардык күчкө ээ болорун анык билишти да, астейдил аракет кылышты. Ал тургай, өкмөт кошуунга жаңы дайындоолордо ушул коомдун саясатына ылайык иш жүргүзө турган болуп калды. Бардык офицерлер бул саясий коомдун мүчөлөрү болуп, алардын көпчүлүгү окумуштуулар жана аскерий ишмер кишилер эле. Коомдун саясий иштеринин бири ушул болду: мыйзам Усманий Мамлекет жараны болгон ар бир жаранга түрктөр ээ болгон бардык укук жана милдеттерде тең укуктуулукту берди. Эми бул коом бардык маамлекеттик иштерди башкара турган болуп калды. Ошентип, Ислам Мамлекетин жана Исламды жемирүүнү идеология кылып алган бул коом жана жардамчылары аркылуу Батыш бийликти ээлөөгө жетишти. Бул коом жана жардамчыларынын пикирине ылайык, «Ислам азыркы заманга туура келбейт, бүгүнкү күндүн талаптарына Батыш пикирлери жана дүйнө карашы жооп берет о.э. түрк улутчулдугун коргоо эң зарыл иштерден». Бул коом мекенчилдик идеялары менен сыймыктанып, ага катуу көңүл бурган. Түркияны башка исламий өлкөлөрдөн, а түрктү болсо башка мусулмандардан үстөм коёр эле. «Жаш Түркия» же «Биримдик жана Өнүгүү» саясий партиясын түзүү Батыш империалисттери Ислам Мамлекетине жана Исламга сокку берүү үчүн колдонгон иштердин эң шумдуктуусу болду. Бул иштен көздөлгөн максат өтө тез ишке ашты. Бул топ бийликти ээлери менен Ислам Мамлекети ичинде жемирүү иштерин жүргүзүп, анда жашоочу калктар арасында көпүрө куруп болбой турган жаракаларды пайда кыла баштады. Себеби, улутчулдук адамдарды бири-биринен ажырата турган жана алардын арасында жек көрүү жана согуштарды келтирип чыгара турган эң кооптуу нерсе. «Биримдик жана Өнүгүү» коому өз ккурамына Ислам Мамлекетиндеги бардык калктар жана улуттарды кабыл алышына карабастан, мамлекеттеги алардын улутчулдук

саясаты Усманий Мамлекет курамындагы калктарда да улутчулдук пикирлерин козгоду. Ошондуктан, Константинопольдо албандар өздөрүнүн улуттук коомдорун түзүштү. Булардын артынан черкес жана күрттөр да өздөрүнүн улуттук коомдорун түзүштү. Римдиктер жана армяндар мурдараак түзүлгөн жашыруун коомдорун мыйзамдуу кылып, ачыкка чыгышты. Арабдар да Константинопольдо «Усманий арабдар боордоштугу» аттуу коом түзүп, анын биринчи съездин ушундай аталышта ачышты. Бирок, «Биримдик жана Өнүгүү» коому өзгөчө арабдардын бул коомуна катуу каршылык кылды. «Биримдик жана Өнүгүү» коому бардык улуттарга өздөрүнүн улуттук партияларын түзүүгө уруксат берди. Бирок, араб улуттук коомдоруна каршы туруп, арабдардын бул улуттук коомун таркатып, мамлекет атынан алардын бөлүмдөрүн жаап салды. Кошуунда да улутчулдук иштерин алып барышты. Араб өлкөлөрүнөн араб офицерлерин Истамбулга чакыртып, алардын Германияга офицерлер окуусуна баруусуна тыюу салды. «Биримдик жана Өнүгүү» коомунун курамындагы арабдарды анын борбордук комитетине киргизбөө жөнүндө токтом чыгарды. Ал башында Усманий Мамлекеттеги бардык улуттардан: түрк, араб, албан, черкес жана башка улуттардан түзүлгөнүнө карабастан, коом бийликти ээлеп, түрктөр таасирдүү болору менен зомбулук кыла баштады. Бул коом араб улутун анын негизги борборлорунан сүрүп салып, бул борборлорду түрк коомдорго тапшыра башташты. Мунун натыйжасында бийликте өтө көп өзгөрүүлөр болду. Мисалы: вакфтар министри араб болгондугу үчүн ал иштен бошотулуп, ордуна түрк министр шайланды. Ички жана тышкы иштер министрлери да арабдардан эмес, балким, дайыма түрктөрдөн шайланышына аракеттер башталды. Араб өлкөлөрүнө араб тилин билбей турган түрк улутундагы адамдарды атайын жиберүү жана бул иштер артынан түрк тилин расмий мамлекеттик тил деп жарыя кылуу иштери да ушулар катарынан. Ал турсун, арабдарга араб тилинин грамматикасы да түрк тилинде үйрөтүлө башташты. Араб тилин турмуштан четтетүү ушундай даражага жетип барды дейсиң, Вашингтондогу Усманий Мамлекет элчиси 1909-жылы Америкадагы Усманий Мамлекет жарандары элчикана иштеринде түрк тилинен башка тил менен алака кылуулары мүмкүн эместигин жарыя кылды. Акыйкатта болсо ошол доордо Америкада Усманий

Мамлекет калкынан жарым миллионго жакын адам жашашып, алардан бирөөсү да түрк тилин билбес эле. Араб жана түрк улутчулдугу ачык-ашкере кылына баштады. «Биримдик жана Өнүгүү» коомунун түрк улутундагы офицерлери башка улуттар менен болгон мамилелеринде, кызматка көтөрүлүүдө жана кошуунда чоң мансаптарды ээлөөдө улутчулдукту ачык-айкын көрсөтүп жатышты. Араб офицерлери түрк офицерлерине каршы наразылык билдиришти. Бирок, улут үчүн эмес, мамлекет үчүн кайгыруу важиб экендиги алардын да оюна келбеди. Себеби, бул жерде маселе араб жана түрк улутун бириктирүү маселеси эмес эле, балким, «Ислам Үммөтүнүн бүтүндүгү», «Аллах Таала итаат кылууну важиб кылган, асий болууну болсо арам кылган, ага асий болуу Аллахка асий болуу менен барабар болгон Истамбулдагы Халифа» о.э. «муслим – муслимдин» боордошу, аны душманга тапшырып койбойт, ага зулум да кылбайт», мына ушулар негизги маселелер эле. Ошондуктан да, араб офицерлеринин кээ бирлери бул абалды баалап, 1909-жылдын аяктарында «Биримдик жана Өнүгүү» коомунун мүчөлөрүнөн бир топ кишилерди жолугушууга чакырышты. Алар бул жолугушууга ыраазы болуп, Истамбулда узакка созулган жолугушуу болуп өттү. Анда араб жана түрктөр ортосундагы карама-каршылыктарды жоюнун иш-чараларын карап чыгышты. Бул жолугушуу биримдикке кайтуу жана улутчулдукту таштап, жалгыз Ислам акыйдасы негизинде биригүүгө алып барышына аз калды. Бирок, түрк улутчулдугуна болгон итикады Исламга болгон итикадынан жогору болгон Ахмад Агабек жана Юсуф Окшурбек сыяктуу кээ бир түрк жаштарына улутчулдук итикаддарын таштап, Ислам итикадына садык болуу оордой көрүндү. Ошондуктан, алар бул ишке аралашып, арабдарга каршы айтылган жана түрктөрдү ашкере мактаган сөздөрдү сүйлөштү. Бул нерсе жолугушуунун таркап кетишине жана абалдын мурдагыдан да жаман акыбалга түшүп калышына алып келди. «Биримдик жана Өнүгүү» коому улутчулдугун улантып, акыры коомдогу бардык иштер түрктөр колуна өткөндөн кийин, анын программасын өзгөртүп, аны таза түркий коомго айлантып алды. Бул өзгөртүү себептүү, андан башка араб, албан жана армяндар о.э. Ислам итикадына сүйөнүп, улутчулдук итикадынан баш тарткан кээ бир түрктөр да бөлүнүп чыгып кетишти.

## АРАБ УЛУТТУК КООМДОРУН ЖАНА ТОПТОРУН ТҮЗҮҮДӨ ЕВРОПА ЭЛЧИКАНАЛАРЫНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

Бул иштерден кийин Европа мамлекеттеринин элчиканалары арабдар менен байланышууга жана алардын ичинде ар түрдүү коомдорду, саясий топторду түзүүгө астейдил киришишти. Алар «Децентрализацияланган партия» саясий тобун түзүп, анын жетекчиси Рафикул Аъзам, борбору Каир болду. «Реформа коому» түзүлүп, анын борбору Бейрутта болду. «Адабий клуб» жана башка бир нече коомдорго негиз салынды. Ошентип, англичан жана француздар улутчулдукту өнүктүрүп жаткан жана аларга өз өлкөлөрүнүн казыналарын ачып берип жаткан арабдардын ичи-койнуна чейин кирип барышты. 1913-жылы 18-июнда араб жаштары Парижде Франция башчылыгында чоң бир конференция өткөрүштү. Бул конференция араб улутчулдарынын Усманий Мамлекеттен бөлүнүп чыгып, Англия жана Франция менен биригишкенинин биринчи жарыясы болду. Бул иштен кабардар болгон «Биримдик жана Өнүгүү»нүн кишилери «Түрк очогу» (т.а. Түрк үй-бүлөсү) аттуу жаңы коом түзүштү. Анын негизги максаты, Исламды турмуштан бүтүндөй өчүрүп таштап, «Усманий» деген улутту түрктөштүрүү эле. Ошондуктан да, бул коом кудайсыздыкка чакыра турган гезит-журналдар чыгарууну колдоп-кубаттады. Белгилүү түрк жазуучусу Жамал Нурибектин «Келечек тарыхы» аттуу китеби мына ушулардын катарына кирет. Андан төмөнкүдөй сөздөрдү кезиктиребиз: «Константинополь өкмөтү сириялыктарды өз мекендерин таштоого мажбур кылып, келечекте дин тили болуп кала турган түрк тилин таркатуу үчүн бүткүл араб өлкөлөрүн, өзгөчө Ирак жана Яманды Түркияга моюн сунган жерлерге айлантышы керек. Биз өзүбүздү коргоо үчүн бүткүл араб жерлерин түрк жерлерине айландырышыбыз зарыл. Себеби, азыркы араб жаштары улутчулдукту сезе баштады. Бул биз азыркы күндө өтө этият боло турган жана бизге коркунуч туудура турган эң чоң балээ». Улутчулдук жана мекенчилдик дилдерге катуу таасир этип, Исламга болгон садакат-берилгендикти улутчулдукка жана мекенчилдикке буруп жиберди. Бул нерсе Исламдын улутчулдук жана мекенчилдикти айыптаган өкүмдөрүнө каршы күрөшүүгө алып барды. Натыйжада, бийликти башкарып жаткан шахстардын

араб жана түрк калктарын бириктирүүгө болгон чакырыктарынын өлчөөсү Ислам эмес, улутчулдук жана мекенчилдик болуп калды. Жамал паша Сирияга барганда, ал жердеги жаштардын мамлекетке каршы кыянат кылып жатышканын, Франция көрсөтмөлөрү, Англия буйруктары менен иш жүргүшүп жатышканын көрдү. Бул иштерге Дамасктагы Франция элчиканасындагы хужжаттар аркылуу анык ишенди. Мына ушундан кийин, арабдарды Ислам Мамлекети калктары ортосунда биримдикти сактоого чакырмакчы болду. Ушул максатта Дамаскта чоң жыйын уюштуруп, ага бүткүл араб лидерлерин чакырды жана аларды биримдикке үгүттөп мындай сөздөрдү айтты (жада калса, Жамал паша ушундай сөздөрдү айтып жатат) : - «Азыркы күндө Константинополь жана түрк улуту жашап жаткан башка жерлерде күч алган түрк кыймылдары арабдардын кыймылдары менен бирдей. Усманийлер империясында болгар, грек жана армян улуттук кыймылдары бар экенин жакшы билесиңер. Азыркы күндө араб улуттук кыймылдары да пайда боло баштады. Ал эми, түрк улуту бүтүндөй жок болуп кетүү коркунучу алдында калган эле. Бул коркунучтун алдын алуу максатында «Жаш Түркия» же «Биримдик жана Өнүгүү» коомунун мүчөлөрү жең түрө астейдил ишке киришишти жана түрктөргө мекенчилдик рухун үйрөтө башташты. Мен анык ишеним менен айта аламын, түрк жана араб арзуулары бири-бирине тескери эмес. Түрк жана арабдар мекенчилдик идеяларында бир тууган». «Кыскача айтканда, «Жаш Түркия» же «Биримдик жана өнүгүү» коомунун идеясы – түрк калкын жер жүзүндөгү калктар ичинде сый-урматка татыктуу улутка айлантуу жана 20-кылым босогосунда башка калктар менен теңата жашай алышын далилдөө».

Жамал паша бул сөздөрүн мусулмандарды Ислам Халифалыгы астында бириктирүү үчүн айтты, арабдардын түрктөрдөн т.а. Халифалыктан бөлүнүп чыгуусун токтотуу үчүн айтты о.э. алардын кафир англичан жана француздардан жардам алуусун тыюу үчүн айтты. Туура, Жамал паша, мейли улутчулдук жолунда иш кылып жаткан болсо да, Англия жана Франция менен тил бириктирип жаткан ар кандай «муртад мусулман» жана кафирлер кыянаты жөнүндө айтууга, ал тургай, мындай саткындарды өлтүрүүгө да акылуу эле. А бирок, анын өзү ошол кафирлер менен, алардын

буйруктарына ылайык Халифалыкка каршы иш кылып жаткан болсочу?! Негизи, Жамал паша жана «Биримдик жана Өнүгүү» коому улутчулдук пикирлерин жайып жатканы үчүн жазаланууга ылайык эле. Анын тил табышуу жана жубатуу үчүн айткан бул сөздөрү ката эле. Ал Исламдан келип чыкпаган эле. Анткени, Ислам мамлекети гана мамлекеттин бардык калктарын бириктирип турат жана бул Халифалык Ислам үчүн гана болот. Ошондуктан, Жамал паша «Ислам итикады гана биздин таянычыбыз болушу керек, биз Исламга гана садык болушубуз ылазым, Ислам гана бардык иштерибиздин өлчөөсү болушу керек» деп айтышы керек болчу. Бирок, ал мындай дештин ордуна араб тилдүү мусулмандарды тынчтандырып: - «… түрк жана араб арзуулары бири-бирине тескери эмес. Түрк жана арабдар мекенчилдик идеяларында бир тууган». «Кыскача айтканда, «Жаш Түркия» же «Биримдик жана өнүгүү» коомунун идеясы – түрк калкын жер жүзүндөгү калктар ичинде сый-урматка татыктуу улутка айлантуу жана 20-кылым босогосунда башка калктар менен теңата жашай алышын далилдөө», - деген сөздөрдү айтты.

## МИССИОНЕРДИК ЖАНА САКОФИЙ ЧАБУУЛ

Улутчулдук жана мекенчилдик туйгуларын козгоочу провокациялык аракеттер мына ушундай натыйжаларга алып келди. Европа мамлекеттери, өзгөчө Англия жана Франция Ислам Мамлекетине чабуул жасоодо зор ийгиликтерге жетишти. Бирок, Европа мамлекеттери, айрыкча Англия, бул натыйжалар канчалык шумдуктуу жана аянычтуу акыбеттерди алып келгенине карабастан, баары бир, ушуну менен гана чектелип калууга канааттанган жок. Ошондуктан, Исламга каршы жаңы ыкмаларды колдоно баштады. Алардын жүрөгүндөгү кеги жана көрө албастыгы бир гана Исламга, анын пикир жана мыйзамдарына каршы багытталган эле. Ушул себептен улам, Ислам акыйдасы жана мыйзамдарына каршы токуп чыккан айла-амалдарын ишке ашыруу үчүн, алар жогорудагыдай жол менен бирге башка бир ыкманы да ишкке салышты. Стамбул жана Бейрут ушул жаңы ыкманы ишке ашыруунун таяныч чекити болуп калды. О.э. алар Каирди да ушундай бир борборлордун бирине айландырууга аракет жасашты.

Бейрут борбору үчүн узак мөөнөттүү план иштелип чыкты. Анын максаты жаштарды Исламга каршы тарбиялоо жана мусулмандар пикирлерине таасир этүү эле. Бул планды жүзөгө ашыруу үчүн алар эки жолду тандап алышты: илим чүмбөтүн жамынган миссионердик жол жана билим берүү аркылуу таасир этүү жолу. Бул үчүн алар үлкөн каражаттарды ажыратышты, миссионердик уюмдарды түзүштү. Алардын ичинен эң таасирдүүлөрү Англия, Франция жана Америка уюмдары эле. Алар жергиликтүү христиан калкты өздөрүнө тартуу үчүн о.э. мусулмандарда Исламга карата күмөн ойготуу жана акыйдаларын чаташтыруу үчүн, миссионердик жол жана миссионерлер аркылуу сакофий агрессияларын ишке ашырышты.

## МИССИОНЕРДИК ЧАБУУЛДА МАЛЬТА БОРБОРУНУН ЭЭЛЕГЕН ОРДУ

XVI кылымдын аяктарында миссионердик иш үчүн Мальтада өтө чоң бир борбор ачылып, ал Ислам Мамлекетине каршы кылына турган чабуулдар үчүн таяныч чекити болуп калды. Мына ушул борбордон чар тарапка миссионердик күчтөр жиберилип турчу. Миссионерлер Малътада бир канча убакыт туруп, орношуп алышкандан кийин, өз аракеттерин кеңиририээк жаюунун зарылдыгын сезишти жана 1625-жылы Шам өлкөлөрүнө көчүп өтүп, ал жерлерде миссионердик кыймылдарды жүзөгө келтирүүгө урунушту. Бирок, алардын аракеттери чектелген болуп, кээ бир кичи мектептерди ачуу жана диний китептерди чыгаруудан нарыга өтө алышпады. Мусулмандар жана христиандар тарабынан өтө катуу каршылыкка жана куугунтуктоолорго тушугушту. Бирок, ошентсе да алар 1773-жылга чейин бул жерлерде аракеттенип турушту. Акыры ясуийлердин миссионердик коому бекер кылынды, озарийлер миссионердик коому сыяктуу кээ бир чакан жамааттарды кошпогондо, дээрлик бардык миссионердик коомдор бүтүндөй жаап салынды.

## ШАМ ӨЛКӨЛӨРҮНДӨ МИССИОНЕРДИК ИШТЕРИНИН ЖАЙЫЛЫШЫ

Озарийлердин миссионердик коому жашап турганы менен, миссионерлердин таасири дээрлик жокко эсе болуп калды. Бирок, 1820-жыл алардын иши кайрадан жанданды жана Бейрутта миссионердик коомдор борбору түзүлдү. Бул коом диний жана миссионердик сакофат берүү иштерине да зор көңүл бурду да, ал эми билим берүү иштерине аз этибар каратты. Ибрахим паша бул коомго дем берди жана ал үчүн Шамдын бардык эшиктери ачып коюлду. О.э. Франциянын таасири жана көмөгү астында 1834-жылы Шамдын бардык аймактарында миссионердик иштер кеңири жайылды. Ибрахим паша бул учурда Шам өлкөлөрү: Палестина, Ливан жана Сирияны өзүнө каратып алган эле. Ибрахим пашанын өкмөтү тарабынан көрсөтүлгөн колдоо француз, англис жана америкалык миссионерлердин ишин күчөтүп жиберди. Бул коом Ливандын Айнтура кыштагында университет ачты. Америка өкүлчүлүгү Мальтадагы басмаканасын Бейрутка көчүрдү. Бул иште америкалык белгилүү миссионер Эйли Смит зор активдүүлүк көрсөттү. Ал Мальтадагы миссионердик коомдо ыктыярдуу түрдө иштечү жана өкүлчүлүктүн басмакасынын башкарчу. Ал 1827-жылы Бейрутка келди. Бирок, бир жыл өтүп-өтпөстөн мусулмандардан коркондугу жана ишинин ийгиликсиздигинен тажап, чыдамы түтпөстөн Мальтага кайтып кетти. 1834-жылы Мухаммад Алий жана анын уулу Ибрахимдин жардамы менен Бейрут Франция кол астына өткөндөн кийин, кайра Бейрутка кайтып келди. Ал жерде жубайы менен биргеликте аялдар үчүн монастырь ачты. Эйли Смиттин иштери жүрүшүп кетти. Ал бүткүл өмүрүн Бейрут жана Шам өлкөлөрүндөгү миссионердик иштерге арнады. Ошентип, анын миссионердик иштеринин кеңири жайылышына чоң таариси болду. Ибрахим паша Сирия жана Ливияда колдонуп жаткан Франция таалим программасынан алынган модель Мисирде да миссионерлер үчүн пайдалуу болду. Алар бул программадан кафирлер пландаштырып берген билим берүү жана басмакана иштеринде пайдаланышты. Ошентип, миссионердик аракети күчөдү жана ал билим берүү менен тыгыз байланышта болуп калды.

## ШАМ КАЛКЫНЫН АРАСЫНДА ФИТНАЛАР КОЗГОО

1840-жылы Ибрахим паша Шам өлкөлөрүнөн кеткенден кийин, ал жерде туруксуздук, мыйзамга моюн сунбоо жана толкундоолор кеңири жайылды. Чет элдик делегациялар, өзгөчө миссионердик коомдун мүчөлөрү Усманий Мамлекеттин таасири солгундап кеткенинен пайдаланып, өлкө калкынын арасына фитна отторун жага башташты. Натыйжада, 1860-жылы кыргын болду. Бул кыргындан кийин Батыш мамлекеттери Шам өлкөлөрүнүн ички иштерине аралашып, анын жээктерине аскерий кемелерин жиберишти. Франция Бейрутка жөө аскерлерин түшүрдү. Ушундан улам миссионерлердин таасири күчөп, монастырь жана университеттер ачууда активдешип кетти. Ясуийлер да өздөрүнүн монастырь жана университеттерин ачышты. Мисалы, «Ыйык Юсуф – ясуий» деп аталган университет ачылды. 1866-жылы америкалыктар да бүгүнкү күнгө дейре белгилүү болгон протестант агымынын окуусуна негизделген «Америка университетин» ачышты. Бул университет куфрдун Ислам мамлекеттериндеги эң ыплас мекемеси болуп саналат. Ал Ислам пикирлерине жана Исламга катуу сокку берип, миңдеген мусулман перзенттеринин пикирлерин куфр пикирлерине айландырды. Миссионердик топтордун саясий ыкмалары жана мамлекеттеринин кызыкчылыктары бири-биринен айырмаланып турса да, бирок, алардын баары бир нерсени көздөгөн. Алардын көздөгөнү: бүткүл Чыгышка Батыш сакофатын таркатуу; динди турмуштан ажыратуу (секуляризм) акыйдасын мусулмандардын акыйдасына айлантуу; мусулмандарда Ислам динине карата күмөн пайда кылуу; аларда өз диндерине карата нааразылык ойготуу; тарыхтарын жаманатты кылуу; Батышты жана анын маданиятын улуулоого мажбур кылуу эле. Бул иштердин бардыгы Ислам жана мусулмандарды басмырлап, аларга душмандык кылуу менен алып барылат эле.

Миссионерлер монастырь жана университеттер ачуу менен бирге, адамдарды араб тилин үйрөнүүгө үгүттөштү. Мындан максат, мусулмандарды Исламдан араб улутчулдугуна буруп жиберүү эле. Мындай аракетти Куран балагатын түшүнбөсө да, араб тилин жакшы билбесе да, христиандар башташты. Маварийлер мазхабы (католик-христиандардын бир агымы) – алардын көпчүлүгү миссионердик топтордун кызматында болушса

да – байыркы араб адабиятын калыбына келтирүү; түпкү тилине кайтып келүү жөнүндө талкуулап-тартышышты. Мисалы, Иосиф Язиджий жана ал-Аб Луис Шийху сыяктуу миссионерлер ушундай адамдардан эле. Ошентип, христиандар араб улутчулдугун кеңири таркатуу, адамдарды араб улутчулдугу жана араб тили алкагына чектөө иштерине баш болуп турушту. Мындан сырткары, Батыш пикирлери жөнүндө китептер чыгара башташты. Бүткүл мамлекет бойлоп Исламга жана Ислам пикирлерине тескери келген араб улутчулдугуна чакыруу кеңири жайылды. Ошентип, Бейрут борбору Ислам итикады жана дүйнө карашына сокку берүүдө, адамдарды Батыш дүйнө карашына буруудa шумдуктуудай натыйжаларга жетише алды. Исламды адамдар ортосундагы мамилелерден жана турмуштан ажыратып таштоодо жана Ислам Мамлекетин кулатууда бул натыйжалардын чоң таасири болду.

## БАТЫШ КОНСТИТУЦИЯСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫН КИРГИЗҮҮГӨ АРАКЕТТЕНҮҮ

### Истамбул борборунун иштери

Батыш мамлекеттери мусулман перзенттерин монастрь, институт жана ар түрдүү үгүттөөлөр аркылуу жолдон азгыруу менен чектелишпеди. Алар өкмөттү башкаруу түзүмүн жана шаръий өкүмдөрдү өзгөртүп, анын ордуна Батыш мыйзамдарын киргизип, муну менен мамлекетти ээлөөгө умтулушту. Бул максатка жетишүү үчүн бир нече ыкмаларды колдонушту. 1839-жылы Халифалык тактысына Абдул-Мажид I отурду. Ал болгону 16 жашта эле. Ушул учурда Рашид паша Усманий Мамлекеттин Лондондогу атайын ыйгарым укуктуу элчиси болчу. Абдул-Мажид халифалык тактысына отурары менен Рашид паша Истамбулга жетип келди жана тышкы иштер министри болуп дайындалды. Ал жаңы мансапты ээлер замат конституциялык парламент негизиндеги башкаруу түзүмүнө үгүттөй баштады. Мекендештеринин укуктарын баян кылып бере турган жана мамлекетте көрүнүп турган жамандыктарды жогото турган конституция аркылуу Усманий Мамлекетти өнүккөн мамлекеттер катарына кошууга катуу бел байлаганын билдирди. Рашид паша өз планынын жаш султан

тарабынан колдоп-кубатталышына жеңил гана жетише алды. Конституция долбоору өтө жашыруун түрдө даярдалды.

1839-жылы 3-ноябрда Халифалыктын бардык аалымдары, Истамбул калкынын өкүлдөрү, Европадагы Ислам Мамлекетине караштуу жерлерде жашоочу калктардын өкүлдөрү Мармар деңизи жээгиндеги резиденциялардын биринде «Гулхана» ысымы менен белгилүү болгон катты угуулары үчүн чакырылды. Бул кат топтолгондорго конституциялык документ деп тааныштырылды. Бул документте Ислам өкүмдөрү колдонулушу менен бирге Европа пикирлери да киргизилген эле. Бул иш Батыштын контитуция мыйзамдарын киргизүүгө болгон биринчи аракет болду. Бирок, бул документ турмушта колдонулбай, кагазда калып кетти. 1855-жылы Европа мамлекеттери, айрыкча Англия, Усманий Мамлекеттен конституцияга оңдоп-түзөтүүлөр киргизүүнү катуу талап кылды. Европа мамлекеттеринин басымы себептүү, султан февраль айынын башында конституцияны реформалоо боюнча «Хумоюн каты» деп аталган указ чыгарды. Жаш султан мында мамлекет жарандарына берилген укуктарды баса белгилеп өттү. Христиандарга төмөнкүдөй белгилүү бир укуктар берилди:

1. Маданий иштерди башкаруу интеллигенция жана чиркөө кишилеринен түзүлгөн комитетке тапшырылсын. Бул комитет калк тарабынан шайлансын.

2. Христиан динин кабыл алган мусулман Ислам динине кайтууга мажбур кылынбасын, ар кандай мусулман беймалал Исламды таштап, христианчылык динин кабыл алышына тыюу салынбасын.

3. Мусулмандар үчүн милдеттүү түрдөгү аскерий кызмат христиандар үчүн да милдеттүү түрдө болсун. (Мурун милдеттүү түрдөгү кызматка мусулмандар гана алынчу).

4. Чет элдик мамлекеттердин жарандарынын да Усманий Мамлекетте өз жерлерине ээ болууларына тыюу салынбасын.

Бул документ калк тарабынан катуу каршылыктарга учурады. Себеби, мусулмандар андагы мыйзамдарды Исламга жана шариятка тескери деп эсептешти. Ал тургай, христиандар да бул документтин ишке ашуусуна ишенишпес эле. Европа мамлекеттери реформалоо деген шылтоо менен бул документти ар дайым күзөтүп турганына карабастан,

союздаштар жана Ислам Мамлекети бул документти колдоно турмушка ашыра алышпады. Өкмөт аппаратында Мидхат паша аттуу шахс пайда болгонго чейин ушундай болду. (Мидхат паша. 1822-1884-жж. 1872-1877-жылдары премьер-министр болгон, конституциялык мыйзамдарды киргизүү үчүн иш алып барган. Халифа Абдул-Хамид тарабынан кызматынан бошотулган. Камакта муунтуп өлтүрүлгөн). Ал Батыш пикирлерине канааттанган, Батыш дүйнө карашын өтө жакшы көргөн шахс эле. Ал Батыш мамлекеттерин ыраазы кылуу жана Ислам Мамлекети Батыш мамлекеттери сабында жүрүшү үчүн, Ислам Мамлекетинде Батыш пикирлерине дал келе турган конституция түзүүгө олуттуу киришти.

## МИДХАТ ПАШАНЫН ИСЛАМ МАМЛЕКЕТИ ҮЧҮН БАТЫШ МЫЙЗАМДАРЫ НЕГИЗИНДЕГИ КОНСТИТУЦИЯ ИШТЕП ЧЫГУУГА АРАКЕТ КЫЛЫШЫ

Мидхат паша Абдул-Азиздин халифалык доорунда Мухаммад Рушдий пашанын аппаратында адилет министри болуп иштеген. Ал халифаны Ислам Мамлекети үчүн Батыштын демократиялык мыйзамдары негизинде иштеп чыгылган конституция түзүүгө ынандырмакчы болду жана муну менен мамлекеттеги абалды оңдоого болот деп кат жазды. Мамлекеттеги орчундуу проблемаларды санап өткөндөн кийин, мындай деди: «Улуу урматтуум, бул дарттын бирден-бир дабаасы – анын себептерин түп-тамырынан бери жулуп таштоо. Себептери жок кылынса оору да жок болот.

1. Улуу урматтуу (халифа) «Хатти Хумоюн»ду жарыя кылып, анын мыйзам жана эрежелери милдеттүү түрдө аткарылсын деп указ чыгарса;
2. Мыйзам алдында бай-кембагал, жаш-кары дебей баары тең болсо;
3. Кайрымдуулук имараттары менчик ээлерине кайтарылса;
4. Акчалар вакф белгилеп орундарга сарпталса;

5. Мамлекет иштерин башкаруу министрлер кабинетине берилип, алар ар бир маселе боюнча чечимдерди даярдап чыгып, улуу урматтуюга сунуш кылышса;

6. Улуу урматтуу каржы жана мүлк иштери менен алектенбесе;

7. Бир да теңге министрлер кабинетинин кеңешисиз сарпталбаса;

8. Сиздин жана чиновниктердин бардык укук-милдеттери аныкталып, алардын иш-аракеттеринин натыйжасы үчүн министрлер кабинети жоопкер болсо;

9. Бул буйрук кол астыңыздагы жарандар тарабынан милдеттүү түрдө аткарылчу мыйзамдык күчүнө кирсе, анда Алланын жардамы менен көздөлгөн натыйжага жетишүүгө болот. Муну менен мамлекет максатына жетет.

Мидхат паша катты халифага берүүдөн мурда, ал жөнүндө министрлер кабинети менен келишип алды. Баш вазир (премьер-министр) халифа Абдул-Азиз менен жолугушуп, катты ага тапшырды. Халифа катты окуп, катуу ачууланды. Ошол замат Мидхат пашаны министрликтен бошотуп, Салоники шаарына валий кылып дайындаганы жөнүндө буйрук чыгарды. Бирок, ал Салоникиде көпкө турбастан Истамбулга кайтып келди жана мамлекеттик аскер командачысы Хусайн Алий паша менен Абдул-Азизди халифалыктан четтетүү жөнүндө келишип алды. Кийин деңиз иштери министри (назир) жана Шайхул-Ислам менен байланышып, алар менен да султанды четтетүү жөнүндө келишип алды. Муну ишке ашыруу үчүн бир күндү белгилеп алышты. Бул окуя 1876-жылы болду. Белгиленген күндөн бир аз мурдараак Мидхат паша Россиядан башка Европа мамлекеттерине жашыруун кат жөнөттү. Анда «Ислам шарияты мамлекет башчысы толук акыл кубатына ээ шахс болушун талап кылат. Ошондуктан, Султанды халифалыктан четтетүү Ислам шариятына ылайык важиб иш болуп калды» деп билдирди.

1876-жылы 30-май күнү кечинде аскерий кемелер «Зулма бакча» сарайы алдына келди. Аскерлер сарайды курчап алды. Султандын алдына бир нече адам кирип, Шайхул-Ислам фатвасына ылайык, ал халифалыктан бошотулганы жөнүндөгү кабарды билдирди. Султанды сарайдан чыгарып жиберишти. Ошол эле түнү тактыга Мурад V отурду. Ошентип, Мидхат паша Россиядан башка

Европа мамлекеттери, өзгөчө Англия, Германия жана Франция менен келишип алып, халифаны кулатты. Себеби, халифа Ислам Мамлекети үчүн Батыштын демократиялык мыйзамдары негизиндеги конституцияны иштеп чыгууга ыраазы болбогон эле.

Мусулмандар үчүн ушундай бир халифа дайындалды дейсиң, ал аркылуу Батыш мыйзамдары негизиндеги конституция иштелип чыгылмак болду. Абдул-Азизден кийин халифа болгон Мурад Европача тарбияланган, билимдүүлүгү менен таанымал шахс эле. Ал аркылуу конституция иштеп чыгып, аны турмушка ашырууга болот деп үмүттөнсө болор эле. Бирок, акылдан азгандыгы себептүү анын ден-соолугу начарлап калган эле. Ушундан улам, Мидхат паша учурдан пайдаланып, тезирээк конституцияны жарыя кылууга аракет кылды. Ал халифа Мурад ооруулу убагында тарапкерлери менен топтолуп, Европа мыйзамдары жана түзүмдөрүн үйрөнүп чыкты о.э. конституция үстүндө иштеп, аны аягына жеткирди. Бирок, Мураддын акылы айныгандыгы ачыкка чыгып калгандан кийин, аны тактыдан түшүрүү ылазым болуп калды. 1876-жылы 31-августта Шайхул-Ислам халифа Мураддын тактыдан түшүрүлгөнүн жарыя кылды. Сентябрь айынын баштарында Мурад Vнин иниси Абдул-Хамид (1842–1918-жж. 1876-жылы тактыга отуруп, 1909-жылы түшүрүлгөн) тактыга отурду жана мусулмандар халифасына айланды. Аздан кийин Мидхат паша баш вазирлик кызматына отурду. Бул иштерден кийин Англия Истамбулдагы ири мамлекеттердин элчилери үчүн конференция өткөрүү сунушун айтты. Мындан максат, жаңы сунушталган жарашуу келишими аркылуу Балканда тынчтык орнотуу эле. Конференция болуп өттү жана Усманий Мамлекетти реформаларды ишке ашыруга мажбурлады. Мидхат паша да ички реформаларды ишке ашырууга астейдил киришти. Ушул максатта 16 жогорку кызматтардагы аскерий болбогон кишилерден, 10 аалым, 2 аскер башчыдан турган комиссия түздү. Ага мамлекет конституциясынын долбоорун иштеп чыгууну тапшырды. Комиссия өтө чоң кыйынчылыктардан кийин Бельгия конституциясынан таасирленген конституция долбоорун тастыктады. Бул долбоор 23-декабрда «Асасий конун» (негизги мыйзам) наамы менен басылып чыкты. Натыйжада, бул долбоор Мамлекеттин расмий конституциясына айланды т.а. Белгия конституциясы Исламдын кээ бир жактарын

камтыган абалда Ислам Мамлекетинин конституциясына айланды. Ага ылайык, Мамлекеттин бардык калктары усманийлер деп аталып, алардын бардыгынын жекече эркиндиктери тан алына турган болду. Бул конституциядан мурда Ислам дининин өзү мамлекет конституциясы эле. Кийин болсо Ислам мамлекеттик дин деп тан алына турган болду т.а. мамлекет ырасымдары жана ушул сыяктуу айрым иштерде Исламга кайрылына болду. Мындан тышкары, ушул конституцияга ылайык, калк өкүлчүлүгү (вакалат) эки межлисте (палата) көөдөлөнө турган болду:

1. Депутаттар палатасы (өкүлдөр межлиси).
2. Чиновниктер палатасы. (Аяндар межлиси).

Эки палата мүчөлөрү тең депутаттык кол тийгистиктен толук пайдаланышат т.а. тээ алардан кол тийгистик алып коюлмайынча мамлекет мыйзамдарына да, шарият мыйзамдарына да моюн сунбоо укугуна ээ болушат. Эки палата тең ар жылы ноябрь айынын баштарында жыйналышат жана ал султандын хутбасы менен ачылат. Бул эки палата сунуштаган мыйзамдар алар тарабынан тастыкталат, андан кийин султанга жөнөтүлөт, султан ыраазы болгондон кийин аткарылат. Т.а. мыйзамды ушул эки палата иштеп чыгат. Бюджет маселесин депутаттар палатасы чече турган болду. Жогорку сот 10 мамлекеттик кеңешчи жана чиновниктер палатасынын 10 мүчөсүнөн, кассациялык соттун 10 мүчөсүнөн куралды. Бардык вилаяттарга борбордон алыстатылган (децентрализация) башкаруу тартиби киргизилди.

## АБДУЛ-ХАМИДДИН МИДХАТТЫН КОНСТИТУЦИЯСЫНА КАРШЫ ЧЫГУУСУ

Бул конституцияны кабыл алуу халифалык түзүмүн кулатып, Ислам Мамлекетин Бельгия сыяктуу Европа мамлекеттеринин куфр системасы негизине курууну түшүндүрөт эле. Ал эми, алардын конституциясы куфр негизден келип чыккан эле. Ошондуктан да сарай аны кабыл алуудан баш тартты. Халифа Абдул-Хамид, уламалар жана мусулмандардын айрым таасирдүү шейхтери ага каршы турушту. Министрлер кабинети бул конституцияны колдонуудан жана ири державалардын талаптарын аткаруудан баш тартты. Халифа Англиянын саясий оюндарын жана душманчылыгын сезип калды. Англиянын Ислам Мамлекетинин

чиновниктери байланышып жатканын талдап көрүп, 1877-жылы 5-февралда Мидхат пашаны баш вазирлик кызматынан бошотуп, мамлекетке чыккынчылык кылгандык айыбы менен өлкөдөн чыгарып жиберди. Мидхат паша анличандар менен байланышта болуп, Батыш мамлекеттерине ээрчүү саясатына үгүттөп жүрдү. Ири мамлекеттер, айрыкча Англия бул конституциянын колдонулушун ар дайым күзөтүп турду. Ошондуктан да, Англия Балканда жана Усманий Мамлекетте реформа жүргүзүүнү үйрөнүү боюнча конференция өткөрүүгө аракет кылды.

1878-жылы 13-июнда ири мамлекеттер: Англия, Франция, Россия жана Германиянын катышуусунда Берлин конференциясы болуп өттү. Конференцияга Англиянын өкүлү катары премьер-министр Дизраэли катышты. Анын улуту еврей эле. Бисмарк Германиянын өкүлү катары катышып, англичандарга каршы турду жана Усманий Мамлекет тарабында болду. Конференция төрт аптага созулуп, бир нече токтомдорду иштеп чыкты. Алардын бири Усманий Мамлекеттен өз системасына заманбап реформа киргизүүнү талап кылуу болду. Абдул-Хамид анын токтомдоруна көңүл буруп олтурбады, тескерисинче, бардык күчүн кошуундун аскердик даярдыгын күчөтүүгө каратты. Батыш мамлекеттерине ээрчип, Исламды таштап, Батыш түзүмдөрүн алууга чакырып жаткан кишилерди куугунтукка алып, абакка тыга баштады. Алар мамлекеттен качып кетүүгө мажбур болушту жана өз кыймылдары үчүн жаңы борборлор ачуу үчүн Париж жана Женевада топтолушту.

Абдул-Хамид халифалыктын борборун бекемдөөгө аракет кыла баштады жана Исламды Европа пикирлерине каршы койду, бирок, акырындык менен ал бул иштеринде ийгиликсиздикке учурай баштады. Европа мамлекеттери Батыш мыйзамдарын Ислам Мамлекетине киргизип, демократия түзүмүн түптөй алышты. Бирок, ошентсе да, алар 1908-жылы «Жаш Түркия» партиясы султанга каршы козголоң көтөргөнгө чейин Ислам Мамлекетиндеги окуялардын өнүгүшүн үзгүлтүксүз күзөтүп турушту. 1908-жылы 21-июлда «Жаш Түркия» партиясы Салоникиде конституция жарыя кылды. Ушул айдын өзүндө Истамбулга бастырып кирип, аны ээлеп алды жана жана халифа Абдул-Хамидди конституцияны тан алууга о.э. өздөрү тандаган министрлерди дайындоого мажбур кылды.

1918-жылы 17-декабрда Усманий Мамлекеттин парламенти ачылды. Абдул-Хамид «Жаш Түркия» партиясына убактылуу моюн сунуп турду, бирок, ал конституцияны жокко чыгарып, Ислам шариятына кайтууну бекем көздөгөн эле.

1909-жылы 13-апрелде жаңы бийликтегилерге каршы көтөрүлүш чыкты. Аскерлер өз офицерлерине каршы көтөрүлүп, аларды курчоого алышты жана «Жоголсун Жаш Түркия», «Жаш Түркия кулатылсын» деп кыйкыра башташты. Жаңы киргизилген нерселерге каршы согуш жарыя кылынды. Көпчүлүк калк конституцияга каршы турду.

15-апрелде султан Тавфик пашаны баш вазир кылып дайындады жана ага Ислам шарияты менен шаръий өкүмдөрдү күчүнө киргизип, конституцияны бекер кылуу вазыйпасын тапшырды. Бирок, Салоникидеги кошуун кайтып келип, экинчи жолу султанга каршы чабуул кылып, бийликти ээлеп алды жана министрлер кабинетин иштен четтетти. 26-апрелде Сан-Стефано шаарында патриоттук уюм түзүлүп, Шайхул-Ислам фатвасына ылайык султан Абдул-Хамидди тактыдан түшүрүү токтомун чыгарууга жетишти. Тактыга Абдул-Хамиддин иниси Мухаммад Рашид (1844-1918-жж.) отурду. Кайрадан конституция колдонула баштады. Ошентип, Усманий Мамлекеттин башкаруу түзүмү халифалык түзүмүнөн конституциялык парламент түзүмүнө айландырылды. Бул конституцияда Ислам түзүмүнөн: «Мамлекет башчысы – Халифа, бийлик Халифа колунда» деген сөздөрдөн башка бир да исламий мыйзам калбады. Парламент жана министрлер кабинети жүзөгө келди. Мыйзамдарды парламент иштеп чыга турган болду. Бийликти башкаруу жана мыйзам иштеп чыгууда шарият доору бүттү.

Жогоруда айтылгандар конституцияга тиешелүү иштер эле. Ал эми, казылар өкүм жүргүзгөн шаръий өкүмдөргө келсек, аларга «түзөтүүлөр» киргизилиши алда канча мурун башталган эле (т.а. Батыш мыйзамдарын киргизүүгө аракет кылынган 1856-жылдан бери). Себеби, Батыш мамлекеттери, айрыкча англичандар жана француздар, алардын малайлары жана Батышка берилип кеткен кээ бир мусулмандардын катуу урунуулары менен мамлекет Батыш мыйзамдарын Абдул-Мажиддин (1839-1861-жылдарда халифа болгон) халифалык кылган күндөрдө эле киргизген эле. Бул

мыйзамдар мыйзамдуу күчкө ээ болуп, казылар алар менен өкүм кылышкан. 1275-хижрий, 1857-миладий жылы Мамлекет «Усманий жаза мыйзамын», 1276-х. 1858-м. жылы болсо «Укуктар жана соода жөнүндөгү мыйзамын» чыгарды. 1288-х. 1870-м. жылы болсо сот мекемеси шаръий мекеме жана низамий мекеме болуп экиге бөлүндү. Бул эки мекеме үчүн өз-өзүнчө эрежелер иштелип чыгылды. 1295-х. 1878-м. жылы болсо «Укуктар жана кылмыштар соту жөнүндөгү мыйзам» иштелип чыкты. Булар жөнүндө Шайхул-Ислам жана уламалар тарабынан «Бул иштер Ислам шариятына тескери келбейт, ошондуктан, аларды колдонуу жайиз» деген фатвалар чыгарылды. 1286-х. 1868-м. жылы уламалар маданий мыйзамдарды Мамлекетке киргизүүнү актоо үчүн эч нерсе таба алышпагандан кийин, «Мажалла» китеби мамилелер үчүн мыйзам кылып белгиленген эле. Бул китеп Франциянын байыркы маданий мыйзамдарынын көчүрмөсүндөй эле. Мыйзам талабын жана алардан алуу мүмкүн болгон эрежелерди сактоо менен бирге, эгер ага (мыйзамга) дал келе турган фикхий сөз табылса, фикх китептеринен алынды. Бул француз маданий мыйзамынын негизи – рухий умтулуу же мыйзамдын руху болот, мыйзамдын өзү эмес. Ал тургай, («Мажаллада») ушул негиз да алынып, ал үчүн өзүнчө: «Келишимдерде негиздер жана кептерге эмес, максаттар жана маанилерге көңүл бурулат» - деген берене иштелип чыкты.

## БАТЫШ МЫЙЗАМДАРЫНЫН АЛЫНЫШЫ

Ошентип, Шарият өкүмдөрү менен Ислам фикхи ташталып, Батыш мыйзамдары менен Батыш юриспруденциясы алынды. Мусулмандар бул мыйзамдарды ар түрдүү жолдор менен алышты. Кээ бир Батыш мыйзамдары Шарият өкүмдөрүнө ылайык келиш же келбешине, Ислам фикхинде бар же жоктугуна таптакыр каралбастан, өкүм жана текст көрүнүшүндө кабыл кылынды. Мисалы, хадды бекер кылган «жаза мыйзамы» сыяктуу. Кээ бир мыйзамдар болсо – аны белгисиз муштахид же муштахиддик даражасына жетпеген аалым ижтихад кылган болсо да – Ислам фикхинде бар деген шилтеме менен өкүм көрүнүшүндө кабыл алынды. Т.а. эгер бул өкүм фикх китептеринде же уламалардын пикирлеринде бар болсо алынды, жок болсо алынбады. Мисалы, сот мекемелеринин негиздери сыяктуу. Кээ бир мыйзамдарда болсо

шаръий өкүмдөр болгону мыйзам беренеси үчүн негиз кылып алынды. Мыйзам көрүнүшүнө келтирүү, пункттарга бөлүү ж.б. маселелерде болсо французздарга ээрчилди. Мисалы, «Мыйзамдар топтому» сыяктуу. Бул топтом Франциянын жарандык мыйзамдарына ээрчип иштелип чыгылган шаръий өкүмдөрдөн турат. Ошентип, казылар өкүм кылып жаткан мыйзамдар – мейли бул мыйзамдардын кээ бирлери шаръий өкүмдөр болсо да – бирок, алар Ислам Шарияты эмес, Батыш мыйзамдары болуп калды.

## БАТЫШ МЫЙЗАМДАРЫН КИРГИЗҮҮДӨ ФАТВАЛАРДЫН ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

Демократия түзүмүнүн Ислам Мамлекетине конституция көрүнүшүндө киргизилишине жана Батыш мыйзамдарынын Халифалык Мамлекетиндеги исламий сот мекемелеринде колдонулушуна уламалардын, өзгөчө, Шайхул-Исламдын «бул өкүм жана мыйзамдар Исламга тескери эмес» деп чыгарган фатвалары мүмкүнчүлүк жаратып берди. «Демократия түзүмү Исламга тескери эмес. Ислам – демократиялык дин» деген фатвалар берилди. Шайхул-Ислам тарабынан мусулмандарга Батыш мыйзамдарын алуунун жана аларды сот мекемелеринде колдонуунун жайиздиги жөнүндө фатвалар чыгарылды. Ошондуктан да, демократия түзүмүнүн мыйзамдары Ислам Мамлекетинин конституциясы көрүнүшүндө кабыл алынды. Демократиянын башкаруу түзүмү бүткүл мусулмандар назарында – ырас мамлекет башчысы Халифа деп аталган соң, мейли колдонулуп жаткан мыйзамдар Ислам өкүмдөрү болбосо да – бул башкаруу түзүмү халифалык түзүмү деп этибар кылына баштады. Андыктан, Батыш мыйзамдары Ислам Мамлекетинин сот мекемелеринде колдонулуп, Ислам мыйзамдары деп этибар кылына турган болду. Мамлекет да – анда колдонулуп жаткан мыйзамдар Батыш мыйзамдары болсо да – Исламды колдонуп жаткан Ислам мамлекети деп этибар кылына болду. Бул мыйзамдарга Ислам уруксат берген болсо болду. Башкаруу түзүмүндө демократия түзүмү, сот мекемелеринде Батыш мыйзамдарынын колдонулушу бүткүл мусулмандар назарында –бул мыйзамдарды алууга Ислам тыюу салбаган соң – демек, аларды колдонуу мамлекеттин исламий ишине жана мыйзамдардын исламийлигине эч кандай зыян жеткирбейт деген этибар менен

каралды. Көпчүлүк мусулмандар бул мыйзамдарды кабыл алышты. Кээ бирлери болсо, алардын кабыл алынышына мамлекетти реформалоо деген назарда караншты. Бир да мусулман бул мыйзам жана өкүмдөрдү куфр мыйзамы жана өкүмдөрү деп эсептебеди, балким, бул мыйзамдарга ыраазы болуп, аларга каршы ооз ачышпады. Кокус бирер-бир мусулман бул мыйзам жана өкүмдөрдү тан албаган болсо, бирок, ал да халифага айтып каршылык кылбады жана андан эч нерсени талап кылбады. Хаддардын бекер кылынышын тан албаган кишилер да, халифага хаддар бекер кылынганына каршылыгын ашкере айтып, андан хаддарга кайтууну талап кылышпады.

Шайхул-Ислам жана кээ бир уламалардын демократия түркүктөрүн жана Батыш мыйзамдарын алуу жөнүндө чыгарган фатвалары негизинен үч себеп негизинде болду:

1. Ошол доордогу мусулмандардын, а түгүл азыркы кездеги мусулмандардын да зээндеринде «кайсы бир өкүм Исламга тескери болбосо жана ал өкүмдөн кайтаруучу нусус келбеген болсо, ал өкүмдү алуу жайиз» деген пикир бекем орношкон. Алар бул пикирлерине Пайгамбар с.а.в.дын жахилият доорундагы ахддарды тан алгандыгын далил кылып келтиришти. Алардын арасынан Расулулла ﷺдын тастыктагандары туура, кайтарганы болсо арам дешти. Ошондуктан, Исламга тескери болбогон жана андан кайтаруучу вахий келбеген ар кандай мыйзамды алуу мүмкүн дешти.

2. Алар төмөнкүлөрдү да айтышты: «Кайсы нерсеге тыюу салынбаса, ал мубах. Бирер нерсеге тыюунун жоктугу анын мубахтыгына далил болот. Арийне, нахий (кайтаруу) өкүмү келбеген нерсе мубах. Мындан сырткары, шарият бул нерсе жөнүндө унчукпай, анын өкүмүн баян кылбаса, ал нерсе мубах. Пайгамбарыбыз Мухаммад ﷺдан мындай риваят кылынат, ал зат айтты: «Алла Азза ва Жалла бир нече иштерди фарз кылды, аларды сая кетирбегиле, бир нече хад-чектерди белгиледи, алардан өтүп кетпегиле, бир нече иштерди арам кылды, аларды кыла көрбөгүлө, унутканынан эмес, силерге ырайым кылып бир нерселер тууралуу эч кеп айтпады, алардын чечимин тыткылабагыла». Дагы бир риваятта айтылат: «Шарият кайсы нерсе жөнүндө сүкүт кылса, демек, ал биз үчүн кечирим (авф)».

Мына ушул далилдерге ылайык, шарият кайсы нерседен кайтарбаса, демек, ал нерсе мубах. Кайсы нерсе жөнүндө нусус келбеген болсо, ал нерсе мубах. Шарият ал нерсе жөнүндө сүкүт кылса, ал мубах. Демек, шариятта келбеген жана шарият андан кайтарбаган өкүм жана мыйзамдарды алуу мубах болуп эсептелет. Себеби, бул нерсе жөнүндө нахий жок жана шариятта бул нерсе жөнүндө өкүм да жок о.э. шарият ал нерсе жөнүндө сүкүт кылган».

3. Ошол кезде, ал тургай азыркы күндө да төмөнкүдөй пикир кеңири жайылган: «Демократия Исламдан келип чыккан. Анткени, демократия шуро (кеңеш), адилеттүүлүк, теңдик жана эл бийлиги үстүнө курулган. Буларды болсо Ислам алып келген. Ислам бай менен кедейди, укук жана милдеттерди, вазир менен чабанды теңдештирет о.э. алардын ортосундагы мамилелер шуро (кеңешүү) негизинде болушун камсыздайт. Амри-маъруф, нахий-мункар (жакшылыкка буюруу жана жамандыктан кайтаруу) Исламдын негизги коида-эрежелеринен. Исламдагы «Шуро» азыркы учурда европалыктар айтып жаткан парламенттин дал өзү. Амру-маъруф жана нахий-мункар болсо, азыркы жаңы маданиятта гезиттерде эркин сынга алуу, китеп жана гезитттерди басып чыгаруудагы шахстар эркиндиги, пикирлерди ашкере билдирүү, каалаган пикирин макулдоо, каалаган пикирин четке кагуу, каалаган сөзүн айтуу – мына ушуларда көрүнгөн сөз эркиндигинин дал өзү. Эч ким маъсум (күнөөдөн корголгон) эмес, өкмөт да, валий да маъсум эмес. Аларды масса аң-сезиминин ойгоолугу жана сындоо эркиндиги оңдойт, коркутат жана аларды туура жолдо жүрүүгө мажбур кылат. Куранда айтылган бири-бирин акыйкатка чакыруу мына ушул иштерге кирет. Ушул негизде, демократия Исламдан келип чыккан. Куран алып келген жана Пайгамбар с.а.в. буюрган дин – демократиянын дал өзү». Ошол кезде мына ушул пикир кеңири жайылган эле.

## ФАТВАЛАРДЫН КАТАЛЫГЫ

Ушул негиздерге ылайык, демократия конституциясын жана Батыш мыйзамдарын алууга фатвалар берилди. Мамлекет халифалык түзүмүнө ылайык иш жүргүзүп жаткан Ислам Мамлекети деп этибар кылына берди. Мыйзамчылык да Ислам мыйзамчылыгы деп этибар кылынып, Батыштан алынган мыйзамдардын бардыгы Ислам мыйзамдарды болуп калды. Каталык дал мына ушул жерден башталды. Себеби, бул үч пикир Исламды туура эмес түшүнүүгө алып барды. Мунун бир нече себептери бар:

1 – Итикад (ишеним) жана шаръий өкүмдөргө байланыштуу пикирлер менен – илим, өнөржай, ойлоп табуулар ж.б.у.с.ларга байланыштуу болгон пикирлердин ортосунда чоң айырма бар. Эгер Исламга тескери болбосо, илим жана ага окшош иштерге байланыштуу пикирлерди алуу жайиз. Ал эми, итикад жана өкүмдөргө байланыштуу пикирлер жалаң гана Расулулла ﷺ алып келген Китеп жана Сүннөттөн, же Китеп жана Сүннөт жолдогон нерседен (сахабалар ижмасы жана кыяс) алынышы керек. Буга имам Муслим риваят кылган төмөндөгү хадис далил болот: «Мен да силер сыяктуу инсанмын, эгер мен силерге дин иштеринен бирер нерсени буюрсам, аны алгыла, эгер дүйнө иштеринен бирер ишке буюрсам, мен да силер сыяктуу инсанмын» (т.а. мен да дүйнө иштеринде ката кылышым мүмкүн). Дагы Пайгамбар с.а.в.дын курма дарагын чаңдаштыруу окуясы айтылган хадисте: «Силер дүйнө иштерин менден көрө жакшыраак билүүчүсүңөр», - деп айткан сөзү да далил. Демек, шарияттан т.а. акыйда жана шаръий өкүмдөрдөн болбогон нерселер, эгер Исламга тескери болбосо, аларды алуу жайиз. Бирок, шарият т.а. акыйда жана шаръий өкүмдөр Расулулла ﷺ алып келген Китеп жана Сүннөттөн башка булактан алынбайт. Ал эми, демократия өкүмдөрү жана мыйзамдары болсо инсан проблемаларын чечүү үчүн алынган, ошондуктан, бул мыйзамчылык б.а. мыйзам иштеп чыгуу болуп эсептелет. Негизи, адам проблемаларын чечүү үчүн иштелип чыгыла турган мыйзам Пайгамбар ﷺ алып келген Китеп жана Сүннөттөн истинбат кылынган (иштелип чыгылган) шаръий өкүмдөрдөн гана алынышы керек.

2 – Расулулла ﷺ бизди өзү алып келген Китеп жана Сүннөттөн башка булактардан өкүм жана мыйзам алуудан тыйган. Имам Муслим Айша р.а.дан төмөнкү хадисти риваят  кылган, Расулулла ﷺ айтты: «Кимде-ким биздин ушул ишибизде андан болбогон бирер нерсени пайда кылса, ал нерсе рад кылынат (жокко чыгарылат)». Дагы бир риваятта: «Кимде-ким биздин буйругубуз болбогон бирер ишти кылса, ал иш рад кылынат», - деген. Имам Бухарий Абу Хурайра р.а.дан Пайгамбар с.а.в.дын ушул хадисин риваят кылат: «Менин үммөтүм өзүнөн мурун өткөн карманган жолун карышма-карыш, кулачма-кулач алмайынча Кыямат болбойт». Расулулладан «фарс жана румдуктар сыяктуулargaбы?» деп суралды эле, «Алардан башка ким болмок эле», - деп жооп берди. Бухарий Абу Саид Худрийден, ал Пайгамбар ﷺдан риваят кылат: «Өзүңөрдөн мурунку өткөн үммөттөргө карышма-карыш, кулачма-кулач ээрчийсиңер. Ал тургай, алар кескелдириктин ийнине кирип алышса, силер да алардын артынан киресиңер». Мен Расулулладан «алар яхудий жана насронийлерби?» - деп сурадым эле, «Башка ким болмок эле» деди. Ушул хадистер шариятдан башка булактардан өкүм алууга тыюу салынгандыгына ачык далилдер болуп саналат. Алгачкы хадис эки риваятында тең ачык нахийди билдирүүдө жана «ал рад кылынат» сөзү менен башка булактан өкүм алуучунун мазаммат кылынып жатканын түшүндүрүүдө. Кийинки эки хадис да нахий маанисин өз ичине алган. Исламдан башка жолдон өкүмдөр жана мыйзамдарды алуу темасына бул нахий туура келет. Себеби, биринчиден, «ишибизде анда болбогон нерселерди пайда кылуу» дегени бул башкалардан алуу дегени; экинчиден, фарс ва румдуктарга окшогон англичан жана француздарга ээрчүү (алар румдуктар тайпасынан). Ошондуктан бул өкүмдөрдү алуу арам.

3. Расулулла ﷺ пайгамбар болушуна карабастан, эгер вахий түшпөгөн бирер өкүм туурасында суроо берилсе, тээ Аллах ошол өкүм жөнүндө вахий түшүрмөйүнчө, ага жооп бербес эле. Бухарий ибн Масъуддан риваят кылат: «Пайгамбар ﷺга рух жөнүндө суроо берилди. Ал зат «рух» жөнүндөгү аят түшкөнгө чейин жооп берген жок». Дагы Бухарий Жабир ибн Абдуллахтан риваят кылган: «Мен ооруп калдым, Расулулла ﷺ менен Абу Бакр жөө басып, мени көргөнү келишти. Алар келген учурда мен эстен танган элем. Расул

ﷺ даарат алып, даараттын суусун башыма куйгандан кийин өзүмө келдим жана Расул ﷺдан «мал-дүйнөмдү эмне кылайын» деп кайра-кайра сурадым. Расул ﷺ тээ «мурас» аяты түшкөнгө чейин жооп бербеди». Бул хадистер вахий түшпөгөн өкүмдөрдү алуу жайиз эместигин көрсөтүп турат. Расул ﷺ вахий түшкөнгө чейин бир да пикир билдирбеген соң, демек, бул нерсе вахий алып келген өкүмдөрдөн башка өкүмдөрдү алуу жайиз эместигине далил болот.

4. Аллах Таала бизди Расул ﷺ буюрган өкүмдөрдү алууга, кайтарган өкүмдөрдөн кайтууга жана Расулулла ﷺга т.а. ал зат алып келген Куран жана хадиске өкүм сурап кайрылууга буюрган:

Аллах Таала айтат:

﴿وَمَا آتَاكُمْ الرَّسُولُ فَخُذُوهُ وَمَا نَهَاكُمْ عَنْهُ فَانْتَهُوا ﴾

***«Расул эмнени алып келген болсо, аны алгыла, эмнеден кайтарган болсо, андан кайткыла»*** [59:7]

Т.а. Расул ﷺ алып келбеген өкүмдөрдү албайбыз. Бирок, «эмнеден кайтарган болсо, андан кайткыла» аятынын маанисинен ага мухолиф түшүнүлө турган маанисине т.а. – «кайтарбагандарын алгыла» деген маанисине келсек, ага амал кылынбайт. Ал Ислам шариятынан башка булактардан бирер нерсе алууга уруксат бербеген аят жана хадистерде келген умумий өкүмдөргө ылайык бекер кылынат.

Аллах Таала айтат:

﴿فَلَا وَرَبِّكَ لَا يُؤْمِنُونَ حَتَّى يُحَكِّمُوكَ فِيمَا شَجَرَ بَيْنَهُمْ ثُمَّ لَا يَجِدُوا فِي أَنفُسِهِمْ حَرَجًا مِمَّا قَضَيْتَ وَيُسَلِّمُوا تَسْلِيمًا ﴾

***«Жок, Роббиңе касам, тээ алар өз ортолорунда чыккан келишпөөчүлүктөрдө сени өкүмдар кылышмайынча жана кийин сен чыгарган өкүмдөн дилдеринде эч кандай мүчүлүштүк таппай, толук моюн сунушмайынча эч качан момун боло алышпайт»*** [4:65]

Дагы Аллах Таала айтат:

﴿أ يُرِيدُونَ أَنْ يَتَحَاكَمُوا إِلَى الطَّاغُوتِ وَقَدْ أُمِرُوا أَنْ يَكْفُرُوا بِهِ ﴾

***«Алар шайтанга өкүм сурап барууну каалап жаткандыктарын көрбөдүңбү? Негизи болсо, алар ага ишенбөөгө буюрулушкан эле»*** [4:60]

Расул ﷺ айтат: «Кимде-ким биздин ушул ишибизде андан болбогон бирер нерсени пайда кылса, ал нерсе рад кылынат (жокко чыгарылат)». Ар кандай мухолиф мааниге, эгер ага тескери түрдө Китеп жана Сүннөттө хужжат келген болсо, ал мааниге амал кылынбайт. Мисалы Аллах Таала айтат:

﴿وَلَا تُكْرِهُوا فَتَيَاتِكُمْ عَلَى الْبِغَاءِ إِنْ أَرَدْنَ تَحَصُّنًا﴾

***«Аруулукту каалаган күңүңөрдү дүйнө турмушунун нерселерин*** *(жыргалын)* ***эңсеп зинакордук кылууга мажбурлабагыла»*** [24:33]

Бул аяттын мазмунунан анын мухолиф маанисин т.а. «эгер күңдөрүңөр аруулукту каалашпаса, аларды зинага мажбур кылуу жайиз» деген мазмунду түшүнүү мүмкүн. Бирок, зинанын арамдыгын баян кылган аяттагы умумий өкүм жогорудагы аяттын мухолиф маанисин бекер кылат: Аллах таала айтат:

﴿وَلَا تَقْرَبُوا الزِّنَى﴾

***«зинага жакындашпагыла»*** [17:32]

Ушуга ылайык, аяттын мааниси Расулулла ﷺ буюрган ишти кылуу, кайтарган иштен тыйылуу жана бардык иштерде мына ушул буйрук жана кайтарууларга кайтуу болушу керек. Аллах адал кылган нерсени адал дейбиз, арам кылган нерсени арам дейбиз. Расулулла алып келбеген нерселерди албайбыз жана бизге арам кылбаган нерселерди арам дей албайбыз. Бирок, бирер нерсе жөнүндө нахийдин жоктугу ал нерсенин жайиздигин билдирбейт, балким, Аллах арам кылбаган нерсени арам кылуу мүмкүн эместигин билдирет. Себеби, өкүм шарияттан гана алынат, аяттын мааниси мына ушундай.

«Расулулла эмнеден кайтарган болсо, андан кайткыла» аятын Аллах Тааланын:

﴿فَلْيَحْذَرْ الَّذِينَ يُخَالِفُونَ عَنْ أَمْرِهِ أَنْ تُصِيبَهُمْ فِتْنَةٌ أَوْ يُصِيبَهُمْ عَذَابٌ أَلِيمٌ﴾

***«****(Пайгамбардын)* ***буйругуна каршы иш кыла турган кимселер өздөрүнө бирер фитна-кайгы жетип калышынан же ачуу азап жетип калышынан сактанышсын!»*** [24:63]

- аятына жанаша коюп салыштырсак, «Расулулла алып келген нерсе» жана «Расулулла кайтарган нерсе» аяты умумий мааниге ээ экендиги билинет. Демек, Расулулла алып келген шарияттан гана өкүм алуунун важибдиги жөнүндө Расулулла алып келген

шарияттан башка жолдон өкүм алуу күнөө болуп эсептелип, бул ишти кылган адам өтө катуу азапка дуушар болушу ачык-айкын көрүнүп турат.

Аллах Таала айтат:

﴿فَلَا وَرَبِّكَ لَا يُؤْمِنُونَ حَتَّى يُحَكِّمُوكَ فِيمَا شَجَرَ بَيْنَهُمْ ثُمَّ لَا يَجِدُوا فِي أَنفُسِهِمْ حَرَجًا مِّمَّا قَضَيْتَ وَيُسَلِّمُوا تَسْلِيمًا﴾

***«Жок, Роббиңе касам, тээ алар өз ортолорунда чыккан келишпөөчүлүктөрдө сени өкүм чыгаруучу кылышмайынча, таптакыр момун боло алышпайт»*** [4:65]

Бул аятта Аллах Тааланын өз ишинде Расулулладан башканы өкүм чыгаруучу кылган кимседе ыйман болбошун баян кылганы Расулулла алып келген шариаят гана өкүм чыгаруучу кылынышы зарылдыгына катъий далил болот.

Мындан тышкары, Куран Расулулла ﷺ алып келген шарияттан башка жолдордон өкүм алууну каалаган кимселерге өлүм болушунун кабарын берет. Аллах Таала айтат:

﴿أَلَمْ تَرَ إِلَى الَّذِينَ يَزْعُمُونَ أَنَّهُمْ آمَنُوا بِمَا أُنزِلَ إِلَيْكَ وَمَا أُنزِلَ مِنْ قَبْلِكَ يُرِيدُونَ أَنْ يَتَحَاكَمُوا إِلَى الطَّاغُوتِ وَقَدْ أُمِرُوا أَنْ يَكْفُرُوا بِهِ وَيُرِيدُ الشَّيْطَانُ أَنْ يُضِلَّهُمْ ضَلَالًا بَعِيدًا﴾

*«(Эй Мухаммад), **өздөрүн сага түшүрүлгөн нерсеге** (Куранга) **жана сенден мурунку түшүрүлгөн нерселерге ыйман келтирген деп эсептей турган** (айрым) **адамдардын** (Куранды коюп) **шайтанга өкүм сурап барууну каалап жаткандарын көрбөдүңбү? Акыйкатта болсо, алар ага ишенбөөгө буйрулушкан эле.** (Анткени) **шайтан аларды биротоло жолдон азгырууну каалайт»*** [4:60]

Бул аят Расулулла ﷺ алып келген шарияттан башка жолдон өкүм алуу залалат экендигин билдирип жатат. Себеби, бул иш тогут-шайтандан өкүм суроо болуп эсептелет.

5. Пенделердин иш-аракеттерине (феъл) тиешелүү болгон Аллахтын хытабы – шаръий өкүм деп аталат. Мусулман адам бардык иш-аракеттеринде Аллахтын хытабын өкүм чыгаруучу кылууга жана бардык иштерин Аллахтын хытабына ылайык аткарууга буюрулган. Эгер мусулмандар бирер бир феъл же иштеринде Аллахтын хытабына тескери болбогон өкүмдү алышса, алар шаръий болбогон өкүмдү алган эсептелишет. Себеби, алар

бул өкүмдү Аллахтын өкүмү болгону үчүн эмес, балким, Аллахтын өкүмүнө тескери болбогондугу үчүн алып жатышат. Демек, алардын бул өкүмдү алуулары шаръий алуу болуп эсептелбейт. Ал тургай, шаръий өкүмгө дал келген бирер-бир өкүм Китеп жана Сүннөттөн башка жолдон алынса, бул иш арам эсептелет. Себеби, бул шаръий өкүмдү алуу эмес, тескерисинче шаръий өкүмгө окшош болгон башка өкүмдү алуу болуп саналат. Демек, бул өкүм Расул ﷺ алып келген шариятты хакам (өкүм чыгаруучу) кылуу эмес, балким, андан башка жолдорду хакам кылуу болуп саналат, мейли ал шариятка окшошуп калган болсо да. Акыйкатта болсо, ар бир мусулман шаръий өкүмдөрдү гана алууга буйрулган. Мисалы, шаръан нике ахды эки мусулман күбөнүн болушу, кыздын ыраазылыгы жана жигиттин кабыл алуусу менен ишке ашат. Эгер муслим жигит жана муслима кыз чиркөөгө барышса, ал жерде руханий эки муслим күбөлүгүндө кыздын ыраазылыгын жана жигиттин кабылдоосун алып, христианчылык ырасымдарына ылайык нике келишимин расмийлештирсе, бул нике шаръий өкүмгө ылайык аткарылган болобу же жокпу? Бул эки жаш Расулулла ﷺ алып келген шариятты өкүм чыгаруучу кылган болобу же бекер кылынган жана бүтүндөй өзгөртүп жиберилген христиан дининен өкүм алган болобу? Дагы бир мисал, бир христиан адам дүйнөдөн кайтса, Ислам өкүмдөрү адилеттүү жана пайдалуу болгону үчүн, анын перзенттери ортосунда мурасты Ислам өкүмдөрүнө ылайык бөлүштүрмөкчү болушуп, шаръий сот мекемесине келишип, ал жерден мураска тиешелүү мыйзамды алышса, алар шаръий өкүмдү хакам кылышкан болобу же адилеттүү жана пайдалуу мыйзамды алышкан болобу? Албетте, эч шек-күмөнсүз, алар шаръий өкүмдү алышкан болбойт. Себеби, шаръий өкүм Расулулла ﷺ алып келгендиги үчүн т.а. Аллахтын амр-нахийлери болгону үчүн алынганда гана шаръий өкүм алынган болот. Ал эми, бир өкүмдү адилеттүү жана пайдалуу болгону үчүн гана алуу, шаръий өкүмдү алуу болуп эсептелбейт. Себеби, аят «сени хакам кылышмайынча», же «Расулулла силерге алып келген нерселерди алгыла» т.а. Расулулла алып келген деген этибар негизинде алгыла деп катъий буюруп жатат. Кайсы бир өкүм – шариятка туура келсе да, келбесе да – бул негизге ылайык алынбаса, бул өкүм шаръий өкүм болуп эсептелбейт. Ал тургай, шаръий өкүм болуп, бирок, Расулулла

алып келгени үчүн эмес, балким, адилеттүү жана пайдалуу болгону үчүн алынса, бул өкүм шаръий өкүм эсептелбейт.

6. Расул ﷺдын куфр ахддарын тан алышы – ал зат Расул (Аллахтын элчиси) болгону үчүн – Расул ﷺга гана хос болгон иш. Себеби, Расул ﷺдын бир өкүмдү тан алышы (таскыктаганы) да айткан сөздөрү жана кылган амалдары сыяктуу шарият болуп эсептелет. Мыйзам коюуга Расул ﷺдан башка эч кимдин акысы жок. Арийне, ал заттын кылган иштери, айткан сөздөрү жана тастыктаган иштери шарият болуп, булардын бардыгы вахий аркылуу болгон. Демек, Расул ﷺ тастыктаган ахддар – мейли, жахилият дорундагы ахддар болсо да – алар шаръий өкүмгө айланды. Себеби, Расул ﷺдын бул ахддарды тан алышы – мейли алар ибадаттарга тиешелүү болсо да – алардын шаръий өкүм экендигине далил болот. Жахилият доорундагы ахддар жөнүндөгү шаръий өкүм аларды Исламга тескери болбогон жахилият ахддары деген этибар менен эмес, балким, Расул ﷺдын аларды тан алганы негизинде алынып жатат. Сахабалар – Аллах алардан ыраазы болсун – Расул ﷺдын бирер өкүм үстүндө унчукпаганын анын шаръий өкүм экендигине далил кылышкан. Ибн Аббастан риваят кылынат: «Расул ﷺдын дасторконуна кескелдирик алып келинди, бирок, Расул ﷺ жебеди». Ибн Аббас Расул ﷺдын унчукпаганын кескелдирикти жеш мүмкүн экендигине далил деп алды, мейли, Расул ﷺ андан жебеген болсо да. Ушуга окшош Расул ﷺдын унчукпашы шаръий өкүм үчүн далил болгон окуялар өтө көп.

7. Кайсы нерседе хараж (күнөө) жок болсо, ал нерсе мубах болуп калбайт. Бир ишти кылуу же кылбоодо хараждын жоктугу аны шаръан мубах кылып бербейт. Хараждын жоктугу ал ишке ыктыяр берилгендигин да түшүндүрбөйт. Себеби, бир ишти кылуудан кайтаруу бул иштин тесскерисин кылууга буйрууну түшүндүрбөгөндөй эле, бир ишти кылууга буюруу да бул иштин тескерисинен кайтарууну түшүндүрбөйт. Хараждын жоктугу кээде важиб амалдарда болушу мүмкүн. Аллах таала айтат:

﴿فَمَنْ حَجَّ الْبَيْتَ أَوْ اعْتَمَرَ فَلَا جُنَاحَ عَلَيْهِ أَنْ يَطَّوَّفَ بِهِمَا﴾

***«Ким хаж же умра кылса, ал эки тоо** (Сафа жана Марва) **арасында саъий кылуунун күнөөсү жок»*** [2:158]

Себеби, хаж жана умрада таваф кылуу т.а. Сафа жана Марва тоолору арасында саъий кылуу мубах эмес, важиб амал. Хараждын жоктугу кээде уруксат амалда болушу да мүмкүн:

Аллах таала айтат:

﴿وَإِذَا ضَرَبْتُمْ فِي الْأَرْضِ فَلَيْسَ عَلَيْكُمْ جُنَاحٌ أَنْ تَقْصُرُوا مِنَ الصَّلَاةِ﴾

***«Намазыңарды каср кылып окушуңардын күнөөсү жок»***[4:101]

Демек, бир ишти кылууда хараждын жоктугу ошол иштин мубахтыгын түшүндүрбөйт, ушуга ылайык, кайсы нерседе хараж жок болсо, ал мубах болуп калбайт, балким, Аллах Таала бир ишти кылуу же кылбоо жөнүндө пенделерге ыктыяр бергендиги туурасында самъий далилдин (Куран жана хадисте) келиши ал иштин мубахтыгын түшүндүрөт. Мындай ыктыяр берүү кээде нусуста (Куран жана хадисте) ачык келет.

Мисалы, Аллах Таала Куранда айтат:

﴿نِسَاؤُكُمْ حَرْثٌ لَكُمْ فَأْتُوا حَرْثَكُمْ أَنَّى شِئْتُمْ﴾

***«Аялыңар эгин зарыңар. Демек, эгин зарыңарга каалаган абалда жакындаша бергиле»*** [2:223]

Аллах Таала айтат:

﴿وَقُلْنَا يَاآدَمُ اسْكُنْ أَنْتَ وَزَوْجُكَ الْجَنَّةَ وَكُلَا مِنْهَا رَغَدًا حَيْثُ شِئْتُمَا﴾

*(Эй Адам)*, ***андан каалаган жайыңарда беймалал тамактангыла»*** [2:35]

Кээде ыктыяр бергендигин аят мазмунунан да түшүнүү мүмкүн:

Аллах Таала айтат:

﴿وَإِذَا حَلَلْتُمْ فَاصْطَادُوا﴾

***«****(Ихрамдан чыгып)* ***адал болгон соң, аң уулай бергиле»*** [5:2]

Аллах Таала айтат:

﴿فَإِذَا قُضِيَتْ الصَّلَاةُ فَانتَشِرُوا فِي الْأَرْضِ﴾

***«Эми качан намаз бүткөндө, жер-жерге таркагыла»*** [62:10]

Аллах Таала айтат:

﴿كُلُوا مِنْ طَيِّبَاتِ مَا رَزَقْنَاكُمْ﴾

***«Мен ырыскы кылып берген таза нерселерден жегиле»*** [2:57]

Мубах – шаръий өкүмдөрдүн бири. Шаръий өкүм болсо Аллах Тааланын пенделердин иштерине тиешелүү болгон буйругу. Бир ишти мубах деш үчүн, анын мубахтыгына «самъий далил» болушу

зарыл. Ушуга ылайык, бирер иштин важиб, сүннөт, же макрух экендигине шаръий далил келбегени анын мубахтыгына далил болбойт. Балким, анын мубахтыгын түшүндүрө турган шаръий далил болушу зарыл. Ал эми, шарияттан мурда – ахддар болобу, мамилелер болобу – мубах болгон жана шарият келгенден кийин да мубах бойдон калган соода-сатык, ижара ж.б.у.с. иштер жана нерселердин мубахтыгы алар шарият келишинен мурда да мубах иштер болгондугу үчүн эмес, балким, шарият алып келген нусустарга ылайык мубах болуп калган. Мисалы, байъ Аллах Тааланын төмөндөгү аяттарына ылайык мубах болот:

﴿وَأَحَلَّ اللَّهُ الْبَيْعَ وَحَرَّمَ الرِّبَا﴾

***«Алла сооданы адал, сүткордук арам кылган»*** [2:275]

Ижара болсо Расулулла ﷺ кылганы үчүн мубах болду. Риваят кылынат: «Расул ﷺ Бану Дайл уруусунан болгон чебер жол көрсөткүч бир адамды ижарага алды». Демек, байъ жана ижаранын мубахтыгы алардын жахилият күндөрүнөн бери уланып келе жатканы үчүн эмес, балким, шаръий далил негизинде мубах болуп жатканы үчүн – мубах болду. Куран аяттары жана Расул ﷺдын айткан сөздөрү, кылган иштери жана сүкүттөрү шаръий нусустар болуп эсептелет. Жахилият күндөрүнөн Ислам күндөрүнө чейин уланып келе жаткан мусулмандар кылып жүргөн иштер – ахддар жана маамилелер – жахилият күндөрүнөн бери уланып келе жатканы үчүн эмес, ушул нерселердин мубахтыгы жөнүндө Куран аяттарынан, же Расул ﷺдын сөздөрү, кылган иштери, ссүкүттөрүнөн турган шаръий далил келгени үчүн гана мубах болуп келүүдө. Кайсы бир иш жахилият доорунда кылынган болсо, бирок, бул иш жөнүндө Куран аяттарынан, же Расул ﷺдын сөздөрү, кылган иштери, сүкүттөрүнөн турган далил келбесе, мейли, аны кылуудан кайтарган нахий келбесе да, ал кылына бербейт жана алынбайт дагы. Балким, ал үчүн шаръий далил издеп табылышы зарыл. Демек, шарият келишинен мурда болгон жана шарият келгенден кийин да улантылып келе жаткан иштер аларга тиешелүү шаръий далил келгени үчүн мубах болот. «Шарият бул нерсе жөнүндө сүкүт кылган, натыйжада, ал мубах бойдон калды, шарият кайсы нерсе жөнүндө сүкүт кылып, анын өкүмүн баян кылбаган болсо, демек, ал мубах» деш орунсуз. Себеби, шарият ал нерсе жөнүндө сүкүт кылбай, анын өкүмүн ага тиешелүү далил

менен баян кылган. Расул ﷺдын сүкүттөрү шарияттын сүкүтү эмес, шарият тарабынан кылынган баян болуп эсептелет. Себеби, Расул ﷺдын унчукпаганы да – сөздөрү, амалдары жана Курани Карим аяттары сыяктуу шаръий өкүм үчүн баян болуп саналат.

Аллах Тааланын төмөнкү:

﴿الْيَوْمَ أَكْمَلْتُ لَكُمْ دِينَكُمْ وَأَتْمَمْتُ عَلَيْكُمْ نِعْمَتِي وَرَضِيتُ لَكُمُ الْإِسْلَامَ دِينًا ﴾

***«Бүгүн силерге диниңерди толук кылдым, неъмат-жакшылыгымды кемтиксиз кылып бердим жана силер үчүн Исламды дин кылып тандадым»*** [5:3]

﴿وَنَزَّلْنَا عَلَيْكَ الْكِتَابَ تِبْيَانًا لِكُلِّ شَيْءٍ وَهُدًى ﴾

***«Сага бардык нерсени баян кылып берүүчү, хидаят*** *(тура жолго баштоочу)* ***болгон Китепти түшүрдүк»*** [16:89]

аяттарын окуп, бул жөнүндө эч бир мусулмандын «Алла таала кайсы бир проблемалардын чечимин баян кылган эмес» деп айтуусу мүмкүн эмес. Ошондуктан, эч бир мусулман «кээ бир окуялар шарият өкүмдөрүнөн эркин т.а. шарият этибарга албаган окуялар бар, алар жөнүндө шариъий далилдер жок» деп ойлобошу керек. О.э. «шарият кайсы бир иштин фарз, мандуб, харам, макрух, мубах экендигине ачык-айкын же ишара менен баяндалган, же болбосо, кыяс менен иштелип чыккан шаръий далил келтирген эмес» деп эсептебеши керек.

Албетте, ар бир мусулмандын минтип ойлонушуна тыюу салынат. Антпесе, ал шариятты кемчиликтүү деп айыптап, өзүнө башка өкүм чыгаруучу тандаган болот жана муну менен Алла тааланын төмөнкү аятына каршы чыккан болот. Алла таала айтат:

﴿فَلَا وَرَبِّكَ لَا يُؤْمِنُونَ حَتَّى يُحَكِّمُوكَ فِيمَا شَجَرَ بَيْنَهُمْ ثُمَّ لَا يَجِدُوا فِي أَنْفُسِهِمْ حَرَجًا مِمَّا قَضَيْتَ وَيُسَلِّمُوا تَسْلِيمًا ﴾

***«Жок, Роббиңе ант болсун, тээ алар өз ортолорунда чыккан келишпөөчүлүктөрдө сени өкүм чыгаруучу кылышмайынча жана кийин сен чыгарган өкүмдөн дилдеринде эч кандай мүчүлүштүк таппай, толук моюн сунушмайынча, эч качан момун боло алышпайт»*** [4:65]

Эгер шарият кайсы бир өкүмдү тастыктабаса, ал өкүмдү алган адам шарияттын ордуна башканы өкүм чыгаруучу кылып алган болот. Бул мусулмандык сапаттар алкагынан чыккандык болуп

эсептелет. «Шарият бардык маселелердин чечимин тастыктаган эмес, ал эми бул болсо шарият ордуна башканы өкүм чыгаруучу кылып алууга уруксат болуп эсептелет» деп ойлоо туура эмес. Себеби, ал чындыкка дал келбейт. Анткени, акыйкатта шарият чечим бербеген бир да проблема же маселе жок.

Ал эми, Расул ﷺдын: «Алла Азза ва Жалла бир нече иштерди фарз кылды, аларды сая кетирбегиле, бир нече хад-чектерди белгиледи, алардан өтүп кетпегиле, бир нече иштерди арам кылды, аларды кыла көрбөгүлө, унутканынан эмес, силерге ырайым кылып бир нерселер туурасында эч кеп айтпады, алардын чечимин тыткылабагыла» хадисинин максаты – шарият келтирбеген чечимди издөөгө тыюу салуу. Төмөнкү хадис да ушундай: «Эгер кимдир бирөө мусулмандарга арам кылынбаган нерселер жөнүндө сурай берсе, анын сурай бергендиги себептүү ал арам болот жана суроочу киши мусулмандардын эң күнөөкөрү болуп калат».

Мындай хадистер абдан көп. Мисалы, Расул ﷺ айтат: «Мен силерге баян кылбаган чечимдерди мага калтыргыла. Арийне, көп суроолор жана өз пайгамбарына моюн сунбагандык мурунку үммөттөрдүн өлүмүнө себеп болгон. Мүмкүнчүлүгүңөрдүн болушунча мен тыйган нерселерден тыйылгыла, буйруганды аткаргыла». Расул ﷺдан дагы риваят кылынат, «Расул ﷺ Алла тааланын төмөнкү:

﴿وَلِلَّهِ عَلَى النَّاسِ حِجُّ الْبَيْتِ﴾

***«Адамдардын мойнунда Аллах үчүн ошол үйдү хаж кылуу милдети бар»*** [3:97]

аятын окуганда, бир адам «ар жылыбы?» деп сурады. Расул ﷺ ага жооп бербей, жүз үйрүдү. Ал дагы суроосун кайталады. Расул ﷺ дагы эч жооп айтпай, жүзүн бурду. Тигил дагы ушул суроосун берди. Ошондо Расул ﷺ: «Аллага ант болсун, эгер мен ооба деп жооп бергенде, жыл сайын хаж кылуу фарз болуп калмак. Эгер фарз болуп калса, силер аны өтөй алмак эмессиңер. Ошондуктан, менден мен сүкүт сактаган нерселер жөнүндө сурабагыла», - деп жооп берди. Расул ﷺдын «кээ бир нерселерди авф кылды», дагы бир хадисте келген «шарият сүкүт сактаса, ал – авф» сөздөрүнөн «Аллах таала кээ бир иштерди жеңил кылды, хаж жөнүндөгү суроо сыяктуу, алар жөнүндө сурай берип өзүңөргө кыйындык

издебегиле» деген маани түшүнүлөт. Хаж жөнүндөгү өкүм умумий эле. Бир адам «ар жылыбы?» деп сурады. Аллах бизге хаж ибадатын жеңилдик жана мээримдүүлүк кылып, өмүрүндө бир жолу өтөөнү фарз кылды. Жыл сайын өтөөдөн афв кылды. Ошондуктан, анын чечимин издебегиле жана сурабагыла деп жооп берилди. Расул ﷺдын «Анын чечимин издебегиле» жана «кээ бир нерселерден афв кылды» деген сөзүнөн максат, Аллах Таала кээ бир шаръий өкүмдөрдү баян кылбагандыгы эмес, балким, бул хадистер Аллахтын бизге болгон рахматы жана кээ бир иштерден афв кылгандыгынын баяны. Ал эми, башка бир риваятта келген: «Шарият эмне жөнүндө сүкүт кылган болсо, ал шарият тарабынан афв» деген сөзүнөн да көздөлгөн максат, шарият сүкүт кылган жана арам кылбаган нерселердин чечимин издөөдөн жана суроодон кайтаруу. Себеби, ал нерселердин шарият тарабынан арам кылынбагандыгы Аллах Таала тарабынан афв экендигин көрсөтүп турат. Т.а. «шарият кайсы нерсенин арамдыгын баян кылуудан сүкүт сактаган болсо, демек, ал нерсе Аллах тарабынан афв, анын өкүмүн издебегиле. Аллах Тааланын төмөндөгү аяттары да ушулар катарынан:

﴿يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا لَا تَسْأَلُوا عَنْ أَشْيَاءَ إِنْ تُبْدَ لَكُمْ تَسُؤْكُمْ﴾

***«Эй момундар,*** *(Алла силерден авф кылып, кечип жиберген)*, ***силерге көрүнгөндө силерди капа кыла турган нерселер жөнүндө сурабагыла!»*** [5:101]

Бул аяттын уландысында:

﴿عَفَا اللَّهُ عَنْهَا وَاللَّهُ غَفُورٌ حَلِيمٌ﴾

***«Аллах ал нерселерден афв кылып жиберген»*** [5:101] деп келет.

## ДЕМОКРАТИЯНЫН ИСЛАМГА ТЕСКЕРИЛИГИ

8. Демократиянын негиздери да, тафсилаттары да Исламга бүтүндөй тескери. Аны төмөнкүлөрдөн көрөбүз:

I. Демократия бүткүл өкүмдарлыкты (бийликти) элге берип, бардык иштерди ага тапшырат жана элди бардык иштерде кайрылына турган булак деп эсептейт. Демократия негиздерине ылайык, эл бийлик, мыйзамчылык, башкаруу жана аткаруу булагы болуп эсептелет. Эл мыйзамдарды чыгарат, казылар жана акимдерди дайындайт. Бул болсо Исламга бүтүндөй тескери. Ислам өкүмдарлыкты элге эмес, Шариятка берет. Бардык иштер шарият алкагында болуп, шарият бардык иштерде кайрылына турган булак болот. Ислам мыйзам иштеп чыгууну элге бербеди, балким, Аллах Тааланын Өзүнө хос кылды. Бардык иштерде – ибадат, мамиле, жаза-чара ж.б. иштер болобу – өкүмдөрдү мыйзам кылып чыгаруучу Аллах Таала гана. Эч ким өзүнчө бирер өкүм иштеп чыгышы мүмкүн эмес. Исламда эл бийлик ээси эсептелет т.а. ал акимди шайлоо жана тикелөө, мыйзамдарды колдонуу жана бийликти башкаруучу шахсты тандоо укугуна гана ээ болуп, аткаруучу бийлик булагы болуп эсептелет. Казылык салтанаты (өкүм чыгаруучу сот бийлиги) болсо халифанын же анын орун басарынын колунда т.а. халифа казыларды же аларды дайындоочу шахсты дайындайт. Эч бир шахс же жамаат бирер бир казы дайындай албайт. Себеби, бул иш халифанын же орун басарынын гана укугу болуп эсептелет.

II. Демократия түзүмүндө жетекчилик жекече (фардий) эмес, жамааттык (жамаий) көрүнүштө ишке ашырылат. Демократияда бийлик министрлер кабинети колунда болуп – король болобу, президент болобу, мейли алар расмий түрдө мамлекет башчылар деп эсептелишсе да – негизи алар бийлик жүргүзүү укугуна ээ эмес. Себеби, бийликти башкаруу түздөн-түз министрлер кабинетинин колунда. Бул болсо Исламга тескери келет. Исламда жетекчилик жамаий эмес, фардий болот. Абу Саид риваят кылат, Расул ﷺ айтты: - «Эгер үч киши сапарга чыкса, бирөөсүн амир кылып алышсын». Абдуллах ибн Умар риваят кылат, Расул ﷺ айтты: «Чөлдө үч киши бирге болуп калса, бирөөсүн амир кылып алышсын».

Бул хадистердеги «ахад» (бирөө) сөзү көпчүлүктү эмес, бир гана киши маанисин түшүндүрөт. Бул мазмун «ахадакум» (бирөөсүн) калимасынын мухолиф маанисинен да түшүнүлүүдө. Шариятта мухолиф мазмунга да амал кылынат, мухолиф мазмунду бекер кыла турган бирер нусус келсе гана ага амал кылуу бекер кылынат. Бул жерде аны бекер кыла турган нусус жок. Ошондуктан, ал бекер кылынбайт. Демек, бул хадистерден «бир гана кишини амир кылгыла, көпчүлүктү эмес» мазмуну алынат. Себеби, бул эки хадистеги мухолиф мазмундан «бирөөдөн көбүн амир кылуулары мүмкүн эмес» мааниси келип чыгат. Ушул негизге ылайык, амирлик бир гана кишиге хос болуп, көпчүлүктүн амир болушу жайиз эмес. Расул ﷺдын иштери буга ачык-айкын мисал боло алат. Расул ﷺдын амир шайлаганы жөнүндөгү бардык хадистерде ал заттын бир гана кишини амир кылып шайлаганы айтылат. Эч качан бир орунга бир кишиден көп амир кылып шайлабаган. Арийне, өкмөттү мамлекет башчы т.а. амирул-муъминин же халифа башкарат. Мамлекетти башкаруудагы бардык укуктар бир гана халифага берилет. Эч ким бул укукта халифага шерик боло албайт. Ошондуктан, Исламда жетекчилик жана бийликти башкаруу фардий болот (б.а. жеке адам колунда болот).

III. Демократия түзүмүндө мамлекет бир же бир нече мекемелер тутумунан турат. Мисалы, өкмөт т.а. аткаруучу орган бир мекеме эсептелет. Ушуга окшош, ар бир бирикме же органдын өз мекемеси болуп, бул мекеме өзү аткарып жаткан иштерде толук өкүмдарлык кылуу укугуна ээ болот. Мисалга адвокаттар бирикмесин алып көрөлү. Адвокаттар бирикмеси да бир мекеме болуп, адвокаттарга лицензия берүү же бербөө, алардан отчёт алуу ж.б.у.с. иштерде толук башкаруу укугуна ээ. Ушуга окшош дарыгерлер, дары даярдоочулар, инженерлер бирикмеси жана башка бирикмелер да бар болуп, алар өздөрү аткарып жаткан иштеринде толук башкаруу укугуна ээ болот. Бирикмелер өз алдынча иш алып барууда министрликтен таптакыр айырмаланбайт. Бул болсо Исламга бүтүндөй тескери келет, Исламда мамлекет жана өкмөт бир болуп, мамлекет Султан т.а. Халифа дегени. Халифа бардык укуктардын ээси болуп, андан башка эч ким мындай укукка ээ эмес. Расулулла ﷺ айтат: «Имам – башкаруучу жана ал өз калкы үчүн жоопкер». Бул хадистеги «ал»

жактама ат атоочу чектөө жана ажырата белгилөө үчүн келген, а «ал жоопкер» сөзү болсо жоопкерчиликти бирөөгө (халифага) гана чектеп берүүдө. Ошондуктан, Ислам Мамлекетинде халифадан башка бир да шахс же жамаат башкаруу укугуна ээ эмес.

IV. Демократияда калк пикирин алуу зарыл эсептелет. Аким (мамлекет башчысы) калктын пикирин жана депутаттар палатасынын пикирин алышы зарыл. Калк тапшырмайынча, акимдин бирер-бир ишти кылууга о.э. калктын пикирине каршы иш тутууга акысы жок. Демек, демократия түзүмүндө калктын пикирин алуу мажбурий. Бул болсо Исламга бүтүндөй тескери. Ислам дининде «шуро» т.а. калктын пикирин алуу фарз (мажбурий) эмес, балким, мандуб (үндөлгөн) иш. Халифанын да калк пикирин алышы фарз эмес, мандуб. Аллах Таала «шуро»ну Өз Китебинде мактаган болсо да, аны мубах амалдарда гана колдонула турган кылды. Шуронун мубах амалдарда болуп, башкаларда болбошу анын важиб эместигине далил болот. Себеби, шуронун укуктары алкагына кирген темалар мубах амалдар болуп, буларда калктын пикирин алуу важиб эмес. Мына ушул далилдерге ылайык, халифа калктын пикирин алышы мандуб. Себеби, Аллах Таала шурону мактаган.

V. Демократияда өкмөт бардык иштерде – мыйзам чыгаруу болобу, башкаларда болобу – көпчүлүктүн пикирин алууга мажбур. Бирок, демократтар көпчүлүк дегенде кээде добуш берүүчүлөрдүн жарымынан бир добуш ашышын шарт кылышса, кээде добуш берүүчүлөрдүн үчтөн эки бөлүгүн шарт кылышат. Кандай абал болбосун, көпчүлүктүн пикири алынышы мажбурий. Бул Исламга бүтүндөй тескери. Исламда бардык эле иштерде көпчүлүктүн пикири алына бербейт жана мажбурий эсептелбейт. Балким, мунун тафсилаттары бар. Төмөндө тафсилаттарын баян кылып беребиз:

а) Шаръий өкүмдөр т.а. мыйзам иштеп чыгууга тиешелүү райларда көпчүлүктүн да, азчылыктын да райына каралбайт. Балким, бардыгы шаръий далилге моюн сунушу важиб. Буга Расул ﷺдын Худайбийя сулхунда өзүнө түшкөн вахийди алгандыгы далил болот. Абу Бакр менен Умардын райын, ал тургай, бардык мусулмандардын райын катъий четке кагып – алар ачууланышса да – бардыгын өз райына моюн сунууга мажбур кылып мындай деди: «Мен Аллахтын пендеси жана элчисимин. Анын буйругуна каршы

чыга албаймын». Бул окуя шаръий өкүмдөрдө көпчүлүк же азчылык эмес, балким, вахий алып келген нерсе т.а. шаръий далил алынышы мажбурий экендигинин далили. Бир нече далили бар болгон абалдарда болсо, алардан эң күчтүүсү алынат. Бирок, адамдарды өкүмгө моюн сундуруу жана ал өкүмдү мыйзамга айландыруу бир гана халифанын укуктарынан эсептелет. Себеби, табанний (өкүмдөрдү тандап мыйзамдуу түскө киргизүү) укугу халифага гана берилген. Сахабалар ушундай ижма кылышкан: «Имам (халифа) белгилүү бир өкүмдөрдү кабыл алып, ага амал кылууга буйруу укугуна ээ. Мусулмандар ага итаат кылып, өз райларын таштоолору зарыл». Исламда төмөнкүдөй машхур шаръий коидалар да бар: «Имамдын буйругу сыртта да, ичкериде да таасирдүү», «Имамдын буйругу ихтилафты жоёт», «Султан жүз берип жаткан жаңы проблемаларды карап чыгып, аларга тиешелүү жаңы өкүмдөрдү иштеп чыгууга акылуу». Шаръий таърифтерде да, шаръий өкүмдөрдө болгону сыяктуу, күчтүү далил алынат. Халифа гана таъриф жана өкүмдөрдү тандап мыйзамдаштырат, арийне, анын райына гана моюн сунулат.

б) Бирер тема (мавзу) белгилүү бир пикирге далил боло турган райдан бир же бир нече амал келип чыкса, бул бир же бир нече амалдар ошол тема негизинде талкуу кылынат. Башкача айтсак, темалары жакшылап түшүнүп алууга жана терең назар таштоого муктаж боло турган рай ушул тема жөнүндө белгилүү бир пикирге (түшүнүккө) алып баруучу рай болот. Ошондо ал амалды кылуу же кылбоо, же аны кантип кылуу керектиги белгилүү болот. Т.а. рай «пикир, согуш жана айла» темасындагы иштерден болсо, ушул сыяктуу темада белгилүү бир пикирге далил болуп жаткан райларда көпчүлүк тарабы эмес, туура тарабы кубатталат (алынат). Буга мисал кылып үммөттү ойготуу темасын алып көрсөк, үммөттү ойготуу үчүн анын пикирий деңгээлин көтөрүү зарылбы же экономикалык деңгээлинби? Же халифа Абу Бакр доорунда козголгон муртаддар согушун алып көрөйлү, бул согуш шарият өкүмдөрүн бүтүндөй инкар кылуубу же куралдуу козголоңбу? Же Али р.а. халифа болгон убакта валийлер ишин чечкенин алып көрөйлү. Халифа Али бардык валийлерди иштеп четтетсинби, же бардыгын өз ордуларында калтырсынбы, же кээ бирлерин четтетип, башкаларын калтырсынбы? Же халифа Али Муавиянын

ишин чечиши темасын алып көрөйлү. Али Муавияны Шам өлкөсүнүн валийлигинен дароо четтетсинби же анын бийлиги халифалык астындагы жерлердин баарына жеткенче өз ордунда калтырып турсунбу? Же Муавиянын тарапкерлери халифа Али менен болгон согушта Куранды найзалар учуна илип көтөрүшкөндө, Куранды чындап эле хакам кылууну талап кылышкан беле же айла-амал кылышмакчы болушкан беле? Же Усманий Мамлекет Истамбул – Багдад темир жолун курушу темасын алайлы. Усманий Мамлекет бул жолду курууда Германия компаниясын жалдасынбы же Белгия компаниясынбы? Же Англиянын 1962-жылы жалпы Европа базарына кириши темасын алып көрөйлү. Англия ага кирсинби же кирбесинби? Англиянын ага кириши анын мамлекеттер аралык деңгээлин сактап калууга мүмкүнчүлүк берип, аны бүткүл Европадагы башчылыгын сактап калабы же экономикалык да, саясий да зыянга учурайбы? Же Мисир байлыгын өстүрүү темасын алып көрөйлү. Мисир мамлекети өз байлыгын оор өнөржайды өнүктүрүү менен өстүрсүнбү же Асван тосмосун куруу мененби? Же Түркиянын атомдук курал менен куралданышы темасын алып көрөлү. Түркия атомдук курал менен өз байлыгы жана бюджетинен сарптап куралдансынбы же тышкы жардам аркылуубу? Же Усманий Мамлекеттеги таалим иштерин күчөтүү темасын алып көрөлү. Ал таалимди күчөтүшү үчүн мектеп, институт жана университеттердин санын көбөйтсүнбү же таалим программасын кайрадан көрүп чыксынбы? Жана башка ушул сыяктуу. Демек, кайсы бир иштин темасы терең пикир жүргүзүүгө муктаж болсо, мындай иште көпчүлүктүн пикири эмес, туура пикир алынат. Буга далил кылып төмөндөгү хадисти келтиребиз: «Расул ﷺ жана мусулмандар Бадрда сууга жакын жерге орношкондо, Хуббаб ибну Мунзир бул жайга ыраазы болбоду. Себеби, ал бул жерлерди жакшы билчү жана согуш тактикаларынан кабардар адам эле. Ал Расулулладан: «Эй Аллахтын элчиси, бул жайга сизди Аллах түшүрдүбү, бул жайдан алдыга да, артка да жылууга уруксат жокпу? Же бул жай «пикир, согуш жана айлабы (т.а. өзүңүз ойлоп тапкан согушуу жана айлакерлик жолдорубу?)», - деп сурады. Расулулла айтты: «Бул пикир, согуш жана айла», - деди. Хуббаб: «Я Расулулла, бул жай ылайыктуу эмес», - деп, башка жайды көрсөтүп берди. Ошондо Расулулла жана ал киши менен болгон

бардык сахабалар Хуббабдын райына ээрчишти». Бул хадисте Расулулла өз пикирин таштады жана мусулмандар пикирине кайрылбастан, туура пикирге гана ээрчиди жана бул темада («пикир, согш жана айла» мавзусунда) туура пикирди бир шахстан алуу менен чектелди. Бардык мусулмандарды ушул туура пикирге ээрчүүгө мажбур кылды. Бул хадис «пикир, согуш жана айла» түркүмүнөн болгон иштерде көпчүлүк тарабы эмес, тууралык тарабы алынышына далил болот. Туура пикирди дайындоочу шахс – бул Мамлекет башчысы (халифа). Себеби, Бадр согушунда туура пикирди мамлекет башчы Расулулла ﷺ дайын кылган. Мында ал зат Аллахтын элчиси катары эмес, мамлекет башчысы катарында дайындаган.

Жалаң гана адистер түшүнө ала турган фанга тиешелүү райлар да жогоруда баян кылынган белгилүү бир темадагы пикирге далалат кыла турган райларга окшойт. Себеби, мындай рай жакшы түшүнүп алууга, терең изилдөөгө жана тажрыйбага муктаж. Буга далил сыпатында Хуббабдын райын келтиребиз. Анын райы стратегиялык темадагы т.а. согуш фанына байланыштуу рай болгону үчүн о.э. стратегиялык чекиттер жана согуш тактикаларынан кабардар шахстын райы болгону үчүн алынды. Шаръий болбогон аныктамалар да – жакшы түшүнүүгө жана терең пикир жүргүзүүгө муктаж болунгандыктан – ушулар катарына кирет.

в) Тажрыйбалуу аалымдар жана фан адистери тарабынан терең назар таштоого жана жакшылап түшүнүп алууга муктаж болунбай турган иштерге жолдонгон рай. Бул сыяктуу райларда көпчүлүктүн пикири кубатталат жана аны алуу мажбурий болот. Мисалы, халифа шайлоо ишин алсак, бул кишини халифа кылып шайлашсынбы же ал кишиниби? Же бир окуяда эки кишинин бирин хакам кылуу ишин алсак, мунусу өкүм чыгаруучу казы болсунбу же тигинисиби? Же маданий-агартуу долбоорлорун ишке ашыруу ишин алып көрөйлү, бул үчүн мектеп курулсунбу же ооруканаларбы? Же дыйкандарга жардам берүү ишин көрөйлү, аларга жардам нак акча түрүндө берилсинби же техника, үрөн жана жер-семирткичтер түрүндөбү? Жана башка ушул сыяктуу. Демек, кайсы бир иште аалымдар жана адистердин терең пикир жүргүзүүлөрүнө муктаж болунбаса, көпчүлүк райы алынат жана

мамлекет т.а. халифа бул райды алышы ылазым болот. Буга Расулулла ﷺдын Ухуд согушунда көпчүлүктүн пикирин алып, мусулмандардын Медина шаарынан сыртка чыгышканы далил болот. Бул окуяда Расул ﷺ да, улуу сахабалар да, көпчүлүктүн райы ката экендигин жана туура рай мунун тескериси т.а. Мединада калуу экендигин билишсе да, көпчүлүктүн райы кубатталып, аны кабыл алышты. Демек, буга окшош иштерде көпчүлүктүн пикири күчтүү болуп, ага амал кылуу ылазым болот. Кээде терең пикир жүргүзүүгө муктаж болуна турган иш менен терең пикир жүргүзүүгө муктаж болунбай иштин айырмасын ажыратып алуу кыйын болот. Бирок, эки иштин тең далилдери терең үйрөнүлсө, алардын ортосундагы айырма ачыкка чыгат. Расул ﷺ Хуббабга «Бул пикир, согуш жана айла» деп жооп берди. Т.а. бул жерге орношуу пикир ээлерине кайрылына турган, пикир жүргүзүүгө жана текшерүүгө муктаж болгон «согуш» иштеринен о.э. душманга каршы колдонууда терең ойлонууга муктаж боло турган «айла» иштеринен экендигин баян кылды. Ал эми, Ухуд согушунда болсо, Расулулла ﷺ мусулмандарга карата: «Эгер Медина ичинде туруп, аларды т.а. Мекке мушриктерин түшкөн жерлеринде калтырууну кааласаңар, алар ошол түшкөн жерлеринде турушса, анда абдан жаман жайда калышат. Мединага бастырып киришсе, алар менен шаар ичинде согушабыз», - деди, Ошондо көпчүлүк мусулмандар: «Эй Аллахтын элчиси, бизди душманыбызга каршы алардын алдына алып чыгыңыз. Душман бизди коркок жана алсыз деп ойлоп калбасын», - дешти. Абдуллах ибн Убай ибн Салул: «Эй Аллахтын элчиси, Мединада калыңыз! Душмандын алдына чыкпаңыз! Аллахка ант ичип айтамын, качан биз душманга каршы Мединадан чыккан болсок, ал согушта жеңилгенбиз. Душман баштырып киргенде болсо, биз жеңгенбиз. Эй Аллахтын элчиси, душманга каршы Мединадан чыкпаңыз! Душмандар шаарга бастырып киришсе, эркектер алар менен бетме-бет согушат, аялдар жана балдар таш менен уруп каршы турушат. Эгер согушпастан кайтып кетишсе, үмүтсүз болуп кайтышат», - деди. Бул окуяда талкуу Мединадан чыгуу же чыкпоо жөнүндө болуп, согуш майданын тандоо жөнүндө эмес эле т.а. Мединада коргонуп, ушул жерде согушушабы, же Ухуд тоосунда коргонушабы темасында эмес эле. Балким, мында негизги тема:

бастырып келе жаткан душман эле т.а. душман алдына чыгып аны менен согушабызбы, же душман бизге каршы согуш баштабаса согушпайбызбы? Ошондуктан, бул эки окуянын вакиъсинде о.э. Расулулланын бу эки согуштагы башкарууларында айырма бар болуп, буларда Расулулла туура тарабын кабыл алган иш менен көпчүлүктүн райын жактаган иш ортосундагы айырма ачык көрүнөт. Т.а. темасы терең пикир жүргүзүүгө муктаж болуна турган иш менен, терең пикир жүргүзүүгө муктаж болунбай турган иштин ортосундагы айырма анык көрүнөт. Бул бир тараптан. Экинчи тараптан болсо, темасы зор мааниге ээ, өтө кылдат жандашууга жана аны түшүнүү үчүн күч сарптоого муктаж болуна турган иш менен эч канчалык мааниге деле ээ болбогон жана көпчүлүккө белгилүү болгон иштин ортосунда айырма бар. Бул эки иштин ортосундагы айырма өтө назик болсо да – ал бар жана аларды бири-биринен ажыратып алуу мүмкүн. Жогоруда баян кылынган далилдерден түшүнүлгөндөй, Исламда көпчүлүктүн пикири болгону бир абалда т.а. темасы аалымдар жана адистер тарабынан терең пикир жүргүзүүгө муктаж болунбай турган иштерде гана алынат. Ал эми, мындан башка иштерде көпчүлүктүн пикири алынбайт. Расулулла ﷺдын Абу Бакр менен Умарга: «Эгер экөөңөр  кайсы бир кеңешилген иште бир пикирде болсоңор, мен силерге каршы чыкпаймын» - деп айткан сөзүнө келсек, бул көпчүлүктүн райы алынышы кубатталышына далил болот. Бирок, Расулулланын «кеңешилген иште» деп айтышы бул хадисти белгилүү бир ишке чектеп (кайд) турат. Ал эми, бул хадистеги «силерге каршы чыкпаймын» деген сөзү Худайбийя сулхунда Абу Бакр менен Умарга каршы айткан сөзүнө жана Бадр согушунда аларды Хуббаб ибн Мунзирдин райын алууга мажбур кылганына салыштырып көрүлсө, Расулулла ﷺдын бул сөзү вахий алып келбеген жана «пикир, согуш жана айла» түрүнөн болбогон иштерге тиешелүү экендиги айкын болот.

Жогорудагы далилдерге ылайык, демократия Исламга бүтүндөй тескери келет.

VI. Демократияда кээ бир шахстар т.а. мамлекет башчысы жана парламент мүчөлөрү кол тийгистик укугуна ээ болушат. Буга ылайык, аларга мамлекет мыйзамдарынын тиши өтпөйт. Мисалы, эгер мамлекет башчысы кылмыш кылса, кол тийгистик себептүү ал

соттолбойт жана мыйзамга моюн сунбайт дагы. Ушул сыяктуу эле парламент мүчөлөрүнүн бирөөсү кылмыш кылса, тээ андан депутаттык кол тийгистиги алынмайынча, ал эч кандай жоопкерчиликке тартылбайт. Бул нерсе Исламга бүтүндөй тескери. Ислам Мамлекетинин эч бир жараны эч кандай кол тийгистикке ээ эмес. Мамлекет башчысы да, Шуро межлисинин мүчөлөрү да, катардагы жарандар сыяктуу эле, бирер кылмыш кылса, кылмыш жоопкерчилигине тартылышат. Болгону, мамлекет башчысы жана Шуро межлиси мүчөлөрүнүн кылмышы анын түрүнө карай эки башка сот мекемесинде каралышы мүмкүн. Эгер кылмыштын мамлекеттик башкарууга же идарий иштерге тиешеси болбосо, анда ал «Казылык (козо) мекемесинде» каралат. Эгер кылмыш мамлекеттик башкарууга же идарий иштерге барып такалса, анда «Мазолим мекемеси» карайт. Ислам Мамлекетинде чет мамлекеттердин элчилери гана дипломатиялык кол тийгистикке ээ болот. Булардан башка эч ким дипломатиялык кол тийгистикке ээ эмес.

## ДЕМОКРАТИЯДАГЫ ЖАЛПЫ ЭРКИНДИКТЕР ИСЛАМГА ТЕСКЕРИ

VII. Демократия түзүмүндө «жалпы эркиндиктер» деп аталган эркиндиктер бар, алар төмөнкүлөр:

1) Жекече керт баш (шахсий) эркиндиги.
2) Мүлк эркиндиги.
3) Ишеним (акыйда) эркиндиги.
4) Сөз (рай) эркиндиги.

Демократияда ар бир адам каалаган ишин кылуу укугуна ээ. Ошондуктан, зинага каршы жаза жок. Себеби, зинага каршы жазанын белгилениши жекече эркиндикке аралашуу болуп калат. Ар бир адам ар кандай жол менен каалаганындай мүлккө ээ болуу укугуна ээ. Кааласа кумарпоздук, кааласа алдап кетүүчүлүк, кааласа ихтикар (монополия) жолдору менен мүлккө ээ болушу мүмкүн. Ар бир адам өзү каалаган акыйданы кабыл алуу жана өзү каалаган пикирди айта алуу укугуна ээ. Булар болсо Исламга бүтүндөй тескери келет. Исламда мындай маанидеги «эркиндик» жок. Ислам ар бир муслимди шаръий өкүмдөргө байлайт. Ар бир муслим кылып жаткан иштеринде шариятка байланууга милдеттүү

жана бардык иштерин шарият өкүмдөрүнө ылайык ишке ашырышы зарыл. Исламда жалпы эркиндикдер деп аталып жаткан эркиндиктер жок. Исламда жекече эркиндик жок: эркекпи-аялбы, зинакер камчыланат же ташбараң кылынат. Исламда мүлк эркиндиги жок: кумар, шариятка тескери келген туура эмес келишимдер, шарият арам кылган сүткордук, алдап кетүүчүлүк жана монополия сыяктуулар менен мүлккө ээ болуу шаръан арам. Исламда ишеним эркиндиги да жок: мусулман адам өз ишениминен кайтса, тообо кылбаса, өлтүрүлөт. Ал эми, сөз эркиндигине келсек, Ислам муслимге – эгерде күнөө эсептелбей турган болсо – каалаган пикирин айтууга уруксат берди жана ар кандай жайда жана бардык учурларда акыйкат сөздү айтууну важиб кылды. Уббада ибн Сомиттин Расулулла ﷺга байъат кылганы айтылган хадисте мындай делет: «Аллах жолунда жаманатты кылуучунун жаманаттысынан коркпостон, каерде болсок да акыйкатты айтууга байъат кылдык». Ушуну менен бирге, Ислам ар бир муслимге акимдерге карата өз пикирин ачык айтууну, алардын кылган иштерин мухасаба кылууну (эсеп-китеп кылып тергеп-тескөөнү) жүктөдү. Расулулла ﷺ айтты: «Шейиттердин сайыйди – Хамза; жана залим имам алдына барып, ага насаат айткан, ушул себептүү ал залим тарабынан өлтүрүлгөн адам». Бул нерсе сөз эркиндиги эмес, бул шарият өкүмдөрүнө байлануу жана кээ бир абалдарда пикирди айтууга уруксат берилгендигинин, кээ бир абалдарда болсо пикирди айтуу важибдигинин баяны. Ошондуктан, Ислам жалпы эркиндиктер жаатында демократияга тескери келет. Исламда эркиндиктер жок, эгер болсо кулду кулдуктан азат кылуу маанисиндеги эркиндик гана бар. Мына ушул жети себепке ылайык, Исламдын демократияга бүтүндөй тескери экендиги, демократия өкүмдөрү менен Ислам өкүмдөрү ортосунда ачык карама-каршылыктар бар экени жана алар бири-биринен бүтүндөй айырмаланышы ачык-айкын көрүнүп турат. Демек, демократия Исламдан бүтүндөй башка нерсе.

Жогоруда айтылган 8 беренеден белгилүү болгондой, «кайсы бир нерсе Исламга тескери болбосо жана ал жөнүндө нусуста нахий келбеген болсо, ошол нерсени алуу мүмкүн» деген пикир түп негизинен туура эмес пикир. Далилдерди көңүл коюу менен үйрөнүп чыгуудан маалым болгондой, шарият алып келбеген ар

кандай өкүмдү алуу куфр өкүмүн алуу болуп эсептелет. Себеби, бул нерсе Аллах Таала түшүрбөгөн нерсени алуу болот. Аллах Таала шарияттан башканы хакам кылуудан кайтарган. Бул кайтаруу (нахий) жогоруда айтылган далилдерден даана көрүнүп турат. Мисалы, Аллах Тааланын төмөнкү:

﴿فَلَا وَرَبِّكَ لَا يُؤْمِنُونَ حَتَّى يُحَكِّمُوكَ فِيمَا شَجَرَ بَيْنَهُمْ ثُمَّ لَا يَجِدُوا فِي أَنْفُسِهِمْ حَرَجًا مِمَّا قَضَيْتَ وَيُسَلِّمُوا تَسْلِيمًا﴾

***«Жок, Роббиңерге ант болсун, тээ алар өз ортолорунда чыккан келишпөөчүлүктөрдө сени өкүм чыгаруучу кылышмайынча жана кийин сен чыгарган өкүмдөн дилдеринде эч кандай мүчүлүштүк таппай, толук моюн сунушмайынча, эч качан момун боло алышпайт»*** [4:65]

сөздөрүнөн жана Расулулла ﷺдын мына бул: «Биздин буйругубуз болбогон ар кандай иш рад кылынган», - сөзүнөн ачык көрүнүп турат. Мындан тышкары, Аллах Таала Өзү түшүрбөгөн өкүмдү алуудан ачык кайтарган. Аллах Таала Расулулла ﷺга айтат:

﴿وَأَنْ احْكُمْ بَيْنَهُمْ بِمَا أَنزَلَ اللَّهُ﴾

***«Эй Мухаммад, алардын арасында Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын»*** [5:49]

- деп, жана бул аяттын уландысында:

﴿وَاحْذَرْهُمْ أَنْ يَفْتِنُوكَ عَنْ بَعْضِ مَا أَنزَلَ اللَّهُ إِلَيْكَ﴾

***«Аллах сага түшүргөн өкүмдөрдүн айрымдарынан сени буруп, фитнага салып коюуларынан этият бол»*** [5:49]

- деп буйрук кылып жатат. Аллах Таала ушулар менен эле чектелбеди. Балким, Аллах түшүргөн өкүмдөрдөн башкалар менен өкүм жүргүзүп жаткандарды катуу эскертип, бир аятта:

﴿وَمَنْ لَمْ يَحْكُمْ بِمَا أَنزَلَ اللَّهُ فَأُوْلَئِكَ هُمْ الْكَافِرُونَ﴾

***«Кимде-ким Аллах түшүргөн нерселер менен өкүм кылбаса, анда алар кафирлер»*** [5:44]

- десе, дагы бир аятта:

***«анда алар залимдер»*** [5:45]

- дейт. Дагы бир аятта болсо:

***«анда алар фасиктер»*** [5:47]

- деген. Бул аяттар өкүм алууда Аллах түшүргөн нерсеге гана байланып, ага чектелүү талап кылынып жатканына о.э. андан

башка нерседен өкүм алуу катуу кайтарылганына далил болот. Ушул далилдерге ылайык, Батыш мыйзамдарын жана демократия негиздерин алуу ката эле болуп калбастан, балким, куфр өкүмүн алуу болуп, ал шариятка дал келсе да, келбесе да арам. Ал тургай, өкүмдүн өзү шарият алып келгендиги негизинде алынбаса да арам. Ошондуктан, мусулмандар азыркы учурда Батыш мыйзамдарын шариятка дал келиши же келбешине карабастан, аларды «бул өкүмдөр шаръий өкүмдөр» деген негизге ылайык алышпаса, арам. Ал тургай, жумушчу же үй, же автомобилди ижарага алып жаткан адам, бул ишти Батыш ижара мыйзамдарына ылайык ишке ашырса, бул иш куфр өкүмдөрүнө ылайык аткарылган болот. Эгер шаръий өкүмгө ылайык аткарылса – куфр мыйзамдарына дал келсе да, келбесе да – адал эсептелет.

## САКОФИЙ ЖАНА ТАШРИЪИЙ ТАРМАКТАРДАГЫ ЧАБУУЛДУН НАТЫЙЖАЛАРЫ

Биз жогоруда мусулмандардын тайылуусун карап чыктык. Мусулмандар ушул иштерде жолдон тайышты жана натыйжада Батыш конституция жана канондорунан мусулмандар үчүн дустур жана конундар иштелип чыкты т.а. мунун натыйжасында Ислам Мамлекети же мусулмандар халифасы тарабынан куфр өкүмдөрү кабыл алынды. Бүткүл Ислам өлкөлөрүнө жайылган бул «сакофий агрессия» о.э. башкаруу түзүмүндө жана мыйзамдарда мамлекетке каршы алып барылган «ташриъий агрессия» мусулмандардын итикаддарын жана исламий пикирлерин күчсүздөнтүп жиберди. Ушуну менен бирге, Ислам Мамлекетинин вужудуна да катуу таасир этип, анын негизин талкалап, кабыгын гана калтырды. Себеби, мамлекеттин вужуду түшүнүктөр, өлчөөлөр, канааттануулардан түзүлөт, а султан булардын баарын бири-бирине байлап турат. Эгер мусулмандардагы бул түшүнүк, өлчөө жана канааттануулар термелип калса жана булардын негизи өзгөртүлсө, анда ал вужуд талкаланат, же кабыгы калса да, негизи жок болуп кетет. Ошондуктан, кийинчерээк бул вужудду майдалап таштоого жана калган-каткан кабыгын да талкалап салууга абдан оңой болуп калат. Эгер бул сакофий жана ташриъий (мыйзамчылык) чабуулдар болбогондо, кафир мамлекеттер Ислам Мамлекетине мындай өлтүргүч бере алышмак эмес. Бирок, кафир

мамлекеттер мусулмандардын түшүнүк, өлчөө жана канааттануулярын термелтип, шаръий өкүмдөрдү бекер кылып, алардын ордуна демократия негиздерин жана Батыш мыйзамдарын киргизишти о.э. аларды мусулмандардын, деги эле бүткүл Халифалыктын проблема чечимдерине негиз кылып коюшту. Ушуну менен бирге, мусулмандарды улут-улутка, айрыкча, араб жана түрк улуттарына бөлүп жиберишти. Алар буларды ишке ашырышкандан кийин, Ислам Мамлекетинин кабыгы гана калганын анык билишти. Ошондуктан, Халифалыкты кулатуу жана биротоло жок кылып жиберүү жөнүндө ойлой башташты. Биринчи дүйнөлүк согушта Усманий Мамлекеттин Германия менен союздаш болуп согушка кириши Халифалык Мамлекетин кулатуу мезгили келип жеткенин көрсөттү. Бул учурдан пайдаланып кафир мамлекеттер Халифалыкты кулатуу үчүн иш башташты.

## ХАЛИФАЛЫК МАМЛЕКЕТИН КУЛАТУУ АРАКЕТТЕРИ

Бирок, бүткүл Европа мамлекеттери мусулмандар үстүнөн Исламдан башка нерсе менен өкүм жүргүзүү мүмкүн экендигин элестете алышпас эле. Муну менен бирге, өздөрү мусулмандар назарында кафир эсептелишкени үчүн, түздөн-түз мусулмандар үстүнөн өкүмдарлык кыла албашын да анык билишер эле. Ошондуктан, алар Ислам мамлекетин – Ислам мамлекетине караштуу, бирок, кафирлер таасири астындагы – бир нече исламий өкмөттөргө бөлүп таштоого бүткүл күчтөрүн жумшашты. Мындан көздөлгөн максат, Халифалык Мамлекетин алсыратуу жана акыры барып аны жок кылуу эле. Буга Биринчи дүйнөлүк согуш убагында, 1915-жылы март айында, Россия, Англия жана Франция ортосунда өткөрүлгөн сүйлөшүүлөр далил болот. Россия ушул иш боюнча жолдогон бирдирүүгө Англия менен Франция жооп катары берген билдирүүдө мындай сөздөр келген: «Ислам өлкөлөрүнүн жана араб аймактарындагы ыйык жайлардын коргоосу Ислам Мамлекетинин өкүмү астында». Англия жана Франциянын мунусуна жооп катары берилген Россиянын билдирүүсүндө мындай сөздөр бар: «Осман Мамлекетинин калдыктары жана Халифалыктан бөлүнүп чыгуу негизинде түзүлгөн исламий мамлекеттер менен боло турган алакалардын келечеги жөнүндө чечкиндүү токтомго келүү улуу урматтуу падышанын жана өкмөттүн эң маанилүү иши болуп

турат». Ушул билдирүүдө төмөнкүдөй сөздөр да бар: «Улуу урматтуу падышанын өкмөтү бүткүл күчү менен халифалык түрктөрдөн алынышына умтулуп жатат жана ушуну менен бирге, ажылыкка баруу эркиндигин камсыздоого – мусулмандарды капа кыла турган аз гана иш менен болсо да хажга тоскоолдук кылбоону камсыздоого аракет кылып жатат». Лондондогу Россия элчиси Россия ички иштер министрине жөнөткөн телеграммада Италиянын кээ бир талаптары айтылган: «Италия өкмөтү Россия өкмөтүнүн пикирин кубаттайт т.а. тез күндө Хижазда Осман султанаты калдыктарынын үстүнө курула турган жана бир гана Британия таасири астында боло турган исламий өкмөттү Халифалыктан бөлүп таштоо зарылдыгын колдоп-кубаттайт. Италия өкмөтү бүткүл барлыгы менен түрктөрдөн Халифалыкты тартып алуу жана эгер абал талап кылса Халифалыкты бүтүндөй жок кылуу пикирин да колдоп-кубаттайт». Ушул келтирилген далилдерген ачык-айкын көрүнүп тургандай, союздаштардын негизги максаты Халифалыкты алсыратуу жана аны кулатуу эле. Бирок, мусулмандардан эч ким Халифалыкты кулатууну каалабас эле жана аны кулатуу пикирин да кабыл албас эле. Ал тургай, англичандар менен биригип кеткен мусулман арабдардын саткындары да, Халифалыктын кулашын эмес, анын арабдар колунда болушун талап кылышкан. Ал эми, түрктөрдүн баары Халифалыкты бекем кармашып, Халифалыкка болгон сүйүүлөрү жана ага байлануулары жүрөктөрүндө терең орношкон эле. Ал тургай, «Жаш Түркия» жамааты да Халифалык жана Ислам Мамлекетинин бардык бөлүктөрү бир бүтүн бойдон калышын каалашар эле. Бир да адамдын Халифалыкты кулатуу үчүн иштегени биякта турсун, а түгүл аны кулатууга ыраазы болгону же ыктаганы жөнүндө бир да сөз жок. Ошондуктан, мейли, бүткүл Ислам өлкөлөрү басып алынган болсо да, Халифалыкты кулатуу өтө оор иш болду. Ошондуктан, союздаштар өздөрүнүн бул максаттарын сыр тутуп, иштер жашыруун алып барылар эле. Алар Усманий Мамлекетке ичинен сокку берүү максатында аны согуштан чыгаруу жана жалгыз аны менен келишим түзүү үчүн аракет кылышты. Алар бүткүл көңүлүн ушул пикирлерге буруп, аны ишке ашыруу үчүн аракет кыла башташты.

## СОЮЗДАШТАРДЫН ЖАМАЛ ПАШАНЫ ӨЗДӨРҮ ТАРАПКА ООДУРУУГА АРАКЕТ КЫЛЫШЫ

Бирок, Усманий Мамлекетке согуштан чыгуу же анын өзү менен келишим түзүү иштеринде кошуун офицерлеринен башка эч ким таасир кыла алмак эмес. Ал тургай, англичан жана француздар менен биригип кеткен арабдардын саткындары да, саясий майданда болбогондуктары үчүн, алардан англичан жана француз кожоюндары мамлекетке таасир көрсөтө алууларын күтпөгөн эле. Бул саткындардын негизги вазыйпалары өз мамлекети болгон Ислам Мамлекетине каршы тыңчылык кылуу жана бөлүп-жаруу иштери менен алектенүү эле. Ал тургай саткындардын чоңу Хусайн ибн Алийдин (1856-1931-жж. Мекке жана Хижаз валийси) мамлекетте таасири жок эле. Мусулмандар англичандарга душман болуп калбашы үчүн жана аларга каршы кафир болушканы себептүү шарият важиб кылган жихадды жарыя кылбашы үчүн, Ислам кошууну болгон Усманийлер кошуунун бөлүп-жаруу иштеринде жана Ислам кошуунундагы адамдарда бир жалпы пикир жаратуу иштеринде англичандар андан пайдаланар эле. Ошондуктан, союздаштар биринчи дүйнөлүк согушта Усманий Мамлекеттин согуштан чыгышында бүткүл этибарын арабдарга эмес, балким, түрк офицерлерине каратышты.

Түрк офицерлери арасында Усманий Мамлекеттин Германия менен союздаш болуп согушка киргенине каршы болгон о.э. бийликти ээлөөгө умтулган таанымал эки аскерий офицер бар эле. Алар Жамал паша менен Мустафа Кемел болчу. Мустафа Кемел атак-даңкты жакшы көргөн, мамлекетке каршы өтө сактык менен аракет кылган, көп деле көзгө көрүнбөгөн аскерий эле. Ал эми, Жамал паша болсо мамлекеттеги таасирдүү адамдардан эле. Усманий Мамлекетти үч киши: премьер-министр Талъат; аскерий министр Энвер; Сирия акими, 4-кошуун командачысы Жамал паша башкарар эле. Ошондуктан, союздаштар Жамал пашаны өз тараптарына оодурууга аракет кылышты. Дарданелл кысыгын колго киргизүү үчүн жасалган чабуул учурунда жана бул чабуул ийгиликсиз аяктагандан кийин, союздаштар Усманий Мамлекетке каршы козголоң көтөрүшү үчүн Жамал паша менен байланууга аракет кылышты. Кийин, англичандар Истамбулга чабуул жасап, 1915-жылы 25-апрелде Голибулий (Галлийполи) шаарын колго

алышты. Бирок, усманийлер кошууну аларга катуу каршылыктар көрсөтүп, жолдорун тосуп койду. Натыйжада, англичандар бир да кадам алдыга жала албай, өтө чоң жоготууга учурап, зыян көрүштү. Ал тургай, союздаштар кол башчысы генерал Хамилтон 16-августта Англия аскер министри маршал лорд Кетшнерге курал-жарак жана жардам сурап телеграмма жөнөтүүгө мажбур болду. 14-октябрда Англия өкмөтү генерал Хамилтонду кызматынан бошотуп, анын ордуна генерал Монруну дайындады жана ага Дарданеллге жасала турган чабуулду кылдат изилдеп чыгууну тапшырды. Ал 28-августта Дарданеллге келип түштү жана Дарданелл жээгинде жайгашкан кошуун штабы менен абалды чукур үйрөнүп чыгып, аскер министрине согуштан чыгуу зарылдыгын билдирип, телеграмма жолдоду. Лорд Кетшнер бул телеграммага катуу ачууланды жана Дарданеллге өзү барып, абалды чукур үйрөнүүнү чечти. Ал 3-ноябрда генерал Монруга Дарданеллге чабуул кылууга өзүнүн катышары жана согуштан чыгуу жөнүндөгү буйруктарды бекер кылары мазмунундагы телеграмма жолдоду. 9-ноябрда лорд Кетшнер Дарданеллге жетип келди жана жээкте жайгашкан аскерий борборлорду, англичан жана француз аскерлери жайгашкан чыңдоолорду үйрөнүп чыгып, союздаштар кошууну өз борборлорун кармап тура алат деген ойго келди. Бирок, түрктөр Германиядан курал-жарак алышса, анда союздаштардын пушкалары жайгашкан жерлер өтө алсыз чекитке айланат деген пикирге келди. Декабрь айында союздаштар капыстан согуштан чыгышты. Дарданелге жасалып жаткан чабуул себептүү союздаштар түшүп калган мына ушундай кыйын бир кырдаалда, алар Жамал паша менен байланышып, ал Усманий Мамлекетке каршы козголоң көтөрүшү үчүн сүйлөшүүлөр алып барууга аракет кылышты. Бул сүйлөшүүлөр иш жүзүндө болуп өттү, Жамал паша союздаштар сунуштарына макул болуп, аларга өз шарттарын койду. 1915-жылы 26-ноябрда Россия тышкы иштер министри өзүнүн Лондон жана Римдеги элчилерине жолдогон №6391-телеграммасында төмөндөгү сөздөр бар эле: «Истамбулдагы армян жамааттарынан бизге келип жаткан кабарларга караганда, Жамал паша Истамбул өкмөтүнө каршы аракетке даяр, эгер төмөндөгү шарттар ишке ашырылса:

1) Союздаш мамлекеттер Сирия, Палестина, Ирак, Арабстан, Киликилия (мурун кичи Армения деп аталган Түркиядагы жай), Армения жана Курдистан мамлекеттеринен түзүлгөн Султан башчылыгындагы Усманий Мамлекеттин өкүмдарлыгын тан алышса;

2) Бийликти Ахмад Жамал паша башкарса, анын өлүмүнөн кийин болсо уулдары жана неберелери башкарса;

3) Ахмад Жамал паша «азыркы Султан жана анын өкмөтү Германия колунда туткун» деп жар салып, аларга каршы көтөрүлүш жарыя кылат;

4) Жамал паша көтөрүлүш жарыя кылып, өкмөткө каршы согушка киргенде, союздаштар анын кошуунун азык-түлүк, курал-жарак жана аскерий тетиктер менен камсыздашы зарыл;

5) Союздаш мамлекеттер согуш аяктаганга чейин Жамал пашаны керектүү финансылык жардам менен камсыздап турушу зарыл;

6) Жамал паша Истамбулду жана кысыктарды союздаштарга калтырууга ыраазы;

7) Жамал паша армяндарга жардам келүүчү жолду ачык коёт.

Телеграммада келген шарттар мына ушулар эле. Россия Англия жана Франция менен сүйлөшүүлөр алып барды. Алар Ахмад Жамал пашанын шарттарын кабыл алышпады. Россия болсо кабыл алды. 1915-жылы 12-декабрда Россия тышкы иштер министрлиги алдындагы 2-бөлүмдүн кеңешчиси Россиянын Бухаресттеги элчисине №6130-телеграмма жөнөттү. Анда төмөнкүдөй сөздөр бар эле: «Жамал паша сунуш кылып жаткан нерселер үчүн ар кандай убадаларды берүүгө болот. Эгер абал талап кылса, Жамал пашанын талаптарын ишке ашыруу үчүн союздаштар тарабынан да убадаларды алуу мүмкүнчүлүгүнө ээбиз». Бирок, союздаштар келише алышпады. 1915-жылы 27-декабрда Париждеги Россия элчиси өз өкмөтүнө телеграмма жөнөттү. Анда төмөнкүдөй сөздөр бар эле: «№6391-телеграмманы алдым. Анда жазылган кабарды Барен мырзага (бир нече жолу премьер-министр жана тышкы иштер министри кызматында иштеген француз саясатчысы) жеткирдим. Ал бул кабарга олуттуу этибар менен карап, убакытты текке кетирбестен, аны эртең эле министрлер кабинети талкуусуна коёрун ачык айтты. Ал мага «бул шарттар бизге ылайык келген

күндө да, эч качан англичандар талаптарына ылайык келбейт» деди.

Французздар ишти кайра карап чыгып, ал шарттарды кабыл алуудан баш тартышты. 1915-жылы 29-декабрда Россия элчиси дагы телеграмма жөнөттү. Анда төмөндөгүдөй сөздөр бар эле: «Мага маалым болгондой, Франция министрлер кабинети бул келишүүгө катуу каршы чыгыптыр. Ал тургай, алар бул каршылыктарды ашкере айтуудан да кайра тартышпады». Кийин мындай дейт: «Чындыгында французздар силердин кээ бир сунушуңарды абдан жогору баалап жатышат жана муну менен бирге Осман империясында козголоң көтөрүү зор мааниге ээ экендигин, бул козголоң биринчи дүйнөлүк согушта өтө пайдалуу экендигин да анык билишет. Бирок, алар Жамал паша менен алып барылган сүйлөшүүдө сунуш кылынган сунуштарда өздөрүнүн Истамбул жана кысыктарга ээ болуулары гана камтылганын, бирок, Франциянын Чыгыштагы өкүмдарлыгы болсо кепилденбей жатканын айтышууда. Ошондон кийин англичандар бул сүйлөшүүлөргө катышуудан баш тартышканын жарыя кылышты. 1916-жылы 27-январда Лондондогу Россия элчиси Петербургдагы Россия тышкы иштер министрине телеграмма жөнөттү. Анда төмөнкүдөй сөздөр бар эле: «Николсон мага: Британия өкмөтү маселени кайрадан жана ар тараптуу үйрөнүп чыгып, бул сүйлөшүүлөргө катышпасын жана муну менен бирге сүйлөшүүлөрдөн бүтүндөй чыгууну зарыл деп эсептешин айтты».

Жогоруда келген далилдерден белгилүү болгондой, аскерийлердин айрымдарында бийликке умтулуу үмүттөрүн козгоо жана Түркия согуштан чыгаруу жөнүндөгү пикирлер союздаштарда болгон эле. Бирок, союздаштар Усманий Мамлекетти майдалап таштоону жана Халифалыкты жок кылууну каалашар эле. Ал эми, Жамал паша алардын алдына койгон шарттары, мейли бириккен мамлекеттер сыпатында болсо да, Ислам мамлекеттеринин биримдигин жана Халифалыкты сактап калуудан турганы үчүн да, алар Жамал пашанын шарттарын кабыл алышпады жана аны менен сүйлөшүүлөрдү да токтотушту. Табигый түрдө, алар мындан башка аракеттерге да өтүштү. Союздаштардын Мекке акими Хусайн ибн Алийге кылган аракеттери маалым эле. Бирок, бул аракеттер Усманий Мамлекетти согуштан чыгарууга эч кандай пайда бере

албас эле. Шексиз, алар башка түрк аскерийлерине да аракет кылган болуулары керек, бирок, бир да түрк менен мындан башка сүйлөшүүлөр болуп өткөндүгү жөнүндө далилдер жок. Бирок, мамлекет ичинде англичандардын Ариф паша жана дамад Фарид сыяктуу бир нече малайлары бар эле. Биринчи дүйнөлүк согуштан бир аз мурдараак Англиянын аскерий атташеси болгон Х.С. Армстронг деген шахс көзгө көрүнүп калган эле. Ал өтө кайраттуу жана аракетчен, алакалары көп адам болгон. Ал убактылуу түзүлгөн келишимдер кийин Истамбулга кайтып келди жана союздаштар кошуунунун командачысы Харингтон менен бирге Халифалыкты кулатууда чоң иш кылды. Харингтондун да байланган алакалары болгон болсо керек (түрк аскерийлери жана башклар менен), бирок, бул жөнүндө бирер нерсе маалым эмес.

## МУСТАФА КЕМЕЛДИН ПАЙДА БОЛУШУ

Мустафа Кемел биринчи дүйнөлүк согуштан мурда Батыш пикирлерине ыктагандыгы, немистерди жаман көрүшү менен белгилүү болсо да, бирок, көп деле аты чыкпаган бир офицер болгон. Ал Фурта согушуна катышкандан кийин атак-даңкка жетишип, белгилүү болуп кетти. 1915-жылдын жазында т.а. биринчи дүйнөлүк согуштун экинчи жылында Германия Францияга караштуу жерлерди ээлөөгө болгон аракетин токтотту. Себеби, Германия да, Франция да бири-биринин үстүнөн толук жеңишке жетише албады. Орустар болсо оор кризиске учурап, эгер Батыш мамлекеттери тезинен жана үзгүлтүксүз түрдө Россияны курал-жарак менен камсыздабаса, ал өзүн кайра тикелеп алышы жана согушка кириши мүмкүн эмес эле. Ошондуктан, союздаштар тезинен кемелерди керектүү курал-жарак жана азык-түлүктөргө толтуруп Россияга жөнөтүштү. Бирок, бул кемелер Жер Ортолук деңизинде курчоодо калып, Россияга жетип барбады. Аларды өткөрүү жана Россияны үзгүлтүксүз түрдө жардам менен камсыздап туруу үчүн Истамбулга чабуул жасап, кысыктарды ачуу зарыл эле. Ошол кезде Усманий кошуунду немис генералы Леймон фон Сандерс башкарган жана ал дивизиялардын бирине полковник Мустафа Кемелди командачы кылып дайындаган. Союздаштар Истамбулга чабуул кылышты. 1915-жылдын апрелинде союздаштар кыйраткыч чабуул жасоого аракет кылышып, өтө чоң даярдык көрүштү. Англичандар согушту баштап, Голибулий шаарына жетип барышты жана Усманийлердин кошуунун бөлүп ташташты. Генерал Сандерс

согуш командачысын мансабынан алып таштоого мажбур болду жана анын ордуна полковник Мустафа Кемелди дайындады. Ал буга чейин полковник чининен өйдө көтөрүлбөгөн эле. Ал Усманий кошуунга башчылык кылып, Фуртада, Дарданеллге жакын жайда эң кооптуу согушка кирди. Согуш негизинен бир дөңсөөдө болуп, түрктөр анын өйдөңкү бөлүгүн, англичандар болсо ылдыйкы жагын ээлешкен эле. Согуш бир нече күнгө созулду. Бирок, эки тарап тең жеңишке жетише албады. Абал өзгөрбөй, ар эки тарап өз жайларын ээлеген абалда согушуп тура беришти. Мындай абал бир нече айга созулуп кетти. Күтүүсүздөн 15-декабрь түнү, англичандар өтө жашыруун түрдө өздөрү ээлеп турган Голибулий жээгин бошото башташты. Аскерий кемелер өтө тездик менен даярдалып, андан соң сүзүп кетишти. Ошентип согуш токтоду. Согуш бүткөндөн кийин, Мустафа Кемел генерал Сандерске согуш боюнча отчёт жана согушта ок тийип сынган саатын тапшырды. Ок саатка тийип, анын өзүнө тийбеген эле. Генерал саатты алып, ага өзүнүн алтын саатын берди. Талкаланган саатты болсо эстелик үчүн алып койду. Мына ушул согуш себептүү Мустафа Кемелдин жылдызы жанды Усманийлер кошуунунда атак-даңкка ээ болду. Себеби, бул согуш даңазаланып, Мустафа Кемелдин англичандар үстүнөн жетишкен ачык жеңиши деп этибар кылынды. Бирок, ал Биринчи дүйнөлүк согушка катышпоо пикиринде эле. Ал Фурта согушунда жетишкен атак-даңкына карабастан, мамлекеттин согуштан чыгышы жөнүндөгү пикиринен кайтпаган болчу. Ал өз пикиринде турушу менен эле чектелбеди, балким, ал кошуун жана адамдар арасында атак-даңкка жетишкенден кийин, ушул пикирге ынануулары үчүн күчтүү шахстарга таасир көрсөтүүгө аракет кылды. Бирок, алардан суздук жана наaразылыктарды көрүп, өзү шектүү адамга айланып калды. Алар бул согуштан кийин Мустафа Кемелдин аскерий чеберчилигине ишенишсе да, бирок, алардын ичинде анын саясий иштерге терең киришүүсүн колдоп-кубаттай турган бир да адам жок эле. Тескерисинче, алар Мустафа Кемелдин саясий иштерге катышуусуна тоскоолдук кылышкан. Мустафа Кемел англичандарды улуулоо, аларга ишенүү жана алардын күчүнө сүйөнүү пикирин көтөрүп жүргөн, «англичандар бул согушта сөзсүз жеңишке жетишет, Германия болсо жеңилет» деген пикирде болгон. Ошондуктан, ал шектүү адамга айланып калды. Ал тургай, аны менен көбүрөөк алакада болгон адам өкмөткө ишеничсиз адам катары эсептелип, дайыма күзөтүүгө алынган.

# МУСТАФА КЕМЕЛ УСМАНИЙЛЕР МАМЛЕКЕТИНИН СОГУШТАН ЧЫГУУ ЖАНА АНГЛИЧАНДАР МЕНЕН КЕЛИШИМ ТҮЗҮҮ ИШИН ЖҮЗӨГӨ АШЫРУУ ЖОЛУНДА

Мустафа Кемел Дарданеллден Истамбулга англичандар үстүнөн жеңишке жетишип кайтты. Бул жеңиштин Усманийлер кошуунунун жана Усманий Мамлекет саясында жашап жаткан мусулмандардын руху көтөрүлүшүнө о.э. союздаштарга да таасири чоң болду. Мустафа Кемел өзү жеңишке жетишкен согуштан Ислам Мамлекетинин англичандарга каршы согушууга күчү жетиши туурасында күмөндү пайда кылуу, Мамлекетти согуштан чыгарып, англичандар менен келишим түзүүнү жүзөгө ашыруу максатында кайтты. Согушту мамлекет ичинде алып барып, Германияны таштап, англичандар менен бирге болуу пикиринде кайтты. Ал бул согуштан мурда өз пикирлерин жашырып жүргөн болсо, эми аларды адамдар арасында, өзгөчө, офицерлер арасында тарката баштады. Жогорку даражалуу жана таасирдүү адамдарга таасир өткөрүүгө аракет кыла баштады. Иш ушунчалык даражага жетип барды дейсиң, Мустафа Кемел министрлерге түп-түз кирип барып, өз пикирин ачык айтып, аларга да таасир өткөрүүгө аракет кыла баштады. Мисалы, Мустафа Кемел тышкы иштер министринин кабылдамасында болду. Ошол кезде тышкы иштер министри Насимийбек эле, ал Түркиянын Германия менен бирге согушка киришин сунуш кылгандардын бири болчу. Насимийбек аны Ана Фурта каарманы катары абдан жылуу күтүп алып, аны менен жакшы сүйлөштү. Дарданеллде Ислам Мамлекетинин союздаштар кошуунун жер тиштетип, өлкөсүнө кайтарып жиберип, колго киргизген жеңиши себептүү, сүйлөшүүнүн аягына чейин андан жакшылык белгилери көрүнүп турду. Тышкы иштер министри бул жеңиштин канчалык баалуу экенин жана бул жеңилүү союздаштарга канчалык деңгээлде таасир кылганын билер эле. Себеби, бул жеңилүү себептүү Россия аскерий жардамсыз калат эле, ал болсо жардамга абдан муктаж болчу. Жардам келбесе, Россия согушка кире албайт эле. Акыбетте, Франция Германиянын күчтүү чабуулдарына дуушар болуп, а Германия болсо Чыгыш тараптан келе турган сооккулардан тынчсызданбай калат эле. Арийне, Германия жана Усманий Мамлекет союздаштардан үстөм

болуп калат эле. Ошондуктан, тышкы иштер министри бул нерселерди жакшылыктын белгиси деп билет эле. Бирок, Мустафа Кемел министрге ал нерселерди жамандыктын белгиси кылып көрсөтүүгө жана аны өз пикирлери менен канаттандырууга аракет кылды. Сүйлөшүү учурунда Мустафа Кемел министр келтирип жаткан фактылардын күчтүүлүгүн сезип калды жана ага дымак менен мындай деди: «Мен азыр сизге айта турган сөздөрүмдү кунт коюп угушуңуз зарыл. Эгер сиз, саясатчылардын сизге көрсөтүп жаткан басымдарына унчукпай карап тура берсеңиз, өзүңүз жана биз менен бирге саясатчылар элестетип жаткан проблемадан да оорурак проблемага туш болосуз». Министр алгач экиленип туруп, кийин ал да дымак менен: «Мен эмнени көздөп сүйлөп жатканыңызды түшүнө албай калдым?» - деди. Ошондо Мустафа Кемел: «Мамлекет кулоо алдында турат. Бирок, сиз мунун тескерисин айтып жатасыз. Табигый түрдө, сиз муну министр болгонуңуз үчүн айтууга мажбурсуз. Бирок, сиздин жекече пикириңиз мунун тескериси болушу керек. Шексиз, бардык акыйкатты, ооруунун келип чыгышын жана бул балээ жайгашкан жерди да анык билесиз», - деди. Министр ойлонуп калды. Андан кийин ага олуттуу жооп кайтарды: «Эй полковник, эгер сен мамлекеттин абалы жөнүндөгү күмөндөрүңдү айтуу үчүн келген болсоң, азыр мунун учуру эмес, бул жер күмөндөр айтыла турган жай да эмес. Сен бул максатта менин алдыма келип жаңылыптырсың. Себеби, мен жана менин кол астымдагы министрлер – баарыбыз башкы командачыга толук ишенебиз. Сага да кеңешим, дароо башкы командачынын алдына бар, ал коркууларыңды чечип берет жана сени курчап алган васвасаларды түп-тамырынан сууруп таштайт» - деп, Мустафа Кемелди кабинетинен кууп чыкты.

Эртеси күнү эртең менен тышкы иштер министри Насимийбек башкы командачыга Мустафа Кемел менен болуп өткөн сүйлүшүүнү жеткирди жана андан Мустафа Кемелге ылайыктуу жаза колдонууну талап кылды. Башкы командачы аны Кавказга четтетүү жөнүндө чечим кабыл алды. Мустафа Кемел Кавказга четтетилди жана ал жерде бир жылдан көбүрөөк бир да маанилүү иш кыла албай калып кетти. Мустафа Кемелдин тышкы иштер министри менен жолугушуусу – мамлекетти согуштан чыгаруу о.э.

министрлер жана офицерлерди өз пикирлерине канааттандыруу үчүн кылган аракетинин биринчи расмий көрүнүшү эле. Ал бул аракеттерди англичандар менен байланышып кылгандыгы жөнүндө далилдер жок. Ошондуктан, бул иштер анын жеке пикири жана чыгармачылыгы болсо керек. Мустафа Кемел Истамбулдан четтетилиши менен мамлекет мындай кооптуу пикирлерден кутулуп калды. Бирок, кийинчерээк бир нече окуялар болуп өттү. Буларда ал өз пикирлерин күч менен өткөрүүгө жана күч менен бийликти колго алууга аракет кылганы анын кыянатын ачык көрсөтүп койду.

## МУСТАФА КЕМЕЛДИН МАМЛЕКЕТКЕ КАРШЫ УЮШТУРГАН КУТУМДАРЫ

Биринчи окуя Мустафа Кемел Кавказда жүргөн кезде жүз берди. Мамлекет төңкөрүшүнө аракет болуп, ага Мустафа Кемелдин алакасы болсо керек деген божомолдор бар эле. Ал-Мийжар Якуб Жамалбек пикирлештери менен өкмөттү төңкөрүү үчүн кутум уюштурду. Ал тарапкерлерине: «Өздөрүн бийик сезип жүргөн бул адамдар, негизи, абдан арзыбас адамдар. Мамлекет аларды ээлеп турган мансаптарынан алынышын жана алардын ордуна аларга караганда мекенчил жана ыкластуу адамдар ээлешин талап кылууда», - деди. Анын пикирлештеринин кээ бирлери каршылык билдирип: «Аларды ээлеп турган мансаптарынан алуу оңой. Бирок, сен бизге мурунку асл абалына кайтара ала турган адамды көрсөт», - дешти. Жамалбек ошол замат: «Ал Мустафа Кемел», - деп жооп берди. Бул кутум ачыкка чыгып калды жана Ал-Мийжар Якуб жана анын пикирлештери өлтүрүлдү. Мустафа Кемел бул кабарды Кавказда жүрүп укту. Бул ага чагылгандай таасир этти. Бул кабар ага ошол кутумга катышып, кийин Истамбулдан качып кеткен доктор Хилмийбек аркылуу жетип келген эле. Истамбул өкмөтү Мустафа Кемелден докторду дароо кайтарып берүүнү талап кылды. Ал жооп кылып, телеграмма жиберди: «Доктор Хилмийбек ушул учурдан баштап менин коргоомдо болот». Өкмөт анын бул ишине карата эч кандай чара көрө албады. Себеби, аны менен кагылышуу өкмөттү жаман акыбеттерге дуушар кылышы мүмкүн эле. Мына ушул окуядан кийин өкмөт, мамлекет жана кошуундагы көпчүлүк Мустафа Кемелдин бийликке умтулуп жатканын жана

согуштан чыгуу максаты бар экенин билди. Ошентип, ал саясий майданга пикирлери менен эле эмес, балким, аларды аткаруу жолу менен да чыкты. Ошондуктан, анын пикирлерине карата этият чараларын көрүү керек болуп калды.

Экинчи окуя. Усманий Мамлекет Эрзирум шаарында жеңилип, 1917-жылы мартта Багдад англичандар колуна өткөндө, Мустафа Кемелдин өкмөткө каршы чыгуусу ашкере көрүнүп калды жана ал согуштан чыгууну ашкере талап кыла баштады. Бул окуянын тафсилаты мындай: Орустар Эрзирумда катуу чабуул кылып, аны колго алышты. Бул бекем чеп колдон кеткенин унутуу жана бул шерменделикти жабууга аракет кылуу да мүмкүн эле. Бирок, күтүлбөгөн жерден англичандар Иракка чабуул кылып, Багдадды ээлеп алышты. Ошондо Мамлекеттин күчсүздүгү жана жеңилгени көрүнүп калды. Англичандар индустардан түзүлгөн кошуун менен Иракка чабуул кылышты. Усманийлер кошуунну алардын чабуулун токтотуп койду. Муну менен бирге, аларга келип жаткан жардамчы кошуундарды да тосуп койду. Кувту-л-Аммара шаарында курчоодо калган Таминид дивизиясын 1916-жылы 29-апрелде моюн сундуруп, баарын туткунга алды. Бирок, Иракка түшкөн англичан кошуунунун кубаты ал жердеги Усманий кошуундун кубатынан көп болуп, согуш майданында англичандардын үстөмдүгү көрүнө баштады. 1917-жылы февралда англичандар Кувт-ул-Аммараны кайра колго киргизишти. 1917-жылы мартта болсо Багдад алардын колуна өттү. Ошондон кийин, алар Мавсил шаарына катуу чабуул баштап жиберишти. Бул иштер министрлер кабинетин тынчсыздандырды. Министрлер кабинетинде бир добуштан аскерий министр Энверди кызматынан четтетип, анын ордуна башкасын коюу жөнүндө жалпы пикир пайда болуп калды. Ал тургай, өкмөт башында турган «Биримдик жана Өнүгүү» партиясы да – Энвер ушул партиянын көрүнүктүү негиздөөчүлөрүнөн болушуна карабастан – аны четтетүүгө токтом кылды. Ошондуктан, Энвердин ордуна ылайыктуу кол башчылардан кайсы бирин коюу жөнүндө талкуу башталды. Мындай абалда бул мансапка татыктуу талапкерлер Жамал паша, маршал Иззат жана Мустафа Кемелдер эле. Бирок, Жамал паша өзү башкарып жаткан Сирия региондо алсыздык кылып жатканы, Иззат паша болсо саясий иштерде тажрыйбасыздыгы үчүн – аскерий министр мансабы саясий

иштерди терең билүү жана саясий тажрыйбага ээ болууну талап кылат – булардын биринин Энвердин ордун ээлешиката болор эле. Бул мансапка татыктуу талапкер болуп Мустафа Кемел калды. Бирок, ал өкмөттү төңкөрүү жана согуштан чыгуу жөнүндөгү пикири менен таанымал эле. Ошондуктан, бул мансапты ага тапшырууга келише алышпады. Себеби, ал өкмөткө согушту улантуунун жаман акыбеттеринен эскертип каттар жазып, Германия саясий жактан согушта жеңилүүгө учурады жана ал бул согушта аскерий жактан да жеңе албайт деген ишенимде эле. Мустафа Кемел Түркиянын согуштан четте калышынан күмөндөнчү. Анткени, союздаш мамлекеттер чыгыштагы шериктери менен байланыш мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу үчүн, алар өздөрүнө Дарданелл кысыгын жол кылып алышат деп эсептер эле. Ал эми Россия Усманий империянын ашынган душманы эле. Мустафа Кемелдин бул пикирлери жалпыга маалым болуп, аларды ачык эле айтчу. Ошондуктан да, эгер ал башкы командачылык мансабын ээлесе, бийлик жана анын саясатында ыңкылап кыларынан эч ким күмөн санабас эле. Ошондуктан, Энверди четтетүү зарыл деп эсептегендер тынчып калышты жана Багдадды тезинен кайтарып алууну талап кыла башташты. Энвер Германия башкы командачысынан Багдадды кайтарып алуу үчүн жардамчы күч жиберишин катуу талап кылды. Германия союздашы Энвер жеңишке жетишип, мансабында калышы үчүн колунан келген бардык жардамды берди. Германия көргөн чара генерал Фоленгхейнди жана бир нече дивизияны Энвердин карамагына берүү болду. Фоленгхейн жаңы күчтөрдү тартипке салып, аларды «Чагылган» деп атады, Халеб шаарын башкы командачынын штабы кылышты. Мустафа Кемел генералдыкка көтөрүлдү жана Фоленгхейн кол астындагы 4-кошуундун кол башчысы боолуп дайындалды. Бирок, Мустафа Кемел башкы командачылык немис офицери колунда болгонуна ыраазы эмес эле, муну менен бирге, Багдадды кайтарып алуу үчүн кылына турган аракеттер пайдасыз болуп, ага кирүү Усманийлер кошуунуна дагы да чоң жоготууларды алып келет деген пикирде эле. Ошондуктан, ал Багдадды кайтарып алууну талап кылуучулардын билимсиздигин, Энвердин саясаты маанисиздигин жана бул чолок саясат себептүү жете турган кыйынчылыктарды калкка ачык айта баштады. Мындан тышкары, ал өз сөздөрүндө Усманий Мамлекет Германияга моюн сунганы себептүү башынан

кечирип жаткан зыяндарды айтып жатты. Мустафа Кемел немис кол башчысы менен келише албашы табигый эле. Фоленгхейн аны ар түрдүү ыкмалар менен өзүнө оодурууга жана ыраазы кылууга аракет кылып көрдү. Бирок, аракеттери текке кетти. Фоленгхейн ага жетекчилик кызматтарын сунуш кылып жатты. Чабуул планы Багдадга кургактык аркылуу, Суэц каналына болсо абадан сокку берүү эле. Суэц каналына чабуул кылуу менен ал жердеги англичан аскерий күчтөрү Ирактагы күчтөрүнө жардам бере албай калмак. Бирок, Мустафа Кемел бул планды сынга алып, ага катуу каршылык көрсөттү. Анын аягы ийгиликсиздикке учурашын ачык айта баштады. Бирок, немистер анын каршылыктарына жана сындоолоруна көңүл бурушпады. Анын пикирин Жамал пашадан башка эч ким колдоп-кубаттабады. Себеби, Мустафа Кемел менен Жамал паша немистерди жаман көргөн жана Мамлекетти согуштан чыгарууну талап кылган офицерлер эле. Ошондуктан, Жамал паша командачылык менен тартышууларда Мустафа Кемелди колдоп-кубаттачу. Бирок, план ишке ашырылды. Себеби, Фоленгхейн жана башка командачылар бул пландын тууралыгына жана ийгиликтүү болоруна ишенишер эле. Мустафа Кемел менен Фоленгхейндин ортосундагы келишпөөчүлүктөр улана берди. Күндөрдүн биринде бул планды ишке ашыруу тууpасында аскерий жыйын болуп өттү. Анда кызуу тартышуулар болуп, Фоленгхейн Мустафа Кемелге карата акарат сөздөрдү айтты. Мунун натыйжасында Мустафа Кемел иштен бошонуу тууpасында арыз тапшырды. Бирок, аскерий министр Энвер анын арызын кабыл албай, ага Кавказга кайтууга буйрук берди. Бирок, ал бул жолу аскерий министрдин буйругуна моюн сунбады т.а. Кавказга кайтууну четке какты. Энвер анын бойсунбаганын жашыруу жана мындай жаман абалдан кутулуу максатында ага белгисиз мөөнөткө «оорусу себептүү» эс алууга уруксат берди. Бирок, Фоленгхейн буга каршылык билдирип, баш ийбеген кол башчынын ишин трибунал аркылуу чечүүнү талап кылды. Акыры барып, Мустафа Кемелге уруксат берүү тууpасында чечим кабыл алынды. Ал ошол убакта Халеб шаарында эле. Ал бул жерден кетерин жана акчага муктаж экенин билдирди. Анын он асыл тукум жылкылары бар эле, аларды сатмакчы болду, бирок, аларды сатып ала турган кардарды таба албады. Жамал паша ага 2000 алтын теңге берди жана Истамбулга кайтып келгенден кийин дагы 3000 алтын теңге жиберди. Бул иштерден Мустафа Кемелдин Усманий Мамлекетке каршы тургандыгы ачык көрүнүп калды.

# МУСТАФА КЕМЕЛДИН БИЙЛИКТИ АЛУУГА БОЛГОН ЧЕЧКИНДҮҮ АРАКЕТТЕРИ

Ал эми, үчүнчү окуяда маселе болгону пикир билдирүү жана моюн сунбастык эле болбостон, балким, Мустафа Кемел бийликти колго алууга астейдил киришти. Мустафа Кемел бир нече иштерди кылды. Бул иштерден ал өз пикирлерин англичандар менен байланышып ишке ашырган деп тыянак чыгарууга болор эле. 1918-жылы 3-июлда султан Мухаммад Рашид дүйнөдөн кайтты. Анын ордуна Мухаммад V наамы менен таанылган Мухаммад Вахидиддин отурду. Мустафа Кемел бийликти колго алуу кези келгенин түшүндү. Себеби, ал Вахидиддин султан боло электе аны менен Германияга сапар кылган эле жана ал жерде немис маршалы Хенденбург менен жолугушушкан болчу. Ал так мураскору Вахидиддин менен бирге Германияга барып, немис аскерий кубатын өз көзү менен көрсө, балким пикирлеринен кайтар деген максатта, аны Энвер жиберген эле. Сапардан кайткандан кийин Мухаммад Рашид көз жумуп, тактыга Мухаммад Вахидиддин отурду, Мустафа Кемел бул мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, султанды өз пикирлерине канааттандыруу жана премьер-министрлик мансабын ээлөө максатында жаңы султанга барды. Султан аны жылуу жана достук мамиледе тосуп алды. Султандын урмат-сыйы ушунчалык деңгээлге жетти дейсиң, ал тургай, султан анын чылымына өз колу менен от тутандырды. Мустафа Кемел мындай урмат-сыйдан ого бетер рухтанып, ага өз пикирлерин ачык айта баштады. Мустафа Кемел султанга: «Мамлекетке кооп туудуруп жаткан кыйроого абдан жакын калды. Ошондуктан, сиз кошуунда да башчылык кылышыңыз керек. Энвер жана немис командачыларын мансабынан четтетип, аты эле султан эмес, чыныгы султан болушуңуз, кошуунга да толук өкүмдар болушуңуз зарыл. Сизде бул иšти да башкара алууга жетиштүү жөндөм бар. Эгер сиз бул иштерди жүзөгө ашырсаңыз, Түркияны тез күндөрдө жарга кулап кетүүдөн сактап каласыз. Мындан тышкары, сиз немистер менен түзүлгөн келишимден чыгып, убакытты текке кетирбестен жарашуу келишимин түзүшүңүз зарыл», - деди. Ошондо султан андан: «Сенин бул пикирлериңе шерик боло турган башка офицерлер да барбы?» - деп сурады. Ал: «Азиретим, бул пикирлериме шерик боло турган офицерлер өтө көп», - деп жооп

берди. Бирок, султан ага эч нерсе убада кылбады. Мустафа Кемел анын алдына экинчи жолу келди. Султан бул жолу да ага эч нерсени убада кылбады. Мустафа Кемел султан алдына үчүнчү жолу келип, ага өз ойлорун айтты. Султан анын сөздөрүн унчукпай угуп турду да, ал сөзүн бүткөндөн кийин ага олуттуу жана кескин: «Мен бардык иштеримди Энвер паша жана Талъат паша менен пландаштырганмын», - деди. Кийин аны чыгарып жиберди.

Арадан эки апта өтпөстөн, султан Мустафа Кемелди чакыртты. Ал жетип келгенде, султандын алдында чиновниктер жана кээ бир немис аскерий кол башчылары отурган экен. Султан салтанаттуу түрдө жанындагыларга: «Бул мен ишенген эң таланттуу офицерлердин бири – Мустафа Кемел болот», деп тааныштырды. Кийин ага карап: «Мен сизди Сирияга командачы кылып дайындадым. Себеби, Сирия биз үчүн өтө маанилүү тарап. Мен сиздин дароо Сирияга жол алышыңызды жана аны душман колунан куткарышыңызды каалаймын. Мен сизге ишенип тапшырып жаткан бул маанилүү ишти толук аткарасыз деген үмүттөмүн», - деди. Кийин ага бир ооз сөз сүйлөөгө мүмкүнчүлүк бербей, чыгарып жиберди.

## МУСТАФА КЕМЕЛДИН СИРИЯДАН ЧЕГИНИШИ ЖАНА АНЫ АНГЛИЧАНДАРГА КАЛТЫРЫШЫ

Төртүнчү окуя: Мустафа Кемел Сирияга англичандар менен согушуу үчүн барып, ал жерлерди англичандарга тапшырып, Анадолуга чыгып кетти. Окуя тафсилаты мындай: Ал буйрукту алары менен Сириядагы командачылык штабына жол алды жана 1918-жылы августтун аяктарында жетип барды. Башкы командачы немис Лэймон фон Сандерске анын кол астында кызмат кылуу үчүн жиберилгенин айтты. Себеби, башкы командачы Фоленгхейн жазда Германияга кайткан эле. Сандерс аны Ана Фурта согушунан бери тааныганы үчүн жакшы кутүп алды. Сандерс ага коргонуу сызыгынын ортоңку бөлүгүндө жайгашкан 7-кошуунга башчылык кылууну тапшырды. Ал бул мансапты кабыл кылып алгандан кийин, бөйрөгү ооруп калганын шылтоо кылып, командачылык борбору Наблус шаарына 1918-жылы сентябрдын баштарында жетип алды. 1918-жылы 19-сентябрда англичандар чабуул башташты. Мустафа Кемел согушка кирбестен, кошуун менен

Урдун дарыясына чегинди. Кийин дарыяны кечип өтүп, калган күчтөрүп топтоп, чөл тарапка кетти. Андан кийин темир жол бойлоп Дамаскка чегинди.

27-сентябрда башкы командачы Мустафа Кемелге Раййокто жаңы коргонуу сызыгын түзүүнү буюрду. Ал бул маанилүү ишти ишке ашыруу максатында Раййокко барып, кайра артка кайтып кетти жана башкы командачыга: «Раййокто коргоо сызыгын жүзөгө келтирүүнүн пайдасы жок, себеби, саптарды тартипке салуу көп убакытты талап кылат. Жакшысы, кошуун бүткүл Сирияны таштап, Халебге карап чегиниши жана ал жерде коргонуу сызыгын тартипке салып, күргүштөп бастырып келе жаткан бул баскынчылардан Түркияны сактап калуу керек», - деди. Мустафа Кемел пикирин айтып бүткөн соң, Сандерс: «Мен бул планды ишке ашырууга буйрук бере албаймын. Кала берсе, Усманийлер империясына караштуу чоң бир жерди эч кандай каршылыксыз душмандарга даяр олжо кылып таштап кетүү жоопккерчилигин көтөрө албаймын», - деди. Ошондо Мустафа Кемел «мен бардык жоопкерчиликти өз мойнума аламын» деп, душман менен боло турган ар кандай салгылашууну токтотуп, Түркияны коргоо үчүн Халебге чегинүүгө буйрук берип, Халебге кетти жана ал жерге 6-октябрда жетип барды. Мына ушул учурда араб башчылары англис разведкасынын офицери Лоуренстин кызыктырышы себептүү, Мустафа Кемелден өкмөттү союздаштар менен келишим түзүүгө көндүрүүнү талап кылды. Мустафа Кемел Халебге жетип келгенде Искандарун булуңунда англичан кемелери көбөйүп калган эле. 14-октябрда үч торпеда кеме Искандарун булуңуна кирип келди. Алардын бири ак байрак көтөрүп, деңизге кайык түшүрдү. Анда англичан жана француз офицерлери кургактыкка сүзүп барып, түрк командачысы менен жолугушуп, анан артына кайтып кетишти. Андан кийин, торпеда кемелер булуңдан чыгып кетишти. Мустафа Кемел Халебдин түндүк тарабынан 10 мил алыстыкта коргонуу сызыгын даярдап, султанга телеграмма жөнөттү. Бул телеграммада ал Иззат паша баш вазир болуп дайындалышын, бул телеграммада аты аталган адамдардан жаңы министрлер кабинети түзүлүшүн о.э. өзүн аскерий министр жана бардык түрк кошуунуна башкы командачы кылып дайындашын сунуш кылды. Мустафа Кемел телеграммасына султандан эч кандай каршы жооп алган жок. Бир

аз убакыт өткөндөн кийин, Энвер жана Талъат кызматынан алынып, Иззат паша баш вазир болуп дайындалгандыгы жана жаңы министрлер кабинети телеграммада аты аталган адамдардан түзүлгөндүгү жөнүндөгү кабар келди. Иззат паша Мустафа Кемелге телеграмма жөнөттү. Анда мындай сөздөр бар эле: «Насип этсе, келишим шарттары жазылгандан кийин кадырман достордой жолугушабыз».

Жогоруда айтылган иштерден, Мустафа Кемел Вахидиддинди өз планына ынандыра албаган соң, ал Сирияга согушуу үчүн эмес, балким, өз планын ишке ашыруу үчүн жаңы жолдорду издеп кеткени ачык көрүнүп турат. Мустафа Кемелдин Наблуста оорусун шылтоолоп согушка кирбей коюшу, кийин Наблуста согушпастан түп-түз Дамаскка чегиниши шектүү иш. Ал эми, Сирияны англичандарга даяр олжо кылып таштап кетиши жана бул иште башкы командачынын буйругуна баш ийбегендиги, ал бул иштерди англичандар менен келишип алып кылганын көрсөтүп турат. Буга дагы Мустафа Кемелдин араб башчылары аркылуу Лоренс менен байланышып, өкмөттү согуштан чыгаруу, союздаштар менен келишим түзүшү туурасында келишүүсү; Халебде Түркияны коргоо үчүн коргонуу сызыгын даярдоону каалашы; өзү менен жалаң гана түрк кошуунун алып кетиши; Вахидиддинге жазган телеграммасы о.э. Иззат пашанын «Насип этсе, келишим шарттары жазылгандан кийин кадырман достордой жолугушабыз» деген сөзү ачык далил болот.

## УСМАНИЙ МАМЛЕКЕТТИН БАГЫНЫШЫ

Мына ошол кезде мамлекетти башкарып турган Энвер – көп согуштардан аман калып, ар тарапка чачылып кеткен күчтөрдү – душманга каршы туруу үчүн, борборго топтоого аракет кылды. Бирок, анын айланасындагылардын баары «эми кеч болду» деп эсептешер эле. Ал тургай, эң башынан бери Энверди колдоп-кубаттап келишкендер да анын саясатына ээрчүүдөн баш тартышты. Энвер багынууга мажбур болуп, жарашуу келишимин талап кылды. Союздаштар буга ыраазы болушту жана жарашуу келишими түзүлдү. Болгону келишимдин шарттарын белгилөө үчүн сүйлөшүүлөрдү алып баруу гана калды. Ошентип, Усманий Мамлекет багынды жана аны союздаштар басып алышты. Бирок, бул багынуу жана союздаштардын

Усманий Мамлекетти басып алуулары бул мамлекет эми алардын колониясына же алардын мүлкүнө айланганын түшүндүрбөйт эле. Себеби, согушта бир тарап жеңет, бири жеңилет, жеңген мамлекет жеңилген мамлекетке келишим шарттарын кабыл алдырат же эки тарап шарттарга келишишет. Жеңилген мамлекет эларалык мамилелерде жана ички-тышкы саясатында өз ордун сактап калган мамлекет катары кала берет. Бул бир жактан. Экинчи жактан болсо, бул багынуу Түркия мамлекетинин багынуусу эмес, балким, мусулмандар халифасынын багынуусу эле б.а. алардын айтымындагы «Усманийлер империясы»нын жеңилиши эле. Демек, жеңилген мамлекет Халифалык, алардын айтымындагы Усманийлер империясы болуп, Түркия мамлекети эмес эле. Ошондуктан, союздаштар жеңген тарап, Усманий Мамлекет жеңилген тарап деген этибар менен, Усманий Мамлекетке т.а. халифалык байрагы саясындагы бардык мамлекеттерге жана Халифалыктын өзүнө тиешелүү чаралар көрүлүшү керек эле.

## АНГЛИЧАНДАРДЫН ХАЛИФАЛЫК МАМЛЕКЕТИН МАЙДАЛАП ТАШТАШЫ

Бирок, англичандардын максаты Ислам Мамлекети катары Усманийлер Мамлекетин майдалап таштоо жана Халифалыкты жок кылуу эле. Алар жеңилген Усманийлер Мамлекетине карата жеңилген Германияга карата колдонгон чаралардан башкача чараларды көрүштү. Акыйкатта болсо, бул эки мамлекет тең англичандарга каршы биргеликте согушкан эле жана союздаштардын Усманийлер Мамлекети үстүнөн жетишкен жеңиши Германия үстүнөн жетишкен жеңиштин так өзүндөй болгон эле. Ошондуктан, аларга карата бирдей мамиле болушу керек эле. Бирок, англичандар Германияга карата жеңилген мамлекетке карата колдонула турган эларалык мыйзамга ылайык мамиле кылышты да, Усманийлер Мамлекетине карата болсо башкача мамиледе болушту. Согуш аяктагандан кийин Усманийлер Мамлекети бөлүк-бөлүктөргө бөлүп ташталды. Анын көп бөлүгүн англичандар ээлеп алышты. Алар ээлеп алган жерлерди согуш убагында пландаштырып коюшкан планга ылайык бөлүштүрүштү. Жеңилген Усманийлер Мамлекети жерлеринин көбүрөөгүн колго киргизүү максатында өз союздаштарына ар түрдүү айла-амалдар кылышты. Бирок, бүткүл этибарды болсо Халифалыкты жок кыла турган ыкмаларды издөөгө каратышты.

# МАЙДАЛАП ТАШТОО ҮЧҮН УЛУТЧУЛДУК ЖАНА МЕКЕНЧИЛДИКТИ НЕГИЗ КЫЛЫП АЛУУ

Англичандар мурдатан бүткүл этибарын караткан улутчулдук, мекенчилдик туйгулары Усманийлер Мамлекетин бөлүп таштоодо негизги ролду ойноду. Алар бул туйгуларды бөлүп таштоо үчүн негиз кылып алышты. Ошондуктан, алар түрк тилинде сүйлөшүүчү өлкөлөрдү бир бөлүк кылып, өз таасирлеринен пайдалануу менен түрк улутчулдугу жана Түркия эгемендүүлүгүн козгошту. Түркия Ислам мамлекетинин, алардын айтымындагы Усманийлер империясынын, башка бөлүктөрүнөн бөлүнүшүнө катуу көңүл буруп, эгемендүүлүк сөзүнө «эгемендүүлүк – бул союздаштар колониясынан азаттыкка чыгуу» деген маанилерди кошушту. Бирок, иш жүзүндө болсо адамдарды Ислам Мамлекетинин башка бөлүктөрүнөн бөлүнүп чыгууга чакырышар эле. Араб тилинде сүйлөшүүчү өлкөлөрдү да бир нече бөлүктөргө бөлүп ташташты. Англичандар араб өлкөлөрүнүн көбүн басып алган болушса да, аларды бир бүтүн абалында калтырбастан, тескерисинче, согуш убагында пландаштырылган карталарга ылайык бөлүктөргө бөлүп ташташты. Ошентип, англичандар жеңилген мамлекетти бөлүп салышты. Улуу бир мамлекетти эч кандай келишим түзүлбөстөн туруп, келишим шарттарына келишпей туруп, жеңилген мамлекетти бир нече мамлекетчелерге бөлүп ташташты. Англичандардын Ислам Мамлекетине карата колдонгон бул иштери эларалык колдонула турган мыйзамга да, мамлекеттер аралык мамилелерге да туура келбей турган иш болду. Себеби, согушта жеңишке жетишкен мамлекет жеңилген мамлекеттин жерлерин басып алышынын өзү ага басылып алынган мамлекеттин же жерлердин келечегин чечүү укугун бербейт. Себеби, жеңилген мамлекеттин келечегин эки тараптуу алып барыла турган келишим шарттары гана чече алышы мүмкүн. Буга далил, Берлин шаары союздаштар тарабынан басып алынганына 40 жылдан көп болгон болсо да, аны басып алынгандыгынын өзү анын келечегин белгилей албады. Балким, анын келечегин жарашуу келишиминин шарттары жана союздаштардын Берлин жөнүндөгү келишимдери чечти. Ошондуктан да, Англиянын Усманийлер Мамлекетин бөлүп ташташы эларалык укуктарга тескери иш болот. Себеби, англичандар бул ишти союздаштар менен келишпестен, келишим

шарттары жазылбай эле, же эч болбогондо союздаштар тарабынан оозеки ишара да кылынбай, жалгыз өздөрү кылышты. Мындан тышкары, бул мамлекеттер улуу бир мамлекет курамындагы бөлүктөр болчу. Ливия, Сирия, Ирак, Палестина, Чыгыш Урдун, Хижаз жана Яман Усманийлер Мамлекети байрагы астында болуп, анын бир бөлүгү жана вилаяттары эсептелчү. Бул вилаяттардын бирөөсү да өз алдынча болгон эмес, алардын ички-тышкы иштери да өз алдынча башкарылган эмес. Ошондуктан да, бул вилаяттар калкынын бирөөсү да мамлекеттер аралык алып барыла турган сүйлөшүүлөргө катышуу укугуна ээ эмес болчу. Бул вилаяттардагы бирер-бир шахс тарабынан кайсыдыр мамлекет менен алып барылган мамлекеттер аралык боло турган ар кандай иш мыйзамсыз эсептелип, тан алынбайт. Ал тургай, англичандар өкүмдарлык кылып жаткан жана өз коргоолору астында кармап келе жаткан Мисир да Усманийлер Мамлекетинин бир бөлүгү эле. Мисир калкы англичандардын Мисирден чыгып кетишин талап кылганда, мисирликтердин кайрадан Ислам Мамлекети — Усманий Мамлекет байрагы астына кайтышын талап кылган эле. Мустафа Кемел да англичандар Мисирден чыгып кетишин, Мисир кайрадан Истамбулдагы Халифалык Мамлекетине баш ийишин талап кылган эле. Демек, жеңген союздаштардын бул мамлекеттерге тиешелүү ар кандай иштер туурасында алып барыла турган сүйлөшүүлөрү бир гана Халифа менен т.а. Истамбулдагы мамлекет борбору менен алып барылышы керек эле. Ал эми, Хижаз жана Мекке шарифи Хусайн ибн Алийге келсек, мейли ал Халифага каршы козголоң көтөргөн болсо да, бирок баары бир ал Халифага караштуу эсептелип, анын козголоңу ага мамлекет башчысы макамын бербейт болчу, балким, ал өз мамлекети жана калкына кыянат кылган эсептелип, бул кыянаты менен мамлекет деңгээлиндеги укукка ээ боло албайт эле. О.э. Англия жана Франция Дамаск, Бейрут жана Багдад шаарларындагы араб башчылары деп этибарга алган Хусайн сыяктуу саткындар да, жеңген союздаштар менен сүйлөшүүлөр алып баруу укугуна ээ эмес. Ал тургай, алар Хусайнга караганда таасир жагынан да, мамлекеттин аларга караткан этибары жагынан да төмөн эле. Анткени, Хусайн жеңилген мамлекеттин жетекчиси катары эсептелген. Ал эми, алар болсо өз калкы жана мамлекетине кыянат кылган, душмандар үчүн

тыңчылык кылган жөнөкөй кишилер болуп, аларга сүйлөшүүлөр алып баруу укугу берилиши мүмкүн эмес эле. Бирок, Англия бул нерселерди толук билип туруп, басып алынган мамлекеттин калкы менен өлкөлөрүнүн келечеги жөнүндө сүйлөшүүлөр алып барды. Акыйкатта болсо, Англия бул алып барылып жаткан сүйлөшүүлөрдүн мамлекеттер аралык эч кандай мааниге ээ эместигин, тан алынбастыгын билер эле. Ошондой болсо да ал сүйлөшүүлөр алып барды жана мына ушундай шахстарга өз мамлекеттери атынан сүйлөшүүлөр алып баруу укугун берди. Англия мурда пландаштырып койгон планга жана мурунтан бул мамлекеттерди бөлүштүрүп койгон картага ылайык, басып алган мамлекеттеринде бекем орношуп алуу үчүн, мына ушул сүйлөшүүлөрдү жол кылып алды. Халифа менен алып барыла турган мамлекеттер аралык расмий сүйлөшүүлөр болсо экинчи даражалуу маселе болуп калды. Анткени, Халифа кулатылбай калса гана келишим шарттары Халифага жаздырыла турган болду. Эгер Халифаны кулатуу мүмкүнчүлүгү болуп калса, анда анын ордуна өздөрү койгон шахс менен сүйлөшүүлөр алып барыла турган болду. Англия мына ушундай мыйзамга тескери ишке негизделип, Ислам Мамлекетин бөлүп таштоону ишке ашырды.

Биз жогоруда айтып өткөн иштер англичандардын Ислам мамлекетин майда бөлүктөргө бөлүп таштоосуна байланыштуу болду. Англичандар өз союздаштарына карата да айла-амал иштетүү ыкмасы аркылуу Халифалыкты кулатуу жана аны майдалап таштоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. Ошондуктан, бул иш мусулмандар үчүн өтө маанилүү болбосо да, бул айла-амалдарга көңүл буруп, ушуну менен англичандардын саясий айла-амалдарын билип алышыбыз мүмкүн. Союздаштар согушка ар түрдүүү максаттарды көздөп киришти. Алар бир сапта туруп согушуп жаткан болушса да, алар бири-бирин бири-бирин душман көрүп, бири башкасына каршы жашыруун айла-амал иштетишер эле. Англия ошол доордо эларалык макамда биринчи орунда болуп, Франция, Россия, Германия жана Италия аны менен атаандашкан. Ал Германия жана Усманийлер Мамлекетине каршы согушка киргенде, башка мамлекеттерди өзү менен бирге болууга, согуштун аягына чейин туруп берүүгө кызыктыра баштады. Ошондуктан, ири мамлекеттерди жеңишке жетишкенден кийинки чоң олжолордон

үмүттөндүрүп, жашыруун союз түзүүгө киришти. 1915-жылы 26-апрелде Лондондо кол коюлган жашыруун келишимде, Италияга Түркия аймагын жана Жер Ортолук деңизиндеги ага чегаралаш аймактарды берүүнү убада кылды.

Арадан бир жыл өткөндөн кийин, 1916-жылы Англия, Франция жана Россия Усманийлер империясын бөлүштүрүп алуу жөнүндө жашыруун түрдө Сайкс Пико келишимине келишип алышты. Кийинчерээк мына ушул келишим негизинде Мустафа Кемел менен келишим шарттары түзүлдү. Бул келишим Италиядан жашырылган болчу, бирок, эч канча убакыт өтпөстөн Италия андан кабардар болуп, Усманийлер империясын бөлүп алууну, олжолорду бөлүштүрүүнү катуу талап кыла баштады. 1917-жылы 27-апрелде Англия, Франция жана Россия өз ара келишим түзүштү. Анда Измир аймагы жана Анадолудан Куниягa чейинки батыш тараптын баары Италиянын кол астындагы жерлер деп эсептелишин убада кылды. Биринчи дүйнөлүк согуш бүткөндө, Англия Истамбулду жана араб тилинде сүйлөшүүчү бардык мамлекеттерди ээлеп алууга шашылды. Франция да келишилген мамлекеттерди ээлеп алууга шашылды жана Ливанды басып алды. Англия Франциянын Сирияны да басып алышына тоскоолдук кылды. Бирок, Франция 1920-жылы Сирияны басып алды.

1919-жылы апрелде Италия Азалия шаарын жана анын айланасын басып алды. Англия буга каршылык көрсөткөн жок, бирок, ал Измир шаарын басып алмакчы болгондо Англия ага каршылык кылды. Келишилген келишимге ылайык, Италия Анадолудан батыш жээктерин басып алмакчы болгондо, Англия жана Франция «биз келишкен бул келишимге Россия ыраазылык билдирбеди» деген шылтоо менен, Италияга ал жерлерди басып алууга жол беришпеди. Франция жана Англия Россия менен келишилген келишимди бекер кылды. Италия каршылык кылганы үчүн, Англия гректерди союздаштар тарабынан өкүл катары Измирди басып алууга мажбур кылды. Англия 4 жыл мөөнөт аралыгында ар-түрдүү айла-амалдар иштетип, бардык максаттарына жетишти т.а. басып алынган жерлердин чоң бөлүгүнө ээ болду, Халифалыкты жок кылды жана эларалык майданда Исламга өлтүргүч сокку берди. Англия 2-Лозанна конференциясын өткөрдү жана муну менен көздөлгөн максаттарына эларалык түс берди.

## АНГЛИЧАНДАР ХАЛИФАЛЫКТЫ ЖОК КЫЛУУ ҮЧҮН АНЫН БОРБОРУНА ЭТИБАРЫН КАРАТЫШТЫ

Ал эми, англичандардын Халифалык борборуна бүткүл күчтөрүн каратууларынан максаты Халифалыкты жок кылууну камсыздай турган ыкмаларды колдонуу эле. Алар союздаштарын алдаганына жана басып алган мамлекеттерде бардык күч-кубатын сарптаганына карабастан, алардын бүткүл этибары Түркияга т.а. Халифалык борборуна каратылды. Ошондуктан, англичандар келишим жарыя кылынып жаткан учурда эле шашылыш аракеттер жасап, кемелери Босфор булуңун, аскерлери болсо Дарданелл кысыгын жана Түркия айланасындагы маанилүү орундарды ээлеп алышты. Француз аскерлери болсо Голта шаарын, Италия аскерлери болсо Бийро шаарын жана темир жолдорду ээлеп алышты. Англис командачысы Харингтон Түркияда союздаштардын башкы командачысы болуп дайындалды. Мына ушул себептерге ылайык, англис кошуундары Түркияны чындап басып алып, Түркия үстүнөн толук өкүмдарлык кылып калды. Ал эми Франция жана Италия болсо, Түркияны символикалуу түрдө гана ээлеп алган эсептелип калды. Муну менен жеңилген мамлекет жана жеңген союздаштар ортосундагы Түркия ички иштерине тиешелүү иштер Англияга байланыштуу чечиле турган болуп калды. Ошентип, Англия Түркиядагы оюнун аягына жеткирди. Союздаштары үчүн Түркия ички иштерине аралашууга эч кандай орун калтырбады. Англичандар келишим жарыя кылынгандан баштап эле, Халифалык Мамлекети – алардын айтымындагы Усманийлер империясы – үстүнөн өкүмдарлык кылуу үчүн ар түрдүү саясий айла-амалдарды башташты. Бардык саясий оюндарын Түркияга, өкмөттү өзгөртүүгө жана Халифалыкты жок кылууга каратышты. Ушул максатта келишим жарыя кылынган биринчи учурлардан эле Ислам Мамлекетин саясий депрессияга түшүрүп коюуга киришишти. Усманий Мамлекеттен жарашуу келишимин кабыл кылып алышты, Талъат жана Энвер менен келишим түзүштү. Англичандардан келишим шарттарына келишүү үчүн сүйлөшүүлөр алып баруу талап кылынганда болсо, алар Талъат жана Энвер менен сүйлөшүүлөр алып бара албашын жарыя кылышты. Буга Талъат менен Энвер Усманийлер Мамлекетинин согушка киришинде негизги жооптуу адамдар экендиктерин шылтоо кылышты. Ушуну менен бирге,

жаңы министрлер кабинетин түзүүнү талап кылышты. Мустафа Кемелдин Халеб шаарынан жиберген, маршал Иззат пашаны баш вазир кылууну сунуш кылган телеграммасы дал ушул убакытта жетип келди. Иззат паша жаңы министрлер кабинетин түздү жана Халебдеги Мустафа Кемелге телеграмма жөнөттү. Анда мындай сөздөрдү айтты: «Келишим шарттары жазылгандан кийин кадырман достордой жолугушууну үмүт кыламын». Бир караганда союздаштар жана Мустафа Кемел тарабынан бир убакытта, бирдей темада мындай сунуштардын сунушталышы кокустан бир дал келип калгандай көрүнөт. Бирок, кийинчерээк болуп өткөн окуялар алардын кокустан дал келүүчүлүк экенин жокко чыгарат. Эмнеси болсо да, Иззат паша келишим шарттарын түзүү үчүн сүйлөшүүлөрдү баштап жиберди. Ошол кезде «эгер тезинен союздаштардын бири менен келишим түзүлсө, анда мамлекет түшүп калган кыйын акыбалдан чоң зыян көрбөстөн кутулуп кетиши мүмкүн» деген пикир өкүмдар эле. Мындан тышкары, Усманийлер Мамлекети ичинде англичандарга карата жакшы ойдогу адамдар бар болуп, «англичандар биз тарапта, алар Усманийлер Мамлекети согуштан чыкканына чектелип, тынчтык сүйөр мамлекет катары жашап калышына ыраазы болушат» деп ойлошкон. Ошондуктан, алар союздаштардын катуу чабуулдарын токтотуп коюуга жана Дарданелл кысыгын ээлешине бөгөт коюуга аракет кылышты. Ушул максатта, алар Кувт-ул-Аммара шаарында абакта жаткан туткун англис генералы Товинсондду боштондукка чыгарып, аны ортомчу кылышты. Дарданелл кысыгынын кире беришинде жайгашкан Мудрос портуна кирип алган англис флотунун командачысы Калсурбдан – союздаштар менен сүйлөшүүлөр болгонго чейин – согушту убактылуу токтотуп турушун сураныышты. Бирок, алардын талаптары четке кагылды. Англичандардан үмүтү үзүлгөндөн кийин, багынууга мажбур болушту. Сүйлөшүүлөр флот адмиралы Калсурб түшкөн «Субр» аттуу кемеде, өтө кыска мөөнөт ичинде, союздаш Франция күчтөрү менен кеңешип алууга мүмкүнчүлүк болбой турган убакытта алып барылды. Ошентип, англичандар союздаштардан тышкары жалгыз өздөрү Усманийлер Мамлекети менен келишим түздү. Бул келишим 1918-жылы 30-октябрда болуп өттү. Ошондон кийин, англичандар Түркиянын маанилүү жерлерин ээлеп, Франция жана Италияга кээ

бир жерлерди гана калтыргандан кийин, алар союздашы болгон француздарга кабар беришти. Келишим түзүлгөндөн бир ай өтпөстөн, англичандар Халифадан Иззат пашаны баш вазирликтен четтетүү жана жаңы министрлер кабинетин түзүүнү талап кылышты. Себеби, Иззат паша башкарган министрлер кабинети Талъат жана Энвер туурасында чыгарылган токтомго жоопкер эле. «Талъат менен Энверди иштен четтетүү эле эмес, балким, аларды туткунга алуу жана союздаштардын колуна тапшыруу керек эле. Себеби, келишим шарттарында көрсөтүлгөндөй, бул согушка жооптуу болгон адамдар союздаштарга тапшырылышы керек эле» деп шылтоо кылышты. Ошентип, англичандар Халифа үчүн саясий кризистерди пайда кыла башташты.

## АНГЛИЧАНДАРДЫН САЯСИЙ ИШТЕР МЕНЕН МЫЙЗАМ ТАЛААСЫНДА ХАЛИФАЛЫКТЫ КУЛАТУУГА АРАКЕТ КЫЛУУЛАРЫ

Англичандар Халифалыкты кулатып, эч кандай куралдуу козголоңсуз мыйзамдуу жолдор менен республикалык мамлекет түзүү максатында эле. Ошондуктан, алар жалаң гана саясий ыкмаларды колдоно башташты. Халифа Иззат пашаны баш вазирликтен четтеткенден кийин, Тавфик пашага жаңы министрлер кабинетин түзүүнү тапшырды. Тавфик паша англичандардын малайларынан экендиги баарына белгилүү эле. Ал халифа Абдул-Хамид доорунда жогорку кызматтарда иштеп, кийинчерээк Лондондогу Усманийлер Мамлекетинин элчиси болгон. Англичандарга дос болуп, алардын ыраазылыгына жетишкен. Бирок, ал министрлер кабинетин түзүп жатканда 80 жашта болуп, ага жүктөлүп жаткан бул вазыйпаны аткара албас эле. Ошондуктан, англичандар аны министрлер кабинетин түзүшүнө канааттанышпады. Бирок, алар Тавфик пашаны баш вазирликтен четтетип, анын ордуна башканы алып келүүдөн мурда «өкүлдөр жыйыны» деп аталган депутаттар палатасын таркатып жибермекчи болушту. Себеби, ал Усманийлер Мамлекетинин т.а. Халифалык Мамлекетинин бардык вилаяттарынан шайланган депутаттардан түзүлгөн эле. Демек, ал Түркия депутаттар палатасы эле эмес болчу. Кала берсе, анын көпчүлүк мүчөлөрү «Жаш Түркия» жана «Биримдик жана Өнүгүү» т.а. Талъат, Энвер

жана Жамал пашалардын партияларына таандык шахстар эле. Бул партиялар Халифалыкты жана бүткүл Усманийлер империясын т.а. Усманийлер Мамлекетин сактап калууну каалашып, Халифалыкты жок кылуу жана Түркиядан башка вилаяттарды бөлүп жиберүүгө ыраазы эмес эле. Мындан тышкары, англичандар Ислам өлкөлөрүндө саясий боштукту пайда кылмакчы болду. Парламентти таркатуу мына ушул саясий боштукту пайда кылууга жардам берер эле. Ошондуктан, алар парламентти таркатууга астейдил киришишти. Англичандар оболу парламентти султан тарабынан болгон буйрук аркылуу эмес, балким, конституциялык жол менен таркатып жибермекчи болушту. Мына ушул орунда Мустафа Кемел бул ишке конституцияга негизделип аракет кылып көрдү. Бирок, бул урунуу ийгиликсиздикке учурады. Ошондон кийин султан күтүүсүздөн буйрук чыгарып, парламентти таркатып жиберди. Султан бул ишти англичандарды канааттандыруу үчүн басым астында кылганы көрүнүп турат.

Мунун баяндамасы төмөндөгүдөй: Тавфик паша министрлер кабинетин түзгөндөн кийин, конституцияга ылайык, ал парламенттин ишенимине ээ болушу керек эле. Ишенимге ээ болуу жыйыны чакырылышы алдында Мустафа Кемел Халеб жана Анзадан Истамбулга кайтып келип, депутаттарды ага ишеним көрсөтпөөгө чакырды. Депутаттар палатасынын көпчүлүгүн түзгөн «Биримдик жана Өнүгүү» партиясы мүчөлөрүнөн анын достору бар болуп, алардын арасында Фатхийбек кадыр-барктуу эле. Ошондуктан, ал бул жыйынга тезирээк жетип барууга аракет кылды. Фатхийбек ага бир нече депутаттарды топтоп берди. Мустафа Кемел алар менен жыйындар залына коңшулаш бөлмөдө кеңеше баштады. Мустафа Кемел аларга өз сунуш жана пикирлерин т.а. министрлер кабинетине ишеним билдирбөөгө добуш берүүнү айтты. Бирок, алар министрликке ишеним добушун бербөө акыры барып парламентти таркатып жиберүүгө алып барышын айтып, каршылык кылышты. Ошондо ал максатын жашыра албастан: «Парламенттин тезинен таркатылышы абдан жакшы иш болот. Биз муну менен убакыттан утабыз жана өзүбүз каалагандай министрлер кабинетин түзүп алабыз», - деп жооп берди. Ошол учурда жыйын коңгуроосу кагылып, депутаттар жыйындар залына кирип кетишти. Кийин добуш берүү башталды

жана жыйын башчысы натыйжаны жарыя кылды. Көпчүлүк добуш Тавфик пашанын министрлер кабинетине ишеним билдирүү тарабында экендиги маалым болду.

Мустафа Кемел мындан кабар таап, парламент имаратынан чыгып, үйүнө карап жол алды. Жолдо сарайга телефон чалды жана мүмкүн болушунча тезирээк султан менен жолугушууну суранды. Султан Вахидиддин анын бийликке жетүү үмүтүндө жүргөнүн да билчү. Бирок, султан Мустафа Кемелдин артында чоң күч бар экенин сезер эле жана кошуун ичинде да күчтүү таянычтары бар, бул аркылуу кошуунга да таасир эте алат деп ойлор эле. Вахидиддиндин бирден-бир санаасы тактысын сактап калуу болуп, ага көбүрөөк Мустафа Кемел тарабынан коркунуч бар деп тынчсызданат эле. Ошондуктан, ал жолугушууну талап кылганда, дароо жолугушууга ыраазы болду. Бирок, султан жолугушууну жума күнүнө белгиледи. Анын бул күндү белгилешинен максат, жума күнү халифа калк менен жолугуша турган күн эле. Мустафа Кемел калк алтында султан менен бирге экендигин жарыя кылып, келгендер алдында халифага достугун көрсөтсө жана аны менен бирге жума намазын окуса, мына ошондон кийин гана халифа анын жалгыз өзүн кабыл алып укмакчы болду. Жума намазы окулгандан кийин, султан аны салонго чакырды. Муну менен жолугушууну создуктурууну каалады. Жолугушуу бир саатка созулду. Султан андан: «Мен анык билемин, кошуундагы командачылар жана офицерлер сага ишенишет. Сен кошуундун мага каршы чыкпашына кепил боло аласыңбы», - деп сурады. Мустафа Кемел: «Султаным, мен келечек жөнүндө эч нерсе айта албаймын. Бирок, азыркы күн жөнүндөгү пикирим, командачы жана офицерлердин тактыга каршы чыгууга эч кандай негиздери жок жана мына ушул нерсени анык айта аламын, сиздин кошуундан кооптонушуңузга эч кандай негиз жок», - деп жооп берди. Ошондо султан: «Мен сенден бүгүнкү күн жөнүндө сурап жатканым жок, мен келечекте эмне болушу жөнүндө билүүнү каалаймын», - деди. Мустафа Кемел бул суроого эмне деп жооп бергени маалым эмес. Бирок, белгилүүсү, Мустафа Кемел султанга кээ бир сөздөрдү айтып, анын көңүлүн тынчтандыргын. Бул султандын ага: «Сен акылдуу кол башчысың, сен досторуңду тынчтандырып, акыл менен иш кылууга чакырып, аларга таасир этүү мүмкүнчүлүгүнө ээ кишисиң», - деп айткан

сөздөрүнөн көрүнүп турат. Султан менен Мустафа Кемелдин ортосунда ээндикте болуп өткөн бул жолугушуу сарайдагылардын этибарын өзүнө тартты жана алар андагы сырлардан кабардар болууга аракет кылышты. Бирок, халифа Мустафа Кемел менен жолугушуу өткөргөн күнү, мейли ал күн жума күнү болушуна карабастан, жолугушуу жума намазынан кийин болсо да, парламентти таркатып жиберүү жөнүндө – жаңы парламентти шайлоо күнүн дайындабай туруп – буйрук чыгарды. Бул буйрук баары үчүн күтүүсүз жана эч бир негизсиз иш болду. Аны таркатып жиберүү үчүн эч кандай негиз жана мыйзамдуу себеп көрсөтүлбөдү. Ошондуктан, адамдар «Мустафа Кемел султанга кеңеш берип, ага таасир өткөрө алган жана султан парламентти таркатып жиберди» деген ойго барышты. Бирок, парламенттин таркатып жиберилишинде ишке ашкан окуялар анын таркатылышы Мустафа Кемелдин таасири менен ишке ашкандыгын көрсөтүп турат. Т.а. парламенттин таркатып жиберилиши султан Мустафа Кемел менен жолугушкан күнү ишке ашырылган болсо да, аны менен султан арасында болуп өткөн сөздөр себептүү парламент таркатып жиберилиши мүмкүн эмес эле. Себеби, парламентти таратып жиберүү мурдатан даярдап коюлган тартиптерге муктаж болот. Кала берсе жолугушуу жума күнү т.а. дем алыш күнү болгон. Мындан тышкары, Мустафа Кемел султан менен согуш аяктап, келишим түзүлгөндөн кийин биринчи жолу жолугушту. Ал султанга, ар канча таасир өткөрө алган болсо да, султан анын талаптарына мынчалык бат эле ыраазы болушу мүмкүн эмес эле. Ошондуктан, окуялар көрсөтүп тургандай, парламентти таратып жиберүү жолугушуудан мурда даярдап коюлган жана парламенттин буйрук аркылуу таркатып жиберилиши султандын каалоосунан сырткарыдагы күч аркылуу т.а. англичандар тарабынан ишке ашырылган. Себеби, алар халифа үстүнөн да, мамлекет үстүнөн да басып алышканы себептүү түздөн-түз өкүмдар эле. Эмне болгондо да, парламенттин таратып жиберилиши мамлекетте чоң ызы-чуу жана ташбиштерди пайда кылды. Адамдар арасында «Биримдик жана Өнүгүү»чүлөр өз тарапкерлерин Кичи Азияда ыңкылап кылуу үчүн куралдантышууда» деген кеп-сөздөр күчөп кетти. Бул сөздөр «Биримдик жана Өнүгүү»чүлөр үчүн катуу сокку болду. Бул тополоң арасында Тавфик паша жоголуп кетти,

анын ордуна «англис жентельмени» наамына ээ болгон дамад Фарид паша отурду. Дамад Фарид паша султандын күйөө баласы эле. Бирок, Мустафа Кемел Бийро шаарынын четинде жайгашкан Шайлий шаарында бир үйдү ижарага алып, карапайым жарандай жашай баштады. Саясатка аралашпай, унчукпай жүрдү, кээ бир интеллигенттер жыйындарында кез-кез көрүнүп калат эле. Бирок, дайыма өзүн өтө этият алып жүрчү. Анын сөздөрүнүн бирер ишке тиешеси болбос эле жана бир да адам анын султан мененби же ага каршыбы – муну билбес эле. Бирок, султан анын пикир жана максаттарынан кабардар болгон. Ошондуктан, султан кээде ага каршылык кылып, кээде өз айланасындагы адамдарга карата: «Мустафа Кемел түрктөрдү султан үй-бүлөсүнөн иренжитип, тактыдан түшүрүү максатында, мени менен элдин ортосунда душмандык пайда кылууну каалайт» деп, ага каршы чабуул кылчу. Бирок, анын саясий иштерден четке чыгып алганы султандын ага каршы чара көрүшүнө жол бербес эле. Ошондуктан, көпчүлүк Мустафа Кемелге каршы душанчылык кылганы үчүн султанды каралар эле. Дамад Фарид паша министрлер кабинетин түзгөндөн кийин жана англичандар ага ыраазы экендиктерин, аны кабыл алышканын билдиришкен соң, султандын коркунучу арта баштады жана өз тактысын англичандардын жардамы менен гана сактап кала аламын деп ойлой баштады. Бул иште мага дамад Фарид паша жардам бере алат деп ойлоду. Султан жана Фарид паша англичандарды ыраазы кылуу үчүн бардык жолдорду колдонушту. Ушул максатта «Англичандар достору» аттуу коом түзүштү. Өкмөт бул коомдон эч кандай жардамын аябады. Англичандар да бул коомду алтындар менен толтуруп ташташты. Бирок, бардык адамдар, айрыкча жаштар, кошуун офицерлеринин көпчүлүгү англичандарды жаман көрөр эле жана баскынчылардан өч алууну каалашар эле.

Ошентип, султан менен баш вазир англичандар колтугуна кирип алды жана аларга толук сүйөнүп алышты. Англичандар союздаштар армиясынын башкы командачысы, англис генералы Харрингтондун алдына мамлекеттеги саясий иштерди башкарып туруу үчүн Истамбулда жогорку өкүл кылып дайындашты. Англистер султанга өз пикирлерин айтып, аны өздөрү каалагандай башкарышар эле. Султан саясий бийлигин жоготуп, абакта же камалда калган адамдын абалына түшүп калды. Иш жүзүндө бийлик союздаштардын – туурараагы, Британиянын жогорку өкүлү, генерал Харрингтон аркылуу англичандар колунда болуп калды.

## САЯСИЙ БОШТУКТУ ПАЙДА КЫЛУУДА АНГЛИЧАНДАРДЫН ОРДУ

Англичандар мамлекетте саясий боштукту пайда кылып, аны өздөрү каалагандай кылып толтурмакчы болушту. Алар бул максаттарына жетишүү үчүн, сыртынан мамлекеттеги саясий иштерди калктын өзүнө таштап койгондой көрүнүштү да, негизи, саясий иштерди жүзөгө ашырууда малайларды ишке салышты. Жергиликтүү калктын мамлекетти башкара албашын көрсөтүп коюу үчүн, өздөрү парда артына өтүп алып, жасалма түрдө мамлекетте башаламандыктар жана саясий туруксуздуктарды чыгарып туруштү. Боштукта коом сенек абалга түшүп калат. Т.а. кандайдыр бир күч-кубат бар болот, бирок, бул кубат өзүнө ылайыктуу көрүнүшкө жана өзүнө ылайыктуу кудуретке ээ болбой калат.

Боштук үч түрдүү болот: саясий боштук; аскерий боштук; стратегиялык боштук.

Мамлекет туруксуз жана тартипсиз болуп, анда саясий башаламандыктар жана туруксуздуктар өкүмдар болсо, бул саясий боштук деп аталат. Мында иштей алышы үчүн мамлекетке бул боштукту толтуруу өтө зарыл болуп калат. Англичандар Усманийлер Мамлекетин басып алышкандан кийин, аны Түркия аймагына чектеп коюшту жана аны ушул аймактын гана саясаты менен иштерин башкара турган кылып коюшту. Муну менен мамлекетте саясий күч пайда болду. Бирок, англичандар бул саясий күчтү мамлекетке ылайыктуу көрүнүштө кудуретке ээ эместей кылып көрсөтүп, аны башкаруу жүгүн көтөрө албай турган жана бекем тура албай турган кылып көрсөтө турган иштерди кыла башташты. Мына ушул себептүү, алар башаламандыкты жана туруксуздукту жүзөгө келтирүү үчүн парламентти таркатып жиберүү айла-амалын кылышты. Кийин адамдарды туруксуздукту пайда кыла турган саясий иштер менен алек кылып коюшту. Чындыгында эле парламентти таратып жиберүү башаламандык жана тос-тополоңго себеп болду. Адамдар өкмөттү башкаруу жүгүн мамлекет көтөрө албай жатканын сезе башташты. Ушул себептен улам, мамлекеттеги көрүнүктүү адамдардан түзүлгөн бир жамаат мындай абалды жоюуга аракет кылды.

1918-жылы 29-ноябрда йемендик врач жана саясатчы доктор Асъад борбордо мекенчилдик конференциясын өткөрүүгө чакырды.

Бул конференция 8 саясий партияны жана көптөгөн майда топторду мамлекеттеги абалды талкуулоо үчүн топтоду. Анда бир нече жыйындар өткөрүлдү. Кийин эч кандай натыйжасыз тарап кетти.

30 мурунку чиновниктерден турган «Мекен биримдиги» деген уюм түзүлдү. Бул жамаатка мурунку депутаттар жыйынынын башчысы жана «Жаш Түркия»нын негиз салуучусу Ахмад Ризо жетекчилигинде топтолушту. Бирок, бул жамаат да эч кандай натыйжага жетише албады. «Биримдик жана Өнүгүү» партиясынын мүчөлөрү да бир нече иштерди кылышты, бирок, бул иштер да эч кандай натыйжа бербеди. Ошентип, адамдар мамлекеттин бар экенин, бирок, ал өкмөт жана саясат иштерин башкара албай жатканын сезе башташты. Саясатчылар бир нече жамааттар жана шахстарга айланып калышты, бирок, алардын ортосунда ырааттуулук жана биримдик болбоду. Натыйжалуу саясий иштерди аткаруу үчүн көптөгөн аракеттер болду, бирок, алар ийгиликсиз аяктап, акыры токтоп калып жатты. Мамлекетте саясий боштук ачык көрүнүп калды жана ар бир адам сезе баштады. Стабилдүүлүктү жүзөгө келтирип, мамлекет иштерин башкарууда жана саясий жүктөрдү көтөрүүдө султанга жардам бере турган, султан кеңеш алуу үчүн кайрыла турган Үммөт көсөмдөрүнөн түзүлгөн межлис жок болду. Үммөт менен байланыша турган, саясатчылар менен жарандардын мамилесин тартипке сала турган о.э. саясат жана мамлекет ишерин аткара турган өкмөт да жок болду. Адамдар менен пикир бөлүшө турган, коомдук мамилелерди тартипке сала турган жана саясий иштерди кыла турган Халифа да жок болду. Т.а. парламент таркатып жиберилди, министрлер кабинети иштебей калды, халифа болсо камактагыдай абалда калды. Ошондуктан, саясий боштук көрүнүп калды т.а. мамлекеттин бар экенин, акимдердин бар экенин адамдар сезип турган болушса да, мамлекеттин иш жүргүзө албашы жана бекем тура албашы көрүнүп калды. Стабилдүүлүктүн жоктугу, башаламандыктар жана саясий туруксуздуктар да көрүнүп калды. Мамлекетте көрүнүктүү кишилер көп экендигине карабастан, өз ара пикирлер жана кызыкчылыктарда келишпестиктер бар экени себептүү, алар саясий боштукту толтура алышпады. Себеби, талкуулар жана чакырыктардын өзү, эгер натыйжа бербесе, саясий

вужудду пайда кыла албайт жана саясий боштукту толтура албайт. Натыйжа мындай болушу керек. Саясий вужуд мамлекетти анын үстүнө ташталган жүктөрдү көтөрүүгө, иш жүргүзө алууга, бекем тура алууга мажбур кылат же өзү бийликке жетишип, жоопкерчиликти, иш жүргүзүүнү жана бекем тура алууну өз мойнуна алат. Ал эми натыйжасыз саясий чакырык жана сүйлөшүүлөрдүн өзүнө чектелип, мамлекетти мына ушундай алсыз абалда, ушундай башаламан жана туруксуз акыбалында таштап коюу – мындай абалдагы саясий чакырык жана сүйлөшүүлөр тегирменди айлантып жаткан эшектин айланышына окшогон, бир чекит айланасындагы аракет жана жемишсиз мээнет болуп кала берет. Эч канча өтпөстөн анын ийгиликсиздиги көрүнүп, ачылып калат. Ошондуктан, мамлекеттеги көрүнүктүү кишилердин урунуулары жана партиялардын аракеттери натыйжа бербеди. Бул шумдуктуу саясий боштук 6 айга, 1918-жылдын ноябрынан 1919-жылдын майына чейин созулду.

Бул учурда англичандар мамлекетте көз карандысыздык; калктын өз укуктарын өзү аныктоосу; Америка америкалыктардыкы болгондой, Түркия түрктөрдүкү болушу керек; жаңы мамлекет заманбап негиздер үстүнө курулушу керек деген идеяларды көтөрүштү. Бул пикирлер адамдар арасында, өзгөчө Истамбулда жаштар жана офицерлер арасында жайылтылды. Англичандардын бул пикирлерди таркатуу жана аларды колдоп-кубаттоочуларды пайда кылуудагы күчүн билүү үчүн, алардын Усманий Мамлекет бар убакытта кылган иштерин көрүп чыгуу керек. Ошол убакта алар улутчулдук ураандарын жана эгемендүүлүк наамы менен бөлүнүп чыгуу чакырыктарын таркатышкан эле. Муну менен алар Балканда таасир этип, ал жерде башаламандыктар жана туруксуздуктарды пайда кылышты, бул иштер Усманий Мамлекеттен анын көптөгөн бөлүктөрү бөлүнүп чыгышына алып келди. Дагы алар түрк жана арабдар ортосунда да улутчулдук жана эгемендүүлүк ураандарын таркатып, бир мамлекет жарандарын экиге бөлүп ташташты. Бул иштерди кылышкан ошол убактарда алардын чакырыктары менен малайларынан башка каражаттары жок эле. Азыр болсо алар мамлекетти басып алып, анын бардык иштерине өкүмдар болуп турушканда о.э. султан жана баш вазир алардын колунда куурчак болуп турганда, андай

пикирлерди таркатууну ого бетер күчөтүштү. Муну менен өтө көп адамдарга бул пикирлерди жеткире алышты.

Мындан кийин Мустафа Кемел аракеттене баштады. Бирок, аракети өтө жашыруун болуп, аны эч ким сезбей калды. Бул учурда көпчүлүк аны султандын досу деп ойлочу. Анын өкмөткө каршы фитна кылып жатканы же ага ыраазы эместиги таптакыр билинчү эмес. Ушул себептен улам, ал аракеттерин жашыруун алып барды. Баскынчыларга каршы  күрөш жана мамлекетти куткаруу максаты негизинде аста-секин жамаат түзө баштады. Бирок, ал жакындары менен максаттарын ачык сүйлөшкөн. Айтымдарга караганда, бир жолу ал Истамбулда өзүнө эң жакын болгон жамаатка пландарын түшүндүрүп, мындай деген: «Өкмөт токтом кабыл алууда эркин эмес, султандын туткундан айырмасы жок. Улуттук өкмөттүн борбору ичкери Анадолуга көчүшү керек, ал жерден туруп мамлекет калкты улутчулдук аракетине кошулууга кызыктыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Кооп-коркунуч астында калган султан тактысы улутчулдук аракети натыйжасында баскынчылар колунан кутулат. Европа калктары менен кагылышпоо үчүн бүткүл күч-аракетти сарптоо керек. Себеби, биз алып бармакчы болгон аракет тынчтык аракети… Эң оболу султанды куткарышыбыз керек… Дамад Фарид пашанын өкмөтү жөнүндөгү бирер жакшы кеп айта албаймын. Ошондуктан, бул өкмөттү кулатуу, шексиз, мекенчилдик иштеринен болот деп ойлоймун».

Мустафа Кемел бул иштерине кошуун командачыларын да тартуу аракетин кошту. Бирок, буга жетише албады жана кийинчерээк бул иштен үмүтүн үздү. Себеби, мурун ага башка кошуун командачылыгына жана мамлекет министрлигине дайындалышын арзуу кылбашы жөнүндө айтылган эле. Ошондуктан унчукпастан, нааразылыгын билдирбеди. Халифага жана өкмөткө берилген адамдай көрүнүп жүрө берди. Өзүнө жардамчылар топтоп, эгемендүүлүк идеологиясын жайып, «эгемендүүлүккө аракет менен жетишилет, ал башкалар тарабынан белек кылып берилбейт» деген ж.б.у.с. Батыш пикирлерин, өзгөчө англичандар таркатып жаткан пикирлерди таркатуудан башка эч нерсе кылбады.

# АНГЛИЧАНДАР САЯСИЙ ЖАНА МЫЙЗАМДЫК ЫКМАЛАРЫН ӨЗГӨРТТҮ

Мустафа Кемел 1919-жылдын март айына чейин пикир таркатуу, өз тарапкерлерин топтоо менен гана алек болду. 1919-жылы март айында союздаштар өз максаттарына жетишүү үчүн ыкмаларын өзгөртө баштаганда, Мустафа Кемел да өз аракетин баштады. Союздаштардын саясий боштуктарды пайда кылып, өз адамдарын мыйзамдуу жана шаръий жолдор менен бийлик башына алып келүү максаттары ийгиликсиздикке учураган соң, эми алардын башкы максаты Түркияны Усманийлер Мамлекетинен ажыратып алуу, Халифалыкты кулатып, Түркия жумуриятын (республика) тикелөө болду. Союздаштардын алып барып жаткан иштери саясий, революциялык, эларалык мүнөздө эле. Англияны бул иштерди жүзөгө ашырууга мажбур кылган экинчи себеп Италиянын Измир шаарын, Франциянын Киликилияны басып алууга киришип калганы болду. Англия союздаштарга каршы Түркиянын өзүнөн иш баштабаса, ал Түркиядагы өз пландарын ишке ашыра албашын, ушуну менен бирге Итилия жана Франциянын Англия менен атаандаштыгы Англияны стратегиялык нукталардан алыстатып жиберишин да билди. Себеби, Италия 1919-жылы апрель айында Азалия жана ага караштуу аймактарды, Югославиянын бир бөлүгү болгон Файюм (азыркы Рияка) шаарын басып алгандан кийин, союздаштар атынан Измир шаарын да басып алууга аракет кылды. Италиянын бул ишине Англия жана Франция каршы чыгып, Анадолунун батыш жээги болгон Измир шаарын Италия басып алышына жол койбоого келишип алышты, ал тургай, алар Италиянын Азалияны басып алганына да каршы чыгышты. Себеби, Италия Азалияны басып алуу менен Жер Ортолук деңизинин чыгыш тараптарына толук өкүмдар болуп калар эле. Англия, Франция, Италия жана Россия ортосунда келишилген Италиянын Измирди жана батыш жээкти басып алышы жөнүндөгү келишимге Россия ыраазы болбой согуштан чыккандыгын шылтоолошуп, бул келишимди бекер деп эсептешти жана эми гректердин Измирди басып алышы туурасында жаңы план түзүштү.

Англичандар бир тараптан бул планды ишке ашырууга киришкен болушса да, экинчи тараптан, ушул эле учурда, Кичи Азиянын ичинде жайгашкан Анадолу шаарында тартипсиздиктер,

талап-тоноолор күчөп, кошуун сабынан бошотулган кээ бир топтор мамлекеттин түрдүү жайларында каалаган иштерин кылып жүрүшкөнүн, ал жерде мыйзамды коргоо, тынчтыкты орнотуу жана тартип бузарларга сокку бере турган күчтү пайда кылуу зарылдыгын шылтоо кылып, Англия Истамбулдагы өкмөттөн тынчтыкты бекемдөө, өкмөт айбатын кайра тикелөө үчүн ал жерлерге өкмөткө берилген, күчтүү бир адамды жиберүүнү талап кылды. Бул ишке ылайыктуу адам Мустафа Кемел болушу мүмкүндүгүнө шилтеме да кылып койду. Бул маселе боюнча аскерий министрликтен кеңеш суралды. Биринчи кеңешчи Жавад паша буга ыраазылык билдирди. Жавад паша Мустафа Кемелдин пландарынан кабарсыз эле. Бирок, аскерий министр Мустафа Кемелдин пландарынан кабардар болгондуктан, анын ниеттерине шектенүү менен карачу. Ушуга карабастан, ал да ыраазы болду жана Мустафа Кемелге бул кабарды жеткирди. Бул кабар ага жетип келгенден кийин, ал аскерий министрликтен чыгыш аймактагы тартипсиздиктерди тезирээк жоюуга зарыл болгон чараларды көрүү үчүн өзүнө кеңири укуктар берилишин жана ар бир сөзү ишке ашырылышын талап кылды. Анын бардык талаптарына аскерий министрлик ыраазы болду. Мустафа Кемел ушул убакытка чейин унчукпай жүргөн эле, анын султанга да, өкмөткө да душмандыгы сезилбес эле. Себеби, ал өз тарапкерлерин өтө жашыруун түрдө топтоп жүргөн. Мустафа Кемелдин кеңири укуктарды алууга умтулушу ушунчалык даражага жетип барды дейсиң, ал аскерий министрлик тарабынан жиберилген көрсөтмөлөрдү да өзү көздөгөн планга ылайык оңдоп, кийин, баш вазир дамад Фарид пашага сунуш кылды. баш вазир бул көрсөтмө менен дээрлик таанышып чыкпастан эле кол коюп, аскерий министрге сунуш кылды. Аскерий министр бир аз экиленип, мөөр басып берди. Бул көрсөтмөнүн нускалары Британия башкы коммисарына, союздаштар кошуунунун башкы командачысы Харрингтонго жана союздаштар кошууну офицерлерине жиберилди. Бул орунда этибар кылуу керек болгон нерсе, Англия гана бул тартипсиздиктерди бастыруу маселесине катуу көңүл бурган. Франция болсо бул жеңилген мамлекетте коркунучтуу тартипсиздиктер болушун күтпөс эле, ошондуктан, бул ишке эч көңүл бурбады. Кыскасы, Мустафа Кемел көрсөтмөлөрдү алгандан

кийин жана өзү каалаган укуктарды колго киргизгенден кийин, 15-майда «Анабли» аттуу чакан кемеде Кара Деңиз аркылуу Самсунга жетип алуу максатында Анадолуга сапар кылды жана Истамбулдан чыгып кетти.

Бул арада т.а. 1919-жылы май айынын экинчи аптасында, союздаштардын келишим шарттарынын 7-беренесине ылайык, англичандардын Измир шаарын басып алуулары жөнүндөгү кабар Усманийлер өкмөтүнө жетти. Бул беренеге ылайык, англичандардын кызыкчылыктарына коркунуч жете турган болсо, алар Измирди басып алышына укук берилген эле. Баш вазир дамад Фарид паша Измир валийине көрсөтмөлөр берди. Аскерлер өз казармаларында калышы керектиги, эгер шаар калкы нааразылыктар уюштуруп, каршылык кылмакчы болушса, аны күч менен болсо да бастыруу зарылдыгы жөнүндө буйрук берди. 1919-жылы 14-майда Измир сууларында англис флоту пайда болду. Анын адмиралы Калсурб болчу. Ал Измир валийине союздаштар кошууну тез күндөрдө кургактыкка чыгышы жөнүндөгү кабарды жеткирди жана андан бул ишке даярдык көрүүнү талап кылды. Кийин болсо валий менен жолугушууну талап кылып элчи жиберди. Валий анын алдына келгенде, ага мындай сөздөрдү айтты:

- Азыр гана мен гректер Измирди басып алуулары жөнүндө буйрук алдым, - деди.

Муну уккан валий өзүн жоготуп, уккан сөздөрүнө ишенгиси келбей, адмиралга тигилип калды. Көз жаштарын тыя албастан, муунган жана айбыккан үн менен:

- Гректер! Гректерби! Измирди басып алат бекен? - деди. Адмирал буга жооп кылып:

- Парижден мага ушундай буйрук келди, - деди. Ошондо валий:

- Мен бул ишке жоопкер боло албаймын. Муну менен бирге, мен келечекте эмне иштер болуп кетишин да айтып бере албаймын, - деди. Ошондо англис адмиралы ага карап:

- Гректерден башкалар Измирди басып алышы мүмкүн эмес! Түшүндүңбү? - деди. Буга валий жалына жооп кайтарып:

- Андай болсо силердин кошуунуңардан эч болбосо ЗОО аскер сураймын, алар шаарга гректер менен бирге киришсин. Аларды көрүп, мусулмандардын көңүлү тынчтансын жана бул басып алуу

гректер тарабынан эмес, балким, союздаштар тарабынан болуп жатат, муну менен бирге, бул убактылуу басып алуу деп, аларга түшүндүрүшүм оңой болот, - деди. Ошондо адмирал:

- Андай болушу мүмкүн эмес - деп, кыска жооп менен сүйлөшүүнү үзүп койду.

1919-жылы 15-май күнү эртең менен (ушул күнү Мустафа Кемел англичандар жана Усманийлер өкмөтү тарабынан чыгыш аймактардагы тартипсиздиктерди токтотуу үчүн Истамбулдан чыгып кеткен эле) грек аскерлери Измир портторуна түшө баштады. Бардык гректер аларды тосуп алуу үчүн чыгышты. Гректердин кыйкырык-ураандары айтып бергис болду. Грек аскерлери Измир көчөлөрүндө ызгып жүрө башташты. Түрк аскерлери болсо баш вазир тарабынан чыгарылган буйрукка негизделип, өз казармаларына жашынышты. Ал эми, гректер жана грек аскерлери каалагандай шапар тээп, адамдардын жек көрүүсүн козгой турган иштерди кылып, Измир көчөлөрүндө ызгып жүрүштү. Ошондой болушуна карабастан, Измир калкы жана Усманийлер кошууну шаарда каршылык көрсөтпөй турду. Грек кошууну өкмөт имараты алдына жетип келгенде, имарат тараптан бир ок атылды, бирок, аткан адам белгисиз эле. Белгилүү болгон нерсе, бул ок грек кошуунун козгоо максатында атылган эле. Гректер бул октун үнү угулары менен токтоду да, андан кийин Усманийлер кошууну жана Измир калкына окту жамгырдай жаадырышты. Адамдардын көпчүлүгү жарадар болду, өлгөндөр да көп эле. Кээ бирлери өздөрүн коргой башташты. Тос-тополоң жана тартипсиздиктер учуна чыкты. Грек аскерлери бул учурдан пайдаланып, ичиндеги кектерин ачыкка чыгарышты жана мусулмандар канына чаңкоолорун кандырышты. Түрк офицерлеринин беттерине түкүрүп, фитна чыгарууга аракет кыла башташты. Түрктөрдү болсо баш кийимдерин чечип, тебелеп-тепсөөгө мажбур кылышты. Ким каршылык кылса, дароо кылычтап салышты. Кийин болсо муслима аялдардын жүздөрүнөн хижабдарын алып таштай башташты. Эгерде бирер аял жүзүн ачуудан баш тартса, ошол замат өлтүрүлдү. Кийин алар мусулмандардын үйлөрүн талап-тоноого өтүштү жана аларды кордоо жана коркууда кармап туруунун бардык ыкмаларын колдоно башташты. Шексиз, бул иштер жөнөкөй иш эмес, балким, анык максат менен кылынган жана

Ислам Мамлекетин кулатуу планын аягына жеткирүү үчүн колдонулган чара эле.

Ушундай жырткычтыктар болуп жатканда т.а. 1919-жылдын 19-майында «Анабли» кемеси Измир портундагы англис флоту жана грек кемелери кемелери арасынан жай алды. Мустафа Кемел кемеден түшүп, шаарга кирди. Мунун себеби, Мустафа Кемел Самсунга жетүү максатында Истамбулдан чыгып кеткен эле. Бирок, ал Самсунга баруунун ордуна Измирге барды.

Өкмөт бул иштен кабардар эле. Ошондуктан, Мустафа Кемел Истамбулдан чыгып кеткен күнү түн жарымында т.а. 16-майдын түнүндө баш вазир дамад Фарид паша Британия жогорку коммисарынын өкүлү менен жолугушууну талап кылды. Жолугушууда баш вазир өкүлгө – Мустафа Кемел ички аймактарда султанга каршы козголоң чыгаруу максатында экендиги жөнүндөгү кабарлар келгени себептүү – султан Мустафа Кемелди чыгыш аймактарга жиберүү пикиринен кайтканын, ошондуктан, аны ар кандай жол менен болсо да жолдон кайтаруу керектигин айтты. Өкүл баш вазирге «тез арада Мустафа Кемелди артка кайтаруу жөнүндө буйрук берилет» деди. Бирок, англичандар бул үчүн эч кандай чара көрүшпөдү. Мустафа Кемел 19-майда т.а. Измирде гректер мусулмандарга карата жырткычтык кылып жатканда Измирге жетип келди. Мустафа Кемел шаарга келери менен валийлерди топтоп, гректерге каршы чара көрүшүн жана буга бийлик ыраазы экендигин билдирди. Кийин гректерди каралай баштады. Шаар башчылары жана командачыларын топтоп, алардан элди улутчулдук наразылык демонстрацияларына даярдоону талап кылды. Демонстрацияда христиандарга каршы чыкпагыла деп эскертип, ал тынч жол менен өткөрүлүшү керектигин уктурду. Аларга кылган баянында төмөндөгүдөй сөздөр да бар эле: «Дүйшөмбү күнгө чейин, улутчулдук рухундагы демонстрация өткөрүүгө даярдык көрүп бүтүшүңөр керек. Калктын көпчүлүгүн чоң бир жыйынга топтоп, аларда улутчулдук туйгуларын козгоп, түрк калкынын жашоо жөндөмүн көрсөтүп беришиңер керек. Биз тынчтык жолу менен алып бара турган демонстрациябыз аркылуу союздаштарды адилеттүүлүккө чакырабыз жана аларда абийир сезимдерин козгойбуз. Мен анык ишенем, тынчтык менен алып бара турган улуттук

демонстрациябыз, Батыштагы таанымал адамдарды биздин улуттук иштерибизге аралашууларга бөгөт коюуга чакырат. Демонстрациялар вилаяттын бардык тараптарында өткөрүлүп, ири мамлекеттерге жана сарайга телеграммалар жиберилиши зарыл. Бир да адам христиандарга аз да болсо каршылык кылып козголоң чыгарбасын. Демонстрациябыз улуттук рухта жана тынч өткөрүлүшү шарт».

Мустафа Кемел бийлик үстүндөгү адамдарга калктын атынан кескин телеграммалар жөнөтө баштады. Алардын биринде: «Мамлекет коркунуч астында!», дагы башкасында: «Борбордук өкмөт өзүнүн негизги иштерин аткара албай калды», дагы биринде: «Өлкөбүздүн эгемендүүлүгүн элдин каалоосу жана калктын аракети менен гана коргой алабыз», деп жазылган эле. Алардын ичинен калктын катуу кыжырдануусун ачык көрсөткөн телеграмма Истамбулга Синун аскерий портунан жөнөтүлгөнү болду. Анда «Европа өзү каалагандай аракеттендирип жаткан, өзү каалагандай башкарып жаткан Түркияда түрк калкы үчүн жашоо жок!» деп жазылган эле.

## ХАЛИФАЛЫККА КАРШЫ КОЗГОЛОҢДОГУ МУСТАФА КЕМЕЛДИН БИРИНЧИ КАДАМЫ

Ушул телеграмманын натыйжасында Синун валийи кызматынан бошотулду. Телеграммалар баш вазир менен Мустафа Кемелдин ортосунда алмашып турду. Бирок, баш вазир султандын атынан жиберип жатты. Султан Мустафа Кемелдин тезинен артка кайтышын талап кылды. Бирок, ал талапты четке кагып, телеграмма жөнөттү: «Мамлекет толук эгемендүүлүккө жетмейинче мен Анадолуда каламын». Бул ачык четке кагуу жообу ыңкылапка карай коюлган биринчи кадам эле. Мустафа Кемел ыңкылап оту жалындаганча адамдарды айланасына топтоону улантып, Анадолу шаарында калып кетти. Мустафа Кемел Халифалыкты кулатуу жана Түркияны Усманийлер мамлекетинин башка бөлүктөрүнөн бөлүп таштоо, алардын айтымындагы Усманийлер империясын жемирип таштоо менен аягына жеткен ыңкылабын мына ушундай ыкмада баштады. Бул окуялар ыңкылапты жүзөгө ашыруу чараларын англичандар түзгөнүн жана алар Мустафа Кемелди ыңкылап кылуу үчүн жиберишкенин анык көрсөтүп турат. Мына

ушул англичандар чыгыш аймактарда тартипсиздиктер бар деп шылтоо кылышты, дал ушулар Мустафа Кемелдин гана бул тартипсиздиктерди токтотуу үчүн жиберилишин талап кылышты, мына ошолор Измирди гректер англичандар коргоосу жана флоту аркылуу ээлеп алышына шарт жаратып, Измирде козголоңго себеп боло турган тартипсиздиктер чыгарышты, дал ошолор Мустафа Кемел үчүн Измирде өз айланасына адам топтоого шарт жаратып беришти. Бул окуялардан кабардар ар бир адам ушундай тыянакка келет.

## МУСТАФА КЕМЕЛДИН ЫҢКЫЛАБЫНА АНГЛИЧАНДАРДЫН ЖАРДАМ БЕРИШИ

Мустафа Кемел жогоруда айтылган иштерди кылган болсо да, эгер англичандар аны колдоп-кубаттабай, баштаган ишин аягына жеткириши үчүн өз абалына таштап коюушканда барбы, ал жетип барган максатына карай бир да кадам баса алмак эмес. Себеби, Түркияда араб тилдүү Ислам өлкөлөрүн Усманийлер Мамлекетинен ажыратууга жана бир гана түркий өлкөлөр менен чектелүүгө ыраазы боло турган адамдар табылса да, бирок, түркий өлкөлөрдөгү бирер-бир мусулман, Мустафа Кемел жана саналуу бир нече адамдан башкасы, Халифалыкты бекер кылууга ыраазы болбос эле. Балким, бардык мусулмандар Халифалыкты бекем кармоого катъий келишишкен эле. Халифалыкты жакшы көрүү жана ага берилгендик жүрөктөр төрүнөн орун алган эле. «Жашасын Халифа» сөзү жаңырганда, бул сөз ар бир түрктүн жүрөгүнөн өтүп, алардагы оттой туйгуларды козгор эле. Ошондуктан да, калк өкүлдөрүнүн биринин да, ал ким болушуна карабастан, Халифалыкты бекер кылууга чечим кылышынын ыктымалы жок эле. Бирок, англичандар колдонгон ыкмалар, Мустафа Кемелди үзгүлтүксүз колдоп-кубаттоолору анын ыңкылабын мына ушундай жемиштүү кылды. Англия бул ыңкылапты шке ашыруу учурунда андан эларалык деңгээлде жемиш алууга даярдык көрдү. Англия бул ыңкылап жөнүндө ар тараптуу маалымат таркатып, ыңкылап кабарларын ашыра айтат эле жана союздаштарда Түркиядан коркуу сезимдерин козгоого аракет кылар эле. Истамбулга чет элдиктер жана офицерлерден отчёттор агылып келе баштады. Аларда Анадолуда болуп жаткан

тартипсиздиктер жана улутчулдук туйгулар козголуп жатканы айтылган. Телеграммалар жана маалымат мекемелери да ыңкылап кабарларын ашыра таркатышты. Ушул аркылуу Парижде союздаштар ортосунда келишим түзүү үчүн конференция чакырылды. Англия Мустафа Кемел ишке ашырган козголоң кабарларын конференцияда көрүлө турган маселелер катарына киргизип, катышуучулардын каарын козгоого жана козголоңчуларга каршы катъий шарттар коюуга үгүттөй баштады. Бирок, Франция бул иштер Англия тарабынан ойлоп табылган айла-амалдар экендигин билген. Ошондуктан, Мустафа Кемелдин козголоңу жөнүндөгү кабарларга көңүл бурбады. Ал дамад Фарид пашанын өкмөтүн өзүнө каратып алууга аракет кылып, баш вазирге Франция бул ыңкылапка каарданбаганын билдирди. Баш вазирдин өзү союздаштарга достугун көрсөтүп, алардын ырайымына жетишүүгө умтулуп жатканын билгенден кийин, Франция тезинен бир аскерий кемени баш вазир башчылыгындагы Усманийлер өкүлдөрү ыктыярына берди. Муну менен Париж конференциясында Усманийлер Мамлекетинин келечеги жөнүндө токтомго келүүдөн мурда, Усманийлер Мамлекетинин да үнүн укмакчы болушту. Бирок, Англия буга каршылык кылды жана Франциянын демилгесинен коркту. Англия алгач баш вазирди бул иштер кайтармакчы болду. Баш вазир өкүлдөр менен бирге баруу арзуусу бардай, бирок, оорусу буга тоскоолдук кылып жаткандай кылып көрсөттү. Кийин ал англис аскерий кемесинде сапар кылды. Париж конференциясы өтө катъий чараларды өз ичине алган токтомдорду чыгарды. Аларды Англия сунуштап, бул токтомдордун кабыл алынышында зор демилге көрсөттү. Ал тургай Ллойд Жорж (1869-1944-жж. Англис саясатчысы, 1916-жылдан 1922-жылга чейин премьер-министрлик кызматында иштеген, 1919-жылы Парижде өткөрүлгөн жарашуу келишими конференциясында маанилүү орунду ээлеген) 1919-жылы 8-ноябрда салтанатту жыйында сөз сүйлөдү. Анда төмөндөгүдөй сөздөрдү айтты: «Келишим шарттарына, анын ичинде Усманийлер империясы маселесине, союздаш мамлекеттердин баары ыраазылык билдирди. Усманийлердин залим жана зыяндуу өкүмдарлыгы гректер, армяндар жана арабдар жашаган жерлерден токтотулушу керектиги жөнүндө Бүткүл Европа келишип алышты. Кара Деңиз

жана Жер Оролук Деңизиндеги порттор бардык калктар үчүн ачып коюлушу керек». Бирок, Франция менен Италия бул келишимге нааразы эле. Ал эми Англиянын максаты, бул шарттарга демилге көрсөтүү менен, аларды Усманийлер мамлекетинен коркутуп коюу үчүн каражат катары пайдалануу эле. Муну менен бирге, түрктөрдү султанга каршы козгоп, Мустафа Кемел тарабына оодуруу болду. Ошондуктан, Англия 1921-жылы февралда Лондондо өткөрүлгөн конференцияда бул шарттар бекер кылынышын биринчи болуп талап кылды.

## МУСТАФА КЕМЕЛДИН ЫҢКЫЛАБЫНДАГЫ БИРИНЧИ КАДАМ

Эмне болгондо да, ыңкылап бирде күчөп, бирде суздашып, уланып бара берди. Кокустан Мустафа Кемел ыңкылапты ишке ашыра албай, кыйын кырдаалга түшүп калса, англичандар аны мындан куткарып калууга жана колдоп-кубаттоого мажбур эле. Ыңкылап алгач ийгиликтүү башталган. Жаш командачылар Мустафа Кемелге кошулуп, анын изинен барууга даяр экендиктерин жарыя кылышты. Мындан сырткары, жашы улуу командачылар да, аны менен Халифалыкка тийбөө жөнүндө келишип алышкандан кийин, ага кошулушту. Мустафа Кемел тарабына командачылар кошулуп, анда чоң күч пайда болушу менен, жаңы өкмөт түзмөкчү болду. Ушул максатта Сивастан (Анадолунун чыгышындагы шаар) Рифъат пашаны чакырып алды. Рифъат батыш пикирлерине ашык болгон, европалыктарды өтө жакшы көргөн адамдардын бири эле. Анкарадагы кошуун командачысы Алий Фуадды да чакырып алды. Алий Фуад аскерий билимди жана саясатты мыкты өздөштүргөн аскерийлерден эле. Алий Фуад жана Рифъат пашалар жетип келишти. Рифъат паша аскерий деңиз флотунан отставкага кеткен эле. Командачылар ортосунда жашыруун жыйын өткөрүлдү. Анда Ариф жыйылгандардын сөздөрүн жазды. Мустафа Кемел көз карашын баяндап, пикирлерин кеңири түшүндүрүп берди. Анын пикирлерине баары кошулушуп, азыркы убакта жалгыз үмүт каршылык көрсөтүү деген токтомго келишти жана аны ишке ашыруу үчүн план түзүштү. Бул план бастырып келе жаткан грек күчтөрүнүн жолун тосуу үчүн, Измирге карай бара жаткан

тартипсиз топторду тартипке салууну күчөтүүдөн о.э. бул согуштар натыйжасында бөлүнүп кеткен аскерий кошуунду бириктирип, бирдиктүү, тартиптүү, күчтүү мекен кошуунун кайра түзүүдөн турат эле.

Козголоңдорду башкаруу үчүн да план иштеп чыгылышы керек болчу. Көпчүлүктүн пикирине ылайык, Алий Фуад батыштагы бардык күчтөргө, Казим Кара Букайр болсо чыгыштагы күчтөргө башчылык кыла турган болду. Кийин Мустафа Кемел сөзүн улантып: «Борбордук өкмөт жана султан душмандар өкүмдарлыгы астында калды. Ошондуктан, Анадолуда убактылуу өкмөттү түзүү керек», - деди. Ал сөзүн аяктабай туруп, топтолгондордун баары ордунан туруп келишти жана бул пикирге ачууланышканын жана каршылыктарын көрсөтүштү. Рауф Халифаны же борбордук өкмөттү каарданта турган бирер кадам ташталышына катуу каршы экендигин ачык айтты. Топтолгондордун баары бир добуштан каршылык кылып, Мустафа Кемелге эгер ал мекенге кызмат кылса, мекен жолунда жанын курман кылса, аны менен бирге болушарын, ага ишенишсе да, бирок, бир шарт коюшарын т.а. султандын укуктарына тие турган же анын дилин оорута турган бирер иш кылбашы ылазымдыгын айтышты. Халифалык бардык нерседен жогору турушун же султанга эч кандай зыян тийбеши зарылдыгын баса белгилешти. Негизи, бул ыңкылап султанга каршы болсо да, бирок, Мустафа Кемелге кошулгандардын көпчүлүгү муну баскынчы союздаштарга каршы деп билишер эле. Мустафа Кемел жана анын куйруктары болсо султанга каршы деп билишер эле. Ошондуктан, ал өз ниеттерин жашырып, Халифалыкка эч кандай зыян жеткирбөө жөнүндө катьий сөз берди. Бул ишти ишке ашыруу үчүн союздаштар менен кагылышуулар болуп өтүшү зарыл эле. Натыйжада эки таң калычтуу окуя болуп өттү.

## САМСУНДУ БАСЫП АЛУУ

Биринчиси, англичандар козголоңчуларды деңизге жакындашуудан жана Сивасты ээлеп алуудан тосуп коюу максатында Самсунду күчтүү кошуун менен курчоого алышарын жарыя кылышты. Мустафа Кемел Рафьатка Самсунду кандай жол менен болсо да коргоп калышын жана англичандардын жолун тосуп, алардын кошуунун Самсунга түшүрбөөнү буюрду. Рифъат буйрукка моюн сунуп, өзү менен жүз мусулманды алып, портко карай кетти. Портко англис полковниги да аз сандагы аскерлери менен жетип барган эле. Бирок Рифъат жана аны менен келген аскерлер шаарга кирип барышты. Шаарда алар англис аскерлерин көрүштү. Бирок, ортодо эч кандай кагылышуу болгон жок. Тескерисинче, англис полковниги жана анын аскерлери портто турган кемелерине чыгып, сүзүп кетишти. Ушул себептүү, элге «англис кошууну коркту жана англис командачысы каршылык көрсөтүү пайда бербейт деп артына чегинди, Самсун англичандар басып алышынан аман калды жана Сивас шаары да мусулмандар колунда калды» деп жарыя кылынды.

## МУСТАФА КЕМЕЛ ЫҢКЫЛАБЫНЫН КУРАЛДУУ КОЗГОЛОҢГО АЙЛАНЫШЫ

Экинчи окуя гректер менен болду. Англичандар гректерди түрктөр менен кагылышууга даярдап жатты. Муну менен алар мамлекет калкында мекенчилдик жана кайраттуулукту ойготушу керек эле. Англичандардын мындай максаттары, эгер башкалардын каны төгүлүүсү менен ишке ашса, англис канын төкпөй, тигинисин тандар эле. Ошондуктан, гректер бул согуштарда «курмандыкка чалынган кой» болушту. Бул окуянын кеңири баяны мындай:

Гректер Измирде калуу менен чектелишпеди. Измир акими «Измир шаарына гана чектелүү» жөнүндөгү көрсөтмөлөргө моюн сунбады жана гректер Измирге коңшу жерлерди басып алууга киришишти. Грек командачысы кошуунга баш болуп, Айдин аймагына жүрүш баштады. Кошуун кыймылга келиши менен грек аскерлери ок жамгырдай жаады. Грек топтору корккондон өздөрүн жоготуп коюшту жана тынч калкка ок жаадыра баштады. Түрктөр да окко ок менен жооп кайтарышты. Бул тартипсиз согуш

натыйжасында гректер жеңилишти. Түрктөр аларды шаардан кууп чыгып, грек маалелерин өрттөп жиберишти. Грек кошууну күчтөрүн топтоп, аскерий даярдыгын күчөткөндөн кийин, шаарга кайра чабуул кылып, аны ээлеп алды жана түрк маалелерин өрттөп жиберди. Кийин Измирде түрк калкынын саны кыскарып, гректер көпчүлүктү түзүшү үчүн, түрктөрдү өтө жырткычтык менен өлтүрө башташты. Мунун натыйжасында курал көтөрүүгө кудуреттүү болгон ар бир түрк курал көтөрүп, тоо таянып кетишти жана ал жерлерден туруп баскынчыларга каршы партизандык согуш башташты. Партизандык согуш токтоп-токтоп, кайра уланып турду. Бул согуштар себептүү гректер менен англичандарга карата жек көрүү руху козголду. Офицерлер Мустафа Кемел байрагы астына келип кошула баштады. Мустафа Кемел аларды айылдарга, ал жерлердеги калкта каармандык жана кайраттуулук туйгуларын жалындатуу үчүн жибере баштады. Бул кабарлар борборго апырта айтылып жетип барып жатты. Султандын Мустафа Кемелге жөнөткөн телеграмма жана чакырыктары эч кандай пайда бербеди. Ал султандын буйругуна моюн сунбашын ачык айтып чыкты. Ошондон кийин султан бардык аскерий болбогон башчыларды Мустафа Кемелдин буйруктарына моюн сунбоого буйруду. Анын иштен четтетилгени жөнүндөгү кабар мамлекеттин бардык тараптарына таркатылды. Султан Мустафа Кемелдин атын офицерлер тизмесинен чыгарып таштады. Муну менен бирге, офицерлерден ким аны менен алака кылса, ошол замат тизмеден анын атын да өчүрүп ташташы жөнүндө катуу эскертти. Мустафа Кемел өз командачыларына карата «мен иштен четтетилген болсом да, силер ишти токтотпошуңар керек жана султанга жаңы дайындала турган офицер эч качан кошуун жана калктын ишенимине ээ боло албашын жеткиришиңер шарт» деген мазмундагы көрсөтмөлөрдү берип, иштен четтети. Бир нече апта калкты козголоң көтөрүүгө даярдоо, колунан келишинче өкмөттүн иш-чараларын кыйратуу жана бардык башкарууларына каршы туруу менен алек болуп турду.

# ЭРЗУРУМ КОНФЕРЕНЦИЯСЫ

1919-жылы 23-июлда Эрзурумдун четки айылдарынын биринде, айыл мектебине окшош бир кичине имаратта бир нече киши топтолду. Топтолгондор чыгыш аймактардан болуп, алардын арасында мурдагы депутат, аксакалдар, чоң чиновниктер, күрт урууларынын башчылары жана офицерлер бар эле. Конференция элдин аты менен ачылды. Анда биринчи коюлган маселе конференция башчысын дайындоо болду. Мүчөлөрдүн бири ордунан туруп, «Мустафа Кемел чыгыш аймактарынын бирине депутат болбогон болсо, анан бул межлиске башчылык кылышы туура болобу, бул жөнүндө урматтуу мүчөлөр кандай пикирде?» деп суроо берди. Депутаттын сөзү бөлүп ташталды жана Мустафа Кемел көпчүлүк добуш менен конференция башчысы болуп шайланды. Конференция 14 күнгө созулуп, андагы талкуулар чуулгандуу жана туруксуз абалда өттү.

Конференция бир нече токтомдор чыгарды:

1. Калк – бөлүктөргө бөлүнбөй турган бир бүтүндүк. Чыгыш вилаяттар ар кандай колонияга каршылык кылууга жана ички иштерине чет элдиктердин аралашуусуна жол койбоого олуттуу киришти. Эгер Истамбул өкмөтү калк менен бирге болуп, аны чет элдиктердин чабуулунан коргобосо, мындай кризистик абалда мамлекет иштерин башкарууну убактылуу өкмөткө өткөрүп берүүдөн башка чара калбайт. Конференция мүчөлөрү дагы деле моюндарында Халифага болгон байъат бар экенин, алардын халифа Вахидидиддинге садыктыгы уланышын тан алышты.

2. Депутаттар аткаруу комитети» атынан бир комитет түзүлүп, ага кеңири укуктар берилди. Анын вазыйпасы конференция токтомдорун ишке ашыруу эле. Мустафа Кемел бул комитетке башчы болуп шайланды.

Конференция токтомдору дароо калкка таратылып, анын нускалары Европа мамлекеттерине да жиберилди. Кийин Сивас конференциясын өткөрүү жөнүндө да токтом кабыл алынды. Бирок, Истамбул өкмөтү Эрзурум конференциясы жөнүндө кабар тапкандан кийин, конференция жөнүндө билдирүү берди. Анда мында делет: «Анадолуда кээ бир тартипсиздиктер болду, жыйындар өткөрүлдү. Алардан көздөлгөн максат түзүмгө зыян жеткирүү жана конституцияга кол салуу болуп саналат. Мындан сырткары, бул межлис «конституциялык парламент межлиси» деп жарыя кылынды. Негизи, бул межлис парламент мажлиси эмес. Ошондуктан, аскерий жана

аскерий болбогон башчылар бул аракетти бүтүндөй токтотуу жана буйрукка моюн сунбагандарга кескин чараларды колдонушу зарыл». Өкмөт бул билдирүүнү гезиттерге таркатты. Бүткүл дүйнө гезиттери аны бири-биринен алып таркатышты. Өкмөт баракчалары Эрзурум бийлигине да жетип келди жана ал Истамбул өкмөтүнө жооп жазды: «Парламенттин түзүлүшү азыркы күндөгү эң орчундуу иштерден. Эгер парламент болгондо, бул сыяктуу межлистерге муктаждык туулбас эле». Өкмөт өзүнүн назик позициясы жөнүндө пикир жүргүзүп, жаңы шайлоолорго даярдык көрбөй туруп, парламентти таркатып жибергенин, муну менен конституцияга тескери иш кылганын сезди. Бирок, өкмөт ыңкылапты бастыруу үчүн тез жана кескин чаралар колдонууга аракет кыла баштады. Ушул максатта өзүнө садык кишилерден кошуун түздү жана аны Анадолуга жөнөттү.

## СУЛТАНДЫН МУСТАФА КЕМЕЛ ЫҢКЫЛАБЫН БАСТЫРЫШЫНА АНГЛИЧАНДАРДЫН КАРШЫЛЫГЫ

Англичандар султанды Мустафа Кемел ыңкылабын бастыруу үчүн кошуун жиберүүдөн кайтарды. Бул иштен кабар тапкан англичандар султанды андан союздаштар атынан кайтарып, ага карата: «Келишим шарттарына ылайык, кошуун жаңыдан түзүлүшү эмес, балким, таркатып жиберилиши керек», - деп айтышты. Султан ыңкылапты бастыруу үчүн ага толук укук берлишине аракет кылып көрдү. Бирок, союздаштар ага бүтүндөй каршы турушту. Бул орунда союздаштар дегенде англичандар назарда тутулууда. Себеби, алар мамлекетте өкүмдар эле. Союздаштар аты менен иш жүргүзүп жаткан адам Британия жогорку комиссары жана анын айланасындагылар болуп, мунун үстүнө союздаштар кошуунунун башкы командачысы да Харингтон эле. Союздаштар тартипсиздиктерди бастыруу үчүн кошуун жиберүүгө уруксат бербей койгондон кийин, султан «андай болсо силер бул тартипсиздиктерди бастырууга кимди ылайыктуу деп билсеңер, аны жөнөткүлө!» деп, катъий талап кылып туруп алды. Ошондо алар султанга бул жоопту айтышты: «Биз бейтараппыз, Түркиянын ички иштерине аралашууга акыбыз жок. Эгер султан бул мамлекет башында турууну каалаbacka, анын өзү гана түзүмдү сактап калууга жоопкер!».

## СИВАС КОНФЕРЕНЦИЯСЫ

Ошондо султан өзүнүн эң жакын жардамчыларынан болгон Голиббекке күрт урууларынын кээ бирлерине башчылык кылып, Сивас шаарына чабуул кылып, конференция мүчөлөрүнүн баарын камакка алууну тапшырды. Бирок, Голиббек муну кыла алган жок. Конференция мүчөлөрү Анадолунун бардык тарабынан Сиваска жетип келишти жана конференция 1919-жылы 4-августта Мустафа Кемел башчылыгында өз ишин баштады. Бирок, анын башчылык кылышына каршылыктар болду. Конференция башталышынан мурда анын эң жакын досторунун бири Рауфбек анын алдына келип: «Биз конференцияга башчылык кылуу жөнүндө кеңешкенибизден кийин, сиз кандай жол менен болсо да ага башчылыкты кабыл албашыңызды туура деп чечтик», - деди. Конференция Мустафа Кемел башчылыгында башталганда, мүчөлөрдүн бири ордунан туруп, «Мустафа Кемел чексиз бийлик ээсиндей иш кылып, эч кандай шайлоосуз өзүн башчы кылып алды» деп наразылык билдирди. Мустафа Кемел өзүн коргоп, мындай деди: «Биз азыр талашып тартыша турган жыйында отурганыбыз жок. Эгер биз бири-бирибиз менен талашып-тартышып олтура берсек, анда империя жылдызы кулап түшөт да, анын аты бүтүндөй өчөт. Мустафа Кемел бул сөздөрү менен отургандарга таасир өткөрдү. Анын тарапкерлери аны алкыштай башташты. Натыйжада, баары анын башчылыгына ыраазы болушту. Кийин добуштар топтолуп, көпчүлүк добуш Мустафа Кемел тарабында экендиги жарыя кылынды.

Мустафа Кемел башчы болуп шайлангандан кийин ордунан туруп, келген адамдар алдында сөз сүйлөп, сөзүн Султанга садыктыгын билдирүү менен баштады. Андан кийин конференция башталып, курч мүнөздө уланды. Күбүр-шыбырлар көбөйүп, сын пикирлер айтыла баштады. Депутаттардын бири ордунан туруп, «Конференциянын аткаруу комитетин өкмөт деп тан алынышы орунсун, эгерде европалыктар Анадолунун ички иштерине аралашып, аны бүтүндөй басып алышса, бул комитет аларга каршы эмне кыла алат? Кошуундун сарп-каражаттары жана кызматкерлер маяналарын каптоо үчүн каржыны каяктан табат?» деп каршылык билдирди. Дагы бир депутат ордунан туруп, «Америка Кошмо Штаттарынын колонизаторлук сук артуусу жок. Америка гана

Түркияны бул кырдаалдан куткара алат. Түркиянын бирден-бир кутулуу жолу, эгер ал бүтүндөй кулоону каалабаса, Американын кучагына кириши керек» деди. Рауфбек, Бакр Самийбек, Казим Кара Букайр, Рифъат, Алий Фуад жана дагы үч паша бул пикирди колдоп-кубаттап, аны астейдил коргой башташты. Конференция Мустафа Кемелдин бардык аракеттерин текке кетире турган маанайда уланып, узак тартышуулардан кийин, Эрзурум конференциясы токтомдоруна окшош токтомдор чыгарды жана катышуучуларда Мустафа Кемелге карата нааразылык менен өз ишин аяктады. Конференция аяктагандан кийин Мустафа Кемелге Казим Кара Букайр паша келди. Ал союздаштарга багынбаган, азырга чейин күжүрмөн абалын сактап калган жападан-жалгыз кошуундун командачысы эле. Казим Кара Букайр Мустафа Кемелге келип: «Мырза, сиздин атыңыздан кабар берүү каршылык жана бут тосууларга себеп болууда. Албетте, мындай иштер жана мындай жолдордон жүрүү эмнеге алып барарын сиз жакшы билесиз. Ошондуктан, мен сизден, азыр да жана кийин да, аткаруу комитети эмне иш кылса да, аны өз атынан сүйлөй турган болушун суранамын», - деди. Ошондуктан, Мустафа Кемел конференциядан өтө тынчсызданып чыкты. Бирок, ал конференция учурунда катышуучуларга өкмөт тарапкери Голиббек кээ бир күрт урууларына башчылык кылып, катышуучуларды камакка алуу үчүн келгенин билдирип, аларды өздөрүн коргоого үндөдү. Ошондо конференция мүчөлөрү сарай менен түздөн-түз байланууну талап кылышты. Бирок, аларга уруксат берилбеди. Кийин алар баш вазир дамад Фарид пашага «Эгер баш вазир бир сааттан кийин биздин сарай менен байланышыбызга уруксат бербесе, биз борбордук өкмөт менен бүтүндөй алаканы үзүп, каалаган ишибизди кыла бере турган эркин кишилерге айланабыз», деп телеграмма жибериշти. 1919-жылдын 12-августу күнү эртең менен коюлган мөөнөт аяктады. Конференция катышуучулары өз талаптарын ишке ашырышты. Натыйжада, сарай менен депутаттар ортосунда бардык алака үзүлдү. Мустафа Кемел бул учурдан пайдаланып, кайратына кайрат кошулуп, Истамбулду мамлекеттин башка бөлүктөрүнөн үзүп койду. Ал конференцияда эч нерсеге жетише албай, Анадолуда жаңы өкмөт түзүүнүн зарылдыгын айтууга батына албаган болсо да, бирок, ал өзү менен бирге болгондорду

Истамбулдагы өкмөттү өзгөртүүнү талап кылууга канааттандыра алуу менен чектелди. Бирок, алар бул пикирге ыраазылык да, каршылык да билдиришпеди. Мустафа Кемел эгер тарапкерлеринин башында аскерийлер болбосо, кошуунга өкүмдарлык кыла албашын жана кошуундан жардам албаса, өзүнө каршы чыгуучуларды бастыра албашын көрдү. Кошуун болсо халифа менен бирге. Мындан тышкары, конференцияда катышуучулар Мустафа Кемелге халифадан бөлүнүп чыгуу таптакыр мүмкүн эместигин ачык билдирип коюшту. Бул иштерден тыянак чыгарган Мустафа Кемел дамад Фарид паша менен эмес, халифа менен пикирлеш болуп алууну чечти!

## ЭКИНЧИ КАДАМГА ДАЯРДАНУУ ҮЧҮН МУСТАФА КЕМЕЛДИН ХАЛИФА МЕНЕН ПИКИРЛЕШ БОЛУШУ

Бул бир тараптан болсо, башка тараптан Сивас конференциясынын кабарлары Истамбулга башкача т.а. «бул конференцияда Мустафа Кемел жеңишке жетишти» деген мазмунда жетип келди. Конференция мүчөлөрүнүн Истамбул өкмөтү менен алаканы үзүшкөнү болсо, бул мазмунду колдоп-кубаттады. Мейли, алака үзүлүшүнүн негизги себеби баш вазирдин конференция мүчөлөрүнүн сарай менен байланышуусуна тыюу салганы о.э. ал Голиббекти күрт урууларына башчы кылып конференция катышуучуларын камакка алуу үчүн жибергени болсо да, бул алаканын үзүлүшү о.э. конференцияны өткөрүүдөгү ийгилик анын чыныгы сүрөтүн башкача кылып койгон эле. Мындан тышкары, союздаштар т.а. англичандар Истамбулдагы жооптуу адамдарды Мустафа Кемел менен келишип алууга мажбур кылды. Мына ушундай абалда Мустафа Кемелдин Салоники күндөрүнөн бери кадырлуу досторунун бири болгон Абдул-Карим халифанын алдына келди. Ал халифа менен Мустафа Кемел ортосунда ортомчу боло алышын, Мустафа Кемел Халифалыкка жана халифага, өзгөчө Вахидиддинге садык экендигин о.э. бул халифа менен пикирлеш болууга даяр экендигин айтты. Мына ушундай абалда султан Вахидиддин Мустафа Кемелге ыңкылапты бүтүндөй токтотуу талаптарын койду. Абдул-Карим телефон аркылуу Сивас менен байланышып, Мустафа Кемел менен сүйлөштү. Ал ыңкылапты токтотууга ыраазылык билдирип, дамад Фарид паша министрлигин

өзгөртүүнү жана султан таркатып жиберген парламент ордуна жаңы парламенттик шайлоо өткөрүүнү талап кылды. Султан бул талапка ыраазы болду. Бул телефон аркылуу болуп өткөн сүйлөшүүдөн үч күн өтүп т.а. 1919-жылы 2-октябрь күнү султан Фарид пашаны баш вазирликтен бошотту. Фарид паша англичандар андан жүз үйрүгөндүгү себептүү үмүтсүздүккө түшүп калгандыгын адамдар айтып жүрүшөр эле. Анын ордуна мурдагы аскерий иштер министри Алий Ризо пашаны дайындады. Бул иш Мустафа Кемел үчүн жеңиш деп этибар кылынды. Бул иштен кийин Мустафа Кемел «Мекенчилдер аткаруу комитети Алий Ризо башчылыгындагы жаңы өкмөт тарабынан тан алынды. Министрлер кабинети бул комиттетти ар тараптуу толук колдоп-кубаттайт. Султан бизге сый көрсөтүп, дамад Фарид пашаны баш вазирликтен бошоткону үчүн, султанга ыраазылык билдиребиз» деген мазмунда баракчаларды таркаттырды. Бирок, султан баракчалар таркатылганы үчүн ачууланганын билдирди жана Мустафа Кемелдин калк тарабынан сүйлөгөнүн макулдабады. Натыйжада, ыңкылап кайрадан башталып кетишине аз калды. Бирок, Мустафа Кемел өз тарапкерлери ичиндеги кызууланган адамдарды бирер мамиле билдирүүдөн кайтарды. Сивас комитети өкмөткө экинчи жолу каршы чыгуудан этият болууга токтом кылды. Командачылардан көпчүлүгү жеңил дем тартып алышты. Себеби, алардын көпчүлүгү ыңкылаптын жаңыдан башталышын каалабас эле жана муну менен бирге халифага баары садык эле. Бирок, Мустафа Кемел комитетти таркатып жиберүүнү создуктура баштады. Себеби, анын максаты жаңы республикага негиз салып, султанды жана Халифалыкты бүтүндөй кулатуу эле. Мустафа Кемел ушул максатта баштаган биринчи кадамында ийгиликсиздикке учураганы үчүн да, экинчи аракетти ишке ашыруу үчүн комитетти курал катары калтырышы зарыл эле. Ошондуктан, ал комитетти таркатып жиберүү мөөнөтүн белгилебестен, ар түрдүү үзүр жана себептерди ойлоп таба баштады. Ал комитетти таркатып жибербөөгө себеп көрсөткөн жок, негизи, аны таркатып жиберүүгө ыраазы болчу, бирок, мөөнөттү белгилөөнү создү. Мөөнөттү созуу аны менен бирге болгондордун ачууланышына алып келди. Ашкере түрдө калк өкмөткө ыраазы экендигин жарыя кылгандан кийин, көпчүлүк бул комитеттин калышына эч кандай

орун калбады деп каршы чыга баштады. Ал тургай, Мустафа Кемелди дайыма колдоп-кубаттап турган маршал Иззат паша сыяктуу достору да хужжаттар жана эскертүүлөр менен үндөрүн бийик көтөрүп, «ички чыр-чатак жана шерменделерче келишпестиктерге чек коюлушу керек» деп катъий талап кыла башташты. Алар «комитет жашап турса, анда келишпөөчүлүктөр боло берет» деген түшүнүктө эле. Бирок, Мустафа Кемел аларга: «Жаңы өкмөт оболу калктын ишенимин актоого ылайыктуу экендигин далилдеши керек. Бул иш бир аз убакытты талап кылат, бул убакыт ичинде өкмөт өз иштерин калкка сунуш кылат жана иш жүзүндө калкка калыс кызмат кылып жаткандыгын далилдей алат», - деп жатты. Муну менен бирге, ал азыркы убакта жалаң гана парламенттик шайлоого даярдык көрүлүп жатканын, бул шайлоодо көпчүлүк депутаттар «мекенчилдер» болушу керектиги жөнүндө баш катырып жатканын айтып жатты.

Бул Мустафа Кемелдин ыңкылап жолундагы алгачкы кадамдары. Булардан англичандар ыңкылапты баштаганы жана коргоп турганы ачык көрүнүп турат. Англичандардын Самсундан жеңилип чыгып кетүү «инсценировкасы» Мустафа Кемелдин айланасына адам топтоп берүү «оюну» экендиги ачык көрүнүп турат. Болбосо, Усманийлер Мамлекетинин төрүнө кирип барып, анын эң күчтүү борборлорун басып алып, алардын баарына толук өкүмдарлык кылып турган англичандар Самсунда жеңилип калмак беле? Мындан тышкары, «англичандар Самсунду басып алууга олуттуу киришти, аны коргоо үчүн Рифъат пашаны жиберүү керек» деген кабарды Мустафа Кемелге ким жеткирди? Англичандар Самсунду басып алууга олуттуу киришип жатса, анан кантип эле Рифъат паша 100 кишиси менен Самсунду коргоп кала алсын? Ушулардын коргоосу менен Самсундун басып алынбаганы туурабы? Болбосо эмне үчүн «Самсун Мустафа Кемел жиберген күч себептүү басып алынбады» деген имиштер таркатылды? Бул иштер адамдарга «Мустафа Кемел англичандарга т.а. союздаштарга каршы жана аларды мамлекеттен кууп чыгаруу максатында» деп көрсөтүү үчүн ойлоп табылган «сахна оюну» эмеспи? Эмне үчүн гректер менен согуш болду? Грек кол башчысы англичандардан алган буйругуна ылайык Измир шаарын эле басып алышы керек эле, эмне үчүн ал Измирден башка жерлерди да басып алууга аракет кылды? Ал муну

өз каалоосуна ылайык кылдыбы же союздаштар армиясынын башкы командачысы тарабынан жиберилген көрсөтмөгө ылайык кылдыбы? Эмне үчүн бул иштер болду? Тоолордо куралдуу топторду пайда кылып, грек баскынчыларына каршы куралдуу күрөштү уюштуруу, кийин болсо баскынчы союздаштарга каршы күрөшүү үчүн Мустафа Кемел байрагы астына адамдардын топтолушу үчүнбү? Акыры бул ыңкылап отун жалындатуу эмеспи? Англия ыңкылап отун жалындатып жатканында жашыруун ыкмалары менен көздөн жашырына алган болсо да, ыңкылапты бастыруу үчүн кошуун даярдоодон халифаны тыйып коюшу ыңкылапты ачык коргоо эмеспи? 1919-жылдын жаз айларында эле ыңкылапты бастыруу мүмкүн эле. Султан кошуун даярдоого киришкенде, англичандар «бул иш келишим шарттарында баян кылынган кошуунду таркатып жиберүү беренесине тескери келет» деген шылтоо менен султанга каршылык кылышпадыбы? Эмне үчүн козголоңду бастырууга жетиштүү күч даярдоодон кайтарылды? Акыйкатта болсо, келишим шарттарынын бир да беренесинде кошуунду куралсыздандыруу же таркатып жиберүү жок эле. Бирок, келишим шарттарына ылайык, чегараларды коргоо үчүн зарыл болгон жана мамлекет ичинде тынчтыкты сактап турууга жетиштүү болгудай коошуун бөлүктөрү ажыратып алынып, түрк кошууну мүмкүн болушунча тездик менен таркатып жиберилиши керек делген эле. Андай болсо ыңкылапты бастыруу үчүн күч топтоо келишим шарттарына тескери келет деген англичандардын сөзү каяктан чыкты? Мындан тышкары, союздаштар т.а. англичандар 1919-жылдын май айында «Чыгыш региондорунда тартипсиздиктер болуп жатат. Алардын алдын алуу үчүн аскерий командачы жиберилиши керек. Пикирибизче, бул ишти Мустафа Кемел аткара алат» деп, султандан талап кылышты. Англичандар өздөрү ойлоп тапкан тартипсиздиктердин алдын алуу үчүн күч жиберүүнү сунуш кылып, бүткүл дүйнө массалык маалымат каражаттары тарткатып жүргөн чыныгы ыңкылапты бастыруу үчүн кошуун жиберүүдөн халифаны тыйып коюшту. Кийин болсо халифа аларга «Болбосо, силер бул жерлердин басып алуучусу катары ыңкылапты бастырууга башчылык кылгыла, же мага бул ыңкылапты бастыруу үчүн күч даярдоого уруксат бергиле» деп кайрылганда, алар султанга биз бейтараппыз деп коюшпадыбы? Союздаштарга жана союздаш мамлекеттердин бири болгон гректерге каршы болгон ички ыңкылапты бастыруу үчүн күч даярдоодон халифаны тыйып коюу бейтараптык болобу? Бул табигый абалбы же ыңкылапты колдоп-кубаттоо жана коргообу? Шексиз,

союздаштар т.а. англичандар келишим шарттары тынчтыкты сактап туруу үчүн зарыл болгон кошуун бөлүктөрү болушун талап кылышына карабастан, султанды ыңкылапты бастыруу үчүн күч даярдоодон тыйып коюшу ыңкылапты коргоодон жана халифаны байлоодон башка нерсе эместиги ачык көрүнүп турат. Ошондой болушуна карабастан, ыңкылап султанга каршы өкмөт түзүү максатына жетише албады. Балким, ыңкылап султан менен сүйлөшүү алып барууга жана ага баш ийүүгө мажбур болду. Бирок, адамдарды союздаштарга каршы козгоо, Самсунду англичандардын басып алышынан коргогондой кылып көрсөтүү жана гректер менен согуштуруу иштеринде утушка ээ болду. Муну менен баскынчылыкка каршы күрөш идеологиясы пайда кылынды жана Мустафа Кемел бул күрөштүн жетекчиси кылып көрсөтүлдү.

## МАМЛЕКЕТТИ АЗАТ КЫЛУУ ПИКИРИ НЕГИЗИНДЕ МУСТАФА КЕМЕЛДИН ӨЗ АЙЛАНАСЫНА АДАМДАРДЫ ТОПТООДОГУ ИЙГИЛИГИ

Мустафа Кемел ийгиликке жетишти. Себеби, ал айланасына «союздаштарды мамлекеттен кууп чыгаруу жана мамлекетти колония коркунучтарынан азат кылуу» пикири негизинде адамдарды топтой алды. Муну менен бирге, адамдар арасында баскынчылыкка каршы күрөшүү, ага каршы иштерди кылуу мүмкүндүгү жөнүндөгү пикирлерди тарката алды. Ошондуктан да, Мустафа Кемел баарынын үмүт жылдызына айланды, аскерийлер тарабынан тан алынды. Бирок, Мустафа Кемелдин халифага карата болгон ниеттери туурасында баарынын көңүлүндө шек-күмөн бар эле. Себеби, алар Мустафа Кемелдин ниеттери өздөрүнүн изги ниеттери болгон «Халифалык борбору»на тескери деп этибар кылышар эле. Ошондуктан, адамдар ыйык «Халифалык борборун» сактап калууну каалашар эле, колонизатор душмандарды кууп чыгаруу үчүн Мустафа Кемел халифа менен келишип алышы керек деген үмүттө эле. Өзгөчө англичандардын Самсунду басып алышына жол берилбегендигинен жана гректерге каршы кылынган согуштардан колонизаторлорго каршылык көрсөтүү мүмкүндүгүн сезишти. Бул үмүттөрдү Мустафа Кемел жүзөгө чыгара алат, халифада болсо мындай мүмкүнчүлүк жок деп билишер эле. Ошондуктан, бүткүл этибар Мустафа Кемелге каратылды. Себеби,

саясат аябай чие иш болгондуктан, жөнөкөй адамдын саясатты түшүнүшү кыйындыгынан, адамдар саясий иштерди, саясий максаттарды түшүнүп жетишпес эле. Ал тургай, саясий иштер менен алектенбеген аскерий офицерлердин да саясатты түшүнүшү мүшкүл болду, алар англичандардын бул саясий айла-амалдарын түшүнө алышпады. Алар эларалык алакалардан да кабарсыз эле. Англичандар союздаштарын олжолордон куру калтырып, олжону жеңилген мамлекет колунда калтыруу же ага кайтарып берүү менен болсо да, эларалык таразаны өз пайдасына чечип, дүйнөдө биринчи мамлекет болуп калуу максатында эле. Адамдар муну түшүнө алышпады. Муну менен бирге, Италия же Франция Түркиянын деңиз жээгиндеги жерлеринен бир бөлүгүн алса, англичандардын чыгыштагы таасирине жана Жер ортолук деңизиндеги күчтөрүнө коркунуч салмак. Ошондуктан, англичандар союздаштарына бирер нерсе алууга мүмкүнчүлүк беришпеди. Англия италиялыктар менен француздарды өз күчү же аларга каршы ачык иштери менен кууп чыгарбай, балким, башкаларды ишке салуу, айла-амал жана алдоо менен кууп чыгарып жаткандыгын мусулмандар билишпес эле. Бардык мамлекеттердин, өзгөчө Англиянын этибарында «дайымый кооп-коркунуч» деп этибар кылына турган Халифалыктын сакталып калышынан пайда болгон коркунучтун канчалык даражада экендигин азырга чейин мусулмандардан эч ким билбейт. Ушул себептен улам, алар Халифалыкты мусулмандардын колу менен жок кылуу үчүн Мустафа Кемелдин ыңкылабындагы англичандардын айла-амалдарын түшүнүп жетишпеди. Мына ошентип Мустафа Кемел баскынчыларга каршы күрөшүү үчүн Түркияда башчылыкты өз колуна алды. Ошондуктан, Мустафа Кемел алгачкы кадамында жеңишке жетишти деп этибар кылынат.

# МУСТАФА КЕМЕЛДИН АНКАРАНЫ ӨЗ ИШТЕРИ ҮЧҮН БОРБОР КЫЛЫП АЛЫШЫ

Бул жеңишке рухтанган Мустафа Кемел мыйзамдуу жол т.а. парламент аркылуу бийликти колго алуу үчүн дагы иш баштады. Жаңы парламентке шайлоо өткөрүү үчүн даярдык иштери башталды. Бирок, ал эски негизге ылайык т.а. халифа өкмөтүнө караштуу Усманийлер парламенти көрүнүшүндө түзүлүшү керек эле. Баш вазир Адий Ризо адамдардын Мустафа Кемел тарабына жан тартып жатканын о.э. бул иштин ишке ашырууда өзүнүн алсыздыгын сезип, Мустафа Кемел менен келишип алууну ыктыяр кылды. Ушул максатта деңиз флоту министри Солих пашаны Анадолуга жиберди. Ал Анадолуда парламент коллегиясы менен жыйын өткөрдү. Бул жыйын 1919-жылы 18-октябрда болуп, «Амосия конференциясы» деп аталды. Ал бир нече күнгө созулду. Анда Солих паша өкмөт менен конференция катышуучуларын тил табыштыра алды. Анда ортого ташталган жана кабыл алынган сунуш «Султанга же Халифалыкка тил тийгизбөө» сунушу болду. Кийин Истамбул өкүлү Эрзурум жана Сивас конференциялары токтомдорунун баарына ыраазылык билдирди. Парламент комитетин таркатып жиберүү туурасында өтө катуу тартышуу болду, кийин бул маселени жаңы парламент мүчөлөрү чечкенге чейин ачык калтырууга токтом кылынды. Ошондон кийин Мустафа Кемел Анкарага, аны борбор кылып алуу жана ал жерде жашоо үчүн көчүп кетти. Анкарада аны тосуп алуу үчүн салтанаттуу ырасым уюштурулду. Шаар калкы Мустафа Кемел келе турган күнү эрте турду. Шаардын баары кыймылга түштү. Ал тургай, дыйкандар да аны тосуп алуу үчүн эгин талааларын таштап келди. Дербиштер Курани Карим аяттары жазылган чоң жашыл байрактарды көтөрүп чыгышты. Мустафа Кемел жетип келгенде куттуктоолор, аялдардын кыйкырыктары, такбир жана тахлилдер жаңырды. Ал каарман жеңүүчүдөй шаарга кирип келди жана ал жерде жашай баштады.

Жаңы шайлоолор болуп өттү. Мустафа Кемел Анкарадан парламентке мүчө болуп шайланды. Көпчүлүк депутаттар Анкарага келишип, өз иштери жөнүндө кеңешип алуу үчүн башталгыч межлис өткөрүштү. Бул жыйында парламент

межлиси борбордо өткөрүлүшү жана конференция мүчөлөрү расмий депутаттарга айлангандан кийин, конференция таркатып жиберилиши жөнүндө сунуш ортого ташталды. Бирок, Мустафа Кемел бул эки пикирге тең катуу каршылык кылып мындай деди: «Парламент адилеттүүлүктү канчалык деңгээлде карманып жаткандыгы белгилүү болгонго чейин жана парламент саясаты ачык-айкын болмоюнча, конференция таркабай турушу зарыл. Ал эми, борборго көчүү акмактык болот. Эгер мындай кылсаңар, чет элдик душмандардын кол астына түшкөн болосуңар. Англичандар мамлекетте али да толук өкүмдар болуп турат. Демек, бийлик тез арада силердин ишиңерге аралашып, силерди камакка алышы да мүмкүн. Парламент азат жана көз карандысыз болушу үчүн Анкарада болушу зарыл». Бирок, бардык депутаттар мамлекеттин мыйзамдуу акими, мусулмандар халифасы султан Вахидиддин кол астында болуулары үчүн, парламент олтуруму борбордо т.а. Истамбулда парламент жыйындар залында болушун талап кылып туруп алышты. Мустафа Кемел бул талапка каршы эч нерсе дей албастан ыраазы болду. Бирок, ал Истамбулга барбай Анкарада калды жана Анкара депутаттары менен жыйын өткөрдү. Депутаттарга зарыл көрсөтмөлөрдү берди жана алардан парламент жыйынында өзү жоктугунда аны парламент төрагасы кылып шайлоолорун талап кылды. 1919-жылы 11-декабрда парламент жыйыны султандын сөзү менен ачылды. Кийин парламентке төрага шайлоо иши башталды. Депутаттар Мустафа Кемелди эмес, Рауфбекти төрага кылып шайлашты. 1920-жылы 28-январда парламент Сивас жана Эрзурум конференциясы токтомдорун тастыктаган «улуттук убада» аты менен белгилүү болгон «Ватан ахдын» тан алды. Бул «Ватан ахды» түрк калкы жашаган аймактарга, айрыкча Истамбул жана Түркиянын Мармар деңизине чейин жетип барган региондору үчүн толук азаттык жана эгемендүүлүк берилишин талап кылган. Бул ахдга ылайык, империянын башка бөлүктөрүнүн келечеги референдум жолу менен чечилиши ылазым эле. Мына ушул негизде Европа мамлекеттери Усманийлер өкмөтүнө Истамбул жана булуңдар султандын кол астында калышы

жөнүндө расмий билдирүү жолдоду. Мустафа Кемелдин тарапкерлери муну өз саяаттарынын жеңиши деп эсептеп, европалыктар менен адилеттүү келишим шарттары негизинде келишип алуу мүмкүн деп түшүндүрүштү. Мына ушул учурда Мустафа Кемел Алий Ризо өкмөтүн кулатып таштап, ордуна таза улуттук өкмөттү коюу үчүн аракет кыла баштады. Муну депутаттардан да катуу талап кылды жана бардык күч-аракеттерин сарптады. Бирок, депутаттар Мустафа Кемелдин сөздөрүнө кулак салышпады. Мустафа Кемел ачуулангандан өзүн жоготуп койду. Ал мыйзамдуу жол менен бийликти колго алуу, Халифалык түзүмүн республика түзүмүнө өзгөртүү планы кыйраганын анык билди. Ушундан улам, бийликти күч менен колго алуу үчүн козголоң отун жага баштады.

## МУСТАФА КЕМЕЛДИН ЭКИНЧИ КАДАМДА ЫҢКЫЛАПКА КАЙТЫШЫ

Мустафа Кемел парламентке жаңы мүчөлөр шайлоону талап кылды эле, ал болду. Ошентип, межлис программасын тан алды, шайланган депутаттарды тан алды, межлис токтомдорун кабыл алууга убада берди, мурдагы өкмөт таркатылып, азыркы өкмөттү тааныды, мамлекетте конституцияга ылайык өкүм жүргүзүлүшүн талап кылды. Ушундай болушуна карабастан, бийликти парламент жолу менен алууга үмүтү калбагандан кийин, эми дагы кайрадан козголоң көтөрүүгө чечим кылды. Ошондуктан, ал кошуунду даярдоо жана согушка даярдык көрүү иштерин баштап жиберди. Мустафа Кемел англис жогорку коммисары жана Франция жогорку өкүлүнүн көз алдында Истамбулдан агып келе жаткан курал жана товарларды ала баштады. Алар бул ишке сыртынан каршылык билдиришсе да, бирок, иш жүзүндө эч кандай каршылык көрсөтүшкөн жок. Ал тургай, Мустафа Кемел англис жогорку комиссары көзөмөлү астындагы Голибулий жарым аралында бир вагон курал-жарак жана аскердик жабдууларды топтоп, алып чыгып кетти.

Союздаштарга каршы партизандык согуш башталды. Бирия курчоого алынып, багынууга мажбур болду. Козголоңчулар Бирияны коргоп турган италиялыктарга ал жерден согушсуз чыгып

кетүүгө уруксат беришти. Силисиянын чыгыш бөлүгүнө чабуул жасалып, ал жерден француз коргоочулары да согушсуз чыгып кетишти. Лондон жана Париж куралдуу аракеттер токтотулушун катуу талап кылышты. Бирок, алар токтотобой улана берди. 1920-жылы 7-мартта союздаштар баш вазир Алий Ризону иштен кетүүгө мажбур кылды. Ал иштен четтеди. Анын ордуна, Амосия конференциясында Мустафа Кемел менен келишип алып, абалды жумшартууга аракет кылган аскерий деңиз иштери министри Солих паша отурду. Бирок, 1920-жылы 10-мартта лорд Кирзун лорддор жыйынында минтип билдирүү жасады: «Истамбулда болгондой, европалыктардын акаратталышы, христиандардын куугунтукталышы, алардын бардык жайда кыргынга учурашы каршысында союздаштар кол куушуруп олтура албайт».

## АНГЛИЧАНДАРДЫН ИСТАМБУЛДУ БАСЫП АЛЫШЫ

Бул билдирүүнүн натыйжасында Босфордогу Ом – Карнуз-Захабий порттору англис аскерий кемелерине толуп кетти. Англис кызматчылары Анадолудан чыгып кетти. Ал жерде калган англис бөлүктөрүнө да, кудум англичандар Анкарадан чыгып кеткендей, тезинен кагылышууларсыз шаардан чыгып кетүүсү жөнүндө буйрук берилди. Истамбулда парламент төрагасы Рауфбек «англичандар депутаттарды камакка алып, дамад Фарид пашанын өкмөтүн кайра тикелегени жатат» деп билдирүү берди. Мустафа Кемел депутаттарга «англичандар колуна түшпөстөн качып кеткиле» деп телеграмма жолдоду. Бирок, алар качуудан баш тартышты. 1920-жылы 16-март күнү таң эрте Истамбулду күч менен басып алуу жана калкка катуу басым өткөрүү чаралары көрүлдү. Аны ишке ашыруу союздаш аскерий күчтөрүнүн башкы командачысы маршал Генри Вилсонго тапшырылды. Париж менен Рим Англия, Франция жана Италиянын жазалоо чараларына катышуусуна ыраазы болду. Бирок, Англия аскерий деңиз күчтөрүн гана жиберди. Франция менен Италия деңизден да, кургактыктан да эч кандай күч жиберген жок. Алар Англиянын Истамбулду ийгиликтүү басып алганын көрүп, эларалык тең салмактуулукту сактап калуу максатында, англичандардын гегемониясын токтотууга киришип, мамлекет үстүнөн шериктикте өкүмдарлык кылууну талап кылышты. Бирок, англичандар аларга мындай мүмкүнчүлүк

бербестен, өздөрү мамлекетте жеке аким болуп калышты. Кийин англис аскерлери зор шаан-шөкөт менен көчө аралап, элдин, ал тургай, аскерлердин жүрөгүнө коркуу салгандан кийин, почта-телеграф жана башка мамлекеттик маанилүү имараттардын баарын басып алышты. Мустафа Кемелдин партиясынан бир нече кишини, алардын катарында Рауфбек, Фатхийбек жана мурунку баш вазир Саид Хашимди камакка айдап кетишти. Эртеси күнү аларды кеме менен Малта аралына алып барып ташташты. Депутаттардын жана кошуун офицерлеринин кээ бирлери Истамбулдан Анкарага качып кетишти. Союздаштар Истамбулду ээлеп алып, каалагандай өкүм жүргүзө башташты. Истамбулда өзгөчө кырдаал жарыя кылынды. Почта-телеграф жана өкмөт үстүнөн катуу көзөмөл коюлду.

## АДАМДАРДЫН СУЛТАНГА КАРАТА КЫЖЫРДАНУУСУ КҮЧ АЛДЫ

Султан англичандар кылып жаткан иштер тарабында турду. Өкмөт калкка кайрылуу жасады. Кайрылуу «Ар бир мекенчил түрк султандын буйругуна баш ийиши важиб» деген сөздөр менен башталып, анда калк тынчтыкка чакырылган жана тынчтыкты сактоо калктын эң негизги милдети экендиги да уктурулган. Бул кайрылуу себептүү элдин султанга болгон наразылыгы ого бетер өстү жана ар тараптан чабуулдар күчөдү. Парламент да расмий түрдө таркатып жиберилди. 1920-жылы 5-апрелде баш вазир Солих паша иштен кетти, анын ордуна англичандар талабына ылайык мурунку баш вазир дамад Фарид паша отуруп, жаңы өкмөт түздү жана мамлекетте зомбулук менен өкүм жүргүзө баштады. Парламент таркатып жиберилгенден кийин дамад Фарид паша бүткүл бийликти өз колуна алып, англичандар кызыкчылыгын ашкере түрдө ишке ашыра баштады. Түрдүү жолдор менен аларга кошаматчылык кылып, ал тургай англичандардан өткөн англичан болуп чыга келди. Султан англичандарга кошаматчылык кылууда жана Мустафа Кемелдин тарапкерлерине чабуул кылууда баш вазирден калышпады. Ал тургай, султан Шайхул-Исламды Мустафа Кемел тарапкерлерине каршы фатва чыгарууга чакырды. Шайхул-Ислам: «улутчулдар жана улутчулдукка чакырып жаткандар Аллахтын каарына дуушар болуучулар жана туура жолдон

адашуучулар. Аллахтын момун пенделери бул күнөөкөр козголоңчуларга каршы согуш жарыя кылуулары важиб» деп фатва чыгарды, өз кезегинде султан да бул фатваны колдоп-кубаттап, Мустафа Кемел жана анын тарапкерлерин өлүмгө өкүм кылып буйрук чыгарды. Бул буйруктан кабардар болгон Мустафа Кемел чегинүү жөнүндө буйрук берилгенде чегинбей Анадолуда калып кеткен бир нече англичандарды туткунга алды. Кийин англис бөлүгү жайгашкан Эскишехерди курчоого алууну түрк бөлүгүнөн талап кылды. Бул учурда англичандар Куния шаарынан келе жаткан Италия бөлүктөрүн күтүп жаткан эле. Түрк аскерлери англичандарга чабуул кылып, Эскишехерди курчоого алышты. Кунияга бара жаткан Италия бөлүктөрүнө да чабуул кылышты. Италиялыктар өтө чоң жоготууларга учурап, араңдан зорго Кунияга жетип алышты. Кийин болсо батышка карай жүрүп, Измир шаарындагы гректерге кошулууга мажбур болушту. Англичандар Эскишехерден кудум италиялыктар Куниядан чыгып кеткендей чыгып кетишти. Ошондуктан, Анадолуда союздаштардын аскерлеринен бирөөсү да калбады. Бирок, Мустафа Кемел тарапкелеринин англичандарга каршы кылган чабуулдарында алар менен таптакыр кагылышуу болбоду, болгону, италиялыктар англичандар менен келишип алып, Кунияга бара жатышканда гана алар менен аз гана кагылышуу болуп өттү, кийин италиялыктар чегиништи

## МУСТАФА КЕМЕЛ ЖАҢЫ ПАРЛАМЕНТТИК ШАЙЛОО ӨТКӨРҮҮНҮ ЖАРЫЯЛАДЫ

Жогорудагы иштерден мамлекетте эки топ өкүмдарлык кылып турганы ачык көрүнөт. 1. Англичандар жана алар тарабындагы халифа менен өкмөт. 2. Мустафа Кемел партиясы жана ал тараптагы бүткүл калк. Мустафа Кемел англичандарга каршы тургандыгы үчүн адамдар аны англичандарга каршы алып барып жаткан согуштарда өздөрүнө командачы кылып алышты. Ошондуктан, массалык рай да, көпчүлүк офицерлер жана чиновниктер да ал тарапта эле. Мустафа Кемел бул учурдан пайдаланып, толук таркатылбаган парламент комиссиясы атынан жаңы парламенттик шайлоо өткөрүлүшүн жарыя кылды. Бирок, жаңы парламент Усманийлер парламентине окшобой, балким, ал өзгөчө таасирлерге ээ мыйзам чыгаруучу улуттук комитет

формасындагы парламент болот деп жарыялады. Анкара шаары бул улуттук комитеттин жыйындары өткөрүлө турган борбор болуп белгиленди. Шайлоо болуп өттү, бирок, ал чыныгы шайлоо болбостон, шайлоого окшогон расмиятчылык гана болуп калды. Көпчүлүк мындай кыйын кырдаалда Мустафа Кемелдин тарапкерлери гана калк тарабынан шайланынышы зарыл деген пикирде эле. Ушундай да болду. Депутаттар анын тарапкерлеринен гана шайланды. 1920-жылы 23-апрелде Анкарада улуттук конференция өттү. Катышуучулар парламенттин ачылыш жыйыны жума күнү башталышын каалашты. «Байрам хажи» мечитинде окулган жума намазынан кийин конференция катышуучулары шаан-шөкөт менен байрактар көтөрүп алып, жыйын өткөрүлө турган жайга келишти. Жыйын залы астанасында эки кой союп, кийин ичкериге киришип, ачылыш жыйынын өткөрүштү. Дал ушул учурда Анадолудагы бардык мечиттерде, ал тургай, кичине айылдардагы мечиттерде да, ушул жыйынга окшош жыйындар болуп өттү.

Мустафа Кемел улуттук конференция шайлоосу жана конференциянын ачылыш ырасымдары менен бирге, Анкарага кошуун офицерлерин, чиновниктерди көчүрүү иши менен да алектенди. Анкара калкы шаарга селдей агылып келе жаткан адамдарды, алардын ичиндеги офицерлерди, чоң мансаптагы адамдарды карап турушту. Оболу алардын эмне үчүн келе жатышканын билишкен жок, бирок, кийинчерээк алар өкмөт аппараты экенин билишти.

## МУСТАФА КЕМЕЛДИН АНКАРАДА МАМЛЕКЕТТИК АППАРАТТЫ ТИКЕЛЕШИ

Мустафа Кемел Анкарада мамлекеттик аппаратты ушундайча тикеледи. Муну менен бирге, туруктуу кошуунду курду, өкмөт мекемелерин түздү, басмакана жана журналисттерди алып келип, «Миллат хакимияты» (улуттук бийлик) деген гезит чыгара баштады. Анкараны өкмөт жана мамлекет борборуна айландыруу үчүн даярдап, Түркия жумуриятына (республика) пайдубал түптөй баштады. Бирок, ал бул иштерин этияттык менен, жашыруун түрдө алып барды. Ал өзү алып барып жаткан күрөштү чет элдик баскынчыларга каршы согуш кылып көрсөтүп, муну менен бирге, алып барып жаткан иштерин да мамлекетти коргоо үчүн кылып жаткандай көрсөтөт эле. Ал расмий билдирүүлөрдө

европалыктарга карата: «Силер бүткүл араб өлкөлөрүн, Сирияны басып алышыңар мүмкүн. Бирок, мен силердин Түркияны басып алышыңарга жол бербеймин. Биз ар бир калк пайдаланышы зарыл болгон укуктарды талап кылып жатабыз. Биз табийгый улуттук чегараларыбыз ичинде эркин калк болуп калууну каалайбыз. Бул укуктар толук камсыздалышын талап кылабыз» деп кайрылып жатты. Улуттук жыйындын ачылышында жана аягында: «Алып барылып жаткан бардык чаралар Халифалыкты жана султанды сактап калуу үчүн болуп жатат о.э. султанды жана мамлекетти чет элдиктерге кул болуудан азат кылуудан башка максатта алып барылып жатканы жок» деп, ачык билдирүүлөр берип жатты. Кийин болсо: «Султан борбордо каалагандай өкүм жүргүзүп жаткан чет мамлекеттерге туткун болгон соң, демек, ал эркин султан эмес жана ал өкүмдарлык укугунан да кол жууйт. Ушул себептен улам, жогорку улуттук жыйын убактылуу мамлекет иштерин башкарып турушу керек» деп, ачык билдирүү берди. Бул билдирүүдөн кийин эле аткаруу комитети түзүлүп, комитетке мамлекет иштерин башкаруу милдети тапшырылды. Комитет улуттук жыйын шайлаган 11 министрден түзүлгөн эле. Ага Мустафа Кемел башчы болуп шайланды. Кийин бул комитетке полковник Исмат паша да кошулду. Улуттук жыйын токтомдор чыгара баштады. Мисалы, Истамбул өкмөтү менен чет элдик мамлекеттер ортосунда түзүлгөн ар кандай соода келишимдери бекер кылынсын; мамлекет кирешелеринин бардык булактары, ал тургай султандын мүлкү, байлыктары жана вакф жерлеринен түшкөн кирешелер Анкара өкмөтүнүн карамагына өтсүн, - деген токтомдор чыгарылды. Анкарада мына ушундай түрдө өкмөт, парламент, өкмөт мекемелери жана кошуун түзүлүп, өтө маанилүү токтомдор чыгарылды. Султанга эки иштин бирин тандоодон башка чара калбады: жаңы өкмөттү бүтүндөй жок кылып таштоо; же жаңы өкмөткө моюн сунуу. Ошондуктан, эки тарап ортосунда куралдуу кагылышуу болушу анык болуп калды жана ал болду.

## СУЛТАНДЫН АНКАРА ӨКМӨТҮН ЖОЮУ ҮЧҮН КОШУУН ЖИБЕРИШИ

Халифа өзүнө садык офицерлер башчылыгында Анкарага кошуун жиберди. Кошуун мамлекеттин түндүк-чыгышына карай жүрдү. Ага өтө көп ыктыярдуулар келип кошулду. Мындан тышкары, халифа өз тарапкерлеринен айрым адамдарды Курдистанга ал жердеги урууларды козгоо үчүн жиберди. Бардык үммөттү тактыны жана халифаны коргоого кызыктыра баштады. Халифага болгон садыктык ушунчалык күчтүү эле, анын буйруктары урматтоо менен кабыл алынчу, ага моюн сунуу Аллахка итаат кылуу, ага каршы чыгуу Аллахка каршы чыгуу деп этибар кылынар эле. Ошондуктан, көп вилаяттар халифага кошулду. Кээ бир вилаяттар Анкара өкмөтүнө каршы козголоң көтөрдү. Халифа кошуунну Мустафа Кемелдин отряддарынын көбүн туткунга алды. Эки тарап ортосундагы согуштар 1920-жылдын апрели ичи уланып, султан кошууну бардык жерде Мустафа Кемел күчтөрү үстүнөн толук жеңишке жетишти. Козголоң борбору Анкарадан башка бардык вилаяттар халифа тарабына кошулуп, бардык адамдар халифа менен бирге болуп калды. Ал тургай, Анкаранын өзүндө Мустафа Кемелдин тарапкерлери үмтүсүздүккө түшүп, халифага моюн сунуу, ага кошулуу пикирине келип калышты. Мустафа Кемелдин өмүрү кыл үстүндө калып, анын жок кылынышына абдан аз калды.

## КЕЛИШИМ ШАРТТАРЫНЫН АШКЕРЕ КЫЛЫНЫШЫ КЫРДААЛДЫ МУСТАФА КЕМЕЛДИН ПАЙДАСЫНА БУРУП ЖИБЕРДИ

Мына ушул учурда Парижде түзүлгөн «Севр келишими» наамы менен жазылган, султан ыраазы болгон жана баш вазир кол койгон келишим шарттары ашкере кылынды. Бул шарттар келишимге кол коюлгандан бир жарым жыл өткөндөн кийин, мына ушул учурда ашкере кылынды. Ал мына ушундай учурларда ашкере кылуу үчүн түзүлгөн эле. Сыр сакталганы үчүн Түркиядагы адамдар андан кабарсыз болгон. Эми бул келишим шарттары Түркиянын бардык тараптарына ашкере таркатылды. Натыйжада, мамлекеттин бардык тараптарында жалпы пикир халифа жана баш вазир Фарид пашага

каршы козголду. Козголоң күчөп, чокусуна чыгып турган бир учурда, Англия премьер-министри Ллойд Жорж төмөнкү палатада: «Союздаштардын негизги максаты – түрк улутунан башка улуттарды түрктөрдүн зулумунан азат кылуу», - деди. Бул билдирүү да адамдар арасына кеңири таркатылды. Натыйжада, козголоң күчөп, англичандарга, алардын куурчагы болгон халифага жана баш вазир Фарид пашага каршы ого бетер кыжырданышты. Мына ушул иштер себептүү абал бүтүндөй өзгөрүп, адамдар халифадан жүз үйрүп, Мустафа Кемелге кошула башташты. Мустафа Кемелге каршы козголоң көтөргөн бардык вилаяттар халифа кошуунун таштап, Мустафа Кемелге өтүп кетишти. Халифа кошууну жеңилип, бардык жерде султандын кадыры түшүп кетти. Адамдар келишимге кол койгон, өз колу менен мамлекетти душманга тапшырган Фарид пашадан өч алууга убада бере башташты. Муну менен Анкара кыдаалды башкарууну дагы өз колуна алды. Бардык адамдар Мустафа Кемелди баскынчылыктан куткара турган куткаруучу деп ойлой баштады. Ал мамлекеттин башкы командачысына айланып калды. Себеби, халифа жана Фарид паша кол койгон бул келишим түрктөрдү акылдан адаштырып жиберген эле. Бул келишим Усманийлер империясынын бүтүшүн жана бир нече эгемендүү вилаяттарга бөлүп ташталышын түшүндүрөт эле. Натыйжада, Түркия Кичи Азиядагы чакан мамлекетке айланып, Истамбул эларалык көзөмөл астындагы Түркиянын борбору жана аны Европага алып чыгуучу жападан-жалгыз жол болуп калат эле. Султандын аты эле калып, Түркия болсо Англия, Франция жана Италиянын таасири астында болуп калмак эле. Келишим өтө жаман беренелерди өз ичине алган болчу. Алардын канчалык жамандыгын билүү үчүн кээ бир беренелерди келтирип өтөбүз:

1. Араб мамлекеттери: Түркия өз карамагындагы бардык араб мамлекеттеринен ажыратылат. Хижаз башынан эле көз карандысыз мамлекет деп тан алынат. Түркия Сирия, Палестина жана эки дарыя аралыгындагы мамлекеттер үстүнөн өкүмдарлыгын жоготуп, алардын келечегин чечүүнү союздаштарга калтырат.

2. Түркиянын Европа бөлүгү: Түркия Дамостун батышын тээ Гаталжа чегараларына чейин гректерге берет. О.э. гректер

союздаштардан батыш калдыктарды да алат. Ошентип, алардын майданы кеңейип, Түркияга карай 20 мил жылат.

3. Самирна жана Эгей деңизиндеги аралдар 5 жыл гректер башкаруусунда болот, кийин Грецияга кошулуу жөнүндө референдум өткөрүүгө мүмкүнчүлүк берилет. Жамброс жана Тинидос аралдары толугу менен гректерге берилет. Эгей деңизинин башка аралдары үстүнөн да гректердин өкүмдарлык кылуулары тан алынат. Бирок, стратегиялык чекит болгон Родос аралын курчап турган Дудикониз аралдары Италияга берилет.

4. Армения: Түркия Арменияны эгемендүү мамлекет деп тан алат жана премьер-министр Вилсондун эки мамлекет арасындагы чегараларды белгилөөгө башчылык кылышын кабыл алат.

5. Курдистан: Түркия Фурот дарыясынын чыгышында жайгашкан Курд жерлерине автономия берүүгө жана бул үчүн Италия, Франция жана Англия өкүлдөрүнөн түзүлгөн мамлекеттер аралык комитет тарабынан сунуш кылына турган ар кандай программаны кабыл алууга ыраазылык билдирет. Түркия күрддөр жайгашкан райондордогу Иран менен болгон чегараларда өзгөртүрүүлөрдү кабыл алууга ыраазылык билдирет. Буга кошумча түрдө, эгерде келишим аткарылышынын биринчи жылында күрддөр «Улуттар лигасы»нан Түркиядан бөлүнүп чыгууну талап кылса, «Улуттар лигасы» эгемендүү болууга жөндөмдүү деп чечсе, күрддөргө эгемендүүлүк берүүнү сунуш кылат. Түркия муну аткарууну өз мойнуна алат жана күрд жерлери үстүнөн болгон бардык өкүмдарлыктарынан баш тартат. Мунун шарттары союздаштар менен Түркия ортосунда боло турган жаңы келишим аркылуу белгиленет.

6. Истамбул жана кысыктар: Түркия кысыктар эларалык көзөмөл астында болушуна жана ага коңшу региондор куралсызданышына ыраазылык билдирет. Ал эми, Истамбул Түркия өкүмдарлыгы астында калат.

Мындан тышкары, Түркия түрк кошуундарын 50 миңге чектөө, кошуунду союздаштар көрсөтмөлөрүнө моюн сундуруу, Түркиянын финансылык иштерине Англия, Франция жана Италиянын эркин өкүмдарлык кылышын кабыл алуу, мурунку жеңилдиктерди калтыруу жана бул келишимге башка дагы бир нече басмырлоочу беренелерди кошуу, Түркияда азчылыкты түзгөн калктар, айрыкча,

армян, грек жана күрддөргө жана бардык христиандарга жеңилдиктерди берүү сыяктуу иштерди да кабыл алат. Ошондуктан да, мындай жаман, кемсинтүүчү келишимдин ашкере таркатылышы, аны кабыл алган султанга каршы Түркияда козголоң көтөрүлүшүнө жетиштүү болду. Бул иштер себептүү багыт тездик менен Анкаранын пайдасына өтө баштады. Бүткүл мамлекет Анкаранын жаңы өкмөтү тарабына өтүп кетти. Жаңы өкмөт үчүн аскерий жана улуттук күчтөр түзүлдү. Ал тургай, Анкара өкмөтү союздаштар ээлеп турган жана англис аскердик кемелери кайтарып жаткан Түркиянын борбору Истамбулга да коопту туудура баштады. Муну менен Мустафа Кемел экинчи кадамда ийгиликке жетишти жана мамлекетте борбору Анкара болгон, мамлекет жана кошуун үстүнөн толук өкүмдарлык кылган экинчи өкмөткө негиз салууга жетишти.

Бул Мустафа Кемел ыңкылабындагы экинчи кадам жана анын окуяларынан. Бул окуялар жөнүндө пикир жүргүзгөн ар кандай адам, экинчи кадамды даярдап, анын ишке ашырууда колдоп, аны жок кылынуудан коргоп тургандар англичандар экендигин анык билип алат. Истамбул жана кысыктар султан башкаруусунда калышы керек деген расмий билдирүүнү да союздаштар Түркия өкмөтүнө жолдогон. Бул билдирүүнү өкмөт талап кылбаган болчу. Союздаштардын бул жерлерди ээлеп туруп, бирок, мынчалык марттык кылышынын себеби кийинчерээк белгилүү болду. Себеби, бул нерсе кийинчерээк англичандардын кысыктар аркылуу Истамбулга кайтып келип, жеке өздөрү басып алууларына мүмкүнчүлүк жаратып, Италия жана Франциянын кайтып келишине мүмкүнчүлүк калтырбаган эле. Бул англичандардын Истамбул жана кысыктарды бир гана өздөрү басып алуулары үчүн иштеткен айласы эле.

Мындан сырткары, Мустафа Кемел ыңкылапты жаңыдан баштаганда, Истамбулдан ага келип жаткан курал жана каражаттардан англичандар кабардар эле. Бул иштер англис жогорку комиссары жана Франция өкүлүнүн көз алдында болуп жатса, эмне үчүн алар бул иштерге кайдыгер карап, унчукпай турушту? Эмне үчүн Голибулия жарым аралынан курал-жаракка толтурулган вагондор жөнөтүлүшү колдоп-кубатталды. Союздаштардын Мустафа Кемелге каардануударын алып көрөйлү,

эгер алар чындап Мустафа Кемелге каршы болушканда, анда Истамбулга эмес, Анкарага жана козголоңчу кошуундарга чабул кылышкан болор эле. Бирок, алар аскерий кемелерин кайрадан Истамбулга алып келишип, калкты козгоо иштери менен алектенип, козголоңчуларга эч кандай зыян жеткиришпеди.

Козголоңчулар англичандар менен бир да жолу кагылышпай, Киликилияда француздар менен, Кунияда италиялыктар менен кагылышты. Негизи, козголоңго англичандар эмес, Франция менен Италия каарданышы керек эле. Бирок, иш жүзүндө англичандар өздөрү гана мамлекетти басып алуу үчүн катышып, Франция менен Италиянын кайтып келе турган жолун тосуп коюшту. Мындан тышкары, эмне үчүн келишимдин шарттары дал ошол Мустафа Кемел кризиске кептелип, кулап кетишине аз калган убакта ашкере кылынып таркатылды. Эмне үчүн бул келишим мындан мурда сыр сакталды? Ага кол коюлганына бир жылдан ашык убакыт өтүп кеткен эле го? Бул иш адамдарды халифа жана өкмөткө каршы козгоо эмеспи? Бул иш Мустафа Кемелди жана козголоңчуларды союздаштарга каршы кылып көрсөтүү эмеспи? Шек-күмөнсүз, бул иштер англичандардын айла-амалдарынан башка нерсе эмес. Англичандардын так ушул учурда бул келишимди таркатууларынан көздөгөн максаты – Мустафа Кемелди куткарып калуу жана халифага сокку берип, эларалык конференцияларда чечүүчү келишимдерди түзүү үчүн жаңы өкмөттү тикелөө эле.

## АНКАРА ӨКМӨТҮНҮН БЕКЕМДЕЛИШИ ЖАНА АНЫ МЕНЕН МАМЛЕКЕТТЕРДИН ТҮЗДӨН-ТҮЗ АЛАКА ТҮЗҮҮНҮ БАШТАШЫ

Ошентип, Анкарада экинчи өкмөттү бекем орнотуу жана аны иш жүзүндөгү бийлик жана күчкө ээ кылуу менен экинчи кадам аягына жетти. Истамбул өкмөтү болсо эч кандай бийлик жана кубатка ээ болбогон өкмөткө айланып калды. Бул экинчи өкмөт куралып, мамлекет үстүнөн толук өкүмдар болуп алгандан кийин, Англия Лондондо Греция жана Түркиядан кээ бир депутаттар катышуусунда конференция өткөрүүгө чакырды. Англия «Бул конференцияны өткөрүүдөн максат Чыгыш проблемасынын чечими жөнүндө талкуулашып алуу» деди. Негизи, Чыгыш проблемасы официалдуу жарашуу келишиминде чечилип бүткөн эле. Бирок,

бул конференция «Севр келишимине» байланыштуу бардык проблемаларды талкуулай турган болду. Анткени, «Севр келишими» толук күчүнө кирип, колдонула элегинде, аны өзгөртүүгө үлгүрүп калуу керек эле. Бул келишимдин бир да беренеси колдонула элек болчу. Бул нерсе ушул келишимди англичандар аткаруу үчүн эмес, балким, Түркияны коркутуу о.э. өз максаттарын ишке ашыруу жолунда пайдалануу үчүн түзүшкөнүн тастыктайт. Буга далил болсо, анын түзүлгөнүнө бир жылдан өтсө да, иш жүзүндө бир да нерсе аткарылбады, ал жашыруун абалда сакталды жана жарыя кылынбады. Качан Мустафа Кемел кризиске кептелип, ал жок кылынышы жана козголоң бастырылышы мүмкүн болуп калган акыбалга келгенде гана жарыя кылынды.

Англичандар Севр келишимин кайра карап чыгуу үчүн конференция чакырышынын өзү да таңкалыштуу абал. Себеби, келишим англичандар үчүн пайдалуу болчу. Анткени, Франция Севр келишимине көңүлү толбой, ага ыңгыранып ыраазылык билдирген эле. Себеби, Усманийлер Мамлекети урандысынын өтө чоң бөлүгү англичандарга тийгенден кийин, ал Сирия жана Киликилияга ыраазы болууга мажбур болду. Бирок, Сирия жана Киликилиянын да Францияга тийиши күмөн эле. Италия да келишимге нааразы эле. Себеби, гректердин Кичи Азияда кеңейиши, союздаштар ортосунда болуп өткөн келишимге ылайык, Италияга тийиши керек болгон жерлер эсебинен болгон эле. Ошондуктан, Англия бул эки мамлекетке (Франция менен Италия) караганда өтө чоң олжого ээ болуп, алар келишимге нааразы болгон абалда кол коюшкан болчу. Демек, келишим Англияга союздаштары эсебинен чоң олжо апкелип жаткандыгына карабастан, Англиянын бул келишимдин бирер беренесин аткарбагандыгы да табигый болбогон иш. Эми болсо Англиянын бул келишимди кайра карап чыгууну талап кылышы да таң калычтуу. Мындан да таң калычтуусу, Анкаранын жаңы өкмөтүнүн делегациясы Усманийлер делегациясы менен бирге конференцияда катышуусу. Акыйкатта болсо, конференцияга Усманийлер делегациясы менен бирге Усманийлер мамлекетиндеги түркий да, башка да бирер уюмдун катышуусу мүмкүн эмес эле. Себеби, Усманийлер өкмөтү мыйзамдуу өкмөт эсептелип, согуштан жеңилип чыккан, «Севр келишими»не кол койгон да ушул өкмөт эле. Али эч

ким тан албаган Анкаранын жаңы өкмөтү келишим шарттарын кайра көрүп чыгуу үчүн өткөрүлө турган мамлекеттер аралык конференцияга катышууга акысы бар беле? Бул Анкарада жаңы өкмөттү тикелеп, биринчи келишим шарттарында, кийин болсо акыркы шарттарда анын өзүн калтыруу үчүн англичандар тарабынан ойлоп табылган иш экендигине жетиштүү далил эмеспи? Усманийлер өкмөтү т.а. Халифа өкмөтү Анкара өкмөтүнүн сүйлөшүүлөрдө катышуусун инкар кылышы зарыл эле. Себеби, Анкара өкмөтүнүн да сүйлөшүүлөрдө катышуусуна ыраазы болуу Усманийлер өкмөтүнүн башка мамлекеттер алдында аны расмий тан алуусу болуп эсептелет эле. Мындан тышкары, мамлекетте эки өкмөттүн болушу, келишим шарттары жөнүндө алып барылып жаткан сүйлөшүүлөрдө эки өкмөттүн катышуусу, душман алдындагы алсыздыкты жана жок болууну түшүндүрөт эле. Ошондуктан да, Халифа өкмөтүнүн Анкара делегациясы барышын четке кагышы табигый болмок. Бирок, Халифа өкмөтү Анкара делегациясынын сүйлөшүүлөрдө катышуусуна ыраазы болду. Усманийлер өкмөтүнүн алсыздыгы ушунчалык деңгээлге түштү дейсиң, ал тургай Мустафа Кемелди Лондон конференциясына чакырган катты – Мустафа Кемелди ыраазы кылуу жана аны менен жарашуу үчүн – каражат катары пайдаланмакчы болду. Ушул максатта баш вазир Тавфик паша Мустафа Кемелге Лондон конференциясына катышуу үчүн Европа мамлекеттери тарабынан жиберилген чакыруу катын алып келди жана: « Усманий империянын аты менен жана анын кызыкчылыгы үчүн Түркия делегациясы крнференцияга бир күч болуп барышы, программасы калктын майдаланганын эмес, балким, кызматташтыгы жана биримдигин көрсөтүп турушу талап кылынат», - деди. Бирок, Мустафа Кемел бул талапты четке кагып: «Анкарадагы улуттук межлис гана мамлекетте конституциялык бийликке ээ. Ошондуктан, Европа мамлекеттери чакыруу катын бул улуттук межлис аркылуу гана жибериши ылазым», - деди.

Улуттук межлис бул убакыт ичинде өзүн туруктуу межлиске айлантты жана тогуз ай дегенде жаңы конституция иштеп чыкты. Конституция иштеп чыгуу жараянында улуттук межлис туш келген жана көп тартышууларга себеп болгон эң чоң маселе «Султанат жана Халифат» маселеси болду. (Султанат – султан башкарган

бийлик). Көпчүлүк мүчөлөрү Ататүрктүн сапташтары болгону үчүн «Ататүрк межлиси» деп этибар кылына турган «Улуттук межлис» мүчөлөрүнүн таасири астында Мустафа Кемел конституцияга «Султанат жана Халифалыктын калышы» жөнүндөгү беренени киргизүүгө мажбур болду. Ошондуктан да, баш вазир Тавфик паша Түркия делегациясы биримдик жана шериктештикти көрсөтө турган таризде болушуна чакырган сунушту четке кагып, Мустафа Кемел: «Улуттук межлис конституция башына Султанаттын жана Халифалыктын ыйыктыгын түшүндүрө турган беренени биринчи киргизди. Анкара өкмөтүнүн делегациясы Султан өкмөтүнүн делегациясы менен биргеликте конференцияга катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу үчүн, Султан улуттук межлисти тан алышы керек», - деди.

Бирок, Султан улуттук межлисти жана улуттук межлис иштеп чыккан конституцияны тан албады. Анткени, улуттук межлисти тан алуу, ал расмий түрдө Халифалыктын калышын конституция беренелерине киргизген болсо да, негизи, Халифалыкты бекер кылууну түшүндүрөт эле. Себеби, бул конституция бийлик бүтүндөй калкка өткөндүгүн, калк бийлик булагы экендигин жана улуттук межлис гана калк өкүмдарлыгын көрсөтүү укугуна ээ экендигин о.э. бир гана ал согуш жана тынчтыкты белгилешин жарыя кылды. Конституциядагы бул мыйзамдар Исламды түп-тамырынан жемирүү дегени эле. Себеби, Исламда мыйзам иштеп чыгуу булагы калк эмес, Шарият. Халифа гана согуш жана тынчтык жөнүндө токтом кабыл алуу укугуна ээ. Ошондуктан да, Султан улуттук межлисти тан алышы мүмкүн эмес эле. Бул өз ара келишпестик себептүү Халифа өкмөтү менен Анкара өкмөтү ортосунда делегация түзүү тууралуу алып барылып жаткан сүйлөшүүлөр токтоп калды.

Европа мамлекеттери Султан өкмөтү аркылуу келгени үчүн Мустафа Кемел сунушту четке какканын жана бул сунуш Султан аркылуу келгендиги үчүн конференцияга барууну инкар кылганын көргөндөн кийин, Англия союздаш мамлекеттер атынан түздөн-түз Анкарага чакыруу катын жиберди, Англиянын Анкарага түздөн-түз мындай чакыруу катын жибериши, Анкара өкмөтүн ачык тан алуу болуп эсептелет эле. Ушул себептүү, делегациялар конференцияга өз-өзүнчө барышты. Тавфик паша Халифа делегациясын, Бакир Самийбек болсо Анкара делегациясын жетектеп барышты. Лондон конференциясы 1921-жылдын февраль айында болуп өттү.

## ЛОНДОН КОНФЕРЕНЦИЯСЫНДА СУЛТАН ДЕЛЕГАЦИЯСЫНЫН ЖЕТЕКЧИСИ ЭКИ ДЕЛЕГАЦИЯ АТЫНАН СҮЙЛӨӨ УКУГУН АНКАРА ДЕЛЕГАЦИЯСЫНЫН ЖЕТЕКЧИСИНЕ БЕРДИ

Эки делегация сүйлөшүү столуна отурушкандан кийин, баш вазир Тавфик паша ордунан туруп: «Мен Истамбул делегациясынын башчысы катары, өзүмдүн сөз сүйлөө укугумду Бакир Самийбекке беремин. Ал эки делегация атынан сүйлөп, түрктөрдүн улуттук кызыкчылыктарын коргойт. Ошондуктан, анын сөзү этибарлуу эсептелет», - деди.

Англия атынан лорд Жорж, Франциядан Барон, Италиядан граф Сафурзолор конференция катышуучуларына, конференцияны өткөрүүдөн негизги максат, согушта пайда болгон кээ бир эларалык проблемаларды чечүү жана союздаштар түзгөн келишимдин шарттарына, өзгөчө гректерге берилген жеңилдиктерге өзгөртүүлөр киргизүү экендигин айтышты. Ушул максатта бир комисия түзүп, ага Измир аймактарында жашоочу калктардын абалын кайрадан үйрөнүп чыгуу вазыйпасы тапшырылып, токтом кабыл алынышын, бул токтом эки тарапка тең колдонулушун айтып өтүштү. Делегация башчысы Бакир Самийбек макул болду, бирок, гректер каршы чыкты. Ошондо Бакир Самийбек «Измирди христиандар башкаруусу астындагы өз алдынча вилаят кылсак» деген сунушту ортого таштады, бирок, англичандар да, грек, француз жана италиялыктар да бул сунушка каршы чыкты. Франция делегациясы Киликилияны бошотуп, түрктөргө тапшырууга ыраазы болду жана бул келишимге кол коюлду. Бакир Самийбек Францияга Түркия менен болгон алакаларда бардык мамлекеттерге караганда соода мамилелеринде өзгөчө артыкчылыктар берилишине ыраазы болду. Бул келишимге да кол коюлду.

Бирок, Лондон конференциясы ийгиликсиз аяктады, Түркия-Франция келишимдеринен башка эч нерсеге жетишилген жок. Эки делегация Түркияга кайтып келгенден кийин, Мустафа Кемел бул келишимдерди жокко чыгарды. Бакир Самийбек тышкы иштер министрлигинен кетүүгө мажбур болду жана Кемелдин каршылаштарына өтүп кетти. Мустафа Кемел Франция өкмөтүнө: «Жиберилген делегация өз компетенциясына кирбеген иштерди

кылган, ошондуктан, алар кабыл алган бардык токтомдор бекер кылынат, мамлекет бул токтомдорду кабыл кылбайт жана бул келишимге жоопкер болбойт», - деп кат жазды.

Кийин Анкара менен Франция өкмөттөрү ортосунда сүйлөшүүлөр башталды. Сүйлөшүүлөрдүн аягында т.а. 1921-жылы 20-октябрда Анкара өкмөтү менен Франция ортосунда келишимге кол коюлду. Келишимге ылайык, Түркия Сирияны Францияга калтырды. Эки мамлекет Түркия менен Сирия аралыгын ажыратып турган чегара сыгызын чийүүгө келишип алышты. Келишимге ылайык, Франция өз аскерий күчтөрүн Киликиядан алып чыгып кетти. Ошентип, Мустафа Кемел мамлекеттер менен алака байлоо ишин баштап жиберди. Мамлекеттер аны менен алака кылып, Халифа өкмөтү мавжуд болушуна карабастан, Мустафа Кемел менен өз ара келишимдер түзө башташты. Европа мамлекеттери Мустафа Кемелге өз каалолорун билдире башташты. Франция, Италия Мустафа Кемелди ыраазы кылууга жана ага жакындашууга аракет кыла баштады. Англия да эларалык иштерде ачыктан-ачык Мустафа Кемелди колдоп-кубаттай баштады. Муну менен бирге, гректерден жүз үйүргөнүн көрсөтүп, аларга ачууланганын ачык көрсөтө баштады.

Мустафа Кемел Россия менен алака кыла баштады. Россияда коммунисттик өкмөт түзүлгөн эле. Мустафа Кемел Россиядан аны колдоп-кубатташып талап кылды жана Россияга Батуми шаарын берди. О.э. Мустафа Кемел Россиядан өзү менен Туркия атынан достук келишимин түзүүнү талап кылды. Анткени, бул келишим Россия тарабынан анын тан алынышы болот эле. Коммунисттик өкмөт бул талаптарды кабыл алды. Себеби, ал эч нерсе уттурбайт эле жана муну менен бирге, ал Исламга жана Түркияда Ислам Халифалыгы болушуна каршы эле. Ушуга ылайык, ал Мустафа Кемелди англичандарга жана халифага каршы колдоп-кубаттады. Россия 1921-жылы 16-мартта Батуми шаарын алды жана эч кандай зыян көрбөдү. Бул иштен мурдараак Италия өз каалоосу менен, 1921-жылдын январ айында Азалиядан чыгып кеткен эле. Ошентип, Франция, Италия жана Россия Анкара өкмөтү тарабына өттү. Мустафа Кемел күчкө толду.

# МУСТАФА КЕМЕЛ ГРЕК ПРОБЛЕМАСЫН СОГУШ АРКЫЛУУ ЧЕЧҮҮ ҮЧҮН ДАЯРДЫК КӨРДҮ

Лондон конференциясы ийгиликсиз аяктап, Мустафа Кемел менен Франция, Италия жана Россия ортосунда келишимдер түзүлгөндөн кийин, грек проблемасынан башка согуш проблемасы калбады. Ошондуктан, Мустафа Кемел грек проблемасын согуш жолу менен чечүү үчүн калтырды. Ошон үчүн, Мустафа Кемел курал-жарак, техника жана ок-дарыларды даярдоо иштерин баштап жиберди. Кошуунду даярдап, кубатын күчөтө баштады. Мустафа Кемелге курал-жарак, ок-дарылар ири көлөмдө селдей агып келе баштады. Ок-дарылардын мындай чоң көлөмдө агып келишинен Мустафа Кемел согушка даярдык көрүп жаткандыгы ачык көрүнүп турду. Мустафа Кемелге Россиядан куралдар Босфордогу англичандар колундагы жайлардан о.э. Кара деңиз жээктери аркылуу келип жатты. Франция Киликилиядан аскерий күчтөрүн алып чыгып кетти. Ошол тараптагы 80 миңдей аскерден турган түрк аскерий күчтөрү батышка, ал жерлерди күчөтүү үчүн кетти. Гректер коркуп калышты. Алар бул даярдык аларга каршы каратылганын сезишти. Муну менен бирге, Европа мамлекеттери аларга каршы экенин, Англия алардан жүз үйрүгөнүн да көрүштү. Түркияны аларга каршы согушка кызыктырып жаткан мамлекет Англия деген күмөнгө барышты. Ошондуктан, гректер союздаштардан уруксат сурабастан, түрктөргө каршы чабуулду баштоо пикирине келишти. Себеби, гректер союздаштар аларга каршы иш кылып жатышканына анык ишенишер эле. Союздаштар гректердин түрктөргө каршы согуш баштап жиберишин сезип калышкандан кийин, эки тарапты т.а. түрктөр жана гректерди жараштыруу сунушун көтөрүп чыгышты. Бирок, гректер союздаштардын бул сунушун «убакыттан утуу үчүн гана колдонуп жаткан бир васита жана түрктөр күчтөрүн топтоп, даярдык көрүп алуу үчүн берилип жаткан убакыт» деп кабыл алып, союздаштар сунушуна эч кандай жооп бербестен, согушту баштап жиберди. Ошентип, гректер жана түрктөр ортосунда согуш башталды. Бул согуш болжол менен бир жылга созулду. Согуш башталышы менен, союздаштар расмий түрдө өздөрүнүн бейтараптыгын жарыя кылышты. Бул бейтараптык таң калычтуу эле. Себеби, Усманий Мамлекет али да англичандар агрессиясы астында болуп, эларалык

мамилелерде союздаштар агрессиясы астындагы мамлекет болуп эсептелет эле. Бул жерде болуп жаткан согуш агрессорлор аброюна таасир кылары анык эле. Ошондуктан, союздаштардын бейтарап турушу кандай болор экен? Алар союздаш гректер менен бирге болушу керек эле же согушту токтотуу үчүн аларга каршы турушу керек эле, ошон үчүн мындай абалда бейтарап туруу туура эмес болор эле. Бирок, алар иш жүзүндө бейтарап турушту. Союздаштар өз союздашы болгон гректерди таң акыбалга таштап коюшту. Гректер сунушту кабыл алып, сүйлөшүүгө ыраазы болсо болмок. Бирок, алар согушту улантуу пикиринде бекем туруп алышты. Англия өкмөтү гректерге Түркия менен гректер ортосунда расмий ортомчу болууну сунуш кылды. Бирок, гректер бул сунушту да четке кагышты. Бул жооптон кийин гректер англия өкмөтүнүн ортомчулугунан шектенип жаткандыгы, англичандарды Мустафа Кемел тарабында деп билип жатышканы белгилүү болуп калды. Ошондуктан, гректер англичандардын ортомчулугун четке кагып, согушту улантышты.

Эки мамлекет ортосундагы бул согушта кээде гректер, кээде түрктөр жеңип жатышты. Гректерге каршы «партизандык согуш» эми чыныгы согушка айланды. 1922-жылы 23-мартта гректер Эскишехер жана Афюнкарахисарга карай жүрүш жасады. Бул эки шаар чегара сызыктары туташа турган борборлор эле. Гректер аз убакыт ичинде Афюнкарахисарды ээлеп алышты. Бирок, алар 1922-жылы апрелде түндүк тарапта Айн Уту алдында жеңилишип, Бурсага чегинүүгө мажбур болушту. Июль айында гректер бардык күчүн топтоп, дагы согуш башташты. Истамбул шаарына чабуул кылууга катуу бел байлап, аны басып алууга амалий түрдө аракет кылышты. Бирок, союздаштар кошуунунун башкы командачысы генерал Харингтон алардын жолуп тосуп, артка кайтууга мажбур кылды. Гректер чыгышка карй жүрүп, чегара сызыгына жетип барышты жана түрктөр менен бетме-бет кагылышты. Түрк кошууну командачысы Исмат паша грек чабуулун 10 күнгө токтотуп тура алды. Бирок, 11-күнү грек кошууну Кутахиядагы Түрк флонтун жарып кирди. Исмат паша грек чабуулдарын арты-артынан тосуга аракет кыла баштады. Бирок, грек кошууну Исмат пашаны кыйын акыбалга салып койду. Түштүктө жайгашкан грек дивизиялары Афюнкарахисарды ээлеп алышты жана түндүк тараптарды да

басып алуу үчүн жүрүштү улантышты. Согуш кызуу уланып, абал ого бетер оорлошту. Кырдаал кыйын акыбалга түшүп калганына карабастан, кошуун командачылары мекен алдындагы милдет акыркы мүнөткө чейин согушуу экенин билер эле. Башкы командачы Мустафа Кемел менен байланып, ага бул кабарларды жеткирди. Мустафа Кемел кабардар болгондон кийин, тезинен согушту токтотуп, чыгыш тарапка чегинүү жөнүндө буйрук берди. Түрк кошууну чегине баштады. Түрк кошууну толук үмүтсүздүккө түштү, муну менен бирге, чоң жоготууларга учурап, кымбат баалуу аскерий курал-жарактарды душманга олжо кылып калтырып жатты. Вагондор жүк жана алдан тайган балдар менен аялдарды алып кете баштады. Түрк кошууну чегинип, Салорияга жакындашып калды. Бирок, Мустафа Кемел Эскишехерден Анкарага поездде жетип келди. Гректер менен сүйлөшүүлөр болуп, алар эч жемишсиз өттү. Мустафа Кемел бул сүйлөшүүлөрдө гректерди ыраазы кыла турган ар кандай сунуштарга даяр эле. Бирок, гректер бардык сунуштарды четке кагышты.

Түрктөр түшкүндүккө түшүп, улуттук межлистин ызы-чуу жыйындары уланып турду. Мустафа Кемелге каршылар бүткүл ачууларын Мустафа Кемелге жана аны менен бирге болгон командачыларга чачып жатышты. Мустафа Кемел тарапкерлери болсо экиленип, терең ойго батып калышты. Кийин Мустафа Кемелдин командачылыгы борборго кайтып келди. Ал жерде командачылардын өз ара сүйлөшүп жатканын угуп калды. Аларды түшкүндүк абалында көрүп, кайратын козгоого аракет кылып, төмөндөгү сөздөрдү айтты: «Темир жол кандай мааниге ээ? Эскишехер жана башка бирер шаардын эмне маанилүү жагы бар? Булар эч кандай мааниге ээ эмес. Негизги нерсе – бул кошуун. Кошуун күчтүү боюнча турат. Төрт апта өтүп-өтпөстөн, биз кайрадан душман үстүнөн жеңишке жетишебиз», - деди. Бирок, командачылар Мустафа Кемелге таң калып, тигилип калышты. Себеби, алар Мустафа Кемелдин бул сөздөрүн куру сөз деп эсептешер эле.

Согуш уланып, грек кошууну алдыга жылып келе жатты. Генерал Бабулос дивизиясы Салория батышына келип түштү. Түрктөр Корону тапшырууга мажбур болду. Оң канат күчтөрү кыйынчылык менен качып кутулушса, сол канат күчтөрү болсо өз

ордунда туруп калышты. Акыры алар да башка жайга чегинүүгө мажбур болушту. Мустафа Кемел командачылыгынын борбору Ажуш айылында болуп, Мустафа Кемел ал жерден туруп, бөлмөсүнөн чыкпастан буйруктар берип турду.

Исмат паша кошуун командачысы эле. Түрк кошууну дагы жеңилүүгө учурай баштады. Башкы командачы кошуунга чегинүү же чегинбөө жөнүндө буйрук берерин билбей, арсар болуп калды. Мустафа Кемел анык билди, эгер кошуун чегинбесе, кыйроого кабылат эле же уткурат эле. Бирок чегинсе, кыйроого учурашы анык эле. Ошон үчүн Мустафа Кемел чегинбөөгө катъий чечим кабыл алды.

## ГРЕК КОШУУНУ СОГУШТА ҮСТӨМ БОЛУШУНА КАРАБАСТАН, СОЮЗДАШТАР КЫСЫМЫ АСТЫНДА ЧЕГИНЕ БАШТАДЫ

1922-жылы 7-сентябрда, таң эрте грек кошууну чабуулду токтотуп, чегинип жатканы жөнүндөгү кабарлар келди. Мындан пайдаланган түрк кошууну чегинип жаткан гректерге каршы чабуул баштады. Гректер оболу Салория артына, кийинчерээк болсо Анадолу темир жолуна жакын мурдагы борборлоруна чегиништи. Алар чегинип жатып, айылдарды өрттөшүп, кудуктарды жардырып, малдарды айдап кетишти. Туш келген адамдарды өлтүрүштү. Алар 100 милдик аймакты урандыга айлантып, Измирден чыгып кетишти. 9-сентябрда түрктөр Измирди согушсуз алышты. Бирок, алар да шаардын жарымын (т.а. гректер жашаган айылдарды) грек баскынчыларынын издерин бүтүндөй жок кылып таштоо максатында өрттөп жиберишти. Англия, Франция жана Италия келишим түзүлүшүн талап кылды. 1922-жылы 11-октябрда өз ара келишимге кол коюлуп, гректер Таракияны, ал тургай Марижди таштап чыгып кетишти.

Ушуну менен грек жана түрктөр ортосундагы согуш аяктады. Бул ошол доордо батыш массалык маалымат каражаттары сүрөттөгөндөй эмес, балким, кандай болуп өткөн болсо ошондой бойдон келтирилген согуш окуяларынын чыныгы тыянагы. Бул окуялар көрсөтүп тургандай: гректердин басып алган жерлерин таштап чегинүүлөрү согуш натыйжасында болбоду. Тескерисинче, алар анда жеңишке жетишкен эле. Түрктөр болсо жеңилип,

түшкүндүккө түшүп, үмүтсүздүк аларды алдан тайдырган эле. Гректерди эларалык басым чегинүүгө мажбур кылган. Шексиз, бул басым союздаштардын иши эле. Себеби, Англия, Франция жана Италия гректер чегинишкенден кийин, гректер жана түрктөр ортосунда жарашуу келишими түзүлүшүнө шашылышкан жана акыры келишим түзүлгөн.

## АНГЛИЧАНДАРДЫН МУСТАФА КЕМЕЛДИ ДАҢАЗА КЫЛЫШЫ

Англия түрктөр менен гректер ортосундагы согуштарда Мустафа Кемелден Халифалыкты кулатууга жардам бере турган курал катары пайдаланды. Ошондуктан да, Англия бул согуш жөнүндөгү кабарларды бүткүл Ислам дүйнөсүнө кеңири таркатты. Түркиянын өзүндө жана Түркиядан сыртта Мустафа Кемелдин жеңиши, гректерди кууп чыгарганы, союздаштарга каршы күрөшүп, аларды да кууп чыгарганы жөнүндө жар салды. Ал тургай, Мустафа Кемел «гозий» лакабына ээ болду. Бул иштер Мустафа Кемел кийинчерээк мусулмандарга жана Ислам бийлигине акыркы соккуну беришине т.а. Халифалыкты бекер кылышына жана Ислам салтанатын жок кылышына мүмкүнчүлүк жаратып берди. Гректердин Тарокиядан кууп чыгарылышы пландаштырылган иш экени ачык көрүнүп турат. Анын тыянагы: грек кошууну Кичи Азиядан согушсуз чегингенден кийин, Мустафа Кемел кошууну түндүккө, Тарокияны гректерден азат кылуу үчүн жүрүш баштады. Франция, Италия жана Англия 1921-жылы 15-майда бейтараптыкты жарыя кылышканда, Босфор жана Дарданелл жээктерине чейин созулган жерлерде бейтарап регион түзүшкөн жана бул жерлерди кесип өтүүгө ар эки тарапка тең жол бербес эле. Жогоруда гректер Истамбулду басып алуу үчүн бул бейтарап регионду кесип өтүүгө аракет кылганы жана генерал Харингтон аларга мүмкүнчүлүк бербегени жөнүндө айтып өткөн элек. Эми Мустафа Кемел бул жерлерди кесип өтүүгө аракет кылды. Генерал Харингтон ага да тыюу салды. Бирок, Мустафа Кемел бул каршылыкка этибар бербеди. Кошуун ичкериге жарып кире берди. Түрк кошууну жээкте топтолуп, Жанок чеби жанында токтоду. Харингтон аларга каршылык кылуу үчүн даярдык көрө баштады. Ушул максатта Истамбулдагы аскерий күчтөрдү топтоп, Жанок чеби жана Азия

жээгин коргоо үчүн бөлүктөрдү жиберди. Харингтондун бул ишине союздаштары француз жана италяндар наразы болушту. Мустафа Кемелдин бейтарап регионду кесип өтүшүнө таптакыр уруксат берилбеши белгиленген, Англия, Франция жана Италия мамлекеттери тарабынан жазылган эскертүү катын Харингтон Түркияга жиберди. Бирок, Мустафа Кемел буга көңүл бурбады. Англия өз аскерий күчтөрүн согушка кирүүгө сапарбар кылды. Франция жана Италиядан да аскерий күчтөрдү согушка сапарбар кылышын талап кылды, бирок, алар бул талапты кабыл алышпады. Жанок чеби жана Азия жээгин коргогон француз кошуундары бейтарап региондон чыгып кетишти. Италяндар да аларга ээрчиди. Бул жерде англичандар гана калды. Согуш Түркия менен союздаштар ортосунда эмес, балким Англия менен гана болуп калды. Түркия күчтөрү англис күчтөрү менен бетме-бет туруп калды. Англис күчтөрүнүн түрк күчтөрүнө каршы согуш кылууга жана грекter артынан баруудан кайтарууга кудурети жетер эле. Эгер алар чындап түрк күчтөрүнө каршы согушууну каалашканда, түрктөрдү грекtер артынан баруудан кайтара алышат эле жана аларды кургактыктагы күчтөрү менен болбосо да, даяр турган денгиз флоту жана самолёттору менен жеңип чыгар эле. Себеби, Мустафа Кемел колунда ошол учурда самолёттор да, деңиз кемелери да жок эле. Мунун үстүнө ал жүрүшүн улантуу үчүн Дарданелл кысыгынан өтүшү керек эле. Ошондуктан, Мустафа Кемелдин кээ бир кеңешчилери ага англис күчтөрү алдында жеңилүүгө өзүн дуушар кылбашын кеңеш беришти. Бирок, ал грекterге жетип алуу үчүн  бейтарап регионду кесип өтүү пикиринде катуу туруп алды. Түрк кошуундары алдыга умтулду. Англис күчтөрү аларды кайтаруу үчүн аракетти башташты. Бирок, тараптар ортосунда кагылышуу болбоду. Англис күчтөрүнүн абалынан алардын эмне кыларды билбей калышканы көрүнүп турат эле. Аларга берилген буйруктар анык эмес эле т.а. түрктөрдү кайтаруу менен бир эле учурда ок атпоо жана зомбулук кылбоо талап кылынган эле.

Бул учурда Франция Мустафа Кемел менен сүйлөшүүлөр алып баруу үчүн Франклин Боййинди элчи кылып жиберди. Элчи союздаштар грекterдин «Трис»ти бошотуп берип, Түркиянын Европа бөлүгүн түрктөргө кайтарып берүүлөрү үчүн аракет кылууга

даяр экендиктерин билдирди. Ошондо, Харингтон Мустафа Кемелден өз өкмөтү менен кеңешип алуу үчүн мөөнөт беришин сурады. Андан кийин англис өкмөтүнөн грек кошуундары чыгып кетишине, англис кошуундары болсо калышына Англия ыраазы деген мазмунда жооп келди. Ошентип, англис кошуундары гана калды. Ошондон кийин Мустафа Кемел буга ыраазы болду жана кошуунга токтоо жөнүндө буйрук берди. Исмат пашаны Харингтон менен тафсилаттар үстүндө келишип алуу үчүн жолугушканы Мудонияга жиберди. Ушул жерде союздаштар гректерди Тристен кууп чыгарууга келишип алышты жана бул ишке ашты. Грек кошуундары чыгып кетти. Анкара өкмөтү уюштуруу иштерин өз колуна алды. Түркияда англис кошуундарынан башка чет элдик күчтөр калбады. Бул да Мустафа Кемелдин союздаштарды Истамбул жана кысыктардан кууп чыгарып, колго киргизген чоң жеңиши деп эсептелди жана гректер менен болгон согуштардагы жеңиштери даңазалангандай, бул «жеңиш» да даңкталды. Бирок, бир аз акыл жүргүзүлсө, бул иштердин бардыгы англичандар бардык союздаштарды кууп чыгарып, өздөрү гана калуулары үчүн, Мустафа Кемел менен келишип алышканы белгилүү болот.

## САЯСАТЧЫЛАР ЖАНА ОФИЦЕРЛЕР МУСТАФА КЕМЕЛДИ ХАЛИФАЛЫКТЫ БЕКЕР КЫЛУУДАН КАЙТАРАТ

Муну менен ички проблемалар бүттү. Эми жарашуу келишими конференциясындагы проблеманы чечүү калды. Бул туурасында саясатчылар жана офицерлер Мустафа Кемел Халифалыкты бекер кылуу ниетинде экендигин сезип калышты. Натыйжада, улуттук межлисте бул маанилүү иш жаатында Мустафа Кемелге каршы тараптар көпчүлүктү түзүштү. Алар Мустафа Кемелге бул туурасында каршы турарын ачык-айкын билдиришти. О.э. кошуундун көпчүлүк бөлүгү да Мустафа Кемелдин мындай бузук ниетин сезип калган эле. Генерал Казим Кара Букайр паша Султан тарапкерлеринен эле. Ошондуктан да, ал шашылыш түрдө Мустафа Кемелге эскертип, мындай деди: «Ырас, бул маанилүү иш туурасында т.а. конституция туурасында калк менен кеңешилбеген соң жана анын пикири алынбагандан кийин, мындай конституция шаръий жактан мыйзамсыз эсептелет. Кала берсе, калктын өзү

гана каалаган өкүмдү тандап алуу укугуна ээ». Кийин ал сөзүн минтип бүтүрдү: «Ант ичип айтамын, мамлекетти Халифалык түзүмүнөн республика түзүмүнө айлантуу максатында баса турган ар бир кадамыңды, бул иш менден ар кандай курмандыктарды талап кылбасын, тыйып коёмун». Казим Кара Букайр бүткүл кошуун урматтаган адамдардын бири болгон. О.э. эл анын даанышмандыгын, узакты көрө алышын билген жана ага ишенген. Ошондуктан, ал калк жана кошуунду Мустафа Кемелге каршы аракеттендире алууга кудуреттүү эле. Муну түшүнүп жеткен Мустафа Кемел дароо аны тынчтандырып кат жазды: «Улуттук межлис иштеп чыккан конституция али аягына жеткирилген жок, балким, ал мамлекетте демокартиялык өкүмдөр менен өкүм жүргүзмөкчү болуп жаткандарга көрсөтмө болушу үчүн иштелип чыккан жалпы негиздер топтому гана. Бул мыйзамдар ичинде ыйык султанат жана ыйык Халифатка каршы чыгуу, же республика өкүмүн орнотууга үгүттөй турган бирер нерсенин жыты да жок. Бизди султанатты жоготуп, ордуна республика бийлигин орнотушат деп ойлоп жаткандар биз иштеп турган дүйнөдөн башка дүйнөдө т.а. куру кыял жана күмөндөр дүйнөсүндө жашашууда». Бул кат Казим Кара Букайрга да, башка баарына да таасир кылды, натыйжада борбор тынчтанды. Мустафа Кемел болсо каршылаштарды жок кылып жибере турган чоң күчкө сүйөнбөй туруп республикага негиз сала албашын билди. Ошондуктан, бар мүмкүнчүлүгү менен мына ушундай күчтү даярдоого киришти. Бул иште англичандар Түркия ичинде жана Исламий дүйнөнүн башка жерлеринде таркаткан Мустафа Кемел жөнүндө жар салуулары чоң жардам берди. Ошондуктан, ал жетиштүү күчкө ээ болгонун сезгенден кийин жана кошуунда аны колдой тургай күчкө сүйөнгөндөн кийин, Халифалыкка каршы көңүлүндө түйүп жүргөн арамза планын ишке ашырууга киришти т.а. Халифалыкты жок кылуу аракеттерин баштап жиберди. Дал ушул учурда мамлекет ишин биротоло чечүү максатында келишим конференциясы да иш баштаган эле.

## БИЙЛИКТИ ХАЛИФАЛЫКТАН АЖЫРАТУУ

Англия жарашуу келишими конференциясына өз манёврларын ишке ашыргандан кийин гана чакырганы көрүнүп турат. Модорс жарашуу келишимине кол коюлгандан Лозаннадагы биринчи конференцияга чейинки убакыт ичинде Түркиянын өзүндө ишке ашырылган иштерден англичандар Халифалыкты кулатуу иштерин болуп көрбөгөндөй айлакерлик менен ишке ашырышканы белгилүү болот. Түрк жерлерин басып алган союздаштар кошуунуна англис генералы Харингтон башкы командачы болуп, муну менен бирге, ал Истамбулга жана түрк жерлеринин баарына өкүмдар эле. Түркиянын башка исламий мамлекеттердин баарынан ажыратып коюлганы англичандарга өз пландарын ишке ашыруулары үчүн ыңгайлуу мүмкүнчүлүктөрдү берет эле. Ошондуктан, алар өз аракеттерин Халифалыкты кулатууга о.э. союздаштар болгон Франция, Италия жана Грецияны Түркиядан узакташтырууга каратышты. Мына ушул убакта бул эки иш т.а. Халифалыкты кулатуу жана союздаштарды узакташтыруу оңой эместигин билгенде, ал өз манёврларын баштап жиберишти. Ошондуктан, алар өтө ыпластык жана айлакердик менен иш алып барышты. Англичандар союздаштарды четтетүүгө саясий жана дипломатиялык ыкмаларды, эларалык жана аскерий манёврларды, жергиликтүү согуштарды чыгарууну колдонушту жана бул иштерден Халифалыкты кулатууда да пайдаланышты. Халифалыкты кулатуу үчүн англичандар саясий ыкмалар жана эларалык манёврлар менен бирге Түркиянын өзүндө генералдары Харингтон жана Вилсон аркылуу түздөн-түз иш алып барышты. Мустафа Кемел алар үчүн мына ушул ыплас ролду ойноп берди. Эгер ал болбогондо, англичандардын фитналары кыйрап жок болмок. Түрк жерлеринде англичандар таштаган белгисиз адамдар да түздөн-түз иш алып барышы. Капитан Х. С. Армстронг белгилүү болбогон жана кенже офицер болушуна карабастан, тилге аларлык иштерди кылды. Ага окшогон катардагы офицерлер да англичандардын пландарын ишке ашырууга өз салымдарын кошушту. Армстронг биринчи дүйнөлүк согуштан мурда англичандардын Истамбулдагы элчиканасында аскерий кеңешчи болуп иштеген. Согуш убагында бардыгы туткунга алынган алтынчы дивизия менен биргеликте туткунга түшөт. Туткунда

жаткан убакта Энвер паша менен жолугушууну талап кылат, анын бул талабы өтө таң калыштуу эле. Энвер паша аскерий министр болуп, мамлекет анын колунда эле. Арийне, англис туткуну аны менен жолугушууну талап кылышы жөнөкөй иш эмес эле. Ушундай болсо да, аны менен жолугушту. Бул жолугушууда сүйлөшүү узакка уланып, Энвер паша жаза катары аны өзүнчө бөлмөгө камап коюуга буюрушу менен аяктады. Энвер пашаны бул туткундун эмнеси ачуулантканы маалым эмес. Бирок, ал Энвердин ачуусуна тийип, ага же мамлекетке каршы сөз айткан болсо керек, кыскасы, Энвер аны жазалоого буюрду. Негизи, бул туткун кошуундагы кээ бир офицерлер менен алака байлаган эле. Ал согуш аяктабастан туткундан качып, кайрадан англис кошуундары сабына кайтты. Анын качышына ким жардам бергени белгисиз бойдон кала берди. Согуш аякташы менен англис өкмөтү аны дагы Истамбулга жиберди. Ал жерде баскынчы англис өкүмдарлары ага расмий вазыйпалар тапшырды. Ал Истамбулда бир нече жыл турду. Бул доор учурунда түрктөр менен, өзгөчө Мустафа Кемел менен түздөн-түз алакада болду. Халифалыкты бекер кылуу үчүн алып барылган бардык аракеттерде катышты. Ал Халифалыкты кулатуу үчүн Мустафа Кемел менен бирге иш алып барган кимселерден болду. Бирок, эң негизги вазыйпа Харингтонга жүктөлгөн эле. Анткени, ал союздаштар кошуунуна башкы командачы болуп, бардык нерсе анын колунда эле. Мустафа Кемел да ыплас максаттарын ишке ашырууга аракет кылып жатканда, негизинен аны менен алакада болгон. Англичандар Хариагтонду Түркия иштерине башкы жоопкер деп эсептешкен. Анын Түркиядагы аракетин айкындаштыра турган расмий билдирүүлөр бар:

1924-жылы 25-февралда лейтенант Колонил Дилмос парламенттин төмөнкү палатасында сүйлөп, мына буларды айтты: «Британиянын Чыгыштагы аброю жер менен жексен болду». Дагы: «Британия армяндар маселесине аралашпашы керек» - деп, армяндар түрктөр менен тынчтыкта жашоо каалоосунда экендиги жазылган каттарды далил катары көрсөттү. Шарлзабет ага мындай деди: «Түрктөрдүн бизге карата сезимдери абдан жакшы. Биздин ал жердеги иштерибиз ийгиликтүү уланууда». Ал сэр Чарлз Харинтондон алган маалыматтарга сүйөнүп ушундай деп жооп берген эле.

1940-жылы 24-мартта Харигтондун өлүмүнөн кийин Лондондун «Таймс» гезити ал жөнүндө макала басып чыгарды. Макалада мындай сөздөр бар эле: «1921-жылы гректер түрктөрдөн жеңилип калышкандан кийин, союздаштар күчтөрүнүн башкы командачысы сэр Харингтонго Мустафа Кемел менен кызматташтык кылуу үчүн чектелбеген укуктар берилди». Бирок, гезит бул кызматташтык кандай көрүнүштө болгонун жазбаган. Гезитте дагы: «Харингтондун саясатта этият болгон жана көздөгөн нерсесинде бекем турушун жашырып турган».

Мустафа Кемел менен кызматташтык кылуу үчүн берилген мына ушул чектелбеген укуктар аркылуу региондогу абалды «жакшыртуу» жана Халифалыкка каршы чечүүчү сокку берүү доору башталды. 1922-жылдагы жарашуу келишиминен о.э. гректердин жана алардын артынан Франция менен Италиянын чыгып кетишинен кийин мамлекетте англис кошуундары гана калды. Натыйжада, Харингтон жеке өзү аракет кылды. Мустафа Кемелдин кудурети, таасири жана мамлекеттин бардык жерлериндеги калк арасындагы даңкы таш жарган убакта, Истамбул өкмөтүнүн аты гана өкмөт болуп, колунан эч нерсе келбес эле. Бийликтин бардыгы т.а. мыйзамдарды аткаруу, кошуунга өкүмдарлык кылуу, мамлекеттин ички иштерин башкаруу, башка мамлекеттер менен болгон алакалар жана келишимдер түзүү сыяктуу тышкы иштер Анкара өкмөтүнүн колунда эле.

Султан болсо өз сарайында ыза тартып олтурду, анын сөзүнө кулак салар адам калбады. Англичандар ага көңүл айтып, ырайымдуулук көрсөтүмүш этип, казына бошоп калганда финансылык жардам берип турду. Султан бул каражаттарды англичандардан садака катары алар эле. Түркияда иштер мына ушундай акыбалга түшүп калганда союздаш мамлекеттер Англия, Франция жана Италия элдешүү келишимине кол коюу үчүн Анкара өкмөтүн да, Истамбул өкмөтүн да Лозанна конференциясына чакырды. Бул 1922-жылдын 17-октябрында болду. Мамлекеттеги эки өкмөттү тең Лозаннага чакыруу «Ватан межлисин» кыжырдантты. Халифалыкты бекер кылуу үчүн түздөн-түз аракет жана ага каршы күрөш башталды. Ошондуктан да, бул межлис мындай тартипсиздикке чек коюуну каалады. Межлис мүчөлөрүнүн кээ бирлери Истамбул өкмөтүнүн отставкага кетишин талап кылып,

Мустафа Кемел өмүрүнүн аягына чейин башкара турган жаңы бир өкмөт түзүлсүн деген сунушту ортого таштады. «Ватан межлиси» бул темада сүйлөшүү алып барып жатканда Мустафа Кемел Измирде эле. Ошентсе да, ал талкууларды күзөтүп турду. Межлис жакындашып келе жаткан жарашуу келишими жөнүндө аны менен пикир алмашуу үчүн аны эки жолу чакырды, бирок, ал Измирдеги аскерий вазыйпаларды шылтоо кылып, бара албашын айтты. Ошондо саясатчылардан Рауф менен Латиф жаңы Түркиядагы өкмөт кандай болушу жөнүндөгү пикирин билүү үчүн, Мустафа Кемел менен жолугушту. Мамлекетте эки өкмөттүн болушу мүмкүн эмес эле. Алар Мустафа Кемелге эки өкмөттү бириктирип, халифанын конституциялык монарх, Мустафа Кемелдин болсо премьер-министр болуп дайындалышын сунуш кылышты. Мустафа Кемел аларга эч кандай жооп бербеди. Алар тынчсызданып калышты. Рауф өз суроолорунан кайтпай туруп алды. Акыры Мустафа Кемел аны менен Анкарада жолугушууга убада берди.

Кийин «Улуттук межлис» кеңешип алуу үчүн топтолду. Депутаттар бул тема үстүндө талкуу кылышты. Мустафа Кемелдин тарапкерлери «Борбордогу өкмөт Түркияны куткаруу үчүн эмне кылды? Түркияда чыныгы өкмөт Анкара өкмөтү гана» дешти. Депутаттардын көпчүлүгү «Истамбул өкмөтү отставкага кетсин. Мустафа Кемел жаңы өкмөт түзсүн. Халифа болсо контитуциялык монарх болуп калышы керек» дешти. Межлистер залында катуу тартышуу жана ызы-чуу күчүнө чыкканда Мустафа Кемел трибунага көтөрүлдү да, депутаттардын тынчтануууларын жана кулак салууларын өтүндү. Кийин бийлик менен Халифалыкты бири-биринен ажыратууну т.а. Халифалык бекер кылынып, Вахидиддин четтетилишин сунуш кылды. Ушул жерде Халифалыктын кооп астында калганы көрүндү. Ызы-чуу ого бетер күчөдү. Ошондо Мустафа Кемел сексен тарапкердин колдоп-кубатташы астында бул сунушуна дароо пикир билдирилишин талап кылды. Бирок, межлис сунушту тышкы иштер боюнча комиссияга тапшырды. Эртеси күнү комиссия топтолду. Ал адвокаттар жана аалымдардан түзүлгөн эле. Алар бийликти Халифалыктан ажыратуу маселесин бир нече саат талкуулашты. Комиссия мүчөлөрү талкууларында Куран аяттары жана хадистерден о.э. Багдад жана Каирдеги халифалар тарыхынан жүздөгөн мисалдарды далил катары келтирди.

Комиссиянын бардык мүчөлөрү бул сунушка каршы болушту жана аны четке кагууга келишишти. Ал жерде Мустафа Кемел да бар эле. Алардын келишишкенин көргөн соң, комиссиянын чечими сунушту бир добуштан четке кагуу экенин билгенден кийин, ачуулана ордунан туруп кетти жана трибунага чыкты. Кийин талкууну мындай деп кыйкырып бөлүп таштады: «Мырзалар, Усманий Султан бийликти калктан күч менен тартып алган. Калк да аны күч менен кайтарып алууга бел байлады. Бийлик Халифалыктан ажыратылышы жана Халифалык бекер кылынышы керек. Силер ыраазы болосуңарбы, болбойсуңарбы, баары бир тез арада ушундай болот. Мына ошондо айрымдарыңардын башыңар кетет». Комиссия мүчөлөрү коркуп, калтырап калды жана бул сунушту улуттук межлиске тапшырышты. Кийин улуттук межлис сунушту көрүп чыгуу үчүн топтолду. Көпчүлүк аны ачык-айкын четке кагып, сунушка, ал тургай Мустафа Кемелдин өзүнө да ачууланышканын жашырып отурушпады. Мустафа Кемел да муну сезди. Сунуш бирме-бир добушка коюлса, анын четке кагылышы билинип калды. Ошондуктан, айланасына жансакчыларын топтоду жана бул сунушка жалпы добуш берүүнү талап кылды. Айрым депутаттар ага каршылык билдирип, бирме-бир добуш берүүнү талап кылышты. Мустафа Кемел буга ыраазы болбоду. Анын тарапкерлери куралчан болчу. Алар тапанчаларын кармап турушту. Мустафа Кемел коркута кыйкырды: «Мен анык ишенем, межлис сунушту тез арада бир добуштан кабыл алат. Бул үчүн кол көтөрүү гана жетиштүү. Ошентип, сунуш добушка коюлду. Аз гана адамдар кол көтөрдү. Бирок, жыйын төрагасы: «Межлис сунушту бир добуштан кабыл алды» деп жарыя кылды. Ошондо бир нече депутаттар секирип туруп: «Бул туура эмес, биз буга кошулбайбыз», - деп кыйкырышты. Мустафа Кемелдин жардамчылары «унчукпай отур» деп, алардын үнүн өчүрүштү. Бары-жок ызы-чуу болуп кетти, ушуну менен межлис аягына жетти. Мустафа Кемел жардамчылары курчоосунда межлистер залынан чыгып кетти. Бул 1922-жылдын башында, Лозанна конференциясына 14 күн калганда болду.

Бул токтом кабыл алынгандан 5 күн өтүп, кутүүсүздөн Рифъат паша Истамбулда аскерий төңкөрүш жасады о.э. кошуун жана аскерий күч жардамында борбордо бийликти колуна алды. Бул

окуялар генерал Харингтондун көз алдында болуп өттү. Ошентип, султан өкмөтү күч менен бекер кылынды. Султан болсо шаарда бир нече күн турду. Кийин Харингтонго ооз эки кат жолдоду. Катты сарайдагы оркестр дирижёри алып барды. Ал катты генералга оозеки жеткирди. Анын мазмуну төмөндөгүдөй эле: «Султан англис командачысы жана Британия өкмөтүнүн коргоосун суранат. Анткени, улуу урматтуунун өмүрү кооп астында калганы анык».

Эки күндөн кийин султан сарайына англичандардын тез жардам машинасы келди. Ага Вахидиддин уулу менен чыкты. Кызматчылар башчысы кичине чемоданды, кызматчысы болсо кийимдерди көтөрүп алган эле. Машина аларды кайыкка, кайык болсо портто турган англичандардын аскерий кемесине жеткирип койду. Бул кеме аны Малта аралына алып барды. Бул окуя 1922-жылдын 17-ноябрында болду.

Халифа кеткенден кийин, абасынын уулу амир Абдулмажид ибн Абдулазиз жогорку межлистин ыраазылыгы алынгандан кийин, мусулмандар халифасы деп жарыя кылынды. Халифалык тарапкерлеринен өтө көп кишилер халифаны колдоп-кубатташын билдиргени шашылышты. Рауфбек, доктор Аднанбек, Алий Фуад, Казим Кара Букайр жана башкалар халифанын кабылдамасына барышып, бүткүл дүйнөгө өздөрүнүн Халифалыкка садык экендиктерин о.э. халифа дагы деле бар экенин, аны колдоп-кубаттагандар да бар экенин маалым кылышты.

Бирок, Мустафа Кемел бийликти Халифалыктан ажыратууга бел байлап, бүткүл бийликти өз колуна алды жана халифаны ар кандай бийликтен ажыратып койду. Ошондон кийин келишим конференциясына даярдана баштады.

# АНГЛИЧАНДАР ХАЛИФАЛЫКТЫ БЕКЕР КЫЛУУНУ ЖАНА МАМЛЕКЕТТИ ДИНДЕН АЖЫРАТУУНУ ШАРТ КЫЛЫП КОЮШТУ

1922-жылдын 20-ноябрында Лозанна конференциясы ачылды. Анда Усманийлер Мамлекетинен бир гана Анкара делегациясы катышты жана ага биринчи дүйнөлүк согушта жеңилген Усманий Мамлекеттин өкүлү катары каралды. Конферецияга англис делегациясынын башчысы катары Англия тышкы иштер министри Карзун катышты. Себеби, Ллойд Жорждун өкмөтү 1922-жылы 19-ноябрда отставкага чыккан эле. Конференция өз ишин баштады. Анда Түркиянын эгемендүүлүгүн тан алуу үчүн Карзун төрт шарт койду:

1. Халифалыкты бүтүндөй бекер кылуу
2. Халифаны Түркиядан чыгарып жиберүү
3. Анын мал-мүлкүн конфискация кылуу
4. Мамлекеттин динден ажыратылганын жарыя кылуу.

Конференциянын ийгилиги мына ушул төрт шартка байланыштуу кылып коюлду. Ошондуктан, ал 1923-жылы 4-февралда бир да натыйжага жетише албастан тарады жана анын ийгиликсиз болгону жарыя кылынды.

Исмат Түркияга кайтты. Мустафа Кемел аны Эскишехерден тосуп алууга ашыкты. Ал жерде андан конференциянын бардык тафсилаттарын билип алды жана кийин аны менен Анкарага кайтып келди. Анкара темир жол бекетинде аны эч ким тосуп албады. Буга ачууланган Кемел Рауфту чакырды жана андан муну түшүндүрүп берүүнү талап кылды. Рауф ага Исматты өкмөт менен кеңешпей конференшяга жибергени жана аны тосуп алуу үчүн Эскишехерге барганы конституцияга тескери келерин айтты. Кийин ал отставкага чыгышын кошуп койду.

Ватан коому конференцияда каралган маселелерди талкуулоо үчүн топтолду. Ал Рауфту колдоп-кубаттады. Көпчүлүк Мустафа Кемелге каршы болду. Сүйлөшүү ашыкча ызы-чуу менен тогуз күн уланып, аягында депутаттар Истамбулга жүрүш кылуу керектигин, шарт талап кылса Афинага да жүрүш кылуу ылазым болорун белгилешти о.э. Мустафа Кемелдин Мудонияда душмандар менен түзгөн келишимин сыга алышты. Бул келишимге Мустафа Кемел алданган айла-амал деп баа беришти.

Кийин депутаттар Исматка катуу чабуул кылышты. Карзун менен алып барган сүйлөшүүлөрдө акмактык жана аӊкоолук кылган деп айыпташты. Депутаттар менен келишпестен конференцияга жиберилгенин сындап чыгышты. Кийин аны четтетүүнү, сүйлөшүүлөрдү кайра баштоо үчүн Лоззаннага анын ордуна башка адамды жиберүүнү добушка салуну чечишти. Муну угуп, Мустава Кемелдин өтү айрылып кетейин деди. Ал депутаттарды коркутуп-үркүтүп, Исматты иштен четтетүү токтомун бекер кылууга жетишти. Себеби, Исмат анын сырдашы, англичандар менен алып барган алакаларында ишенимдүү элчиси жана ага сөзсүз моюн суна турган адам эле. Арийне, андан башкасын жиберүү Мустафа Кемелдин бардык пландарын жокко чыгарат эле. Ошондуктан, бардык каражаттарын ишке салып, аны четтеттүү жана анын ордуна башканы жиберүү жөнүндө токтом кабыл алууларына катуу тоскоолдук кылды.

Кийин «Ватан коомуна» айла-амал иштете баштады. Аны менен күрөш башталды. Өткөн төрт жыл аралыгында, эӊ кыйын кезеӊдерде да анын жанында болгон сапташтарынын көбү Рауф башчылыгында ага каршы топтоло башташты. Алар арасында Рахмий, Аднан, Казим Кара Букайр, Рифъат, Алий, Фуад, Нуриддин жана башкалар бар эле. Мустафа Кемелдин сабында болсо Ишат, Фавзий жана айрым бир досторунан башка эч ким калбады. Депутаттар биринин артынан бири Рауфка кошулуп, Мустафа Кемелди ачык сындай башташты. Мустафа Кемел жеӊилгенине анык ишенди.

# КЫЙРАТКЫЧ СОККУ

Мустафа Кемел кырдаалдан чыгуунун жолун издей баштады. Мындай абалда Лозаннада келишим конференциясын кайра баштоого таптакыр мүмкүнчүлүк жок эле. Себеби, мындай шартта англичандардын тышкы иштер министри коференция ийгилигинин кепилдиги катары талап кылган шарттарды аткаруу мүмкүн эмес эле. Ошондуктан, Мустафа Кемел бул шарттарды аткарууга мүмкүнчүлүк жарата турган бир иш кылышы керек болчу. Аларды аткаруу үчүн «Ватан коому» республикага негиз салып, аны башчы кылып шайлап, халифалыкты бүтүндөй бекер кылуу жөнүндө токтом кабыл алышы зарыл эле. «Ватан коомундагы» көпчүлүк ага каршы болгондуктан, Мустафа Кемелдин пландарын ишке ашырышы же аны менен бир сапта жүрүшүнүн ыкмымалы жоктугу үчүн, бул коомду таркатып, жаңы шайлоолор өткөрүп, анын жардамында өзү менен бир сапта боло турган, максаттарын жүзөгө чыгара турган жана өзү каалаган токтомдорду кабыл ала турган өз адамдарынан жаңы Ватан коомун түзүү жөнүндө баш катыра баштады.

Ошондуктан, бул коомду таркатууга жана көпчүлүк добушка ээ болуу үмүтүндө жаңы шайлоолор өткөрүүгө шашылды. Бирок, жаңы шайланган межлис да мурдагы межлис сыяктуу ага каршы турду. Ушул себептен, аны тузакка түшүрүү о.э. аны иш жүргүзө албай тургандай болуп көрүнө турган бир абалга түшүрүп коюу үчүн айла-амал иштетүү жолуна өттү. Бул үчүн ал мүшкүл жаратып, андан пайдаланып калуу максатында саясий фитна уюштурду: министрлерди шаар четиндеги «Шон Коя» деп аталган үйүнө кечки зыяпатка чакырды. Ал жерде саясий абалды ар тараптуу талкуулашты. Мажлис соңунда Мустафа Кемелдин сунушуна ылайык, Ватан коомун кыйын абалга салуу жана анын мүчөлөрүнүн абройлорун түшүрүү үчүн, эртең мансаптарынан отставкага кетүүгө жана мансаптарына кайтып келбөөгө келишип алышты. Эртеси күнү министрлердин бардыгы отставкага кетишти.

Ватан коому жаңы өкмөт түзүү үчүн кеңешме өткөрдү. Бирок, мунун өтөсүнөн чыга албады. Депутаттар ортосунда талаш-тартыштар башталды. Алардын ар бири өз кызыкчылыктары үчүн өз пикирин өткөрүүгө аракет кылып жатты. Ал тургай, абал бүтүндөй бейтарап абалга келип калды. Эки күндөн кийин Мустафа

Кемел айрым достору үчүн дагы зыяпат уюштурду. Алардын арасында Исмат, Фатхий жана Камалиддиндер бар эле. Сөз Ватан коому түшүп калган кыйын акыбал жана анын жаңы өкмөт түзө албай жатканы жөнүндө болду. Абалды кеңири талкуулашты. Сүйлөшүү аягында Мустафа Кемел келгендерге төмөндөгүлөрдү айтты: «Бул тартипсиздиктерге чек коюунун учуру келди. Эртең республика түзүлгөнүн жарыя кылабыз. Бул проблеманын жападан-жалгыз чечими. Фатхий, эртең сен мүчөлөрдү бири-бирине каршы тукурасың. Ошондо сен, Камалиддин, коомду туңгуюктан чыгаруу үчүн бийликти Мустафа Кемел өз колуна алышы керек деп айтасың».

Эртеси күнү келишип алган вазыйпалар аткарыла баштады. Ватан коому жыйналды, кезектеги ызы-чуулар башталды. Депутаттар жакалашып, мушташып кетүүлөрүнө аз калды. Алар ортосунда жаңжал күчөп, акыры өкмөттү түзүү үчүн Мустафа Кемелди чакыруу сунушу киргизилди. Депутаттар Мустафа Кемел менен болгон сүйлөшүүлөрүн унутуп, бул сунушту кабыл алышты. Бирок, Мустафа Кемел алардын чакырыктарын четке какты. Ошондо алар өкмөттү түшүп калган кыйын акыбалдан чыгарууга күчсүз экендиктерин, анын жардамына муктаж экендиктерин маалымдаган кат жазышты. Буга жооп катары Мустафа Кемел эгер Ватан коому анын пикирин эч бир каршылыксыз кабыл алса гана өкмөт түзүү сунушун кабыл аларын шарт кылды. Алар буга ыраазы болушту.

1923-жылы 29-октябрда Ватан коому маанилүү отурум өткөрдү. Мустафа Кемел трибунага көтөрүлүп, Түркия республикага айландырылганын жарыя кылып мындай деди: «Кыйын абалдан чыгаруу үчүн мени чакырдыңар. Негизи, мындай акыбалга силер алып барган иштер себептүү түшүп калдык. Бул кыйын абалдын өзөгү өкмөттүк системада жатат. Себеби, Ватан коому бир эле учурда мыйзам чыгарууну да, аткаруу жоопкерчилигин да өз мойнуна алган. Ар бир депутат өкмөт чыгарган ар бир чечимге катышууну, өкмөттүн иштерине жана министрдин токтомдоруна аралашууну каалады. Мырзалар! Мындай шартта бир да министр өз милдетин аткара албайт. Өкмөттү мындай негизге курууга болбойт. Мындай абалды өзгөртүшүбүз керек. Ошондуктан, мен

ушундай токтом кыламын, Түркия шайлоо жолу менен тандалып алынган президент башкаруучу республикага айланышы керек».

Мындай жүзүкаралык каршысында депутаттардын оозунан сөзү түшүп калды. Себеби, алар иш мынчалыкка барарын күтүшпөгөн эле. Добуш берүүдө 40% депутаттар катышкан жок, бирок, ошондой болушуна карабастан, Түркияны республикага айлантуу жөнүндөгү алдын ала даярдалып коюлган токтом кабыл алынды. Мустафа Кемел Түркия республикасынын биринчи президенти болуп шайланды жана ал халифалыкты бекер кылууга, мамлекетти динден ажыратууга шымалана киришти. Адамдар муну анын аракеттеринен сезип калышты. Бардык адамдардын пикири ага каршы болуп калды. Анкарада түзүлгөн жаңы өкмөт кафир деген сөздөр тарады. Хатибдер жана ваиздер да Мустафа Кемелге каршы маърузалар жасашты. Ага каршы баракчалар жана карикатура сүрөттөр таркатылды. Кийин депутаттар жана шаардагы таасирдүү адамдардын көпчүлүгү Анкараны таштап, Истамбулга карап кетишти жана халифа Абдулмажид айланасына топтоло баштады. Бүткүл Түркия Мустафа Кемелге каршы турду, ушул себептен улам, ал өзүнө жардам издөө жана чабуулду жеңилдетүү аракетине өттү. Мына ушундай абалда англичандар Мустафа Кемелге халифалык тарапкерлерин жок кылуу үчүн курал-жарак менен жардам беришти.

Мустафа Кемелге каршы чабуул күчүнө чыккан учурда, Индиядагы мусулмандар жетекчилеринен Агахан жана Амир Алий индия мусулмандары атынан каршылык катын (протест) жолдоп, бардык мусулмандар халифасы Усманий халифа статусу урмат кылынышын талап кылышты. Агахан исмаилия агымынын башчысы болуп, Түркия жана башка жерлердеги мусулмандар арасында ангичандар малайы сыпатында таанылган эле. Кат Анкарага жетип барбай туруп Истамбулда басылып чыкты. Мустафа Агахандын тарыхына асылып чыкты: ал Англияда жашайт, анын аттары англичандар байгесинде чабылат, өзү Англия саясатчылары жана элчилеринин машинасында жүрөт. Англичандар биринчи дүйнөлүк согушта аны асманга көтөрө макташкан, ал тургай, англия ага мусулмандардын жетекчиси катары Түркия бийлигине кооп туудуруу үчүн пайдалануу мүмкүн болгон адам деп карайт. Кыскасы, ал англис куурчактарынын бири».

Мустафа Кемел да мына ушундай ыкмада иш жүргүзүүгө жана халифалыкка каршы массалык пикирди козготууга аракет кылды. Ал адамдарга ушундай сөздөрдү айтар эле: «Англия өтө куу. Гректер аркылуу Түркияны жок кыла албагандан кийин, куулук жолуна өтүп, халифаны кулатуу жана түрктөрдү экиге бөлүү үчүн малай-куурчагы Агаханды ишке салды». Кийин «Бийликке каршы ар кандай каршылык жана четтетилген халифалыкты колдоп-кубаттоо чыккынчылык эсептелип, өлүм жазасы менен жазаланат» деген мыйзам кабыл алдырды. Айрым депутаттар халифалык Түркия үчүн дипломатиялык көз караштан пайдалуу экендиги жөнүндө сүйлөшкөндө, Мустафа Кемелдин тарапкерлери аларды опузалап, үндөрүн өчүрүштү. Мустафа Кемел мындай деп сүйлөдү: «Акыры түрктөр – Халифалык, Ислам жана дин адамдары үчүн – беш кылымдан бери согуштарда өлүмгө дуушар болуп келе жатышпайбы? Түркия арабдардан жана индиялыктардан жүз үйрүп, өз кызыкчылыктарын ойлонбойбу, исламий мамлекеттердин проблемаларынан өзүн куткарбайбы?»

Кийин Мустафа Кемел – кошуун халифалыкты бекер кылуу жана динди мамлекеттен ажыратууда аны колдойбу же каршы чыгабы – муну билүү максатында, Измир жанында жылына болчу аскерий машыгууга барды. Ал жерде Фавзий жана Исмат менен бирге бир нече күн турду. Көп офицерлер жана аскерлер ага каршы чыгышарын билди. Көңүлү көксөгөн натыйжага жетише албады.

Бир нече күн абалды ар тараптуу ойлоп көрдү. Кийин террор кылмакчы болду. Жыйындардын биринде ага каршылык көрсөткөн бир депутатты үйүнө кайтып бараткanda көзүн тазалатты. Халифалыкты кубаттап сүйлөгөн башка бир депутаты «дагы бир жолу ушинтип сүйлөсөң, дарга астырып таштаймын» деп коркутту. Рауфту Истамбулдан чакырып алып, элдик партиянын башкы комитети алдында, Мустафа Кемелге жана республикага садык экендиги жөнүндө ант ичүүгө мажбур кылды. «Ант ичпесең, партиядан да, республикадан да айдап жиберемин» деп коркутту. Истамбул акимине «Халифа намазга чыкканда ага эч кандай урмасый көрсөтпөйсүң» деди. Халифанын кадырын да таптакыр сындырып жиберди. Анын карамагындагыларга андан алыс болуу жөнүндө катъий буйрук берди.

Мына ушундай терроризм учурунда, мына ушундай үгүт жана билдирүүлөр жаңырып турган чакта, 1924-жылдын 1-мартында, Ватан межлиси олтурум чакырды. Кириш сөз Халифалыкты жок кылуу жөнүндө болду. Ал катуу нааразылык менен тосуп алынды.

Коомго халифалыкты бекер кылуу, халифаны кууп чыгаруу жана динди мамлекеттен ажыратуу жөнүндөгү токтом сунуш кылынды. Мустафа Кемелдин сөздөрүнө туйгуланган депутаттар төмөндөгүдөй сүйлөштү: «Эмнеси болсо да, коркунучта калган республиканы сактап калып, аны илманий негизге куруу керек. («Илманий» сөзү илимге негизделген деген маанини берсе да, негизи, ал термин «светский» б.а. дин турмуштан ажыратылган деген мааниде колдонулат. Котормочудан). Халифа жана Усман урпактары жок болушу керек. Эски диний мекемелер (казылар) жана алардын өкүмдөрү заманбап сот жана мыйзамдарга алмаштырылышы ылазым, диний медреселер диний болбогон өкмөттүк мектептерге өз ордун бошотуп бериши зарыл».

Олуттуу тартышуулар жана катуу жаңжалдар астында бир да натыйжага жетишилбеди. Экинчи күнү Ватан мажлиси бул токтомду карап чыгуу үчүн дагы топтолду. Анын межлиси түнү бою, эртең мененки саат 6 жарымга чейин тынымсыз тартышуу жана катуу талаштар менен уланды.

1924-жылы 3-мартта, эртең менен, Ватан коому халифалыкты бекер кылуу жана динди мамлекеттен ажыратууга ыраазы экендигин жарыя кылды. Ушул түнү Мустафа Кемел Истамбул акимине халифа таң атпастан Түркиядан чыгып кетиши жөнүндө буйрук берди. Аким миршабдар жана аскерлер отряды менен жарым түндө сарайга кирип барды. Айрымдары алтындан болгон буюм-тайымдарын жана чемодандарын Халифа колуна карматып, аны машинага мажбурлап отургузушту. Машина аны Швейцарияга алып кетти. Эки күндөн кийин Мустафа Кемел сарайдын бардык амир жана амираларын топтоп, шаардан чыгарып жиберди. Бардык диний жөрөлгөлөр бекер кылынды. Мусулмандардын вакф жерлери мамлекеттик мүлккө айланды. Диний медреселер илманий мектептерге айландырылып, агартуу министрлиги көзөмөлүнө тапшырылды.

Ушуну менен Мустафа Кемел Англия тышкы иштер министри талап кылган иштерди аткарды. Эми келишимге кол коюуну жана

анын ийгилигин тосо турган эч нерсе калбады. 1924-жылы 8-мартта, ТҮРКИЯ тышкы иштер министри, түрк делегациясынын жетекчиси Исмат паша конференция өткөрүү жөнүндө суранып, союздаштарга кат жолдоду. Алар буга макулдук беришти. 1924-жылы 23-апрелде, Лозанна конференциясы кайрадан ачылды. Катышуучулар келишим шарттарына келишишти. 1924-жылы 24-апрелде, Лозанна келишимине кол коюлду. Мамлекеттер тарабынан Түркия северенитети тан алынды. Англичандар Истамбулдан да, башка региондордон да чыгып кетишти. Харрингтон Түркияны таштап чыгып кетти. Бул окуялардын кийин, айрым англис депутаттары – Түркия суверенитетин тан алгандыгы үчүн – Карзунга наразылык билдиришти. Ошондо ал минтип жооп берди: «Эң негизгиси, Түркия жок кылынды, эми ал эч качан бутуна тура албайт. Анткени, биз Түркиянын рухий күчүн т.а. Халифалыкты  жана Исламды жок кылдык».

## ТАГДЫР ЧЕЧҮҮЧҮ МАСЕЛЕ

Ушул жерде бир суроо туулушу мүмкүн: Кафирлер кантип мынчалык оңойлук менен халифалыкты кулатып, Исламдын саясийлигин жок кылып жиберишти?! Жүз миллиондогон мусулмандар өз диндерин, өз саясий вужуддарын коргой алышпады?!

Буга жооп мындай: Ооба, кафирлер ушунчалык оңойлук менен халифалыкты жок кылышты, мусулмандар болсо аны коргой алышпады. Себеби, мындай үлкөн каргаша жүз берген убакта Үммөт тарабынан тагдыр чечүүчү маселе идирек кылынбаган эле. Ошондуктан, Ислам Үммөтү мына ушундай өлтүргүч соккуга туш келди. Ал болсо бул соккуну кайтарууга аракет да кылбады. Анткени, Үммөт жүзөгө келген абалга өзүнүн тагдырын чечүүчү маселе деп карабады аны чечүү үчүн эч нерсе кылган жок. Ушул себептүү, кафирлер халифалыкты жок кылышты, Ислам түзүмүн турмуш майданынан өчүрүп ташташты.

Бако гарыйзасы (жашоо үчүн күрөш инстинкти) дүйнөдөн бардык үммөт жана калктарга алардын тагдырын чечүүчү маселеси болушун, ал үчүн ыраазылык жана кайрат менен, таптакыр экиленбестен өз өмүрүн курман кылышын талап кылат. Бул маселеде өлүү же өмүрдү сактап калуу – бүтүн бир калктын жок болуп кетишине же анын сакталып калышына байланыштуу болот. Ал бардык адамдарда

бирдей же ушуга жакын болот. Бул маселеде көрүлө турган чаралар да бардык адамдарда бирдей же бири-бирине жакын болот. Анткени, өмүргө коркунуч салуу адамдарга бирдей таасир эткендей, адамдардын ага карата көргөн чаралары да бирдей болот. Бирок, бако гарыйзасына байланыштуу бул маселелер тагдыр чечүүчү маселелердин бардыгы эмес. Мындан башка тадайюн (диндарлык) жана нав (тукум улоо) гарыйзаларына байланыштуу болгон тагдыр чечүүчү маселер да бар. Бирок, адамдардын турмуш жөнүндөгү көз караштары ар түрдүү болгондуктан, алар бул маселелерде да, аларга карата колдонула турган чараларда да бири-биринен кескин айырмаланышат. Себеби, маселени тагдыр чечүүчү маселеге айланта турган нерсе – бул белгилүү бир көз караш. Ошондуктан, ал жана ага карата колдонула турган чаралар түрдүү калктарда түрдүүчө болот. Мусулмандар бир үммөт болуп, шексиз, аларда тагдыр чечүүчү маселелер бар. Исламий үммөттүн тагдыр чечүүчү маселелери – бако же тадайюн, же нав гарыйзаларына тиешелүү болобу – Исламдан келип чыккан көз караштарына ылайык болушу ылазым. О.э. ага карата колдонула турган чараларды да Ислам гана белгилеп бериши керек. Ислам адамдарга тагдыр чечүүчү маселени баяндап берди жана ага карата колдонула турган чараларды аткарууну фарз кылды.

Ислам тагдырына жана мусулман болушканы үчүн мусулмандар тагдырына кооп туудура турган нерселердин пайда болушу акыйкат. Анткени, турмуштагы ар бир аракеттин, өзгөчө түзөтүүчү (ислохий) аракеттердин, алардын ичиндеги эң туура аракеттердин тагдырына кооп туудура турган нерселердин пайда болушу табигый. Ислам таңы аткан күндөн баштап, аны менен куфрдун ортосунда айгышкан күрөш уланып келүүдө. Бул күрөш куфрдун жана Исламдын тагдырын белгилеп берет. Мединада Ислам Мамлекети жүзөгө келгенден баштап, тээ азырган чейин уланып келген пикирий жана кандуу күрөш мына ушул «тагдыр чечүүчү маселени» коргоо болуп эсептелет. Ушул себептүү, мусулмандардын тагдыр чечүүчү маселелери болушу жана алардын чечими зарыл болгон иш жана ачык акыйкат. Жихад эң чоң фарздардын бири болгону үчүн, Расулулла ﷺ мындай деди: «Бул иштин башы – Ислам, анын таянычы – намаз, эң бийик чокусу болсо – жихад». Жихад Кыямат күнүнө чейин улана турган фарз болгону үчүн Расулулла ﷺ айтты: «Жихад Аллах мени пайгамбар кылып жибергенден баштап Үммөттүмдүн акыры Дажжал менен жолукканга чейин уланат. Аны залимдин зулуму да, адилеттүүнүн адилети да бекер кыла албайт». Дагы айтты: «Жихад жакшынын жетекчилигинде

да, жамандын жетекчилгинде да улана берет». Ошондуктан, мусулмандар өздөрүнүн тагдыр чечүүчү маселелерин коргоодо бир ирмемге да суздук кылышпады. Ар бир тагдыр чечүүчү маселеге карата анын чараларын колдонууда таптакыр экиленишпеди.

Ошондуктан, алар кресттүүлөр согуштары учурунда, Үммөт жана мамлекет катары алардын тагдырына коркунуч туулганда, мусулмандар ага карата тагдыр чечүүчү маселенин чарасын колдонушту. Кафирлерге каршы бир кылымдан ашык убакыт согушка киришти. Ислам Үммөтү өлтүргүч соккуну кайтара алды. Алар монголдор чабуул кылышканда да ушундай кылышты. Ислам үммөтү монголдор чабуулуна тагдырга коркунуч туудура турган иш деп карашты. Арийне, анын каршысында тагдыр чечүүчү маселеге карата колдонулчу чараны колдонушту. Мусулмандар жеңишке жетишмейинче аларга каршы согушуп, жандарын эч экиленбестен курман кылышты.

Мусулмандар тагдыр чечүүчү маселени мына ушундай түшүнүшкөн. Ага карата өздөрүнө важиб болгон тагдыр чечүүчү чараны колдонушкан. Анткени, Ислам тагдыр чечүүчү маселе турасында баян кылган нерселерди мусулмандар акыйкат деп билип, аны бекем карманышкан. Мусулмандарда бул нерселердин маанилүүлүгүн түшүнүп жетүүлөрү ачык сезилип турат эле. Арийне, алардын тагдырына кооп туудура турган нерсе жүзөгө келсе, буга карата алар Ислам важиб кылган чараны колдонот эле.

Бирок, Исламды түшүнүү күчсүздөнүп, дилдердеги таква алсызданып, ачык куфрга да унчукпай карап туруу даржасына жеткенден кийин, бул маселелер тагдыр чечүүчү маселе катарындагы этибарын жоготту, натыйжада ага карата тагдыр чечүүчү чараны колдонуу да жоголду. Мына ошондо мусулмандар тагдыры коркунучка дуушар болду. Алар бул коркунчту алып таштоо үчүн кан-жанын курман кыла алышпады. Акыбетте, Халифалык жемирилди, Ислам түзүмү жок кылынды. Бүткүл Ислам үммөтү жок болуу коркунучу астында калды.

Ошондуктан, тагдыр чечүүчү маселени жана анын чечимдерин Куран жана Сүннөттө келгендей түшүнүү керек. Ошондо гана тагдыр чечүүчү маселени жана ага карата колдонуу важиб болгон чараны түшүнүп жетүү жүзөгө келет о.э. ага карата суздук кылуу жоголот.

# ИСЛАМ НАЗАРЫНДАГЫ ТАГДЫР ЧЕЧҮҮЧҮ МАСЕЛЕЛЕР

Куран жана Сүннөттү үйрөнгөн адам – Ислам тагдыр чечүүчү маселелерди жана аларга карата колдонулчу чараларды – анык белгилеп бергенин көрөт. Мисалы, Ислам бир адам же жамааттын Исламдан кайтышын тагдыр чечүүчү маселе деп эсептеди, ушуну менен бирге, ага карата көрүлө турган чараны тообо келтирет же өлтүрүлөт деп белгиледи. Ошентип, тагдыр чечүүчү маселени да, ага карата колдонулчу чараны да белгилеп берди. Расулулла ﷺ айтты: «Ким динин өзгөртсө, аны өлтүргүлө». Ибн Масъуддан риваят кылынат, Расулулла ﷺ айтты: «Аллахтан башка илах жоктугуна жана мен Аллахтын элчиси экениме күбөлүк берген муслимдин каны(н төгүү) адал эмес. Болгону, үч абалда гана мүмкүн: турмуш курган адам зина кылса, канга – кан (т.а. атайлап адам өлтүргөн болсо), жамааттан бөлүнүп, динин таштаса».

Тагдыр чечүүчү бул маселелерди мусулмандар терең түшүнүшкөн жана аларды бекем кармоо зарыл болгон акыйкаттар деп билишкен.

Ошондуктан, мусулмандар аларды иш жүзүндө колдонушкан. Муртад тообо келтирбесе, өлтүрүшкөн. Расулулла ﷺ тирүү кезинде сахабалар Яманда ушундай кылышты. Расулулла ﷺдан кийин да, сахабалардан кийин да бул чара колдонулган. Абу Муса айткан хадисте келет: «Расулулла ﷺ Абу Мусага «Яманга бар» деди, кийин анын артынан Муаз ибн Жабалды жиберди. Муаз Абу Мусага келди, Абу Муса ага жаздык коюп, «олтуруңуз» деди. Анын алдына бир киши байлап коюлган эле. Муаз «бул эмнең?» деп сурады. Абу Муса: «Бу яхудий, Исламга кирип, кайра яхудий динине өтүп алды», - деди. Муаз: «Ал өлтүрүлмөйүнчө олтурбаймын. Ким done дининен кайтса, аны өлтүргүлө», - деди». Абу Дувуд ушул кыссаны мындай риваят кылат: Абу Мусага Исламдан кайткан муртад алып келинди. Ал жыйырма күн кайра Исламга кирүүгө даъват кылды. Кийин Муаз келди. Ал да даъват кылды. Муртад баш тартты. Аны өлтүрүштү».

Дарикутний жана Байхакий риваят кылат: «Абу Бакр Исламга кирип, кийин куфр жолуна өткөн Умми Карфа аттуу бир аялды тообо кылууга чакырды. Аял баш тартты. Ошондо Абу Бакр аны өлтүртүп жиберди». Айрым араб уруулары зекеттин фарздыгын

инкар кылышканда, Абу Бакр буга Исламдан кайтуу деп карады жана аларга каршы Исламга кайтканга чейин согушту.

«Ал-Фатх» китебинде Абдулла ибн Шурайх Аамирий атасынан риваят кылат: Алиге «мечит алдына бир коом келип, сизди кудайыбыз деп жатышат» деп кабар берилди. Алий аларды чакырып алып: «Силерге кыйроо болсун! Эмне деп жатасыңар?» - деди. Алар: «Сиз биздин роббибиз, жаратуучубуз, ырыскы берүүчүбүзсүз», - дешти. Алий айтты: « Силерге кыйроо болсун! Мен да силерге окшогон бир пендемин, силер сыяктуу ичемин-жеймин. Эгер Аллахка итаат кылсам, кааласа мага сыйлык берет, эгер аасийлик кылсам, мени азапташынан коркомун. Алладан корккула, бул жолуңардан кайткыла». Алар баш тартышты. Эртеси дагы келишти. Кунбура Алиге келип, алар дагы баягы кептерин айтып жатышканын билдирди. Алий аларды чакыртты. Алар баягы сөздөрүн кайталашты. Үчүнчү күнү Алий айтты: «Эгер дагы ушул сөздөрүңөрдү кайталасаңар, силерди аябай куник өлтүрөмүн». Ошондо да алар сөздөрүнөн кайтышпады. Акыры Алий мечит менен сарай аралыгына чуңкур каздырды. Ага отун топтоп, от жакты. Анан Алий айтты: «Эгер кайтпасаңар, ушул отко өрттөп жиберемин». Ошондо да алар кайтышпады. Алий аларды отко таштатты».

Ибн Аббаска муртаддардын өрттөлгөнү жөнүндө кабар жеткенде, ал буга нааразы болуп, аларды өлтүрүү керек эле деп айтты. Икримадан риваят кылынат: «Амирул-муъминин Алийдин алдына динсиздер алып келинди. Алий аларды өрттөп жиберди. Мындан кабардар болгон Аббас: «Мен болгонумда, Расулулла ﷺдын: «Аллахтын азабы менен азаптабагыла» деген сөздөрү үчүн аларды өрттөбөй, Расулулла ﷺдын: «Ким өз динин өзгөртсө, аны өлтүргүлө» деген сөздөрү үчүн аларды өлтүргөн болор элем», - деди. Халифа Махдий заманында кудайсыздар жана динсиздер көбөйүп кетти. Халифа аларды тообо кылууга чакырды, тообо кылбагандарды өлтүрдү. Ал абдан көп муртаддарды өлтүргөн.

Кыскасы, сахабалар, табийиндер жана халифалар муртадды өлтүрүшкөн. Бул иште кайдыгерлик кылбай, катуу турушкан. Бирок, халифалар суздашып, кийин Исламды түшүнүү суз тарткан соң, муртадды өлтүрүү жаатында кайдыгерлик болду. Натыйжада, динсиздик жана муртаддык кеңири жайылды. Иш ушунчалык

даражага жетип барды дейсиң, айрым муртаддар жамаат болуп алып, өздөрү үчүн Исламга тескери жаңы дин таап алышты. Мунун акыбетинде мусулмандар арасына алсыздык кирип барды. Негизи, бул нерсе бир тараптан тагдыр чечүүчү маселе болсо, экинчи тараптан эч бир кечирилгис иш эле.

Ошондуктан да, Мустафа Кемелге окшогондордун Исламга каршы согуш жарыялашы т.а. Исламдан кайтып муртад болушу, ага карата шарият өкүмүн колдоно турган бир да адамдын табылбашы таң калычтуу иш эмес эле. Анткени, муртаддык маселеси тагдыр чечүүчү маселе деңгээлинен түшүп калган эле. Акыбетте, болор иш болду, боёгу канды. Ошондуктан, бул маселени чыныгы ордуна алып келиш керек. Муртаддардын миллион-миллион болсо да, ар бир муртадды өлтүрүү менен, бул маселени тагдыр чечүүчү маселе деп караш керек. Бирок, бирер адамдын муртад экендигине шек болсо, ага карата муртад деп өкүм чыгарууга шашпаш керек. Ага карата кафир жана муртад деп өкүм кылынышы үчүн, ал катъан анык муртад болушу керек. Эгер анын айтып жаткан сөздөрү аны 99 пайызга муртад кылып, калган бир пайызы муртад кылбай жатса, мына ушул бир пайызы кубатталат. Ал мусулман деп этибарга алынат, ага карата муртад деп өкүм чыгарылбайт. Эгер муртаддыгы катъан анык болсо, ал кечирилбейт. Муртаддык өкүмүн андан алып ташташ үчүн шылтоо да изделбейт. Анткени, бул нерсе тагдыр чечүүчү маселеге карата колдонулчу тадбирди колдонуу өкүмүн бекер кылып коёт.

Мына ушундан көрүнүп тургандай, эгер муслим муртаддыкка алып бара турган иш кылса, мисалы, насронийлер менен чиркөөдө алардын ибадатын кылса, же муртаддыкка алып бара турган сөз сүйлөсө, мисалы, Куранда зикир кылынган Ибрахим алайхис-салам кыссаларын тарых келтирбеген, ошондуктан ал жалган кысса десе, же болбосо, муртаддыкка алып бара турган нерсеге итикад кылса, мисалы, Ислам азыркы заманга туура келбейт деп, же динди мамлекеттен ажыратуу зарыл деп итикад кылса, же муртаддыкка алып бара турган шеек-күмөнгө барса, мисалы, Куран Аллахтын каламы экендигинен күмөндөнсө - мындай абалдарда ал катъан муртад болот. Мындай учурда бул маселеге  тагдыр чечүүчү маселе деп караш керек жана ага карата тагдыр чечүүчү маселеге

карата колдонулчу тадбирди колдонуш керек. Т.а. тообо кылдырыш же өлтүрүш важиб болот.

Ушундан келип чыгып, Ислам үммөттүн жана мамлекеттин бүтүндүгүн тагдыр чечүүчү маселе деп, ага карата колдонулчу тадбирди да белгилеп берди. Бу нерсе эки маселеде ачык көрүнөт: биринчиси, халифалардын бир нече болушу маселеси; экинчиси, багийлер (халифага каршы согушуучулар) маселеси. Абдуллах ибн Амр ибн Астан Расулулла ﷺдан мындай сөздөрдү укканын риваят кылат: «Ким бир имам(халифа)га байъат кылып, ага колун жана жүрөгүн берсе, колунан келишинче ага итаат кылсын, эгер халифалыкты талашып башкасы келсе, анын башын алгыла». Абу Саид Худрий Расулулла ﷺдан риваят кылат: «Эгер эки халифага байъат берилсе, кийинкисин өлтүргүлө». Демек, Расулулла ﷺ халифалар бир убакта бир нече болушун тыйып, халифалыкты бир нече кылууга аракет кылгандарды болсо өлтүрүү же тообо кылдырууга буюрган чакта, мамлекеттин бүтүндүгүн тагдыр чечүүчү маселе деп белгилеген эле. Арфажа Расулулла ﷺдан төмөнкү сөздөөдү укканын риваят кылат: «Силер бир кишинин кол астында биригип турган чагыңарда, кимде-ким биримдигиңерди бузмакчы болсо, аны өлтүргүлө». Расулулла ﷺ жаматты бөлүп таштоону тыйып, бул ишке аракет кылган адамды – эгер ишин токтотпосо – өлтүрүүгө буюрган чакта, үммөтүн жана мамлекеттин биримдигине тагдыр чечүүчү маселе деп караган эле.

Багийлер маселеси жөнүндө Аллах таала мындай дейт:

﴿وَإِنْ طَائِفَتَانِ مِنَ الْمُؤْمِنِينَ اقْتَتَلُوا فَأَصْلِحُوا بَيْنَهُمَا فَإِنْ بَغَتْ إِحْدَاهُمَا عَلَى الْأُخْرَى فَقَاتِلُوا الَّتِي تَبْغِي حَتَّى تَفِيءَ إِلَى أَمْرِ اللَّهِ﴾

***«****(Эй момундар)****, эгер момундардан болгон эки топ (бири-бири менен) урушуп калышса, тезинен алардын ортосун оңдоп койгула! Ал эми, эгер алардын бири экинчисинин үстүнө зордук кылса, анда тээ*** *(зордукчул уруу)* ***Алланын буйругуна кайтмайынча силер ошол зордук кылган топ менен урушкула»***

[49:9]

Ушуга ылайык, мусулмандардын халифасы экендиги анык болгон адамга каршы чыгуу арам. Себеби, мында мусулмандардын биримдигин бузуу, кандарын төгүү жана малдарын жок кылуу садыр болот. Расулуллах ﷺ айтат: «Кимде-ким үммөтүм бир болуп

турган чакта, ага каршы чыкса, ким болушуна карабастан, аны өлтүргүлө». Демек Исламга каршы чыгуучулар – багийлер. Алар тообого чакырылат, Ислам жөнүндө шеек-күмөндөрү болсо, алар кетирилет. Буга да болбой, өз иштеринен кайтпай туруп алышса, өлтүрүлөт.

Ислам Мамлекетин бөлүктөргө бөлүү, ага каршы согушуу, анын үммөт менен биримдигин жана бүтүндүгүн бузуу – булардын баары тагдыр чечүүчү маселелер болуп калды. Себеби, Алла таала аларга карата колдонулчу тагдыр чечүүчү тадбирлерди белгилеп койду. Кимде-ким бул тыюу салынган иштерди кылса, алардан кайтышы керек, болбосо өлтүрүлөт. Мусулмандар муну аткарышкан. Муну иштердин эң маанилүүсү деп билишкен. Алар бул иште бир да мусулманга – ал ким болушуна карабастан – кайдыгерлик кылышкан эмес. Алий бул иште Муавияга кайдыгер карабаган, хавариждерге Алий, Уммавийлер жана Аббасийлер кайдыгер карашкан эмес. Мындан башка да толтура мисалдар бар. Бирок, халифалар суз тартып, Исламды түшүнүү да суздашкан соң, алар исламий өлкөлөрдүн халифалык жысымынан бөлүнүп чыгышына унчукпай карап турушту. Акыбетте, мусулмандар биримдиги бузулду, жерлери бир нече мамлекеттерге бөлүнүп кетти. Негизи, бул тагдыр чечүүчү маселе болуп, канчалык курмандыктарды талап кылбасын, аларды Исламга жана мамлекетке кайра алып келүү талап кылат.

Мусулмандардын акыбалы ушунчалык төмөндүккө түшүп, алар бир нече мамлекеттерге бөлүнүп кетишти. Халифалык болсо ушул мамлекеттердин бирине айланды. Ал тургай абал мындан да жамандашып, айрым мусулмандар «исламий мамлекеттер биримдигине» т.а. Халифалык мамлекетинен бөлүнүп чыккан мамлекеттер өз ара союз түзүп алууга чакыра башташты. Мында Халифалык мамлекети алардын өз алдынча мамлекет болгонун тан алган болот. Айрым мусулмандар бул тагдырды чечүүчү маселе экендигине карабай, бул жолдон кайтпаса өлтүрүлүшү жөнүндөгү хадистер болушуна да карабай, мусулмандарды бир нече улут жана калктарга бөлүүнү кубаттоого чакыра башташты. Мустафа Кемелдин түркияны Исламий мамлекеттен бөлүнүп чыкканын жарыя кылышы, ал тургай, Ислам өлкөлөрүнүн тагдырын кафир мамлекеттер колуна тапшырып койгонун жарыя кылышы таң

калычтуу болбоду. Себеби, бул маселе тагдыр чечүүчү маселе даражасынан түшүп кеткен эле. Акыбетте, мусулмандардын бир нече мамлекеттерге, бир нече улут жана калктарга бөлүнүп кетиши жеңил болуп калды. бул үммөттүн жана мамлекеттин биримдиги маселесине тагдыр чечүүчү маселе деп каралбагандыгынын, ага карата тагдыр чечүүчү тадбир колдонулбаганынын акыбети. Ошондуктан, бул маселени өзүнүн чыныгы ордуна кайтарып, аны тагдыр чечүүчү маселе деп караш зарыл. Ошондо гана бирер өлкөнү Халифалык мамлекетинин жысымынан сууруп алууну тытйып коёт, мейли бул бир нече жылдар согушууга алып барса да, миллиондогон мусулмандардын жанын алса да.

Ушуну менен бирге Ислам ачык куфрдун пайда болушун да тагдыр чечүүчү маселелер катарына кошуп, ага карата колдонулчу тадбирди белгилеп берди. Имам Муслим Авф ибн Малик риваят кылган хадисти келтирет: «Расулулла ﷺ айтты: «Келечекте көп амирлер (халифалар) болот, силер аларды амри маъруф, нахий мункар кыласыңар. Ким аларды маъруфка буюрса таза болот, ким мункардан кайтарса саламат болот, ким алардын мункар иштерине ыраазы болсо жана ээрчисе...» Сахабалар сурашты: «Я Расулулла, аларга каршы кылыч менен согушабызбы?» Расулулла ﷺайтты: «Жок! Ырас, араңарда намазды өтөп жатышса…». Имам Бухарий Уббада ибн Самиттен риваят кылынган хадисти келтирет, Уббада айтат: «Расулулла ﷺ бизди даъват кылды. Расулулла бизден – курсантчылыгыбызда да, капачылыгыбызда да, кыйынчылыкта да, тынччылыкта да кулак салууга жана итаат кылууга о.э. ишти өз ээсинен тартып албоого – байъат алды». Авф ибн Малик ал-Ашъахий айтат: «Расулулла ﷺдан төмөнкү сөздөрдү укканмын: «Имам(халифа)ларыңардын жакшылары – силер жакшы көрө турган жана алар да силерди жакшы көрө турган, алар силерге рахмат айта турган жана силер да аларга рахмат айта турган жетекчилер. Жетекчилериңердин жамандары – силер жаман көрө турган жана алар да силерди жаман көрө турган, силер наалаттай турган жана алар да силерди наалаттай турган жетекчилер», - деди. Ошондо: «Я Расулуллох, аларга каршы кылыч менен күрөшпөйбүзбү!» - дешти. Расулуллох: «Жок! Ырас, араңарда намазды өтөп жатышса», - деди». Намазды өтөө дегени – динди

аткаруу, Ислам салттарын өтөө дегени. Ачык куфр болсо халифанын иштеринде ачык көрүнүп турган куфр т.а. халифанын куфр менен өкүм жүргүзүүсү. Бул хадистерден төмөнкүдөй мани түшүнүлөт: Эгер халифалар Ислам өкүмдөрү менен өкүм жүргүзүшпөсө, Ислам салттарын аткарышпаса, куфр өкүмдөрү менен өкүм жүргүзүп, ачык куфрду көрсөтүшсө, аларга каршы согуш менен болсо да каршы чыгылат. «Ал-Фатх» китебинде айтылат: «Факихтер төмөнкү нерсе важиб экендигине келишишкен. Мугалиб (зордукчул) султанга моюн сунуп, аны менен бирге жихад кылуу керек. Моюн сунуу ага каршы козголоң кылуудан жакшы. Муну менен кан төгүлбөйт, эл тынч болот. Бирок, султан тарабынан ачык куфр көрүнсө, ага моюн сунулбайт жана мүмкүнчүлүгү бар ар бир адам ага каршы күрөшүүгө тийиш». Демек, Ислам менен башкаруу тагдыр чечүүчү маселе болуп эсептелет. Себеби, Шариъ анын тагдыр чечүүчү тадбирин да баяндап берген. Эгер кимдир бирөө куфр менен өкүм жүргүзсө, ал токтотулат, токтобосо өлтүрүлөт.

Мусулмандар курфр менен өкүм жүргүзүү каршысында сүкүт сактап турбашы керек. Анткени, ал тагдыр чечүүчү маселе. Бирок, мусулмандар дилиндеги таква суз тартып, Исламды түшүнүүлөрү алсызданган соң, халифа жана акимдердин бир проблеманы куфрга ылайык чечүүлөрү кадыресе иш болуп калды. Алар улам суздашып барган сайын, эми бир нече маселер ушундайча чечилди, мусулмандар сүкүт сакташты. Акыбетте, акимдер ачык эле куфр менен өкүм жүргүзө башташты. Мисалы, 1823-жылы Мисир акими шариятты сүрүп коюп, франциянын маданий мыйзамдарын колдоно баштады. Мусулмандар унчугушпады. 1909-жылы куфр мыйзамдары негизиндеги конституция иштелип чыкканда, мусулмандар алгач каршы чыгышса да, кийин үн катпай калышты. Ошондуктан, Мустафа Кемелдин Халифалыкты кулатышы, шариятты бекер кылышы, куфр башкаруусун жарыя кылышы таң калычтуу болбой калды. Себеби, бул маселе мусулмандар үчүн тагдыр чечүүчү маселе эсептелбей калган эле. Мындан келип чыгып, мусулмандар ачык куфрга да каршы күрөшпөй калышты. Алардын айрымдары куфр мыйзамдарын жакшы эсептешип, аларга канааттанып, Ислам мыйзамдарын өз ыктыярлары менен ташташты. Акыры келип, куфрга ыраазы болуп,

а түгүл, аны талап кыла башташты. Бул тагдыр чечүүчү маселени түшүнбөгөндүктүн, ага карата колдонулчу тадбирди билбегендиктин айынан болду. Ошондуктан, бул маселени өз ордуна алып келип, аны тагдыр чечүүчү маселе деп караш керек. Мейли, бул курмандыктарды, миллиондогон мусулмандардын шахид болушун талап кылса да. Мына ошондо гана жана куфр системасы кыйратылат.

Алла таала белгилеп берген тагдыр чечүүчү маселе жана ага карата колдонулчу тадбир суздашты, андан кийин аларды Ислам акыйдасына байлоо суз тартты, андан кийин болсо, ал өз деңгээлин жоготту. Ал тургай, ушул тагдыр чечүүчү маселелер курал менен корголчу шарият мыйзамы болуп эсептелбей калды. Натыйжада, Мустаыа Кемел Халифалыкты кулатып, Ислам түзүмүн саясий майдандан четтете алды. Ошентип, кафирлер жүз миллиондогон мусулмандардын көз алдында, жеңил гана, Ислам түзүмүн жок кылып жиберишти. Эгер ошондо мусулмандар муну тагдыр чечүүчү маселе катары карап, курал көтөрүп Мустафа Кемелге каршы күрөшүшкөндө, алар мындай аянычтуу акыбалга түшмөк эмес. Демек, мусулмандардын мындай акыбалга түшүп калышынын себеби, бул маселени тагдыр чечүүчү маселе деп билбегендиги жана ага карата колдонулчу тадбирди колдонбогондугу болду.

## ХАЛИФАЛЫКТЫ ТИКЕЛӨӨ ЖАНА АЛЛАХ ТҮШҮРГӨН НЕРСЕЛЕР МЕНЕН ӨКҮМ ЖҮРГҮЗҮҮ – МУСУЛМАНДАРДЫН ТАГДЫР ЧЕЧҮҮЧҮ МАСЕЛЕСИ

Мусулмандар бүгүнкү күндө чексиз ыза жана мусийбат тартып жатышат. Алар бул акыбалдан кутулуп чыгышы үчүн тагдыр чечүүчү маселерди, айрыкча, алардын эң негизгисин түшүнүп жетип, ага карата тагдыр чечүүчү тадбирлерди колдонушу керек. Болбосо, алар ар дайым жеңилүүгө учурап, төмөндүктө кала берет. Башка үммөттөр арасынан эч качан бутка тура алышпайт. Ошондуктан, мусулмандар тагдыр чечүүчү маселени анык түшүнүп алышсын. Жана бул түшүнүк тагдыр чечүүчү маселеге карата колдонулчу тадбирди бекем кайрат жана курмандыктар берүү менен аткарууга түрткү болсун. Кеп мына ушунда жана бул

мусулмандардын бүгүнкү акыбалын жакшыртуучу бардык амалдардын эң негизгиси.

Мусулмандардын акыбалы баарыбызга белгилүү. Алардын журттары куфр менен башкарылып жатат. Ошондуктан, алар куфр диярлары болуп саналат. Алар мамлекеттер, амирликтер, королдуктар жана башкалардан турган кырктан ашык бөлүктөргө бөлүп ташталган. Демек, алардын ар бири кафирге каршы турууга алсыздык кылат. Ошондуктан, ар бир исламий өлкөнүн маселеси – Ислам диярына айлануу жана ага калган исламий өлкөлөрдү бириктирүү. бул маселе тагдыр чечүүчү маселе, жада калса, тагдыр чечүүчү маселелердин негизи. Ошондуктан, ага карата колдонулчу тадбирди колдонуу керек. Т.а. исламий өлкөлөрдү Ислам диярына айландыруу жана аны менен башка исламий өлкөлөрдү бириктирүү маселесин жүзөгө ашыруу үчүн аракет кылуу зарыл. бул максатты ишке ашыруунун тарыйкаты Халифалыкты тикелөө. Мусулмандар алдында турган маселе – Халифалыкты башкаруу түзүмү катары тикелөө. Анткени, муну менен өлкөнү Ислам диярына айландыруу, кала берсе, аны башка исламий мамлекеттер менен бириктирүү ишке ашат.

Бирок, ушуну жакшылап түшүнүү керек, мусулмандар алдында турган маселе халифа шайлоо эмес жана ал фарзи кифая да эмес. Ибн Умар Расулулла ﷺдан риваят кылат: «Кимде-ким халифа итаатында өлбөсө (т.а. халифага баъат бербей өлсө), анын өлүмү жахилият өлүмүндөй болот». Халифа шайлоо тагдыр чечүүчү маселе эмес, балким, мусулмандар алдында турган маселе – халифалыкты тикелөө. Т.а. аны башкаруу системасы катары тикелөө. Мунун вакиъси халифа шайлоо вакиъсинен башкача, мейли, Халифалыкты тикелөө халифа шайлоону талап кылса да.

Халифалыкты тикелөө – бул анык тагдыр чечүүчү маселе. Себеби, аны тикелөө биздин журттарды куфр диярынан исламий өлкөлөргө айландыруунун тарыйкаты болуп саналат. Мындан тышкары, ал куфр түзүмдөрүн кыйратуу үчүн т.а. ачык куфрду жоготуу үчүн зарыл. Ал Расулулла ﷺдын «…эгер ачык куфрду көрсөңөр» деген сөзүнө ылайык, тагдыр чечүүчү маселе даражасына көтөрүлөт. Хадисте келет: «… айтылды, Я Расулулла, аларга кылыч менен каршы чыгабызбы? Расулулла ﷺ айтты: «Жок! Ырас, араңарда намазды өтөп жатышса». Ушундан белгилүү

болгондой, мусулмандар маселесин амалга ашыруу тарыйкаты да тагдыр чечүүчү маселе болуп саналат. Анткени, бул тарыйкат – тагдыр чечүүчү маселенин тарыйкаты. Сүннөттөн алынган далил да анын тагдыр чечүүчү маселе экендигине далалат кылыт. Демек, бул маселеге карата колдонула турган тадбир тагдыр чечүүчү маселенин тадбири болушу керек. Мусулмандар иштерин кафирлер, мунафыктар жана муртаддар башкарып калгандан бери, алар куфр бийлиги чеңгелинен азат болууга, куфр жетекчилери менен алардын малайларынын зулумунан кутулууга аракет кылып келишет. Бирок, алар бул маселе тагдыр чечүүчү маселе экендигин, ал үчүн өзүнүн тадбиринен башка чара жоктугун билбей жатышат. Мусулмандар бул нерсени түшүнө албагандыктан – жакырчылык, куугунтук, а түгүл өлтүрүүлөр – жамаат же үммөт катары алардын такааттарын сындырып жиберди. Ошондуктан, куфр зулумунан азат болу жолунда кылынган бардык аракеттер ачыктан-ачык жеңилүүдө, күрөшүүчүлөр болсо максаттарына карай бир да кадам алдыга жыла алышкан жок.

Мусулмандар өз маселелери тагдыр чечүүчү маселеде жаткандыгын түшүнүп алуу үчүн ашкере ойчулдуктун деле зарылчылыгы жок. Белгилүү болгондой, кафирлер Исламдын саясий турмушка кайтышына ар кандай тоскоолдук менен мүмкүнчүлүк беришпейт. Муртад жана мунафыктар болсо алардан кем калышпайт. Анткени, Аллахтын өкүмдөрүн аткаруу, Аллахтын нахийлерин Анын хаддары менен коргоо максатындагы момундар алардан башкарууну тартып алышат.

Демек, мусулмандар тагдыр чечүүчү маселени табышпаса жана ага карата колдонулчу чараларды колдонушпаса, алардын бул максаттагы аракеттери жемиш бербейт. Мусулмандар бул күрөштүн табиятын түшүнө албай жана андагы Алланын өкүмүн идирек кыла албай, тагдыр чечүүчү маселе даражасында болбогон, катардагы тарыйкат менен өздөрүн азат кылууга урунушту. Алардын бул жааттагы чаралары да тагдыр чечүүчү маселеге карата колдонулчу чаралар эмес эле. Ошондуктан, куфр түзүмүн жоготуу, Ислам түзүмүн тикелөө сыяктуу табияты тагдыр чечүүчү болгон маселелерди – алар тагдыр чечүүчү маселелер деп карабай туруп, ага карата тагдыр чечүүчү тадбирлерди колдонбой туруп – эч ким аларды чече албайт. Демек, мусулмандар жеке адам катары

да, жамаат катары да жакшылап билилп алуулары керек, алар куфрга каршы күрөштөгү аракеттерин жалаң гана тагдыр чечүүчү тадбир негизине куруулары керек. Себеби, бул маселелердинтабияты алардан ушул тадбирди талап кылат. Шарият Куран жана Сүннөттө ушул тадбирди көрсөтөт. Расулулла ﷺ бизге тагдыр чечүүчү маселелерибизди анык белгилеп алууну жана ага карата тагдыр чечүүчү тадбирди колдонууну үйрөттү. Расулулла ﷺ Ислам даъватын фикрий күрөш менен жеткире баштаганда, Исламды жаюуну өзү үчүн ылазым болгон маселе деп белгиледи жана ага карата тагдыр чечүүчү тадбирди колдонду. Расулулладан риваят кылынат, абасы Абу Талиб Курайштын «Мухаммадды бизден тыйып кой» деген талабын малым кылганда, Расулулла ﷺ: «Мага да, өзүңүзгө да шафаат кылыңыз, колумдан келбеген нерсени менден талап кылбаңыз. Эй абаке, Аллахка касам, эгер күндү оң колума, айды сол колума берип, ушул ишиңди таштa дешсе да, мен бу жолдон кайтпаймын. Же Аллах аны үстөм кылат, же мен ушул жолдо өлүп кетемин», - деди. Мамлекет тикелеп, курал менен жихад кылган кезинде да, Исламды жаюуну чечилиши ылазым болгон маселе деп белгиледи жана ага карата тагдыр чечүүчү тадбирди колдонду. Расулулла ﷺдан риваят кылынат, Худайбия окуясында, умрага баратканда, Маккадан эки күндүк аралыктагы Асфан деген жайда бани Каъбдык бир кишини жолуктурду. Расулулла андан Курайш кабарларын сурады. Ал: Курайш сиздин келе жатканыңызды угуп, кабылан терилерин кийип (б.а. душмандык ниетинде) жолго чыкты. Алар «зи Тува»га түшүштү. Сизди Маккага киргизбейбиз деп, Аллахка ант ичишти. Атчандардын арасында Холид ибн Валид бар. Алар атчандарын «Куроул ганим»ге коюшту», - деди. Расулулла ﷺ: «Курайшка өлүм болсун, аларды согуш өлтүрсүн. Алар мени менен башка арабдардын арасын ачык койсо болбойт беле? Эгер башка арабдар мени өлтүрүшсө, алардын көңүлү көксөгөндөй иш болмок. Эгер Алла мени алардын үстүнөн жеңишке жеткирсе, алар Исламга топ-топ болуп кирищет. Эгер Курайштын колунан мындай иш келбесе, мени менен согушсун. Колунда кубаты бар. Курайш эмнени ойлоп жатат өзү? Аллахка ант болсун, Аллах аны үстөм кылмайынча, же мен бу жолдо өлүп кетмейинче, Ал мен аркылуу жиберген дин үчүн жихад кыламын», - деди. Кийин жолун улантып, Худайбияга түштү.

Ушул эки абалда тең т.а. даъватты пикирий күрөш менен жеткирүү абалында да, жихад менен жеткирүү абалында да Расулулла ﷺ өз алдындагы маселени Исламды жаюу деп белгилеп, ага тагдыр чечүүчү маселе деп карады жана эки абалда тең бул маселе талап кылган тадбирди т.а. тагдыр чечүүчү чараны колдонду. Ошондуктан, биринчи абалда: «Мен бул жолдон кайтпаймын, же Аллах аны үстөм кылат, же ушул жолдо өлүп кетемин», - деди. Экинчи абалда: « Аллахка ант болсун, Аллах аны үстөм кылмайынча, же мен бу жолдо өлүп кетмейинче, Ал мен аркылуу жиберген дин үчүн жихад кыламын», - деди. Эгер Расулулла ﷺ ушул маселени тагдыр чечүүчү маселе кылбаганда жана ага карата тагдыр чечүүчү тадбирди колдонбогондо, Ислам даъватты пикирий күрөш менен да, жихад жолу менен да жайылмак эмес. Ушул сыяктуу эле, бүгүнкү мусулмандар, үстүндө куфр түзүмдөрү өкүм жүргүзүп турган, өздөрүнө болсо кафир жана мунафиктер зулум кылып жаткан бүгүнкү шартта, бул маселелерди өздөрү үчүн тагдыр чечүүчү маселелер клып алышпаса, ага карата тагдыр чечүүчү тадбирди колдонушпаса, алардын аракеттери текке кетет жана алдыга карай бир да кадам жыла алышпайт.

Ошондуктан, биз, куфр арасында жашап жаткан ар бир муслимди, өз журтун Ислам диярына айландырууга, аны Халифалыкты тикелөө аркылуу башка исламий өлкөлөр менен бириктирүүгө чакырабыз. О.э. Расулулла ﷺдын сөздөрүн аркалап, Исламды бүткүл адамзатка жана бүткүл ааламга жеткизүүгө чакырабыз. Расулулла ﷺайтты: « Аллахка касам, эгер күндү оң колума, айды сол колума берип, ушул ишиңди ташта дешсе да, мен бу жолдон кайтпаймын. Же Аллах аны үстөм кылат, же мен ушул жолдо өлүп кетемин». «Аллахка ант болсун, Аллах аны үстөм кылмайынча, же мен бу жолдо өлүп кетмейинче, Ал мен аркылуу жиберген дин үчүн жихад кыламын».